63.3(2)кофП
К93

...ов О.М., Заидов А.М.

# КУРШАБ АЙМАГЫНЫН ТАРЫХЫ












Бишкек – 2021

Формуляр книги

483644

Ош облустук
мамлекеттик
китепканасына
белек

автордон

Заидов А.

2021-ж.

63.3(2)кырг
К93



О.М. Амиракулов, А.М. Заидов

# КУРШАБ АЙМАГЫНЫН ТАРЫХЫ

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 483644

Бишкек – 2021

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (2 Ки)
К 93

Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 31-майындагы №7 токтомунун чечими менен басууга сунушталган.

Жооптуу редактор: тар.и.к., доцент Арстанов С. А.
Рецензенттер: тар.и.к., профессор Кадыров Т. Д.
тар.и.к., доцент Чыныкеева Г. Э.

К 93 **Куршаб аймагынын тарыхы.** *Түз.: О.М. Амиракулов, А.М. Заидов.* – Б. Улуу Тоолор, 2021. – 256 бет + 16 бет фото.

ISBN 978-9967-29-424-0

Аталган китепте Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Куршаб аймагынын топоними, байыркы мезгилден бүгүнкү мезгилге чейинки этникалык, саясий тарыхы, совет мезгилиндеги аймактык түзүлүшү, Куршаб району болуп тургандагы көрсөткүчтөрү, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги эрдик көрсөткөн даңктуу жердештер, жердештерибиздин дүйнөдөгү кагылышууларга катышуулары, айыл өкмөттүн түптөлүшү, социалдык-экономикалык абалы, айыл чыгаандары, тарыхый көз ирмемдер камтылды.

Китеп Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына жана Куршаб айыл өкмөтүнүн түзүлгөндүгүнүн 25 жылдыгына карата чыгарылды.

Китеп Куршабдын тарых-таржымалына кызыккан ар бир атуулга жана окурмандардын кеңири катмарына арналат.

ISBN 978-9967-29-424-0
УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (2 Ки)

© Амиракулов О. М., 2021
© Заидов А. М., 2021



# МАЗМУНУ

**Киришүү** ........ 5

**I БАП. БАЙЫРКЫ КУРШАБ**
1.1. Байыркы Куршаб таш доорунда ........ 10
1.2. Куршаб темир кылымында ........ 16
1.3. Куршаб топоними ........ 26
1.4. Куршаб өрөөнүнүн этникалык тарыхы ........ 31
1.5. Булактарда Куршаб аймагынын тарыхынын чагылдырылышы ........ 39

**II БАП. КУРШАБ СОВЕТ ДООРУНДА**
2.1. Совет бийлигинин орношу ........ 45
2.2. Куршаб районунун түзүлүшү ........ 52
2.3. Куршаб району Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында ........ 78
2.4. Куршаб районунан чыккан Советтер Союзунун Баатырлары ........ 86
2.5. Куршабдан чыккан Эмгектин баатырлары ........ 108
2.6. Тынчтык үчүн күрөшкөн Куршаб атуулдары ........ 113

**III БАП. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРДАГЫ КУРШАБ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**
3.1. Куршаб айыл өкмөтүнүн негизделиши ........ 131
3.2. Куршаб айыл өкмөтүнүн паспорту ........ 146
3. 3. Куршаб айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык жана маданий абалы ........ 154

3.4. Куршаб айылынан чыккан көрүнүктүү инсандар........................................................202
3.5. Куршаб аймагынан чыккан КРнын ЖКнын депуттары........................................................229
3.6. Куршаб айылындагы тарыхый эстеликтер............235

**Сөз аягы ...............................................................................240**

Колдонулган адабияттар.......................................................243



## Киришүү

Азыркы ааламдашуу доорунда бүтүндөй дүйнө анын ичинде Кыргызстан да анын ыргагында бара жатат. Өлкөдө кандай гана кырдаал түзүлбөсүн ар дайым туура баа берип, өз учурунда туура чечимдерди кабыл алуубуз абзел. Албетте ал үчүн өз тарыхын, өткөн тарыхты билүү керек. Дал ушул өңүттөн ар бирибиз өз өлкөбүздүн, өз аймагыбыздын тарыхын билсек, анализдей алсак анда келечекке ишенимдүү кадам таштай алабыз.

Куршаб өрөөнү түштүк Кыргызстандагы Кара дарыя, Куршаб, Кысык-Алма сууларынын шиленди конустарынан орун алган. Чыгышынан Кара дарыя, батышынан Отуз-Адыр, түштүгүнөн Кысык-Алма жана Төөчү адырлары, түндүгүнөн Кемпир-Абад босогосу менен чектешет. Өзгөн районунун аймагында жайгашкан, узундугу 50 км., туурасы 30-35 км. келет. Деңиз деңгээлинен 950 м бийиктикте орун алган. Түндүк-батышка карай $3^0$ градуска чейин жантайыңкы келет. Антрогендин кум-чополуу, шагыл жана лёсс тектери менен капталган. Шералы дөңсөлөрүндө лёсс катмарынын калыңдыгы 10-15 метрге жетет. Климаты континенттик. Январдын орточо температурасы -4,$5^0$ С, июлдуку - 25-$26^0$ С. Жылдын жаан-чачыны 300-350 мм. Куршаб өрөөнү аркылуу Куршаб суусу өтөт. Өрөөндүн төмөн жагында Кемпир-Абад суу сактагычы орун алган[1].

Учурда Куршаб өрөөнүндө 4 айыл өкмөтү жайгашкан. Куршаб айыл өкмөтүнүн жалпы жер аянты 28,6 миң га. Калктын саны 22 990 (2019) адам. Калк жайгашкан ай-мактар үчөө: Куршаб, Шагым, Эрдик. Өзгөн шаарынан 12 км., Ош шаарынан 38 км., темир жол бекетинен 30 км., Ош аэропортунан 40 км. аралыкта жайгашкан. Куршаб айыл

[1] Кыргызстан улуттук энциклопедиясы. Бишкек – 2012. 638-б.

өкмөтү аркылуу Бишкек-Ош автомагистралы өткөн. Бор-бору – Куршаб айылы болуп саналат. Куршаб жана Кайнар совхоздорунун биригүүсүнүн натыйжасында 1996-жылы 15-майда Куршаб айыл өкмөтү түзүлгөн. Бул айыл өкмөтү түндүк-чыгышынан Кароол, түштүк-батышынан Кызыл-Октябрь, түштүк-чыгышынан Жалпак-Таш айыл өкмөттө-рү менен чектешет[2].

1953-жылы орто кылымдык Өзгөндө казуу иштери улантылган. Кара-Жар жана Кара-Кулжа мүрзөлөрүнүн ону казылды... Өзгөн, Куршаб жана башка райондордон бир нече жаңы эстеликтер табылды[3]. Түштүк кыргыз от-йининдеги: Яссы, Кара-Кулжа, Тар дарыялары, Алайку, Куршаб, Өзгөн, Мырза-Аке, Совет, Эски-Ноокат, Баткен жана Лейлек аймактарындагы археологиялык эстеликтер иликтенди. Биздин заманга чейинки I миң жылдыктын ая-гынан – б.з. XIV-XVI кк. таандык 70тен ашуун кыштакчалар иликтөөгө алынды. Көпчүлүк эстеликтердин жер үстүн-дөгү материалдары алынды. Көптөгөн эстеликтер фото сүрөткө тартылган. Кыштакчалардан сырткары 80 мүрзө жана кургандардын топтому ачылган[4].

Ю.А.Заднепровский тарабынан Куршаб өрөөнүнөн бир катар археологиялык эстеликтер аныкталат. Алсак:

1. Дөбөлөр топтому. Алар Кара дарыя дарыясынын сол жак жээгинде Өзгөндүн түштүк-батышта, Ош-Өзгөн авто жолунун эки тарабынан тең орун алышкан. Жарым шар түрүндөгү, бийиктиги 5-6 м. келген дөңсөлөр. Булар мүм-күн байыркы турак-жайлар болсо керек.

---

[2] Насиров Т. А., Амиракулов О.М. Куршап – тоо суусу мол аккан дарыя Ош 2005. 4-б.

[3] Заднепровский Ю.А. Археологические памятники Фрунзе . 7-б

[4] Заднепровский Ю.А. Археологические памятники Фрунзе .2// 8 -б.



2. Түндүк Куршаб II шаар – чалдыбары Кара дарыясы-нын сол жээги, Куршаб айылынын түндүк-чыгышынан орун алган. Ал үч бурчтук формада болуп, өлчөмү 150 х180 м. батыштан чыгышка карай созулуп жатат. Экинчи тек-тирде жайгашкан батыш жана чыгыш жагында терең аң-дар менен курчалган. Кирүү жагы түштүк-чыгышта жай-гашкан. Жер үстүндөгү материалдары даана түшүнүк бер-бейт.

1. Дөбө топтомдору б.з.ч. I к. - б.з. I к. таандык. Алар Түндүк Куршаб II шаар-чалдыбарын батыш тара-бынан Ленинское (Куршаб) айылына чейинки ара-лыкта, Өзгөн-Ош авто жолунун түндүк тарабынан орун алган. Бир дөбө Түндүк Куршаб I шаар-чалды-барынын жанындагы бак ичинде жайгашкан. Жер үстүндөгү материал-кызыл түстөгү ангобдолгон керамика.
2. Түндүк Куршаб I шаар чалдыбары б.з.ч. I к. – б.з. I к. таандык. Ал Ленинск айылынын түндүк-чыгы-шында жана Түндүк – Куршаб II шаар чалдыбары-нын түндүк-батышында Кара дарыя жана Куршаб дарыяларынын аралыгындагы түздүктөрдүн ара-лыгында жайгашкан.

Шаар чалдыбарынын түз тик бурчтук формасында туруп, өлчөмү 250х200 м., бурчтары жарым кесилишине туура келет. Үстүртөн караганда кең дубалдары, айрыкча бурчтарындагы кароол дубалдары даана байкалат. Чыгыш тараптагы дубалдын ортолугунда чоң көлөмдөгү мунара-нын орду байкалат, мүмкүн ал цитадель (башкаруучунун имараты) болушу мүмкүн, дубалдын сырткы жагы боюнча аң казылган. 1956-жылы жер казуу учурунда коргонуу че-бинин дубалдары бузулган.

3. Ленинск дөбөлөр тобу. Алар Ленинск айылынын аймагынан орун алган.

4. Кызыл-Сеңир дөбөсү. Кызыл-Сеңир айылынын түштүк-чегинде орун алып, анын үстүнө үй салынган.
5. Жети-Курган. Куршаб дарыясынын оң жана сол жээктеринен орун алган.[5]

Түндүк Куршаб I шаар чалдыбары Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан. 1956-жылы бул эстеликти Ю.А.Заднепровский изилдеген. Археолог аны Түндүк Куршаб I шаар чалдыбары деп атаган. Андан кийин, 1967-жылы ушул эле шаар чалдыбарын Д.Ф.Винник казган. Анын казуусу көрсөткөндөй, эстелик эки маданий катмардан турат. Төмөнкү маданий катмардан кечки коло кылымдагы чуст маданиятына мүнөздүү материалдар табылган. Үстүнкү маданий катмардан Шоро-Башат маданиятына тиешелүү материалдар алынып, б.з.ч. IV-I кк. таандык болгон[6].

Жогорудагы маалыматтардан улам, аталган Куршаб аймагы тарыхы кең жана терең экенин байкасак болот. Анын үстүнө Оштун 3000 жылдыгын далилдеген Ю.А.Заднепровский тарабынан Куршаб өрөөнүнөн бир катар археологиялык эстеликтер аныкталганы ишенимдүү булак экенин дагы тастыктайт.

Демек, дагы да ачыла элек тарыхы бай Куршаб аймагынын сыры алдыда демекчибиз.

Эки дарыя аралыгында жайгашкан күнөстүү аймактын тарыхы жөнүндө алгач 2005-жылы "Куршап – тоо суусу мол аккан дарыя" аталышында эмгек жарык көрүп калк арасында алгылыктуу өз баасын алган жана тактоолорду киргизген. Ал эми бул эмгегибизде жогорудагы тарыхый – археологиялык эстеликтерди эске алуу менен бирге жаңы замандын тарыхын кошо берүүгө аракеттендик. Кантсе да,

[5] Заднепровский Ю.А. Археологические памятники Фрунзе. 151-152-бб.
[6] Винник Д.Ф. Работы в Узгенском оазисе. АО. 1969 М. 1970.



алгач байыркы Куршаб, Куршаб топоними, өрөөндүн этникалык тарыхы, саясий тарыхына токтолдук. Ал эми ошол эле кезде совет мезгилиндеги колхоздоштуруу, анын арасында Куршаб районунун түптөлүшү, анын ишмердүүлүгү, аймактык өзгөчөлүктөрү тууралуу архивдик материалдар менен далилдеп алардын кээ бирлерин китепке кириздик.

Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы Куршаб районунан аттанган жоокерлердин саны, алардын эрдиктери, тылдагы кужүрмөн эмгектери да чагылдырылды. Аймактын сыймыгы болгон Советтер Союзунун Баатырларынын ар бирине кенен, өзүнчө токтолуп, тарых-таржымалын, көрсөткөн эрдиктерин баяндадык. Ага удаа эле аймактан чыккан Социалисттик Эмгектин Баатырларына токтолдук. Куршаб айылынан аалам тынчтыгы үчүн күрөшкөн бир канча кагылышуулар, согуштарды жазбай коюуга мүмкүн эмес.

Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы бир канча өзгөрүүлөр менен бирге айыл өкмөттөр түзүлгөнү маалым. Азыркы күндөгү Куршаб айыл өкмөтүнүн түптөлүшү, социалдык-экономикалык абалы, айылдагы мекемелер тарыхы жана айылдан чыккан көрүнүктүү инсандар, ага удаа айылдагы тарыхый эстеликтер, тарыхый көз ирмемдер кошо берилди.

# I БАП. БАЙЫРКЫ КУРШАБ

## 1.1. Байыркы Куршаб таш доорунда

Фергана өрөөнүндө антропогенез процесси байыркы таш доорунда, мындан б.з.ч. 800-400 миң жыл мурда Хайдаркен айылынын батыш аймагындагы Сел-Үңкүрүнөн төмөнкү палеолит дооруна таандык байыркы адамдардын тургун жайы аныкталган. Бул тургун жайдан сай таштан жасалган куралдар жана жаныбарлардын сөөктөрү табылган. Мындан сырткары учурунда бир нече эркек жана аялдарга тиешелүү адам сөөктөрү табылуусу Орто Азия чөлкөмүндө археологиялык сенсация болгон. Антропологдордун пикири боюнча ал сөөктөр архантропторго таандык[7]. Бул мезгилдин адамдары аңчылык жана жыйноочулук менен кесиптенишип күн көрүшкөн.

Ортоңку палеолит дооруна (б.з.ч. 100-40 миң жыл ) мүнөздүү таш куралдар Ош шаарынын чыгыш тарабында жайгашкан Мырзалым тепеден жана Баткен облусундагы Капчыгай жергесинен табылган[8]. Ал учурда неандерталецтер таштан эмгек куралдарын жасоону абдан жакшы өздөштүрүшкөн. Алсак, таштан: найза, бычак, кескич, сөөктөн шибегени жасоону билишкен. Эң негизгиси отту жасалма түрдө алууну өздөштүрүшкөн. Үңкүрлөрдө, таш касабаларынын алдында (грот) жашашкан. Алгачкы жолу каза болгон адамды жерге көмүү салты байкалган. Бул болсо илимпоздорго мустье доорунда эле диний түшүнүктөрдүн жаралгандыгы жөнүндө маалымат берет.

---

[7] Исламов У. И. Первая нижнепалео литическая пещерная стоянка Ферганской долины // Общественные науки в Узбекстане. Ташкент. 1984 58-бет

[8] Павлов П. Г. Новые находки каменного века в Южно Киргизии. // СА . № 2 1983 213-216-бб. История КиргССР. Том . I Фрунзе : Кыргызстан 1984., 89-90-бб..



Жогорку палеолит доорунда (б.з.ч. 40-10 миң жыл) неандерталецтер жер жүзүнөн жоюлуп, анын ордуна "homo sapiens" пайда болот. Жер шарында рассалык (негроид, европоид, монголоид ) өзгөчөлүккө ээ адамдар тобу жашай башташат. Кроманьон адамы келечектеги материалдык жана рухий маданияттын тарыхый өнүгүүсүн шарттаган. Күндөлүк жашоого зарыл болгон эмгек куралдардын бардык түрлөрүн: таштан, сөөктөн, жыгачтан жасоону өздөштүрүшкөн. Аңчылык жана жыйноочулук жашоонун булагы болгон.

Кызыл-Октябрь шаар чалдыбарын казуу учурунда Ю.А.Заднепровский бир нече оттук таш тапкан. Орто Азия палеолити боюнча белгилүү археолог В.А.Рановдун пикирине караганда Кызыл-Октябрь эстелигинен табылган оттук таштар б.з.ч. 150-50 миң жыл алдын өкүм сүргөн мустье дооруна мүнөздүү[9].

Фергана өрөөнүнөн ортоңку таш кылымына тиешелүү (мезолит б.з.ч. IX-VI миң жылдыктар) эстеликтерге Сел-Үңкүр үңкүрүнүн үстүңкү маданий катмары, Хайдаркен өрөөнүндөгү Обишир жана Таш-Көмүр үңкүрлөрү кирет. Г. Ф.Коробкованын пикирине караганда Ферганада шарттуу түрдө мезолиттик 2 комплекс: түздүктүк – ферганалык жана үңкүрдүк – обиширдик болуп бөлүнөт. Алардын айырмасы таш куралдардын жасалуу ыкмасына көз каранды[10]. Бул доордун өзгөчөлүгү жогорку палеолиттик таш индустриясы андан ары өркүндөтүлөт, алгачкы жолу микролиттик кыстырма куралдар пайда болот. Мисалы, жыгачка же сөөккө кыстырылган бычак жаралат. Жаа

---

[9] Заднепровский Ю.А., Ранов В.А. Новые находки каменного века в Южной Киргизии. Бюлл. Комиссии по изучению четвертичного периода. №32. 1966 125-б; Ранов В.А. Изучение каменного века Средней Азии за 20 лет.(1945-1965) Материальная культура Таджикистана Душанбе 1968 25-б.

[10] Каробкава Г.Ф. Мезолит Сердней Азии и Казахстана // Мезолит СССР. Археология СССР . – М. Наука 1989. 149-173-бб..

жана анын жебесин жасаганды үйрөнүшөт. Жашоо образы өзгөрөт. Жаныбарларга аңчылык кылуунун жаңы ыкмасы – жеке аңчылык кылуу өнүгөт. Туруктуу тургун-жайларга болгон көз карандылыктын мааниси төмөндөйт. Алгачкы жолу ит жана чочко колго үйүр алдырылат.

Жаңы таш доору – неолит (б.з.ч. V-III жылдыктар) бул доор адамзат тарыхындагы ири секирик доору катары белгилүү. Адамдар бул учурга чейин чарбага жерди иштетип, дыйканчылык кылуу жана айбанаттарды, мал чарбачылыгын түзүүгө өтө башташат: кой, эчки, ири мүйүздүү мал, чочко, өрдөк, каз колго үйрөтүлөт. Таштан эмгек куралдарын жасоонун жаңы ыкмалары: ташты жылмалоо жана тешүү жаралат. Бул ыкма менен байыркы адамдар таштан балта жана керки жасай башташат. Ылай, камыш жана жыгачтын катышуусундагы бир бөлмөлүү тегерек же түз тик бурчтук формадагы үй-жайларды курууну билишкен. Алгачкы жолу чоподон карапа жасоону үйрөнүшөт. Бул учурдун эстеликтери Чоң-Алайдагы Алтындара, Карашвак, Чак айылдарынын айланасындагы аймактардан табылган[11]. Демек, дыйканчылык менен мал чарбачылыктын пайда болуусун байкасак болот.

Неолит доорунун дагы бир ири жетишкендиги – искусствонун пайда болуусу. Ысык-Көл областындагы Сары-Жаз өрөөнүндөгү Ак-Чуңкур үңкүрүнөн үңкүр дубалдарына адамдын жана жаныбарлардын элестери кара минерал боёктор менен тартылган сүрөттөрүн табышкан[12]. Жогорудагы маалыматтардан байкалгандай Куршаб өрөөнүнөн мезолит жана неолит доорунун эстеликтери табыла элек. Албетте, аталган мезгилде өрөөндө адамдар жашаган эмес

[11] Ранов В.А. Находки каменного века в Алайской долине. – Труды института истории Академии наук Киргиской ССР. Вып. 4. 1958. 104-110-бб.. ; История Кирг. ССР том I 101-105-бб..

[12] Окладников А.П. Следы древней культуры в пещерах Тянь-Шаня. (находки в пещере АК-Чуңкур) ИВГО. Т. 86. Вып 5. 1954.



деп тыянак чыгарууга болбойт. Ал учурда адамдар жашагандыгын коңшулаш региондогу табылгалардын негизинде далилдөөгө болот. Анын үстүнө археологиялык жактан изилдөө толук кандуу жүргүзүлбөгөн. Ошондуктан келечектеги муундар Куршаб өрөөнүнүн тарыхындагы бул маселеге көңүл бурарына ишенебиз.

Коло кылымы. Жарым көчмөн жана отурукташкан калк маданияты. Жезди казып алуу жана андан эмгек куралдарды жасоо адамзат тарыхында прогрессивдүү мааниге ээ болгон. Орто Азияда металлургияны өздөштүрүү б.з.ч. V миң жылдыкта башталган. Жезден жасалган куралдар жумшак жана ылдам жешилген. Жезге коло жана калай аралашмасынан коло буюмдарды жасоону үйрөнүүсү коомдук түзүлүштүн жаңы баскычтарга көтөрүлүүсүнө алып келди.

Коло кылымы б.з.ч. II миң жылдыктан – б.з.ч. IX-VIII кк. камтыйт. Жез кенин казып алуу Ош областынын Жаңы-Ноокат айылынын жанынан, Чаткал жана Кетмен-Төбө өрөөнүнөн аныкталган. Калайды Ысык-Көл областынын Сары-Жаз дарыясынын өзөнүнөн казып алышкан.[13]

Б.з.ч. II миң жылдыктын экинчи жарымында Кыргызстандын аймагында эки тарыхый маданий жалпылыгынын маданияты өнүккөн: Чүй, Талас, Ысык-Көл жана Борбордук Тянь-Шанда андрон маданиятынын өкүлдөрү (Сибирдеги Ачинск шаарына жакын жайгашкан андрон кыштагынын жанында бул маданияттын эстелиги табылган). Фергана өрөөнүндө алгачкы жолу байыркы Чуст дыйкан жер иштетүүчүлүк маданиятындагы уруулардын турак-жайлары пайда болот (Алгачкы эстелиги Өзбекстан Республикасынын Наманган областынын Чуст кыштагынын жанынан табылган). Андрон маданиятындагы уруулар жарым көчмөн мал чарбачылыгы жана дыйканчылык

[13] История Кыргызов и Кыргызстана. Учебник для ВУЗов. Б. Илим. 2000. 41-б.

менен кесиптенишкен. Ири мүйүздүү мал, эки өркөчтүү төө, жылкылардын эки породасын: жүндүү, бою кичине, чыдамдуу моңгол жылкысын жана бою бийик, ичке шыйрактуу, сымбаттуу жылкыларды өстүрүшкөн. Кой, эчки баргышкан. Жерди айдоодо өгүздөрдү пайдаланышкан[14]. Сүт азыктарынан курут жана кымыз жасоону алгачкы жолу өздөштүрүшкөн деген пикир бар.

Андроновчулар Волгадан, Урал, Тянь-Шань жана Енисейге чейинки аймактарда жашашкан. Алар аскердик арабаларды ойлоп табышкан. Алардын таштагы сүрөттөрү Кара-Кулжа районундагы Таштуу жана Өзгөн районундагы Суук-Дөбө эстеликтеринен табылган[15]. Андрон маданиятындагы уруулардын эстеликтери Ноокат районундагы Жаңы-Ноокат айылынын жанындагы Темир-Корук II курган мүрзөлөрүнөн, Ош шаарынын айланасындагы Чаян-Тепеден жана Сулайман-Тоодон аталган маданиятка мүнөздүү карапа идиштердин сыныктары табылган. Колодон жасалган билериктер Ала-Бука районундагы Жапасалды айылынан кокусунан табылган. Алардын аналогиясы Борбордук Казакстандан кездешет[16]. Базар-Коргон айылынан жер бетинен 2,5 м. тереңдиктен кельт күрөкчө табылган. 1984-жылы коло кылымына мүнөздүү карапа идиштердин комплекси Өзгөн оазисинен, Кара дарыя жана Яссы дарыялары кошулган тумшуктагы Андижан суу

[14] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 10-б.

[15] Насиров Т.А., Эшбаева У.Ж., Эсенбаева Б. Колесницы урочища Таштуу// Труды молодых ученых в области экономики и гуманитарных наук. Ош. 1996.

[16] Насиров Т.А., Малтаев К. Новые памятники искусство Суук-Дөбө Самартканд 2003. История Кирг. ССР Том. 101-119-бб.; Кадырбаев М. К. Могильник Сангуыр II Новые материлаы по археологии и этнографии Казакстана. ТИИАЭАН Казакской ССР. Т.12. Алма-Ата 1961. 48-61-бб.



сактагычы жайгашкан аймактан табылган[17]. Андрон маданиятынын уникалдуу эстелиги 2005-жылы Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу Шагым айылынан кокусунан табылды.[18]

Кечки коло кылымында металлды өздөштүрүү менен биргеликте, мал чарбасы жана жер иштетүү маданияты тездик менен өнүгөт. Коомдук түзүлүштө социалдык теңсиздик жаралып, диний идеология, бай башкаруучулар жана катардагы общинниктер пайда болду. Кийинчерээк зороастризм динине өсүп жеткен жалпы коомдук идеология, мифология, эпос жана храмдык архитектуранын түзүлүшүнө шарт түзөт.

[17] Мадалиев Н. История древности Ошского региона. Сант-Петербург. 2003-ж. 45-б

[18] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 10-б.

## 1.2. Куршаб темир кылымында

Б.з.ч. VIII-VII кк. Кытай, Индия, Иран жана Греция сыяктуу кул ээлөөчүлүк мамилелер цивилизация түндүгүндө байыркы көчмөн малчылардын жана отурукташкан дыйкандардын маданияты түзүлөт.

Түндүк Кара деңизден Казакстан, Орто Азия жана Түштүк Сибирь аймагына чейинки зор аянтта комплекстүү чарба жүргүзүүгө ыңгайлашкан байыркы уруулар жашашат. Аларда көчмөн мал чарбачылыгынын 3 түрү калыптанат: вертикалдык, горизанталдык жана стационардык.

Орто Азиянын көчмөн элдери б.з.ч. I миң жылдыктын орто ченинде ар түрдүүчө аталган. Аларды индиялыктар "тур", байырк гректер "скиф", кытайлыктар "сэ" ал эми байыркы перстер "сак" деп аташкан. Индо-иран тилинде "сак" деген этноним "Каарман, эр, ит же бугу" ("элик") деген маанини билдирет делсе, түрк жана моңгол тилдеринде "чач" түшүнүктүү туюнтуларын болжолдошкон. Б.з.ч. VI-V кк. Орто Азиялык сактар эки ири уруулардын бирикмесинен тургандыгы белгилүү. Анын бири Каспий деңизинен Борбордук Тянь-Шань жана Иле дарыясына чейинки аймакты ээлеген. Байыркы перс жазма булактарында бул курам "саки-тиграхауда" грек жазма булактарында "саки-ортокарибанти" деп аталган. Экөөнүн тең котормосу "чуштугуй калпакчан сактар" деген маанини түшүндүрөт.

Кийинки уруулук курам Түндүк Индиядан, Алай жана Ферганага чейинки аралыкта орун алган. Перстер аларды "саки-хаумаварга" "хауманы кадырлоочу сактар" ал эми, гректер "саки-амюргии" деп аташкан. Бул этнонимдин мааниси чечиле элек. Чыгыш-иран тилинде "марг" сөзү "жаш тулаң, жайыт" деген түшүнүктү билдирет. Маалыматтарга таянуу менен азыркы Кыргызстандын түндүгүн-



дө саки-тиграхауда, ал эми түштүгүндө саки-хаумаварга уруулары жашаган деп болжолдоого болот[19]. Сактар европоит рассанын өкүлдөрү жана чыгыш-индоиран диалектисинде сүйлөшкөн. Түштүк Кыргызстандагы сак уруулары эки чарбалык негизде жашашкан. Бир бөлүгү тоо этектеги түздүктөрдө жана дарыя жээктердеги дыйканчылыкка ылайыктуу жерде комплекстүү чарба: жер иштетүү жана мал чарбачылык менен алек болушкан. Архитектуралык туруктуу кыштакчаларды жана прото-шаарчаларды түзүшкөн.

Тоо арасындагы өрөөндөрдө мал чарбачылык менен гана кесиптенишкен сактар жашашкан. Албетте, эки чарбалык тутумга ажыраган сактар этникалык маданий карым-катнашта болуп турушкан.

Куршаб өрөөнүндө отурукташкан дыйканчылыкка негизделген сактар жашаган[20]. Коло кылымынын чуст маданияты б.з.ч. VII кылымда эрте темир кылымынын маданияты менен алмашылат. Бул учурдагы эл аралык абал өтө оор болгон. Иран аймагында пайда болгон Ахемениддер мамлекети баскынчылык саясатты жүргүзө баштайт. Б.з.ч. VI ахемениддер Орто Азиянын түштүк областтарын, Сыр дарыянын ортоңку агымына чейинки областтарды басып алышкан. Фергана өрөөнү Ахемениддердин курамына кирген эмес. Б.з.ч. 329-жылы Ахемениддер державасы Александр Македонскийдин армиясынын соккусу астында кыйрайт. Греко-македониялык баскынчылар Сыр дарыяда токтотулуп, байыркы фергналыктар өз алдынчалыгын сактап калышты.

Кийинки учурда Орто Азиянын түштүк бөлүгүндө б.з.ч. 250-жылы Греко-Бакрия жана биздин эранын башталы-

[19] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 11-б.

[20] Насиров Н. Амиракулов О. М. Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж 11-б

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 483644

шында ири Кушан империялары түзүлөт. Археологиялык маалыматтарга жана байыркы жазма булактарга караганда ферганалыктар оор салгылашуулардын натыйжасында өз эркиндиктерин сактап кала алышкан. Алардын мүрзө-кургандары Алай өрөөнүнөн жана Өзгөнгө жакын Кош-Этер аймагынан аныкталган. Өзгөндөгү Доңуз-Тоо аймагынан сактарга мүнөздүү казандар табылган[21].

Ахемениддер, грек-македониялык баскынчыларга сокку берген байыркы Ферганада өз алдынча маданият өнүгөт. Бул маданият б.з.ч. VII кылымда түзүлүп б.з. V-VI кылымдарына чейин өкүм сүргөн. Бул учурда аталган аймакта темирден жасалган эмгек жана аскер куралдары пайда болгон. Таш жаргылчакта жасалган чопо идиштер жаралат. Материалдык маданиятта көрүнүктүү өзгөрүүлөр байкалат. Атап айсак, коло кылымындагы чопо идиштерди боёонун мүнөзү өзгөргөн. Өндүргүч күчтөрдүн өндүрүмдүүлүгү артып, жерди жасалма түрдө сугаруу башталат. Кыштакчалардын саны өсүп, шаар тибиндеги калктуу пункттар пайда болот. Бул мезгилде Фергана өрөөнүндө сактардын "эйлатан маданияты" б.з.ч. VII-IV кылымдарда өнүгөт[22].

Бул маданият негизинен мүрзөлөр аркылуу изилденген. Анын ээликтери Ош жана Өзгөн оазисинде кездешет. Өзгөчөлүгү темир куралдар менен бирдикте алгачкы жолу станокто жасалган карапалар пайда болот.

Жер иштетүүчүлүк маданиятынын кийинки өнүгүүсү Шоро-Башат шаар- чалдыбарынын аты менен аныкталган. Шоро-Башат шаар-чалдыбары Өзгөн шаарынын 8 км батышта Жазы дарыясынын оң жээгинде жайгашкан. 70 га аянтты ээлейт. Күчтүү коргонуу чебине ээ болгон[23].

[21] История Киргизской ССР. Том 1. Фрунзе, 1984. 141-151.

[22] Латынин Б.А. Некоторые итоги Ферганской Экспедиции 1934. 109-170.

[23] Заднепровский Ю.А. Погребальные памятники эйлатанской культуры Ферганы. КСИА. Вып. 199. М. 1990. с. 87-95.



Өзгөн, Кара-Кулжа оазисинде жана Куршаб өрөөнүндө 70ке жакын Шоро-Башат маданиятына таандык болгон шаар-чалдыбарлары аныкталган[24].

Шоро-Башат маданиятынын тушунда урбанизациялык процесстер жүрүп, түстүү жана боёлгон керамиканын андан ары өнүгүүсүнө жол ачат. Бул учурда Фергана Даван мамлекетинин курамына кирет.

Куршаб өрөөнүндөгү Кызыл-Октябрь, Кызыл-Сеңир, Куршаб жана Мырза-Арык айылынын чектеринде жайгашкан дөбөлөрдүн көпчүлүк бөлүгү Шоро-Башат маданиятынын эстеликтери болуп саналат. Б.з.ч. IV-I кк. жазма булактарга караганда Фергана өрөөнүндө "Даван", "Бохан" жана "Полона" (кытай тилинен которгондо "Фергана" деген туюмду берет) мамлекеттери жашаган[25].

Саякатчы, аскердик чалгынчы, дипломат Чжан Цянь эки жолу б.з.ч. 128-116-жж. жана б.з.ч. 116-жылы Орто Азияга келген. Ал Нарын дарыясын бойлоп, чыгыш Ферганага (түштүк Кыргызстанга) келип, Даван мамлекетинин башчылары менен дипломатиялык мамилелерди орноткон. Анын билдирүүсү эң алгачкы жана далилдүү билдирүү катары кыргыз тарыхында орун алат. Хан династиясынын императору б.з.ч. 140-87-жылдары У-Диге жазган баяндамасында Чжан Цянь Даван мамлекети жөнүндө мындайча маалымат берет: "Даван мамлекетинде 70ке жакын ири жана кичи өлчөмдөгү шаар бар. Калкы бир нече жүз миңге жетет жана Эрши шаарында көптөгөн аргымактар бар. Дыйканчылык менен кесиптенишип, күрүч жана буудай эгишет". "Давандыктарда Шанма-аргымактар көп,

[24] Заднепровский Ю.А. Археологические памятники южный районов Ошской области. Фрунзе 1960.

[25] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж 12-б.

алар тер кандуу жана “тянма” – асман аттарынан жаралат”, давандыктар “му-су” беде өстүрүшөт, аны асман аргымактары аябай жакшы көрөт”,- делет[26].

Даван аргымактары жөнүндө кытай жазма булактарында кызыктуу тексттер жолугат. Таюань эмгегинде мындай делет: “Ал аймакта бийик тоолор орун алган. Бул тоолордо кармоого мүмкүн болбогон жылкылар жашайт. (Давандыктар) Тоо айгыр менен аргындашуусу үчүн, алар чаар бээлерди тоо этектерине коё беришет. Алардан тер кандуу кулундар туулат. Мына ошондуктан, аларды асман аттарынын тукуму деп аташат”.[27] Даван жылкыларынын сүрөттөрү Араван, Ноокат, Өзгөндөн табылган. Асман аргымагынын таштагы сүрөттөрү Ош шаарындагы Сулайман-Тоосунан да аныкталганы маалым[28]. Бул да албетте тайлыктар Давандан беде жана жүзүмдүн уруктарын өз жерине алып кетишип, аларды өстүрүшкөн.

Чжан Цяндын Даван жөнүндөгү билдирүүсү император У-Диге жортуул жасоого түрткөн. Ошол учурдагы хан императорунун атчан армиясынын абалы жөнүндө кызыктуу маалыматтар сакталган.

“Хан Шунун” баяндамасына караганда, хан доорунун башталышында жылкы саны өтө аз болгон. Ал гана эмес, “Асман уулунун ( император) таза кандуу аттардан турган арабасы болгон эмес, ал эми жогорку аскер башчылары

[26] Бичурин Н.Я. (Иакинф) собрание сведений о народах обитавших в Средней Азии в времена. Том. 2. М., 1950. с. 147-168.

[27] Бичурин Н.Я. (Иакинф) собрание сведений о народах обитавших в Средней Азии в времена. Том. 2. М., 1950. с. 190.

[28] Насиров Т.А. Сулайманов Э.Ж. Сулайман-Тоосундагы жаңы ачылган сүрөттөр // Экономика жана гуманитардык илимдер боюнча жаш окумуштуулардын эмгектери. Ош- 1996.



жана граждандык чиновниктер өгүз чегилген арабаларда жүрүүгө аргасыз болушкан”[29].

Даван мамлекетинин алсыздыгы жөнүндөгү баяндамага ынанган император У-ди “Асман аргымактарына ээлик кылууну, андан атчан аскерлерин түзүп Хуннулардын атчан кошуунунан күчтүүрөөк аскердүү болууну самаган. Ошондуктан, б.з.ч. 105-жылы хан императору Че-Линдин жетекчилигиндеги элчиликти давандыктарга жөнөтөт. Элчиге аябай мол белектерди: көптөгөн күмүш жана алтындан жасалган буюмдарды, алтындан жасалган жылкынын фигурасын тартуу кылат. Давандыктар “асман аргымактарын” берүүдөн баш тартышкан. Ачууланган элчи “алтын аргымакты” түртүп кулатып жиберген. Буга ачууланган давандык аксакалдар элчини “чыгыш чек арасы болгон Ю шаарында кармап жана өлтүрүлүүсүнө” буйрук беришкен.[30] “Ю” шаарын азыркы Өзгөн районундагы Шоро-Башат шаар-чалдыбары менен Ю.А.Заднепровский байланыштырат.[31] Албетте, ага да тарыхый салыштыруу жана так фактыларды негиз кылуу менен болгонуна ынанабыз.

Элчинин өлтүрүлүшү б.з.ч. 104-жылы кытай аскер башчысы Ли-Гуанлинин 6000 жоокерден турган кошуунунун баскынчылыгына алып келди. Кытай аскерлери Давандын “Ю”, “Юнчен” шаарына жетип келип, аны басып алууга аракет кылат. Давандыктардын каарман күрөшүүнүн натыйжасында баскынчылар андан ары жыла алышкан эмес. Б.з.ч. 103-жылы кытайлыктар кайра артка кайтууга арга-

[29] Чжан Ли, Чжоу Шицюй. о глиняных фигурах всадников из ханской могилы в Яньцзявань – ВУ. 1977. №10. с. 23 ( на китайском языке).Цитаты и статьи Кожанов С.Т. Снаряжение и одежда воинов эпохи Хань. История и культура Востока и Азии. Новосибирск, “наука” 1985. с. 112.

[30] Бернштам А.Н. Историко-археологические очерки... МИА. т. 26. М.-Л. 1952. с. 228.

[31] Заднепровский Ю.А. Дневнеземледельческая культура Ферганы. МИА. М. 1962.

сыз болушкан. Максатына жетпеген У-ди б.з.ч. 102-жылы 60 000 жөө жана 3000 атчан аскерлерин даванга жөнөтөт. Ли Гуанли кошуунду эки топко бөлүп, бир бөлүгү Эркечтам – Алай – Ош аркылуу Даван мамлекетинин борбору Эрши шаарына келет. ( Эрши шаары Ош шаарынан 40 км батышта жайгашкан Мархамат шаар- чалдыбары болгон деген божомол А.Н. Бернштам тарабынан айтылат).[32]

Кытайлыктар Эрши шаарын көп күндүк камоодон кийин басып алышат. Ли Гуанлинин кошуунунун экинчи бөлүгү Кашкар, Торугарт, Жазы аркылуу Өзгөндөгү «Ю» шаарына келишкен. Шаардыктар кытай аскерлерин токаргашалуу окуя жөнүндө кабар берет. Жаңыдан жиберилген жазалоочу кошуун "Ю" шаарын басып алып, шаар коргоочуларды кырышат. Даван мамлекетин толук басып алуу менен тынчтык келишимди түзүүгө аргасыз болушат.

Давандыктар бир нече ондогон асман аргымактарын жана 3000 орто жана төмөнкү даражадагы жылкыларды берүүгө милдеттенишкен. Б.з.ч. 99-жылы кытай баскынчылары артка кайтышат. Кытай армиясы кетери менен Даван мамлекети өз эркиндигин калыптандыра алган[33]. Даван мамлекети жөнүндөгү акыркы маалымат б.з. 437-жылына таандык[34]. Ошол эле учурда экономикасын кайрадан түптөп, калктын баягыдай турмушу улануусу үчүн давандыктар аябагандай аракеттенишкени маалым.

Б.з.ч. II-I кылымдардагы окуялар Куршаб өрөөнүнүн тарыхына түздөн-түз таасирин тийгизген. Орто Азияга, андан ары батышка карай багытталган кытай экспансиясын майтарууга байыркы давандыктар менен бирдикте Куршаб өрөөнүнүн калкы эки жолу катышты. Натыйжа-

[32] Бернштам А.Н. Историко-археологические очерки... МИА. т. 26. М.-Л. с. 229..
[33] Бичурин Н.Я. (Иакинф) собрание сведений о народах... с. 210.
[34] История Кыргызской ССР . Том 1. Фрунзе 1984.



да "Ю" шаары менен кошо Куршаб өрөөнүндөгү шаарлар кыйратылган болуусу мүмкүн. Хан династиясынын баскынчылык саясатынын ойрондолушуна куршаптыктардын баатырдык күрөшү жардам берген. Бирок бул аларга өтө кымбатка турган[35].

Фергананын, аны менен кошо куршаптыктардын этникалык курамы Орто Азиядагы башка калктар менен окшош болгон. Кытай жазма булактарына карганда Батыштагы Давандан баштап, Аньсиге (Парфия) чейин ар түрдүү диалектиде сүйлөшкөндөрү менен тилдери бири-бирине жакын болгон. Сырткы көрүнүштөрү, салты боюнча өтө окшош. Калкы чуңкур көздүү жана коюу сакалдуу болгон[36]. Бул мүнөздөмө аркылуу байыркы куршабдыктар иран тилинин бир бутагында сүйлөшкөндүгү жана антропологиялык жактан европеоид рассасында болгон деп жыйынтык чыгарууга болот. Куршаб өрөөнүндөгү I-V кылымдарга таандык тарыхы жөнүндөгү жазма булактар жокко эсе. Археологиялык маалыматтарга караганда, Фергана өрөөнүндө жаңы этникалык топтордун келгендигин байкоого болот.

Баткен областынын Кара-Булак жергесинен Борбордук Азиядан келген байыркы уруулардын мүрзөлөрү табылган[37]. Анын өзгөчөлүгү каза болгон адамды жыгач табытка коюшкан. Жыгачтан жасалган тактайча, чыбыктан жасалган себеттер жана башкалар алгачкы жолу пайда болот. Алардын тилдик таандыктуулугу азырынча аныктала элек. V кылымда Фергана Эфталит мамлекетинин курамына кирет. VI кылымда аларды түрктөр баш ийдиришет.

[35] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж 14-б
[36] Бичурин Н.Я. (Иакинф) собрание сведений о народах... с. 161..
[37] Баруздин Ю.Д. Карабулакский могильник. Изв. АН. Крыг. ССР.Общ. наук. 1964. Вып. 3. (история)

Жазма маалыматтарга караганда, 627-649-жылдары батыш түрктөрү Фергананы анын борбору Касан шаарын каратып алышат[38]. Археологиялык маалыматтарга караганда Чыгыш Фергана, анын ичинде Куршаб өрөөнү да түрктөрдүн курамына өтөт. Түрк урууларына мүнөздүү эстеликтер жана рунникалык жазуулар Жалал-Абад, Өзгөн, Алай тоо кыркаларынын этектеринен, Гүлчө айылынын айланасынан табылган[39]. Түрк урууларынын Куршаб өрөөнүнө келүүсү жана алардын үстөмдүгүнүн бекем орношу менен бирдикте жергиликтүү иран тилдүү элдерде тилдик жактан түрктөштүрүү башталат. Алардын көпчүлүк бөлүгү түрктөр тарабынан ассимиляцияланган. Мындан сырткары, бул аймакта түрк уруулары туруктуу түрдө орун ала баштаган.

Х кылымга таандык араб аалымы ал Истахринин “Китаб масалик вал-мамалик” (“Книга путей государства”) эмгегине карасак, IX-X кылымдарда Куршаб өрөөнүндө карлук уруулары жашашкан[40]. Андан тышкары орто кылымдагы Куршаб жөнүндө эки маалымат кездешет. Х кылымда жашаган араб аалымы Ибн Хаукаль жана перс тилиндеги автору белгисиз “Худут ал Аалам” же болбосо “Дүйнө чектери” деген эмгектерде Куршаб жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматты кездештиребиз ***“... Ош шаарынан чыгышта Медвадан башка дагы бир шаар Хуршаб, ушул эле ат менен аталган дарыянын жанында жайгашкан. Дарыя ырыстуу жана аябай жакшы климаты бар. Өзгөн шаары Ферганынын түрктөр менен болгон чек арасында жайгашкан. Анын айланасынан эки дарыя – “Табагар” – (азыркы Тар дарыясы) жана “Барсхан” – (азыркы Жазы) агат*** [41].

[38] История Кирг.. ССР. Т. 1. Фрунзе 1984. С. 236-б.

[39] Занепровский Ю.А. Тюркские памятники в Фергане. // СА. 1964.№1

[40] Материалы по истории туркмен и туркмени .. Т. 1. М-Л. 1939. 178-б.

[41] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 15-б.



Ислам жыл эсеби боюнча болжол менен 946-947-жылдары, григориан жыл эсеби боюнча 1000-жылдары жашаган араб аалымы Ал Мукадасинин “Алхан Ат-такасим фи марифат ал-акалим” (“Лучшие разделения для познания климатов”) аттуу эмгегинде Х кылымда Ферганада 40 шаар жана кыштакчалар болуп, алар төмөндөгүдөй провинцияларга бөлүнүшкөн: өлкөнүн түндүгү – Вагизий, түштүгү – Несай , чыгышы – Миан – и – Рудан шаарларына биригишкен. Миан – и – Рудан шаар жана кыштак областы түштүк-чыгыштан Өзгөн шаары менен аякталат. Несай группасына Ош, Медва, Хуршаб, Некад шаарлары кирген. Акыркы шаар тоо округу катары да каралып, азыркы Ош областынын Ноокат районунун аймагында жайгашкан[42]. Бул билдирүүнүн тарыхый мааниси зор. ***Куршабдын жашы археологиялык табылгаларга (урбанизациялык критерий боюнча) караганда 2500 жыл. Ал эми жазма булактарга таянсак 1000 жыл болду десек болот!*** [43]

Өкүнүчтүү жагы орто кылымдык жазма булактарда аталган Хуршаб шаарынын орду эмдигиче аныктала элек. Ошондуктан аны аныктоо мезгилдин талабы болуп саналат.

[42] Извлечение из “Алхан-ат-такасимфи марифат ал-акалим” Мукадаси. Рукописные фонды отдел общ.наук. АН. Кырг ССР. Инд. № 1820. 29-40-бб.; Акедемик Бартольд, сочинение том.1. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Москва 1963-ж. 21-б.

[43] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 16-б.

### 1.3. Куршаб топоними

Куршаб топоними качан пайда болгон деген суроо көпчүлүгүбүздү кызыктырат. Анын мааниси эмнени түшүндүрөт, кандайча жөндөлөт, Куршабдын кыргыз тарыхындагы орду боюнча маселелер бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болуп саналат. Археологиялык табылгаларга караганда, Куршаб өрөөнү аз эле дегенде б.з.ч. 50-40 миң жылдан бери адамдар отурукташып, турмуш тиричилигин өткөрүп келген аймак болуп келгендигин билдик.

Байыркы Кытай саякатчысы дипломат жана чалгынчы Чжань Цянь б.з.ч. 118-115-жж. Тянь-Шанда жашаган Усундар аймагына келген. Ал Фергана өрөөнүнө келип давандыктар менен таанышат жана анда 70 шаар бар экендигин айтып, чарбасы жаратылышы жөнүндө баалуу маалыматтарды калтырган. Б.з.ч. 101-99-жж. кытай армиясы эң биринчи "Ючен" шаарын (азыркы Шоро-Башат шаар чалдыбары) басып алгандыгы белгилүү.[44] Айта кетүүчү жагдай кытай экспансиясынын багыттары Чжань Цяндын жол көрсөтмөсү менен жүргөн болуусу мүмкүн. Бирок, Куршаб жөнүндө эскерилбесе да Давандагы 70 шаар ичинде Куршаб чалдыбарлары кирген болуусу мүмкүн. Өзгөн жана коңшулаш Куршаб шаарлары жөнүндө эң алгачкы ынамдуу маалыматтар орто кылымдын араб жана перс жазма булактарында кездешет[45].

Орто кылымдын автору белгисиз географиялык чыгармада "Худуд ал-Аалам" ("Дүйнө чектери" перс тилинде жазылып, 982-жылга таандык) эмгегинде шаарлардын жайгашкан орду жана анын климаттык өзгөчөлүктөрүнө

[44] Махмуд ибн Хусейн Кашкари. "Диван лугат ат турк" арабчадан кыргызчалаган Чороев Т. Кыргыздар түзгөн: К. Жусупов- Б. Кыргызстан 1991. 450-455-бб.

[45] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 28-б.



токтолот. "Чаткал – Фергана округуна кирет, тоолордун арасында жайгашып анда анча чоң эмес көптөгөн шаарлар жана кыштактар бар. Алар жылкыларды жана көп сандаган койлорду өстүрүшөт, тоо-кен өндүрүшү бар: Ош – тоо алдында жайгашкан гүлзар жана жагымдуу шаар катары сүрөттөлөт. Куршаб – жагымдуу климаты жана ырыс-кешикке бай, ушул эле аталыштагы дарыя жээгиндеги чоң эмес шаар; Узгенд-Ферганадагы түрктөр менен чектешкен шаар анын айланасында эки дарыя агып өтөт» делет. X к. араб аалымы Муккандаси – Фергана өрөөнүндө 40тай шаар жана айылдарды атап өтөт, анын ичинде Ош, Мады, Өзгөн, Куршаб жана башка шаарлар жөнүндө баяндалат[46].

Гидронимдик маалыматтарга келсек, орто кылымдык араб-перс жазма булактарында Куршап дарыясы - Куршаб, Кара дарыя дарыясы – Узген деп аталган. Орто кылымдык кыргызстандык белгилүү окумуштуу Махмуд Кашкаринин «Диван лугат ат турк» ("Түркий тилдер сөз жыйнагы") эмгегинде «Йабаку Сувы-Ферганадагы Озкенд баш калаасын карай Кашкар тоолорунан бери агып чыгуучу дарыянын аты» делет[47] (азыркы Кара дарыя дарыясы).

Демек, Куршап дарыясы X к. Хуршаб, ал эми орус колонизаторлорунун келиши менен Куршаб деген ат менен аталып келе жатат. Биздин пикирибизче «Куршаб» топоними байыркы гидроним менен жуурулушуп кеткен. XIX к. аягында орус келгиндеринин келүүсү менен Куршаб топоними "Покровка" деген ат менен алмаштырылган.

Орчундуу маселенин бири «Куршаб» топонимдин чечмелениши жана анын маанисин аныктоо болуп саналат.

Элдик легендага караганда информатор О.М. Амиракуловдун (Куршаб айыл өкмөтүнүн башчысынын (1996-

[46] Умурзаков С. Очерки по истории географических открытый и исследований Киргизии. Фрунзе, 1959. 48, 52, 55- бб.

[47] Конкобаев К. Топономия Южной Киргизии. Ф. Илим, 1980-ж. 133-б.

2006-жж.) айтуусу боюнча: Куршаб топоними 2 муундан турат: “Кур” жана “Шири”. Илгерки заманда бир жигит байдан күн көрүү үчүн бир төөнүн териси баткан жер сурайт. Бай ага уруксат берет. Ал жигит бир төөнү союп терисин ийлеп андан жылкынын жал кылындай өлчөмдөгү кайыш тилет жана тилинген кайыш менен жер аянтын курчап чыкса азыркы өрөөн ичине баткан экен. Бай анын мүдөөсүн аткарган. Ошондон улам бул жер төөнүн шириси (териси) менен курчалган жер же Куршаб деп аталып калган экен.

Экинчи легенда Абсатар (65 жашта) аксакалга таандык Куршаб топоними 2 муундан турат: “кур” жана “шап” . Мааниси “кур” – кемер маанисинде, “шап” – эр жигит маанисинде. Мисалы, элде шаптай мизи курч бычак, шаптай жигит деген маанини түшүндүрөт. Илгери бир жигит курунан кайыш тилип, аны менен көп жерди курчап ага ээлик кылгандыктан, ал ээлик кылган жер “Курчап” же “Куршаб” деп аталган дейт.

Илимпоздор болсо төмөндөгүдөй көз карашта: Орто Азияда жер-суу аттарынын пайда болуусу анын этникалык тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Түштүк Кыргызстандагы топонимдер (жер-суу аттары) байыркы Иран (согды-ягноб, тажик) түрк, байыркы кыргыз, түштүк сибир (алтай, тува), уйгур, өзбек, араб, моңгол жана орус тилдеринин катышуусунда түзүлгөн. Куршаб топоними колдо болгон илимий адабияттарда толук чечмеленбегендигин белгилөө зарыл.

“Куршап, согды тилинен “П” - суу компоненттен “ап” - “суу”, “дарыя” болуусу жана топонимдин орто кылымдык жазма булактарда эскерилүүсүн эске алып бул аталышты согд тилине таандыктоого болот”,-дейт К.Конкобаев.[48]

[48] Конкобаев К. Топономия Южной Киргизии. Ф. Илим, 1980-ж. 12-б.



Демек, ушул убакытка чейин “Куршаб” топоними толук чечилбей калууда. Биздин оюбузча, “Куршаб” топониминин төмөндөгүчө чечмелөөгө болот. Топонимди үч бөлүккө бөлүп чечмелөөгө туура келет: “Кур”, “ш” жана “ап”. “Ап” - сог тилинде суу же дарыя деп аталары белгилүү. Ал эми “Курш” сөзүнүн маанисин чечүү үчүн индо-иран, түрк жана башка тилдерде сүйлөгөн элдерде эмне маани билдирерине көңүл бөлөлү:

- “Гирдоб” - дарыя суусундагы тез агым, айлампа (тажик тилинде)
- “Карши” - сепил, ордо, хан сарайы-монгол тилинен түрк тилдерине оошкон . Мисалы, Өзбекстан Республикасынын Карши шаары .
- “Шабар” - сөз, түзгөн жер, саздуу шалба деген маани де айтышат[49] (памирдеги шугнан тилинде). Шугнан тили байыркы индо-иран тилинин чыгыш бутагына кирет жана алар Борбордук Азиядагы байыркы сак урууларынын түздөн-түз мураскорлору болуп саналышат.
- “Курша” - “көп убакытка барып ээриген кар” маанисинде түрк тилинде айтылат.
- “Каравшан” - Кыргызстандагы Каравшан жана Тажикстандагы Зеравшан топонимдеринин структурасы окшош. Эки дарыя тең Түркстан тоо кыркаларынан башталат.

“Заравшан” – алтындуу тоо дарыясы (золотоносная река) деп которулат. Каравшан согд жана янгоб тил бирimdигинен түзүлөт. Гар – “тоо” + ав –“суу”, дарыя + “шан”. -“Шан” тажик тилинде суфикс ролун аткарып, анын жардамы менен тигил же бул нерсенин молдуулугун, кененди-

[49] Мурзаев Э.М. Словарь народных географических терминов. М. Мысаль, 1984-ж. 143, 262, 319. 623-бб.

гин түшүндүрүүчү сөз түзүлөт. Котормосу: "тоодо агуучу дарыя" же "тоо дарыясы" деп которулат.[50]

Жогорудагы мисалдарга таянуу менен "Куршаб" топоними иран тилинен түзүлүп, үч муундан туруп, согд, янгоб жана тажик тилдеринде кур – гар "тоо", шан – "мол", "кенен" жана ап, об – "суу", "дарыя" түшүнүгүн жаратат. Гар+ш+ап; Гаршап, Хуршап, Куршаб, Куршап болуп трансформациялоосу мүмкүн. Котормосу "Тоо суусу мол аккан дарыя" деген түшүнүктү берет.[51]

Тарыхый маалыматтарга таянсак, анда Орто Азия, Фергана анын ичинде Куршаб өрөөнүндө коло доорунан баштап X к. чейин индо-иран тил үй-бүлөсүнүн иран тил группасынын чыгыш бутагында сүйлөгөн элдер жашагандыгын көрөбүз. Байыркы согд азыркы Памирде жашаган янгоб жана шугнан элдери иран тилинин чыгыш бутагында, тажиктер батыш бутагында сүйлөшөт. Түрк тилдүү элдер VIII кылымдан баштап Орто Азияга келе башташат. X кылымга келип түрк тили саясий жактан таанылып, жергиликтүү иран тилдүү элдер акырындык менен түрктөштүрүлөт.

Орто Азиядагы кээ бир жер-суу аттарынын байыркы иран тилинде аталышы түрк элдери тарабынан кабыл алынып, өзгөртүүсүз сакталып келинет. Мисалы, Мады, Ош, Кандава, Дароот-Коргон, Куршаб жана башка ушул сыяктуу жер аттары аталып келет[52].

[50] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. .

[51] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 30-б.

[52] Конкобаев К. Топономия Южной Киргизии. Ф. Илим, 1980-ж. 12-б.



## 1.4. Куршаб өрөөнүнүн этникалык тарыхы

Куршаб өрөөнүндө антропогенез процесси Мустье доорунун аягында – жогорку палеолит доорунун башында башталат (б.з.ч. 50-40 миң жыл алдында). 1964-жылы Өзгөн районунун аймагынан Ю.А.Заднепровский тарабынан Ясы дарыясынын үчүнчү тектиринен мустьеге мүнөздүү таш куралдар табылган.[53] Мезолит, неолит доорундагы антропогенез издери азырынча аныктала элек. Коло кылымында Куршабда отурукташкан дыйканчылык маданиятындагы чуст уруулары[54] жана жарым көчмөн малчы андрон тарыхый-маданий жалпылыгындагы уруулардын өкүлдөрү (Түндүк Куршаб 1 шаар-чалдыбары, Шагым мүрзө табылгалары) жашагандыгы белгилүү. Чуст жана андрон маданияттындагылар индо-иран тил группасында сүйлөшкөн. Антропологиялык жактан европеоиддик чоң рассанын андрондук жана чыгыш Жер Ортолук деңиз типтерине кирген.[55]

Б.з.ч. I миң жылдыкта Куршабда сак уруулары гана отурукташкан, дыйканчылык менен кесиптенишкен эйлатан жана Шоро-Башат маданиятынын өкүлдөрү жашашкан. Алар инди-европа чоң тил үй-бүлөсүнүн индо-иран тил группасынын иран тил группасындагы чыгыш иран бутагында сүйлөшкөн деген пикир жашайт жана европеоиддик рассага киришкен. Байыркы перс жазма булактары-

[53] Заднепровский Ю.А., Ранов В.А. Новые находки каменного века в южной Киргизии. Бюллетень комиссии по изучению четвертичного периода, №32. 1966 125-128-бб.; материальная культура Таджикистана, вып. 1. Душамбе, 1968 25-б.

[54] Заднепровский Ю.А. Древнеземледельская культура Ферганы. М-Л.1962. (МИА №118)

[55] Народы Средней Азии Казахстана том. 1. М. 1962. 131-133-159-162-бб.

на таянсак хаумаварга сактары жашаган. Кытай жазма булактарына караганда Фергана өрөөнүндө давандыктар жашашып, алар дыйканчылык менен кесиптенишкен. Күрүч, буудай, беде жана жүзүм өстүрүшкөн. Атактуу "асман жылкыларын" багышкан. Жана да элдери тууралуу: "...чуңкур көздүү, коюу сакалдуу болушкан", "...аялдарды өтө урматташкан, аялы эмнени буюрса аны аткарбай коюуну эркектери билген эмес" делет. Зороастризм – жаратылыш күчтөрүнө: жерге, сууга, асманга, отко сыйынышкан. Жылкыны аябай кадырлашып, ага табынышкан.

Азыркы Тянь-Шань тоолорунун аймагына түрк уруулары VI кылымда келишкен.[56] 627-649- жылдары түрк уруулары Фергана өрөөнүнө келишет. Ушул мезгилден баштап Куршаб өрөөнүндө түрк урууларынын саясий үстөмдүгү орноп этникалык жактан бир түрдүү түрк уруулары отурукташа башташат. X кылымга келип бул чөлкөмдө байыркы иран тилдүү элдерди түрктөштүрүү процесси аяктайт. VII-X кылымдарда Аль Истахринин баяндамасына караганда Фергана өрөөнүндө карлук уруулары жашашкан. Мындан сырткары түргөштөрдүн тукси, азы, барсхаун, аргу жана башка уруулары мекендешкен.

Кыргыздар, кыргыз этноними, анын саясий тарыхы, чарбасы боюнча маалыматтар көптөгөн эмгекте чагылдырылгандыктан биз Куршаб өрөөнүндө жашаган кыргыз этнониминин курамына кирген уруулардын келип чыгуу тарыхына көңүл бурууну туура көрдүк.

Кыргызстандын Тянь-Шань тоолорунда же ага жакын аймактарда жашагандыгы жөнүндөгү маалыматтарды авторy белгисиз X кылымга таандык "Худуд ал Аалам" чыгармасында жолуктурабыз. Чүй өрөөнүндөгү карлуктардын ири уруусу катары *бистон* же *бостон* уруусу (азыркы

[56] Истории Кирг.ССР. Том. 1. Фрунзе 1984. 221-б.



бостон уруусу) болгон.[57] *Дөөлөс* жана *төрдөш* уруу аттары байыркы түрк уруусу *тардуш* жана *төөлөс* менен байланыштырууга болот.[58] *Таз* этноними "тази" формасында VIII кылымдагы байыркы түрк руникалык эпитафиясында жолугат.[59] Алтай өрөөнүнөн чыккан кыпчак уруусунан (9 урууу кыпчак) төмөнкү топтор кирген: *таз, тору айгыр, алкожо мүшкүр, жарты баш, шерден, кармыш, жаманак, алтыке*. Кыпчак этноними XI кылымдагы Жусуп Баласагундун "Куттуу билим" чыгармасында жана Махмуд Кашкаринин "Дивани лугат ат-түрк" эмгегинде баяндалып, кыпчактар Жети-Суу жана Чыгыш Туркстанда жашашкандыгы белгиленет.

Багыш уруулары (*кара багыш, сары багыш, чоң багыш*) Н.Я.Аристовдун пикири боюнча Ортоңку Монголиядан же Алтайдагы Саян тоо кыркаларынан келген. Алар Чыгыш Туркстан жана Фергана тоо кыркасынын түштүк-батышында орто кылымдан баштап байыр ала башташкан деген.[60]

Байыркы түрк урууларынын катарына төөлөс, мундуз, кыпчак, каңды (канглы), кушчу, арык, уйгур, бугу, солто, саяк кирип алардын бир бутагы Саян Алтай, Түштүк Сибирь аймагынан келишкен. Бугу уруусунун бир бутагы катары караган арык уругу байыркы уйгур уруусунун бир уругу экендигин окумуштуулар белгилешет. Бул уруулар XVI-XVIII кылымдарда кыргыз элинин курамына кошулушкан.

[57] История Кирг. ССР. Том. 1. Фрунзе 1984. 430-б.

[58] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 21-б.

История Таджикского народа, том. 1. Душамбе 1998. 36-б.

[59] История Таджикского народа, состава киргиз – казахов боль-

[60] Аристов Н.Я. Опят выяснения этнического состава киргиз – казахов большой орды и кара киргизов на основании родословных сказаний и сведение о существующих родовых делениях и родовых тангах, а также исторических данных и начинающихся антрополических исследований. Живая старина. Вып. 3.4. 1894. Вып.

Чал тейит, сары тейит урууларынын түпкүрү байыркы уйгур уруулары менен байланышы бар деген божомол айтылат[61]. Баргы уругу XIV кылымда жазма булактарда “Йарки” формасында жолугат. Бул уруу монголдордо баргу, баргут урууларынын байланышына карап, кыргыздардагы баргы уруусу монголдордон келип чыккан деген тыянакка келүүгө болот. Кыргыз урууларынын курамына монгол урууларынан найман, барын, керейт, меркит жана муңгуш уруусунун бир бутагы болуп саналган кодогочун уруусун кошууга болот. Жогорудагы аталган уруулардын келип чыгуу тарыхы монголдор менен байланышат. Алар XII-XIV кк. кыргыздарга кошулат. XII к. кара кидандар кыргыздардын курамына “кытай уруусу” деген ат менен кирген. Монгол мамлекетинин бир канча уруулары кыргыздардын курамына кошулат. Аларга барын, балыкчы, барак, дулат, керейт, кушчу, монгол, нойгут, баргы, булгачыны кошууга болот.[62] Кыргыз урууларынын ири уругу болуп саналган черик уругу келип чыгуусу боюнча монгол уруусу экендиги айтылууда. “Черик” этноними (инд тилинен монгол тилине өткөн) мааниси “жоокер, аскер, жүрүш” деп которулат. Черик уруусу VIII кылымда документтерде жолугат.

Түштүк Сибирь аймагындагы Алтай, Эне-Сай аймактары менен этногенетикалык байланышы бар урууларга: бугу, багыш, адыгене, дөөлөс (төөлөс), мундуз ж.б. кирет. Алсак, кыпчак найман (алтай элдеринде майман), төөлөс же дөөлөс (алтайда телес), мундуз (алтайда мундус), сыяктуу паралелльдери бар. Теле, телеут уруулары VII кылым-

[61] Абрамзон С.Н. Киргизы... 50-54-бб.

[62] История Таджикского народа, том. 1. Душамбе 1998. 36-б.



дагы руникалык жазууларда кездешет[63]. Отуз уул уруусу “Отуз оглан” формасында Талас өрөөнүндөгү рун жазууларында айтылат.[64] Азыркы учурда отуз уул оң канатка кирген уруулардын группасы катары аталат. Бирок кээ бир санжырачылар отуз уул конфедерациясына оң жана сол канаттарды кошуп, ичкилик группасынан бөлүп көрсөтөт. Кыргыздар оң жана сол канатка бөлүнөөрү XVI кылымдан эле белгилүү болгон. XVI кылымда жазылган Сейф ал дин Ахсыкентинин “Маджму ат таварих” (“Сорбрание историй”) деген эмгегине караганда, отуз огулдун Адине (Адыгине), Мунгкуш (муңгуш), Кара багыш жана Тагай деген уулдары болгон. Аталган алты уулдан Йадга (Жедиге), жабугу, сары багыш, солто, бостон жана саяк уруктары жаралган. Талас өрөөнүндө өздөрүн отуз уул уруу конфедерациясына таандыктаган кыргыз уруулары ушул мезгилге чейин жашашат. Жогорудагы далил IX к. отуз огуландар же Кара Чур жетектеген енисейлик кыргыздардын уругунан же уруусунан болгон.[65]

Демек, кыргыздар жана анын курамындагы уруулар IX кылымдан баштап эле Кыргызстандын аймагынан орун алган деп жыйынтык чыгарууга болот. С.М.Абрамзон кыргыз урууларынын курамы боюнча маалыматтарды топтогон. Төмөндөгү аталган уруу бирикмелери жана уруктар XVI-XVIII кк. калыптанып, өз территориясына ээ болгон деген ойго келет. XVI кылым жана кийинки учурларга чейин кыргыздар оң жана сол канатка бөлүнүшкөн. XVI кы-

[63] Зуев Ю.А. “Тамги лошадей из васалных княжества. В кн. Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана”. Труды и институты археологии и этнографии. Ан. Каз. ССР, том. 8. Алма-Ата 1960. 120-121-бб.

[64] Абрамзон С.Н. Киргизы... с. 63-64; Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности монголии и киргизии. М-Л. 1959. 60-61-бб.

[65] Караев О. Чагатийский улус. Государство Хайду, Могулистан. Б.: Кыргызстан. 1995., 135-б.

лымда оӊ канат кыргыздары отуз уул бирикмесине кирип, булгаачы тукумдарынан бөлүп көрсөтүлгөн. Кийинчерээк отуз уул бирикмесине оӊ жана сол канат уруулары кирип, ал эми булгаачы бирикмеси ичкилик урууларына таандыкталган.

XV к. 50-жылдарында Тянь-Шандагы оӊ канат кыргыздары үч бутакка бөлүнүшкөн: Тагай, Адыгене жана Муӊгуш. Тагай уруусу: сары багыш, бугу, солто, тыным сейит, саяк, чекир саяк, жедигер, черик, азык, багыш, моголдор, баарын, суу мурун. Адыгене: жору, бөрү, баргы, кара багыш, сарттар. Мунгуш: жагалмай, кош тамга, коӊурат, ж.б. уруу бирикмелеринен турган. Сол канатка: кушчу (кутчу), саруу, мундуз, жетиген, кытай, басыз, төбө жана чоӊ багыш кирген.

Ичкилик группасы: кыпчак, найман, тейит, теке, кекек, жоо кесек, каӊды, бостон, нойгу, төөлөс (дөөлөс), авагат (ават), кыдырша, оргу, ж.б. уруктар кирип аталган уруулар өз кезегинде бир нече тукумдардан турган.[66]

1770-жылы жазылган кытай жазма булагы "Сиюй Чжи - " описание западных земель" – деген эмгекте, тактап айтканда "поеснение к географической карте всех отдаленных внешних варваров" деген бөлүгүндө төмөнкү маалыматтар баяндалат: "Кокондон 3-5 күндүк жолдон тоолуу өрөөндөрдү буруттардын (кыргыздардын) төөлөс (дөөлөс) уруусу коӊшу орун алган делет". "Ош аймагында буруттардын 7 уруусу: курумуш (кармыш), цзору (жору), аэрда – мукане (ардай жана мөнөк), баиле (бөрү), баерэ (баргы) уруулары жашашып, аларга буруттун адигине уруусу башчылык кылат. Өзгөндө жору уруусунун Хуцзы – бийдин кол алдындагы 500 түтүн үй-бүлө көчүп жүрүшөт деп жазылган.[67] Хуцзы бий Кожо уулу Ая деген урук болуп ал Адигине уруусунун генеологиясында орун алган. Ошондон

[66] Абрамзон С.Н. Киргизы... 38-39-бб.
[67] Сапаралиев Д. Этнополитическая история... 63-б.



улам да билсек болчудай, ошол кездеги уруулар арасында бийлик ээсинин уруусунун кайсы экендигине маани берилип, ачык эле айтылып жатканын ага ошол аймактагы бийдин же башкаруу таандык болгон башчынын маселен жору же цзору деп аталып жаткан учурдан байкасак болот. XIX к. таандык Тура Хожа Андижанинин – "Мирад аль футух зерцало побед" деген эмгекте чоӊ багыш жана кыпчак уруулары Андижан жана Ош аймактарында жайгашкандыгы айтылган[68].

Адигинеден баргы, бөрү, жору, бакал, бөлөкбай, теӊизбай, жаанбай, кашка, тасма, токтош, тынымсейит, сейит сыяктуу 12 уруу таралат. Баргы уруусу сары баргы, кара баргы, таз баргы деп 3 урукка бөлүнөт. Баргы уругунан Алымбек датка чыгып, XIX кылымдын экинчи жарымында Анжиян кыргыздарын бийлеп турган. Ал өлгөндөн кийин аялы Курманжан датка ордуна отурган. Эми муӊгуштан Каш-Тамга, Жагалмай деген эки уулу, Каш-Тамгадан 6 уул, Жагалмайдан 6 уул таралат. Жагалмайдан Жоош, Балык, Кожожар (Ороз) деген үч уулу болгон.[69]

В.В. Радловдун "Сибирден" деген эмгегинде түштүк Кыргызстандагы кыргыз уруулары жөнүндө мындайча баяндалган: "Анжиян дарыясынын боюндагы Адигине уруулары менен 1869-ж. Ысык-Көлгө барганымда деле Кокондун бийлигинде болчу. Бул жерден мага 8 урууну аташты: дөөлөс, саруу, коӊурат, моӊолдор, мундуз, саяк, кааба жана шыкмамат"[70].

Түштүк Кыргызстандын Россияга каратып алуусу менен бирдикте, падышалык администрация көчмөндөрдүн ээн-эркин көчүп жүрүүсүнө чек коё баштаашат. Жерлерди, жайыттарды белгилүү гана уруулардын пайдалануусу-

[68] Набиев Р. Из истории Кокандского ханства. Ташкент 1973. 33-б.
[69] Тоголок Молдо – Тарых, түпкү аталат. Кыргыздар:Санжыра, Тарых, Мурас, Салт //Түзгөн К.Жусупов. –Б.: Кыргызстан, 1991. Б. 109-110-бб.
[70] Радлов В.В. - Сибирден. 1862 ж. Саякаттын күндөлүгүнөн. Кыргыздар.... 313-б.

на бере баштаган. Натыйжада кыргыз урууларды жашаган жерлерин бекитип алууга аракеттенишкен. Өзгөндөгү досмат уруусунун өз жерлерин, жайыттарын берүү өтүнүчү менен Ош уездинин начальнигине кайрылган арызы сакталып турат. XVII к. аяк ченинен баштап Куршаб өрөөнүндө өзбектер отурукташа башташат.[71] XIX кылымдын аяк ченинде келген орус, украин келгиндери кыргыз урууларынын жерлерин тартып алышып, аларды тоолорго сүрүп таштташат.

Орус падышачылыгы бир жактан, ошол кезде бийлиги алсырап турган менен жоюла элек Кокон хандыгы экинчи жактан, андан тышкары ошол учурдагы уруулар аралык чыр-чатактар да арбып бараткан кезде Орус падышачылыгынын курамына кирүүнү туура таап, өзүнчө курултай өткөрүп элчилерди тандап, алакаларды ар кандай жолдор менен бекемдеп, ар бир уруу өз элин сактап калууга аракеттенгенин тарыхтан билебиз. Жада калса, бири-бири менен чабышып, кунун кууп, элин талап-тоноп не бир күндөрдү баштан өткөрүшкөн. Албетте, биз менен сиз дал ошондой тарыхты окуп, билип туруп да бөлүнүп жарылбай, кайра биримдикке, ынтымакка себепчи, ары жакшылыктын жарчысы болуп, элдин бүтүндүгү үчүн, өлкөнүн өнүгүүсү үчүн жан үрөсөк ар бирибиз өз атуулдук милдетибизди аткарган болот элек. Ал эми азыркы учурда ар бир уруу өз уруусу тууралуу өз алдынча китеп чыгарып, ата-тегин тереңдетип, урпактарын эсептетип, айтор, уруулар боюнча көп жыйнактар жарык көрүп, жети атасын билүүгө, ата-тегин тактоого жакшы шарттар түзүлүп жатканы кубандырбай койбойт. А бирок, урук болуп, уруу болуп бөлүнүп-жарылып, элди дүрбөткөн адамгерчиликке да, мекенчилдикке да такыр жатпастыгын эстен чыгарбасак.

[71] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 24-б.



## 1.5. Булактарда Куршаб аймагынын тарыхынын чагылдырылышы

715-жылы арабдар алгачкы жолу Фергана өрөөнүнө чейин келишет. Түргөштөр менен согдылыктардын бириккен күчү жортуулдун алгачкы мизин майтарышат. Бирок, 812-817-жылдары Фергананын борбору Касан шаарын арабдар басып алышып, андан ары Ноокат жерине чейин келишкен. Ферганада ислам дини жайылтыла баштайт. 875-999-жылдары Куршаб өрөөнү Саманид мамлекетинин курамына кирет. Бул учурда Орто Азия, Фергана аймагында жана Өзгөн , Куршаб оазисинде шаарлар жаралып, кол өнөрчүлүк өнүгүп, башка өлкөлөр менен соода байланышы түзүлгөн. Ислам архитектурасы, илим жана искусство жогорку деңгээлге өсүп жетет.[72] Балким, орто кылымдык "Хуршаб" шаары ушул убакта түптөлгөн болсо керек.

Х кылымдын аягында Саманид мамлекетинин алсыздыганан пайдаланып, Ферганадан Аму дарыяга чейинки аймакты кучагына алган территорияда Караханиддер мамлекети түзүлөт. Анын алгачкы борбору Өзгөн шаары болгон. Караханиддердин мамлекетинде саясий ролду чигил, ягма, карлук жана түргөш уруулары ойногон. Караханид мамлекет кагандары өз эрки менен ислам динин кабыл алышып, аны мамлекеттик динге айландырышкан. Караханид мезгилин ислам архитектурасы, искусство жана илимдин жаралуу доору деп аташат. Өзгөндөгү мунара жана мавзолейлер анын айкын далили. XII кылымдын 30-жылдарында Ферганага туңгус-манчжур тилинде сүйлөшкөн кара кидандар келишет. 1212-1219-жылдары Караханид мамлекетин кыйратып, найман уруулары бийлик-

[72] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 17-б.

ке келишет. Найман уруусунун башчысы Кучлук бийлигин
татар-монгол армиясы бийликтен түшүрөт жана аны Ба-
дахшанда өлтүрүшөт. XIII-XIV кк. Фергана өрөөнү Чагатай
уруусунун курамында болгон. 1336-1405- жылдары Фер-
гана Тимурдун жана анын тукумдарынын карамагында
болот[73]. Фергана өрөөнүндө аз убакытка 1483-1504-жыл-
дары Мухаммед Захриддин Бабур бийлик жүргүзгөн. Аны
бул чөлкөмдөн шейбанилер кууп чыгат.

«Бабурнаме" деген эмгегинде Бабур 1498-1500-жылда-
ры Өзгөн жөнүндө бир нече жолу баяндайт. Бирок, Куршаб
шаары жөнүндө маалымат жолукпайт.[74] Демек, бул мез-
гилге келип, Куршаб шаары Бабурга чейин эле монголдор
тарабынан кыйратылган деген ойду айтууга болот. XVII
кылымда Орто Азия элдери сыяктуу Куршаб өрөөнү жун-
гар-калмактардын баскынчылыгына дуушар болот.

XVIII к. орто ченинде Түштүк Кыргызстанда эки ири
уруу бирикмеси саясий үстөмдүккө жетишет. Алар: Кубат
бий жетекчилигиндеги ичкилик жана Ажы бий башкар-
ган адигине уруулары болгон. Батыш Фергана жана Алай
өрөөнүндөгү кыргыздар Кубат бийге Чыгыш Фергана
анын ичинде Ош, Өзгөн жана Куршаб Ажы бийдин таасири
астында болушкан. Жазма булактарга караганда Ажы бий
черик уруусунан чыккан.

Калмак-жуңгар мамлекетин кыйратып, 1758-жылы
кытайдын Цин империясы экспансиянын багытын чы-
гыш Түркстанга жана Орто Азияга багыттайт. Кашкар,
Чыгыш Түркстан Цин империясы тарабынан басып алы-
нып, бул жерде "Жаңы чек ара" - Синьцзянь провинция-
сы түзүлөт. Бул окуя кыргыз казак жана өзбек элдеринин
кооптонуусун жаратат. Ош, Өзгөн, Алай кыргыздарынын
жетекчиси Ажы бий Кокон жана Цин мамлекеттери менен

[73] История Кирг. ССР. том 1, Фрунзе. 1984 219-406-бб
[74] Бабурнаме. ( өзбек тилинде) Ташкент. 1989-ж. 60-62-70-бб.



дипломатиялык байланыштарды орното баштайт. Кытай
экспанциясын токтотуу үчүн Ажы бий Кокон башчысы Ир-
дана бий менен союз түзүүгө жетишет. Бул жөнүндө кытай
жазма булагы «Пиндин чжунгер» мындайча баяндайт: "Ко-
кондук Ирдана бек менен адигине бийи Ажы бий достук
келишимин 1759-жылы түзүштү". Бириккен кыргыздар
менен кокондук аскер күчтөрү 1759-жылы Чыгыш Түркс-
тандан кууп чыгарылган көтөрүлүшчүлөрдүн артынан
келген Цинь аскерлерине Ош-Алай чектеринде сокку бе-
ришет.[75]

Цин империясынын андан ары жылуусуна жана ба-
сып алуу саясатына бекем бөгөт коюлду. Ажы бий кытай
баскынчыларын учурда түзүлгөн кытай жана кыргыз рес-
публикаларынын ортосундагы чек ара чектеринде кармап
турууга жетишкен ири саясатчы, мамлекеттик ишмер ка-
тары биздин тарыхыбыздан орун алат. 1762-жылы ири
саясатчы, Түштүк Кыргызстандын ичкилик урууларынын
башчысы Кубат бий Кокон беги Ирдана тарабынан өлтү-
рүлөт. Кубат бий кушчу уруусунан чыккан. Ал өз кезегин-
де Чыгыш Түркстандагы жуңгар баскынчыларына каршы
күрөшкөн кыпчак, чоң багыш, кушчу жана башка уруулар-
дын курамынан түзүлгөн аскер бөлүгүн башкарат. Чыгыш
Түркстандагы калмак-жуңгар баскынчыларын кууп чы-
гуудагы салымы үчүн Кубат бий 1755-1757-жылдары Каш-
кар шаарын бек хакими катары башкарган.[76]

1757-жыл жаз айында ордодогу өз ара пикир келиш-
пестиктерден улам ал өз жерине кайтып келген. Кубат бий
өлтүрүлгөндөн кийин кушчу жана мундуз уруулары Талас
өрөөнүнө көчүп кетишет. Эки жылдан кийин кайра кай-
тып келишкен.

[75] Сапаралиев Д. Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVIII –
до середины XIX вв. Б.: Илим. 1999. 42-б.
[76] Насиров Н., Амиракулов О. М. "Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя" 2005-ж.
18-б.

ке келишет. Найман уруусунун башчысы Кучлук бийлигин татар-монгол армиясы бийликтен түшүрөт жана аны Бадахшанда өлтүрүшөт. XIII-XIV кк. Фергана өрөөнү Чагатай уруусунун курамында болгон. 1336-1405- жылдары Фергана Тимурдун жана анын тукумдарынын карамагында болот[73]. Фергана өрөөнүндө аз убакытка 1483-1504-жылдары Мухаммед Захриддин Бабур бийлик жүргүзгөн. Аны бул чөлкөмдөн шейбанилер кууп чыгат.

«Бабурнаме" деген эмгегинде Бабур 1498-1500-жылдары Өзгөн жөнүндө бир нече жолу баяндайт. Бирок, Куршаб шаары жөнүндө маалымат жолукпайт.[74] Демек, бул мезгилге келип, Куршаб шаары Бабурга чейин эле монголдор тарабынан кыйратылган деген ойду айтууга болот. XVII кылымда Орто Азия элдери сыяктуу Куршаб өрөөнү жунгар-калмактардын баскынчылыгына дуушар болот.

XVIII к. орто ченинде Түштүк Кыргызстанда эки ири уруу бирикмеси саясий үстөмдүккө жетишет. Алар: Кубат бий жетекчилигиндеги ичкилик жана Ажы бий башкарган адигине уруулары болгон. Батыш Фергана жана Алай өрөөнүндөгү кыргыздар Кубат бийге Чыгыш Фергана анын ичинде Ош, Өзгөн жана Куршаб Ажы бийдин таасири астында болушкан. Жазма булактарга караганда Ажы бий черик уруусунан чыккан.

Калмак-жуңгар мамлекетин кыйратып, 1758-жылы кытайдын Цин империясы экспансиянын багытын Чыгыш Түркстанга жана Орто Азияга багыттайт. Кашкар, Чыгыш Түркстан Цин империясы тарабынан басып алынып, бул жерде "Жаңы чек ара" - Синьцзянь провинциясы түзүлөт. Бул окуя кыргыз казак жана өзбек элдеринин кооптонуусун жаратат. Ош, Өзгөн, Алай кыргыздарынын жетекчиси Ажы бий Кокон жана Цин мамлекеттери менен

[73] История Кирг. ССР. том 1, Фрунзе. 1984 219-406-бб

[74] Бабурнаме. ( өзбек тилинде) Ташкент. 1989-ж. 60-62-70-бб.



дипломатиялык байланыштарды орното баштайт. Кытай экспанциясын токтотуу үчүн Ажы бий Кокон башчысы Ирдана бий менен союз түзүүгө жетишет. Бул жөнүндө кытай жазма булагы «Пиндин чжунгер» мындайча баяндайт: "Кокондук Ирдана бек менен адигине бийи Ажы бий достук келишимин 1759-жылы түзүштү". Бириккен кыргыздар менен кокондук аскер күчтөрү 1759-жылы Чыгыш Түркстандан кууп чыгарылган көтөрүлүшчүлөрдүн артынан келген Цинь аскерлерине Ош-Алай чектеринде сокку беришет.[75]

Цин империясынын андан ары жылуусуна жана басып алуу саясатына бекем бөгөт коюлду. Ажы бий кытай баскынчыларын учурда түзүлгөн кытай жана кыргыз республикаларынын ортосундагы чек ара чектеринде кармап турууга жетишкен ири саясатчы, мамлекеттик ишмер катары биздин тарыхыбыздан орун алат. 1762-жылы ири саясатчы, Түштүк Кыргызстандын ичкилик урууларынын башчысы Кубат бий Кокон беги Ирдана тарабынан өлтүрүлөт. Кубат бий кушчу уруусунан чыккан. Ал өз кезегинде Чыгыш Туркстандагы жуңгар баскынчыларына каршы күрөшкөн кыпчак, чоң багыш, кушчу жана башка уруулардын курамынан түзүлгөн аскер бөлүгүн башкарат. Чыгыш Түркстандагы калмак-жуңгар баскынчыларын кууп чыгуудагы салымы үчүн Кубат бий 1755-1757-жылдары Кашкар шаарын бек хакими катары башкарган.[76]

1757-жыл жаз айында ордодогу өз ара пикир келишпестиктерден улам ал өз жерине кайтып келген. Кубат бий өлтүрүлгөндөн кийин кушчу жана мундуз уруулары Талас өрөөнүнө көчүп кетишет. Эки жылдан кийин кайра кайтып келишкен.

[75] Сапаралиев Д. Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVIII – до середины XIX вв. Б.: Илим. 1999. 42-б.

[76] Насиров Н., Амиракулов О. М. "Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя" 2005-ж. 18-б.

Кубат бий каза болгондон кийин Ажы бий бирдиктүү кыргыз мамлекетин түзүүгө Кокон хандыгы жана Цин империясынын басып алуу саясатына каршы турууга аракет жасайт. Анын жетишкендиги Кокон хандыгы менен тең укуктагы мамилелерди түзүүгө жетишүүсүн атоого болот. Бул пикир кийинки мезгилдеги Кокон хандыгынын саясий иштерине кыргыз урууларынын катышуусу менен далилденет.

Кокон бийлигинин Түштүк Кыргызстанда таасиринин күчөшү отурукташтыруу саясаты менен коштолот. Мисалга Куршаб өрөөнүндөгү өзбек колонисттеринин кыштагы XVII кылым аягында түзүлөт. Алардын таасири астында кыргыздар да отурукташкан турмушка өтө башташат.

XIX кылымдын аяк ченинде Түштүк Кыргызстан бағыштан келген жаңы баскынчы мамлекет – Россия империясынын экспансиясына дуушар болот. 1876-жылы толугу менен Россия империясына баш ийдирилет.

Кыргызстанды басып алуу менен бирдикте орус империясы активдүү колониялык саясатты жүргүзө баштайт. Кыргыздардын жерлери мамлекеттин менчиги деп жарыяланат. Кыргыздар болсо жерди пайдалануучу гана статусуна ээ болушат. 1886-жылдагы "Түркстан крайынын башкаруу жөнүндөгү жобо" кабыл алынат. Жобонун 270-бетинде мындай делет: "Ушул жобого жана адатка ылайык мамлекеттик жерлер көчмөндөргө мөөнөтсүз коомдук пайдаланууга берилет". Падышалык администрация өзүнүн бийлигин бекемдөө максатында борбордук Россиядан крестьян келгиндердин келүүсүнө шарт түзөт. Орус келгиндери кыргыздардын тартып алынган жерлерине отурукташтырылат.

1893-жылы Ош ойозунда 20 үй-бүлөдөн турган[77], Покровка аттуу (Куршаб) орус кыштагын уюштурушкан. Аларга сугат 2086 десятин, 1819 десятин кайрак жер берилет. Куршаб волосту түзүлүп, ал Ош уездине кирген.[78] Покровское кыштагындагы орус-украин келгиндеринин саны 1915-жылга келип, 1310 адамга жеткен. Алар жалпысынан 5602 десятин жерди ээлешкен.[79] Жергиликтүү кыргыздар Куршаб өрөөнүнүн түздүктөрүнөн толугу менен тоолорго сүрүлөт.

[77] Кенесариев Ташманбет Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917) Бишкек., 2019. 278-бет



Покровское кыштагындагы орус-украин келгиндери үй курулуштарын, чарбалык курулуштарын курушкан. Кыштактын борборуна XX кылымдын башында бир чиркөө жана мектеп тургузулган. Ошондогу чиркөө жана мектептин имараты азыркы күндө да турат. Орус келгиндеринин арасындагы кээ бир байлардын короо жайлары азыркы күндө да колдонууда. Маселен, Куршаб аймактык больницасынынын хирургия бөлүмүнүн имараты кылым карытып турат.

Колониалдык администрация жол курулуштарын курууну колго алган. Түштүк Кыргызстандагы ири жол транспорт-соода жолу болуп Ош шаары эсептелген андан Ферганадагы бардык уездер менен байланыштыруучу жолдор түзүлгөн. Анын ичинен Куршаб-Гүлчө, андан ары Кашкарга баруучу Торугарт-Чыгыш Туркстан соода жолу аракетте болгон[80].

Демек, ошол кездеги транспорт жолдорунун уюшулуусу жана чиркөө, мектептин түптөлүүсү албетте орус-украин келгиндеринин келүүсүнүн натыйжасында болуусунда шек жок. Ага архивдик материалдар да далил болуп берет.

[78] Ильясов С.И. Земельные отношение в Киргизии в конца XIX – в начале XX вв. Фрунзе . 1963-ж. 307-308-бб.

[79] Сибирский торгово-промышленный ежегодник. 1914-1915 гг., отд. III. Описание губернии и областей Сибири, степного края и русского Туркстана. Томск, 1916. 223-б.

[80] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 19-б

Куршаб өрөөнүндөгү кыргыздардын 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылына катышкандыгы жөнүндө маалыматтар кездешет. 1916-жылы 25-июлдан 29-июлга чейин Куршаб волостунда аскердик-тылдык жумуштарга тартуу боюнча падышалык указга каршы кыргыздардын наразычылык акциясы өткөн. Алар үй-бүлөлүк тизмени жок кылуу талабы менен волостук башкармага чогулушкан. Таяк, кетмен, найзалар менен куралданган элди падышалык аскерлер аёосуз түрдө жазалашкан.[81] Падышалык бийлик Орто Азияда солдаттык штаттын күчү менен колониялык ырайымсыз системаны калыптандырды. XIX к. аягынан башталган жергиликтүү калктын жерлерин колонизациялоонун формасы сыяктуу каралган "ашыкча жерлерди" алуу жана жерди мамлекеттештирүү саясатын жүргүздү. Бул саясат учурунда көчмөндөр кыштоо жерлеринен айрылышып, ал жерлер орус келгиндерине берилген. Кыргыздар жакырланып, кош эксплуатацияга дуушар болушту.

1917-жылдагы февраль жана октябрь революцияларына Куршаб өрөөнүндөгү кыргыздар байкоочу жана аткаруучу гана ролду ойношкон.[82]

Кантсе да, Куршаб аймагынын жергиликтүү калкы XX кылымдагы саясий орчундуу окуялардан четте калбай, дал ошол процесстердин активдүү катышуучусу жана күбөсү болгон десек болот.

[81] История Кирг. ССР. Том. 2. Фрунзе. 1986. 340-б.

[82] Насиров Н., Амиракулов О. М. Куршаб - Тоо суусу мол аккан дарыя 2005-ж. 30-б.



# II БАП. КУРШАБ СОВЕТ ДООРУНДА

## 2.1. Совет бийлигинин орношу

1917-ж. күзгө жакын Россияда большевиктер партиясынын ролу жогорулай баштайт. Алардын таасиринин өскөндүгү өзгөчө советтердин ишинде байкалган. Өлкөдө аскердик бийликти орнотууга аракет кылган корниловчулардын талкаланышы большевиктердин беделин көтөрүп, контрреволюциячыл күчтөрдү начарлаткан. Ушундай кырдаалда В. И. Ленин июль окуяларынан кийин убактылуу алынып салынган «Бардык бийлик Советтерге!» деген ураанды кайрадан койгон. Эми бул ураан эл массасын куралдуу көтөрүлүшкө, Убактылуу өкмөттү кулатууга, пролетариат диктатурасын орнотууга чакырган.

1917-ж. 24-октябрда (6-ноябрь) Петроградда куралдуу көтөрүлүш башталып, эртеси көтөрүлүшкө чыккан жумушчулар, солдаттар жана матростор борбордун маанилүү объектилерин ээлеп алышкан. 25-октябрда (7-ноябрь) эртең менен Аскердик-революциячыл комитет Убактылуу өкмөттүн кулагандыгы жөнүндө жарыялаган. Советтердин Бүткүл россиялык II съезди В.И.Ленин башында турган жумушчу-дыйкандардын биринчи өкмөтү – Эл Комиссарлар Советин шайлаган. Ушул мезгилден тарта большевиктер партиясы башкаруучу партияга айланган. Бул съездде тынчтык жана жер жөнүндөгү маселелер каралып, эки маселе боюнча Совет мамлекетинин алгачкы декреттери (закондору) кабыл алынган. Тынчтык жөнүндөгү декрет боюнча жалпы демократиялык тынчтык келишимин түзүү программасы иштелип чыккан.

Жер жөнүндөгү декрет боюнча Россияда жашаган көп миллиондогон элдин мүдөөсүнө ылайык жерге болгон

помещиктердин менчиги жоюлуп, аны мамлекеттин байлыгы катары дыйкандарга пайдалануу үчүн бекер берүү чечилген. Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу өтө кыйын жана өзгөчө шарттарда жүргүзүлгөн. Өндүргүч күчтөрдүн начарлыгы, өнөр жай пролетариатынын аз санда болушу, большевиктер партиясынын таасиринин аздыгы, колонниялык саясаттын натыйжасындагы кыргыздар менен орустардын ортосундагы кастык мамиле жаңы бийликтин орношуна тескери таасирин тийгизген.[83]

Кыргызстанга жакын Ташкенде 1917-ж. 31-октябрда (13-ноябрь) Совет бийлигинин орношу Орто Азияда, анын ичинде Кыргызстанда, Совет бийлигинин орнотулушун тездеткен. Жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын крайлык III съезди 28-ноябрда Түркстандагы мамлекеттик бийликтин Эл комиссарлар Советине өткөндүгүн таанып, жер-жерлердеги бийлик жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын колуна өткөндүгү жөнүндө чечим кабыл алган.

Бул мезгилде Кыргызстандагы бийлик Убактылуу өкмөттүн колунда болгон. Ал эми жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын советтеринде көпчүлүк орун меньшевиктер менен эсерлерге тиешелүү эле. Кыргызстандын аймагында биринчи болуп Сүлүктү менен Кызыл-Кыяда Совет бийлиги жарыяланган. Кыргызстандын түштүгүндө Совет бийлигинин орношун тездетүүгө Советтердин Фергана областтык VI съезди чоң таасир тийгизген. Съезд 1917-ж. 6-7-декабрда болуп өтүп, анда большевиктер басымдуулук кылган жана алардын резолюциясы кабыл алынган. Съездде Фергана областында бийликти Советтердин колуна алуу маселеси чечилген. Ушундан кийин Фергана өрөөнүнүн бардык аймактарында Советтердин бийлиги орной баштаган. 1917-ж. декабрда Жалал-Абадда, 1918-ж. январда Ошто Совет бийлиги орногон.[84] Айыл-кыштактарда да советтер уюшулуп бийликти өз колдоруна ала баштаган. Дал ошондой айыл кыштактардын катарында азыркы Куршаб ошол кезде **Покровское** кыштагында да өз алдынча кеңештер түптөлүп уюшула башташат. Түштүктөгү башка кыштактарга караганда Покровское кыштагында советтердин (азыркы Куршаб) эрте орношунун себебинин бири катары түштүк аймагы боюнча биринчи орус кыштагы болуп отурукташкан эл болуусу да саналат.

[83] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2012. 73-74-бб.



Ошентип 1918-ж. орто ченинде Совет бийлиги Кыргызстандын бардык жерлеринде орнотулган.

Кыргызстанда жана СССРдин башка аймактарында социализмди куруунун маанилүү шарты болуп айыл чарбаны социалдык кайра уюштуруу жолу менен коллективдештирүү саналат. Булардын биринчи биригүүлөрү Совет бийлигинин орношу менен пайда боло баштаган. 20-жылдары эле түзүлгөн биринчи айыл чарба артельдери жана комунналары миңдеген дыйкан чарбаларды кайра уюштурууда олуттуу өзгөрүүлөрдү жүргүзүүгө күчү жеткен эмес, бирок алардын чарбаны коллективдүү жүргүзүүдөгү тажрыйбасы чоң мааниге ээ болгон. Коллективдүү чарба жүргүзүүнүн жакшы жактары бар экенин биринчи кооперациянын жөнөкөй формасын колдонуу менен ынанышкан. Кыргызстандагы айыл чарбаны коллективдештирүү саясий, экономикалык жана социалдык себептер аркылуу шарттаган. Айыл чарбасын коллективдештирүү – миллиондогон дыйкандардын чачыранды майда, жеке чарбаларын ыктыярдуу жол менен социалдык коллективдүү чарбага (колхоздорго) айландыруу. СССРде айыл чарбасын

[84] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. “Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар” ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2012. 74-б.

коллективдештирүү Улуу Октябрь социалдык революциясы жеңгенден кийин социализмди куруунун эң зарыл шарты жана негизги милдети болгон. В.И.Ленин өлкөдө айыл чарба коллективдештирүүнүн иш жүзүнө ашыруунун татаалдыгы жана оордугу Улуу Октябрь социалдык революциясын даярдап, турмушка ашыруу процессинен кем болбойт деп белгилеген.

Өлкөнү индустриялаштыруу менен эл чарбасынын социалдык өнөр жай тармагы ылдам темп менен өнүгүп, миллиондогон бытыранды жеке дыйкан чарбаларын социалдык негизде кайра курууга материалдык-техникалык база түзүлө баштаган. Бирок өлкөнү индустриялаштыруунун алгачкы жылдарында товардуулугу аз, жеке менчик, бытыранды майда чарбалар жумушчуларды айыл чарба продуктулары менен, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кыла алган эмес. Партиянын жетекчилиги астында В. И. Лениндин кооперативдик планынын негизинде СССРде айыл чарбасын коллективдештирүү ишке ашырылган.

Айыл-кыштактардагы кедей жана орто дыйкандар ыктыярдуу биригишип, айыл чарбасында ири социалдык ишканалар - колхоздор уюштурулган. Айыл чарбаны коллективдештирүүнү турмушка ашыруу менен өлкөдөгү ар кандай карама-каршылыктар, капитализмди кайра орнотуу коркунучун түзгөн кулактар тап катары жоюлуп, айыл чарбасында да социалдык коомдук мамилелер толугу менен жеңип, социализмди курууга негизги өбөлгөлөр түзүлгөн. Совет бийлигинин карамагына өткөн помещик чарбаларынын негизинде мамлекеттик айыл чарба мекемелери (совхоздор) уюштурулган.[85]

Жумушчу табы менен дыйкандардын бузулбас союзу, өлкөнү социалдык индустриялаштыруу, жерди мамлекеттештирүү, кооперацияны жабдуу, кредиттөө боюнча

[85] Ө.Ж. Осмонов Кыргызстан тарыхы (байыркы доордон азыркы күнгө чейин). Бишкек, 2019-ж. 183-187-бб.



жөнөкөй формаларынын кеңири түзүлүшү СССРдин айыл чарбасын коллективдештирүүдө негизги саясий жана экономикалык шарт катарында кызмат өтөдү жана бул процессти жүргүзүүнү бир кыйла жеңилдетти. Айыл чарба коллективдештирүүнү турмушка ашыруу компартиянын, бүткүл совет элинин Октябрь революциясынан кийинки эң улуу тарыхый жеңиши болду. Бул тарыхый жеңишти иш жүзүнө ашырууда жана айыл чарбасын социалдык негизде кайра курууда Совет бийлиги орнотулгандан тартып түзүлө баштаган айыл чарба коммунасы, айыл чарба артели, жер шериктештиги (ТОЗ), совхоздор жана кийинчерээк машина-трактор станциялары (МТС) чоң роль ойногон.

Алар өзүлөрүнүн коллективдүү эмгеги, жергиликтүү деңгээлдеги өндүрүштүк иши, жетишкендиктери, техниканы, алдыңкы тажрыйбаны колдонуу жана булардын пайдалуулугун көрсөтүү жолу менен дыйкандардын кеңири массасын коллективдештирүүдө, айыл чарбасын өнүктүрүүдө пропагандист жана агитатор катары да чоң кызмат кылды. СССРде айыл чарбасын коллективдештирүү толугу менен В. И. Лениндин кооперативдик планына ылайык жүргүзүлүп, өлкөнүн айыл чарбасында колхоздук-кооперативдик жаңы коомдук-социалдык мамилелер толугу менен жеңип чыкты; эксплуатациядан бошогон дыйкандар өздөрүнүн өндүрүшүн коллективдик социалдык менчикке, коллективдүү эмгекке жана алдыңкы техникага негизделген колхоздук дыйкандар табына айланды.

Жаңы экономикалык саясат 20-жж. көп жылдарга эсептелген саясий стратегия катары кабыл алынган эле. Өлкөнү индустриялаштыруу, дыйкандарды кооперативдештирүү, элдин материалдык жана маданий деңгээлин көтөрүү пландары да жаңы экономикалык саясаттын принциптеринин негизинде жүргүзүлмөк.

Дыйкандарды кооперациялаштырууда мамлекет тарабынан күч колдонулбастан, экономикалык ыкмалар аркылуу эволюциялык жол менен өнүктүрүлмөк. Дыйкандар кооперациянын артыкчылыктарын түшүнгөндө гана ага өз ыктыярлары менен бириге башташмак.[86] Жаңы экономикалык саясаттын башталышындагы түзүлгөн кооперациялар бул саясаттын туура экендигин көрсөткөн. Бирок 20-жж. аягында жаңы экономикалык саясаттын алкагында калыптанып калган багыт түп-тамырынан бери өзгөрүүгө дуушар болгон.

Өлкөнү индустриялаштыруу эң негизги жана башкы максат катары жарыяланып, эл чарбасынын башка тармактары жалаң гана ошол максатты жүзөгө ашырууга өбөлгө болушу керек деп аныкталган. Индустриялаштырууну дыйкандарды тике жана кыйыр экспроприациялоо аркылуу ишке ашыруу багыты аныкталган. Ал үчүн дыйкандарга азык-түлүк чыгымы кайрадан киргизиле баштаган. Эми дыйкандар өздөрүнүн артыкбаш эгинин эркин сата албай, аны да мамлекетке арзан баада тапшырууга милдеттендирилген. Каршылык кылгандары кулак деп жарыяланып, сот жообуна тартылган, эгини конфискацияланган. Ушул мезгилде киши жалдап иштеткен өндүрүш ээлерин эзүүчү тап катары жоюу иши мурдагыдан да күч алган. Эзүүчү таптарды жоюу менен бирге дыйкандарды да кыңк эттирбей баш ийдирүү үчүн аларды өндүрүш каражаттарынан ажыратып, менчиктин бардык формаларын мамлекеттин колуна өткөрүү саясаты башталат.

1931-ж. ВКП(б)нин Кыргыз обкомунун чечими боюнча Аламүдүн, Балыкчы, Каракол, Кара-Балта, Киров, Сталин, Чүй райондорунда туташ коллективдештирүү жүргүзүлгөн. Ошентип, дыйкандардын негизги массасы колхоз

[86] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2012. 93-б.



курулушуна өттү деген жыйынтык чыгарылган. Коллективдештирүү саясатынын жүрүшүндөгү кетирилген каталыктар 1932-1933-жж. дагы кайталанган. 1932-ж. Кыргызстанда 1522 колхоз түзүлүп, 53 гана ТОЗ уюштурулган. Чындыгында көчмөн чарбалар үчүн кооперациянын ушул экинчи жөнөкөй түрү – ТОЗдор ылайыктуу болгон. 1933-1934-жж. бул эске алынып, ТОЗдор көбүрөөк түзүлгөн. 1934-ж. Кыргызстандагы 1067 айыл чарба артели жана 738 ТОЗ дыйкан чарбаларынын 68,5 процентин бириктирген.[87]

1937-ж. баштап ТОЗдор айыл чарба артелдеринин уставына өткөрүлгөн. Ушул жылы дыйкан чарбалардын 89,1 проценти колхоздорго бириккен. Айдоо аянттарынын 97 проценти колхоз-совхоздорго тиешелүү болуп калган. Аларды 53 МТС 4 миңдей тракторлору, 500дөй комбайндары менен тейлеген. 1940-ж. дыйкан чарбаларынын 98,9 проценти айыл-чарба артелине колхоздорго кирген. Колхоздор ирилештирилип, бир колхозго 106 кожолук туура келген. Ошентип, үчүнчү беш жылдыктын Улуу Ата Мекендик согушка чейинки жылдарында Кыргызстанда айыл чарбасын коллективдештирүү процесси аяктаган.[88]

[87] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2012. 96-б.

[88] Ө.Ж. Осмонов Кыргызстан тарыхы (байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) Бишкек-2019. 189-б.

## 2.2. Куршаб районунун түзүлүшү

Куршаб району – 1935-жылы февралдан 1959-жылы ноябрга чейин болгон Кыргыз ССРинин административ-дик бөлүнүшү.

Куршаб району 1935-жылы 8-февралда Кыргыз АСС-Ринин курамында түзүлгөн. Ленинское айылы райондун борбору болуп дайындалган. 1936-жылы 5-декабрда Кыр-гызэ АССРи Кыргыз ССРине айланды. 1938-жылы 11-мартта Куршаб району Ош районуна, ал эми 1939-жылы 21-ноябр-да Ош облусуна бекитилген. 1939-жылдагы каттоого ыла-йык Куршаб районунда 29 656 адам жашаган. Анын ичин-де 80% - кыргыздар, 6,3% - өзбектер, 6 % - украиндер, 6 % - орустар болгон.[89]

Куршаб районунун курамына 41 колхоз, эки МТС (ма-шина-тракторная станция ), 11 селолук совет кирген. Ки-йинчерээк, райондор жана чарбалар ирилештирилгенде 1960-жылы Өзгөн районунун курамына кирип, өзүнчө ири совхоз болуп түзүлгөн. Ошол мезгилде республикадагы эң чоң совхоздордун бири болгон. Бирок ошондогу Куршаб районунун колхоздору үч совхоз болуп чарбалар кайра ую-шулат. Алар:

Куршаб совхозу, директору – Пилипенко М. З.

Кызыл- Октябрь совхозу, директору – Брлыцкий И. В.

Жалпак-Таш совхозу, директору – Рыскулбеков Б. Р.

Андан кийин да бир канча жолу ирилештирүү жана бө-лүштүрүү саясаттары жүргүзүлүп, совхоздор бирде бири-гип, бирде бөлүнүп турган. Маселен, 1976-жылы Куршаб совхозунун курамынан Жалпак-Таш совхозу, андан кийин-черээк Кайнар совхозу бөлүнүп чыккан.[90]

[89] ЦГА Административно-территориальное деление Кыргызстана 1924-1945 том 1 Бишкек 2019

[90] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж 8-16-бб.



### №3
### ИЗ ПРОТОКОЛА ВНЕОЧЕРЕДНОГО ЗАСЕДАНИЯ ПРЕЗИДИУМА ЦИК КИРГИЗСКОЙ АССР О РАЗУКРУПНЕНИИ РАЙОНОВ В КИРГИЗСКОЙ АССР

***г. Фрунзе*** ***8 февраля 1935 г.***

***Слушали: 1. О разукрупнении районов в КирАССР***

***Постановили: В связи с решением ноябрьского Пленума ЦК ВКП (б) о необходимости завершения приближения органов управления к селу, максимального вовлечения широких масс трудящихся в управление государственным аппаратом, всемерного укрепления и улучшения низовых органов власти, ЦИК КирАССР постановляет:***

1. ***Образовать на территории КирАССР следующие новые районы:***

– ***Куршабский, с центром в селении Ленинское (Покровка), в составе: Куршабского, Кочкор-Атинского, Ленинского, Карагузского, Джан-Шуринского, Ялпакташского, Краульского сельсовета Алайского района;***

***Зам. Председателя***<br>***ЦИК КирАССР М. Ус***<br>***И.о. Секретаря***<br>***ЦИК КирАССР Джолдашев***

***ЦГА КР. Ф. 21. Оп. 15. Д. 22. Л. 42-44. Подлинник.***

Жогудагы маалыматтан көрүнүп тургандай Куршаб волостуна бир нече аймактар кошулуп, Куршаб – район статусун алып, Кыргыз АССРинин курамында түзүлгөн. Албетте, бул протокол кезинде Куршаб район болгонун далилдөөчү эң негизги ишенимдүү далил болуп саналары шексиз.

1926-жылы СССР боюнча эл каттоо болуп, дал ошол эл каттоонун натыйжасында Куршаб волостунун калкы 22464 адам экенин архивдик материалдардан билсек болот:

*Эл каттоо боюнча алынган маалыматтардын жыйындысы: сел советтер, кожолуктар, жан башы.*

| № | V Куршаб волосту | Кожолук | жан башы |
|---|---|---|---|
| 1 | Куршабский | 756 | 3202 |
| 2 | Кочкар-Атаский | 790 | 3148 |
| 3 | Ялпакташский | 137 | 2409 |
| 4 | Ирдикский | 333 | 1567 |
| 5 | Караульский | 732 | 2980 |
| 6 | Джан-шороский | 401 | 2085 |
| 7 | Карагузский | 232 | 1234 |
| 8 | Караташский | 234 | 1161 |
| 9 | Кызыл-суйский | 217 | 954 |
| 10 | Каракиякский | 242 | 1180 |
| 11 | Пакровский | 506 | 2544 |
| | Баарысы: | 4580 | 22464 |

Куршаб волост болуп турган учурунда эле өз курамында 22 464 калкы бар аймак болуусунун негизги себеби кантары албетте аймактык өзгөчөлүк десек болчудай. Антары албетте аймактык өзгөчөлүк десек болчудай. Он бир кени, жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай он бир селсоветтин курамында болуусу буга далил.



Демек, буга чейинки саясий окуяларга да жигердүү катышуусу жана массанын көп болуусу да ушундан улам. Өзгөчө баса белгилей кетчү жагдай, азыркы күндө да жогорку селсоветтер башка айыл өкмөткө карап турса да, кээ бирлери “Куршаптан болобуз” деген сөздүн түбү дал ушул жерден болууга тийиш.

*Ош областык мамлекеттик архиви, Ф. 1, Оп. 1, ед хран 48-73-бет.*
*Постанавление областного исполнителного комитета советов К.А.О. о мерах содсетствал по проведению демографической перепис насиления К.А.О. начало: 18 ноября 1926 г., окончено: 4 август 1927 г.*

Ал эми баштапкы Куршап районунун курамына кирген айыл аймактардын азыркы аталыштарын атасак:

Куршаб айыл аймагы
Кароол айыл аймагы
Кызыл-Октябрь айыл аймагы
Жалпак-Таш айыл аймагы
Кара-Таш айыл аймагы
Кара-Суу районунун карамагында:
Жаңы-Арык айыл аймагы
Кызыл-Суу айыл аймагы
Кара-Кулжа районунун карамагында:
Кеңеш айыл аймагы
Карагуз айыл аймагы.[91]

Жогорудагы аймактардын жыйындысы катары Куршаб кыска убакыттын ичинде район болуп, бир канча иштерди аткарганы маалым. Албетте, район болгон соң,

[91] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж 8-16-бб.

өз алдынча райондук гезити болуп, райондук конференция, пленум, съезд, райондук деңгээлдеги милдеттемеси болууга тийиш болгон. Пландык тапшырманын негизинде ашыкчасы менен аткарылган иштер боюнча отчёттор, алдыңкы күжүрмөн эмгектенген жана үлгү болчу жумушчуларды райондук Ардак тактага жайгаштыруу, жумушсуз жүргөндөрдү, ошондой коомдук мыйзамды бузуучуларды райондук элдик соттордун жазалоосу, айтор, ушул сыяктуу көптөгөн ар тараптуу иш алып барган райондун жалпы ишмердүүлүгү жөнүндө төмөндө архивдик материалдар кенен камтылды. Алдыда ошол район кездеги айыл чарбадагы, коомдук мамиледеги, билим берүү тармагындагы деги эле жалпы жонунан райондун абалын чагылдырган архивдик маалыматтар болмокчу.



## Кыргызстан КП Куршаб райондук комитетинин биринчи пленуму

29-декабрда Кыргызстан КП Куршаб райондук комитетинин биринчи уюштуруу пленуму болуп өттү. **Партиянын Куршаб райондук комитетинин XII конференциясында шайланган партиянын райондук комитетинин мүчөлөрүнүн составы**

### *Партиянын райондук комитетинин мүчөлөр:*

Азизов Э.
Ахматов М.
Абдулаев К.
Бухонкин И. В.
Бекмурзаев К.
Бопиев А.
Бердиев С.
Волик И.С.
Гуц М. С.
Гафуржанов Н.
Гелетин Н. И.
Дитковский Н.Л.
Женчороев С.
Жаамбаев Т.
Зулумбеков О.
Замураев А. К.
Заико И. Д.
Исраилов Т.
Колодина О. П.
Калдыбаев Т.
Калилов М.
Кринида Н. Б.
Карабаев Т.
Коваленко В. М.
Көчөрбаев А.
Көчөбаев Ж.
Кириллов С.М.
Лавров П. Г.
Мавлянова С.
Машрапова Т.
Неграш Г. Е.
Наралиев Т.
Орозалиев Т.
Орозбаев М.
Османалиев Ш.
Ориненко О. П.
Орманова Т.
Пряткин П. Ф.
Пилипенко М. З.
Полотова Б.
Романенко Е. Я.
Семещенко Х. Х.
Самборский Я. Н.
Соколов Г. С.
Сонин Н. Н.
Сапелкин П. И.
Ташимбетов И.
Тойчиев Т.
Теплякова М. К.
Төрөгелдиев К.
Черных Н. Е.
Шерматов Е.
Юсупов Н.

### Партиянын райондук комитетинин мүчөлүгүнө кандидаттар:

Жээнбаев Т.
Мырзаева А.
Дедоборщ Т. Т.
Максутова М.
Токторов К.
Чеботников М. А.
Сагынбаев Ж.

**Партиянын райондук комитетин текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү:**

| | | |
|---|---|---|
| Абдылдаев И. | Лебедева М. | Пащенко В. Н. |
| Войченко Е. Т. | Мангаев И. А. | Хамракулова Д. |
| Клочко Ф. В. | | |

**Партиянын Ош областтык комитетинин VIII конференциясына шайланган делегаттар:**

| | | |
|---|---|---|
| Ахматов М. | Захарченко Н. Г. | Мырзаева А. |
| Бопиев А. | Зулумбеков О. | Мавлянова С. |
| Гелетин Н. И. | Исраилов Т. | Орозбаев М. |
| Жабаров Ю. С. | Неграш Г. Е. | Соколов Г. С. |
| Женчороев С. | Кринида Н. Е. | Сапелкинн П. И. |

**Партиянын Ош областтык комитетинин VIII конференциясына шайланган делегаттар** (кеңеш берүүчү добуш менен)

| | |
|---|---|
| Жээнбеков А. | Ориненко О. П. |

Пленум Кыргызстан КП **Куршаб райкомунун биринчи секретарлыгына** жолдош **П. И.Сапелкинди**, экинчи секратарлыгына жолдош М. Ахматовду жана секретарлыгына жолдош Т. Орозалиевди шайлады.

Партиянын райкомунун бюро мүчөлөрүнүн составына П.И. Сапелкин, М. Ахматов, Т. Орозалиев, С. Жээнчороев, П. Ф. Прияткин, М. Орозбаев жана А. К. Замураев жолдоштор шайланды.

Бюро мүчөлүгүнүн кандидаттыгына М. З. Пилипенко, Н. Юсупов жолдоштор шайланды.

"Эмгек Туусу" райондук газетасынын редакторлугуна жолдош Калиловду бекитти.



*Ош облусттук мамлекеттик архиви. Ф. 26, Оп. 1, ех. хр. 2, "Эмгек Туусу" газетасы. Куршаб райондук басмакасы Орган Куршабского райкома КП Киргизии и районного Совета депутатов трудящихся 1958 г. с №1, по № 103.*

Өз кезегинде алдыңкы колхоздорду жана андагы алдыңкы жумушчуларды райондун Ардак тактасына чыгарып турган. Мындай мамиле жумушчуларга дем берип, иштин алдыга жылуусуна, колхоздор аралык атаандаштыктын өсүүсүнө жана пландын ашыкчасы менен толуусун камсыз кылып бере алган.



АРДАК ТАКТА

Партиянын райкому менен райондук аткаруу комитеттеринин көрсөтүүсү боюнча эгинди сатуунун жылдык планын мөөнөтүнөн мурда орундаткандыктары үчүн төмөнкү колхоздор райондук ардак тактага жазылат.

**«КЫЗЫЛ-СЕНИР» КОЛХОЗУ** (председатели жолдош Эркебаев, партиялык баштапкы уюмдун секретары жолдош Муратов).

**ФРУНЗЕ АТЫНДАГЫ КОЛХОЗУ** (колхоздун председатели жолдош **Гапуржанов** партиялык уюмун секретары жолдош **Төлөнов**).

Аталган Ардак тактага илинген Н. Гапуржановдун ысымы азыр айылдагы бир көчөгө, ал эми А. Төлөновдун ысымы бир мектепке ыйгарылган. Албетте, бул да болсо ошондогу эмгектин акыбети жана өмүрү өрнөк инсан экенин кабар берет[92].

[92] Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Ардак такта" №63 (1296) 10-август, 1958-жыл.



**АРДАК ТАКТА**

Мамлекетке пахта тапшыруунун жылдык планын 31-октябрге 101 процент орундаткандыгы үчүн Калинин атындагы колхоздун №3-бригадасы бригадиры жолдош Алагозов Токтор колхоздун башкармасы жана баштапкы партиялык уюмунун көрсөтүүсү боюнча райондук Ардак тактага жазылат.

Бул бригада, бригадири жолдош Алагозов Токтор бекитилген 45 гектар пахта аянтынын ар бир гектарынан 8,6 центнерден түшүм алган. Мамлекетке кошумча дагы ар гектардан 3 центнерден пахта терип алууга убадасын берди.

Куршаб район болуп турган учурда пахта эгип, андан жакшы түшүм алынып турган, ага жогорудагы райондун Ардак тактасына илинип турган Алагозов Токторду мисал кылсак болот[93]. Бирок, башка пахтанын мекени болгон жерлерге караганда чынында түшүмдүүлүк аз болгон. Кантсе да, планды толук жана ашыгы менен орундатууга аракеттенген жумушчулар өз убагында планды аткарып турганын байкоого болот.

[93] Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Ардак такта" №88, (1320) дүйшөмбү, 3-ноябрь, 1958-жыл.



СССРдин мыйзамында белгиленген укук жүрүмүнүн тартибинде кылмыш, жарандык, административдик ж.б. жаатындагы иштерди кароо жана чечүү таризиндеги сот акыйкаттуулугун жүргүзүүчү мамлекеттик орган болуп элдик соттор эсептелген. Төмөндө Ош областы боюнча элдик соттордун тизмеси берилди. Анын ичинен Куршаб районунун элдик сотун да көрүүгө болот. (**Шамсутулнов Анвар**)[94]

**Список народных судов Ошской области**

| № | Места работы | Фамиля, имя отечество | Дата рождения | насциональность | Образования |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Нар.с. I узк. г Ош | Галкина Евгения А. | 1904 | русс | сред |
| 2 | II УЗК Ош | Меджибовская Сара Мировна | 1897 | еврей | Сред |
| 3 | Ошский р-он | Маниязов Мирзаджан | 1904 | узбек | н/ср |
| 4 | Карасуйский | Минбаев Джуматай | 1916 | кирг | сред |
| 5 | Мирза-Акинск. | Туляков Джума | 1915 | Узбек | н/ср |
| 6 | Советский | Токтомышев Курманбай | 1909 | кирг | н/ср |
| 7 | Наукатский | Шербутаев Эрбут | 1910 | тюрк | н/ср |
| 8 | Янги-наукат. | Хамдашов Салбаджи | 1919 | узбек | сред |
| 9 | г. Кызыл-Кыя | Притыкин Израиль | 1904 | еврей | сред |
| 10 | Молотовский | Загуляев Иван А. | 1918 | русс | н/ср |
| 11 | Фрунзенский | Зар Соломан А. | 1915 | еврей | вышее |
| 12 | г. Сулюкта | Желнова Мария Ивановна | 1920 | Русс | Вышее |
| 13 | Ляйлякский | Филлипов Николай Тимоф | 1914 | Татар | Вышее |
| 14 | Чон Алайский | Кенжебаев Алыкул | 1899 | Кирг | Нишее |
| **15** | **Куршабский** | Шамсутулнов Анвар | **1918** | **Узбек** | **Вышее** |
| 16 | Баткенский | Рашикулов Солих | 1911 | Тюрк | н/ср |
| 17 | Гульчинский | Габидуллина Фабима | 1918 | Татар | н/выш |

[94] Ош облусттук мамлекеттик архиви. Ф. 1, Оп. 1, ед. хран. 404, 124-б. Приказы исполнительного комитета Ошского областного совета депутатов трудищих-ся Кирг ССР. Начало: 9 апреля 1938 г. Оканчено: 2 мая 1944 г на 191 листок.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 18 | Араванский | Джумагулов Асылкеб | 1910 | Кирг | Сред |
| 19 | Узгенский | Аскарова Лолла | 1913 | Узбек | н/ср |
| 20 | Алайский | Хазаева Сайра Хузахмед | 1922 | Татар | Сред |
| 21 | УЗК Ошского РИК | Кишиков Дунайбек | 1914 | Казах | н/ср |
| 22 | УЗК г. Ош | Салихова Зубайда Ибрагимовна | 1921 | татар | н/ср |

## Куршап районунун айыл чарба кызматкерлеринин 1958-жылга кабыл алган СОЦИАЛИСТТИК МИЛДЕТТЕНМЕСИ

Биз Куршаб районунун айыл чарба кызматкерлери өткөн жылдын жыйынтыгын аткаруу менен 1958-жылы айыл чарба продукциясын өндүрүүнү мурдагыдан бетер көбөйтүү үчүн жана КПСС Борбордук Комитети менен ССР Союзунун Министрлер Советинин колхозчуларга, колхозчу аялдарга, машина-трактор станциясынын кызматкерлерине партиялык, профсоюздук жана комсомолдук уюмдарга, советтик жана айыл чарба органдарына, айыл чарбасынын адистерине жана бардык кызматкерлерине карата жазган Үндөөсүн иштеп чыгуу менен 1958-жылга төмөндөгү милдеттемелерди алабыз:

1. Үстүбүздөгү жылдын 15-февралына чейин жазгы талаа жумуштарына карата даярдык көрүүнү толук бүтүрөбүз жана жазгы себүүлөрдү агротехникалык мөөнөттөрдө: кылкандуу дан эгиндерин себүүнү 15-17 жумушчу күн ичинде, пахта эгүүнү 10-12 жумушчу күндө бүтүрөбүз.

2. Район боюнча эгилген дан эгиндеринин, жашылчалардын, айрыкча пахтанын катар аралыктарында иштөөнү арготехникалык жол менен сапаттуу жүргүзүп, анын түшүмдүүлүгүн жогорулатабыз. Ар гектар аянттан төмөндөгүчө түшүм өстүрөбүз.



| | |
|---|---|
| Кылкандуу дан эгиндеринен: | 10 центнер |
| Күздүк буудайдан: | 8 центнер |
| Жаздык буудайдан: | 9 центнер |
| Дандык жүгөрүдөн: | 20 центнер |
| Силостук жүгөрүдөн: | 220 центнер |
| Пахтадан: | 10 центнер |
| Картошкадан: | 100 центнер |
| Жашылчадан: | 130 центнер |
| Көп жылдык чөптөн: | 60 центнер |
| Көп жылдык чөптүн уругунан: | 2 центнер |

Мунун ичинен айрым алганда, колхоздор боюнча ар гектар аянттан алынуучу түшүм ( центнер менен )

| № | Колхоздордун аттары | Күздүк буудай | Жаздык буудай | Дандык жүгөрү | Силостук жүгөрү | Пахта | Картошка | Жашылчалар | Көп жылдык чөптөр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Токтогул | 7 | 7 | 20 | 200 | 11 | 100 | 120 | - |
| 2 | Ленин | 7 | - | 20 | 200 | 10 | 100 | 130 | 50 |
| 3 | Жданов | 8 | 9 | 20 | 218 | 9,5 | 100 | 120 | 60 |
| 4 | "Путь Ленин" | 9 | 10 | 25 | 260 | 9 | 100 | 170 | 70 |
| 5 | "Кызыл-Октябрь" | 6 | 6 | 25 | 250 | 11 | 115 | 150 | 65 |
| 6 | Фрунзе | 7 | 9 | 25 | 250 | 9,5 | 115 | 130 | 50 |
| 7 | "Кызыл-Сеңир" | 7 | 8 | 18 | 260 | 10 | 110 | 130 | 65 |
| 8 | "Правда" | 7 | 7 | 18 | 230 | 11 | 100 | 110 | 65 |
| 9 | Калинин | 7 | 7 | 17 | 230 | 9 | 100 | 90 | 50 |
| 10 | "Социализм" | 7 | 10 | 20 | 160 | - | 90 | 102 | - |
| 11 | "Кыргызстан" | 7 | 8 | 20 | 160 | - | 90 | 112 | - |
| 12 | Сталин | 12 | 11 | 15 | 160 | - | 100 | 90 | - |
| 13 | "Кеңеш" | 8 | 9 | 20 | 200 | - | 90 | 130 | - |
| 14 | Карл Маркс | 10 | 10 | 20 | 180 | - | 90 | 100 | - |
| 15 | Киров | 10 | 10 | 20 | 180 | - | 90 | 100 | - |

Айрым алдыңкы пахтачылык бригадаларынын бригадирлери өздөрүнүн үстүнө жогорулатылган милдеттендирмелерди алышат.

"Кызыл-Октябрь" колхозунда жолдош Муса Ормонов башкарган №5- бригадасы бектилип, берилген ар гектардан 15 центнерден, "Правда" колхозунун жолдош К. Жабиров башкарган бригада 12 центнерден, "Кызыл-Сеңир" колхозундагы жолдош Сатымкулов башкарган бригада 12 центнерден түшүм өстүрүп алууга жетишет. "Путь Ленин" колхозунда жүгөрү бригадасынын бригадири жолдош Эбис Эдилов бекитилген ар гектар жүгөрүнүн аянтынан 27 центнерден дан, 200 центнер силостук тоют жана "Кызыл-Октябрь" колхозунун жолдош Кедиев башчылык кылган жүгөрү бригадасы ар гектар аянттан 28 центнерден дан жана 180 центнерден силостук центнерден силостук жашыл тоютту алууну камсыз кылат.

Калинин атындагы колхозчуларынын эгинчилик бригадасынын бригадири жолдош Матаев дан эгиндеринин ар гектарынан 18 центнерден түшүм өстүрүп алууга милдеттенет. Карл Маркс атындагы колхоздун жолдош Насыр Кожомбердиев жетекчилик кылган бригадасы ар гектар аянттан 12 центнерден түшүм алууга жетишет.

3. 1958-жылдын 1-декабрына чейин тракторлордун аткаруучу иштерин бүтүрүп, ар бир 15 аттык күчү бар тракторлорго эң кеминде 400 гектардан жерди айдоого жетишебиз.

Трактордук парктын өндүрүмдүүлүгүн 3 процентке жогорулатып, тракторлук иштердин өзүнө турган наркын 3 процентке кемитүү менен күйүүчү майлардан 5 процент үнөмдөп калабыз.

Социалисттик милдеттенменин аткарылышын уюштуруп, бригада жана звенолор ортосунда өз ара текшерүү жүргүзүп турабыз.



Биз, айыл чарба кызматкерлери өз үстүбүзгө алган социалисттик милдеттенмебизди абийирдүүлүктө аткаруу менен бардык эгиндердин түшүмдүүлүгүн жогорулатабыз.

Ошону менен катар коңшулаш Өзгөн районунун айыл чарба кызматкерлерин социалисттик жарышка чакырабыз!

Жогоруда көрсөтүлгөндөй Куршаб районунун социалисттик милдеттенмесинен эгилген дан эгиндеринин, жалисттик милдеттенмесинен эгилген дан эгиндеринин, жана башка эгиндер боюншылчалардын, айрыкча пахта жана башка эгиндер боюнча ар бир колхоздорго жана алардагы кээ бир бригадаларынын бригадирлери өздөрүнүн үстүнө жогорулатылган милдеттендирмелерди алганын байкоого болот. Албетте, көрсөтүлгөн цифралардан улам да ошондогу социалдык абалдан кабар табууга жана күжүрмөн иштеген жалпы район эмгекчилеринин эмгегин баалоого болот[95].

### 1956-жылдын биринчи октябрынан 1957-жылдын биринчи мартына чейин Куршаб районунун колхоздору боюнча сүт саап алуунун көрсөткүчтөрү

| № | Колхоздордун аттары | Ар уйдан саалган сүт (кг. менен) | Колхоздун председатели | Партиялык уюмдун секретары | Ферма башчысы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ворошилов | 439 | Зулумбеков | Мадымаров | Подопригор |
| 2 | Хрущев | 432 | Кириллов | Бекназаров | Черненко |
| 3 | Ленин | 365 | Бекетаев | Кокшаров | Асанов |
| 4 | Булганин | 361 | Шерматов | Эргешов | Бостонбаев |
| 5 | Токтогул | 337 | Бекмурзаев | Акылбеков | Садыков |
| 6 | Калинин | 305 | Өмөшов | Токушев | Жунусов |
| 7 | Киров | 305 | Борбокулов | Тойчуев | Жээнбаев |

[95] Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Куршап районунун айыл чарба кызматкерлеринин 1958-жылга кабыл алган социалиттик милдеттенмеси" №11 (1244), дүйшөмбү. 10-февраль, 1958-жыл.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Карл Маркс | 282 | Бопиев | Алиев | Осмонов |
| 9 | Жданов | 263 | Карабаев | Акматалиев | Абдыраев |
| 10 | Молотов | 228 | Исраилов | Эргешов | Асанов |
| 11 | Сталин | 187 | Калдыбаев | Жумагулов | Баймуратов |
| 12 | Каганович | 161 | Мамашев | Кочкорбаев | Калдаров |
| 13 | Микоян | 145 | Ташимбетов | Акматалиев | Айдаралиев |
| 14 | Маленков | 143 | Шерматов | Бердиев | Бердибеков |

Куршаб районунун 14 колхозундагы сүт саап алуунун беш айлык көрсөткүчү[96] жана андагы тиешелүү жетекчилерди атоого болот. Байкоого алуу менен райондун бул жактагы жетишкендиктерин да айтууга болот.

## Окуучулардын белеги

*Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 37 жылдыгынын майрамын жеңиштер менен тосуп майрамдоодо, Ворошилов атындагы орто мектептин окуучулар коллективи мугалимдердин жетекчиликтери менен уюшкандыкта пахта жана косек терүүдө иштешип, пахтакер-колхозчуларга чечкиндүү жардамын көрсөтүштү.*

*Окуучулар Ворошилов атындагы колхоздо 43 750 килограмм пахта жана 2 300 килограмм косек теришип беришти.*

*Пахта терүүдө IX класстан: Абдыракманов Машрап, Мончоев Сагымбай, Мусаев Ташболот, VIII класстан: Эрбалаев Азамат, Самиева Патике, Насирова Үпөл, ар бири күнүнө 35-40 килограммдан пахта теришет. Ушундай эле V жана VI класстардын окуучулары да 40 килограммга чейин пахта теришет.*

*Бул натыйжа окуучулар коллективинин пахтакер-колхозчуларга пахтаны коромжусуз жана өз убагында жый-*

[96] Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Сүт саап алуу боюнча көрсөткүчтөр" № 18 (1144) бейшемби, 7-март, 1957-жыл.



*ноодо көрсөткөн жардамдары жана Улуу Октябрь майрамынын урматына кылышкан белеги болот[97].*

*С. Иманкулов.*

*Ворошилов атындагы орто мектептин директору*

Мамлекетке берилип иштөө жана эмгек практикасынын пайдасын айтууга болот. Жогорудагы албетте Куршаб районунун бир мектебинин көрүнүшү. Буга окшогон бир канча мектептерден да мамлекет үчүн кужурмөн эмгекти байкоого болот эле.

## Мугалимдердин январь конференциясы

*Үстүбүздөгү жылдын 4-7-январында райондун мугалимдеринин конференциясы болуп өттү. Бул конференцияда СССРдин айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүүнүн чаралары жөнүндө КПСС БКнын сентябрь Пленумунун тарыхый чечимдерине байланыштуу мектептерде окутуу-тарбиялоо иштерин мындан ары жакшыртуу боюнча райондук партия Комитетинин секретары жолдош Бударин доклад жасады.*

*Докладчы Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин сентябрь Пленумунун тарыхый чечимдеринин маанисин түшүндүрүү менен мектептерде окутуу-тарбиялоо иштерин жакшыртууну, ошону менен катар масса арасына сентябрь Пленумунун чечимдерин кеңири жайылтууга токтолду.*

*Районубуздун бардык мугалимдери КПСС БКнын сентябрь Пленумунун токтомун шыктануулары менен кабыл алышып, өздөрүнүн алдыларында турган милдеттерин бул чечим менен тыгыз байланыштырып, анык тарыхый*

[97] Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Окуучулардын белеги" №85 (909) 7-ноябрь, 1954-жыл

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Карл Маркс | 282 | Бопиев | Алиев | Осмонов |
| 9 | Жданов | 263 | Карабаев | Акматалиев | Абдыраев |
| 10 | Молотов | 228 | Исраилов | Эргешов | Асанов |
| 11 | Сталин | 187 | Калдыбаев | Жумагулов | Баймуратов |
| 12 | Каганович | 161 | Мамашев | Кочкорбаев | Калдаров |
| 13 | Микоян | 145 | Ташимбетов | Акматалиев | Айдаралиев |
| 14 | Маленков | 143 | Шерматов | Бердиев | Бердибеков |

Куршаб районунун 14 колхозундагы сүт саап алуунун беш айлык көрсөткүчү[96] жана андагы тиешелүү жетекчилерди атоого болот. Байкоого алуу менен райондун бул жактагы жетишкендиктерин да айтууга болот.

## Окуучулардын белеги

*Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 37 жылдыгынын майрамын жеңиштер менен тосуп майрамдоодо, Ворошилов атындагы орто мектептин окуучулар коллективи мугалимдердин жетекчиликтери менен уюшкандыкта пахта жана косек терүүдө иштешип, пахтакер-колхозчуларга чечкиндүү жардамын көрсөтүштү.*

*Окуучулар Ворошилов атындагы колхоздо 43 750 килограмм пахта жана 2 300 килограмм косек теришип беришти.*

*Пахта терүүдө IX класстан: Абдыракманов Машрап, Мончоев Сагымбай, Мусаев Ташболот, VIII класстан: Эрбалаев Азамат, Самиева Патике, Насирова Үпөл, ар бири күнүнө 35-40 килограммдан пахта теришет. Ушундай эле V жана VI класстардын окуучулары да 40 килограммга чейин пахта теришет.*

*Бул натыйжа окуучулар коллективинин пахтакер-колхозчуларга пахтаны коромжусуз жана өз убагында жый-*

[96] Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Сүт саап алуу боюнча көрсөткүчтөр" № 18 (1144) бейшемби, 7-март, 1957-жыл.



*ноодо көрсөткөн жардамдары жана Улуу Октябрь майрамынын урматына кылышкан белеги болот[97].*

*С. Иманкулов.*

*Ворошилов атындагы орто мектептин директору*

Мамлекетке берилип иштөө жана эмгек практикасынын пайдасын айтууга болот. Жогорудагы албетте Куршаб районунун бир мектебинин көрүнүшү. Буга окшогон бир канча мектептерден да мамлекет үчүн кужурмөн эмгекти байкоого болот эле.

## Мугалимдердин январь конференциясы

*Үстүбүздөгү жылдын 4-7-январында райондун мугалимдеринин конференциясы болуп өттү. Бул конференцияда СССРдин айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүүнүн чаралары жөнүндө КПСС БКнын сентябрь Пленумунун тарыхый чечимдерине байланыштуу мектептерде окутуу-тарбиялоо иштерин мындан ары жакшыртуу боюнча райондук партия Комитетинин секретары жолдош Бударин доклад жасады.*

*Докладчы Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин сентябрь Пленумунун тарыхый чечимдеринин маанисин түшүндүрүү менен мектептерде окутуу-тарбиялоо иштерин жакшыртууну, ошону менен катар масса арасына сентябрь Пленумунун чечимдерин кеңири жайылтууга токтолду.*

*Районубуздун бардык мугалимдери КПСС БКнын сентябрь Пленумунун токтомун шыктануулары менен кабыл алышып, өздөрүнүн алдыларында турган милдеттерин бул чечим менен тыгыз байланыштырып, анык тарыхый*

[97] Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Окуучулардын белеги" №85 (909) 7-ноябрь, 1954-жыл

*маанисин колхозчуларга кеңири түшүндүрүп жатышат. Бирок, мугалимдердин милдети КПСС БКнын сентябрь Пленумунун чечимдерин колхозчуларга түшүндүрүү менен гана чектелбестен, ал токтомго коюлган талаптарды турмушка ашыруу үчүн өздөрүнүн окутуу-тарбиялоо иштерин ошол талаптарга байланыштырып жүргүзүүлөрү керек.*

*КПСС Борбордук Комитетинин сентябрь Пленумунун токтому айыл чарба кадрларын даярдоо жана аларды тарбиялоо маселесине да өзгөчө көңүл буруп олтурат. Ошондуктан айыл иштеринин жүрүшүндө эң зор мааниге ээ болот.*

*1953-54- жылдын окуу жылында районубузда бир катар мектептер сапаттуу ремонттолуп, окуу жылын ийгиликтүү тосуп алышты. Ворошилов атындагы, Ленин атындагы орто мектептер (директорлору Иманкулов, Казимирова) Калинин атындагы Кызыл-Сеңир жети жылдык мектеби, Юкос башталгыч мектеби (директорлору жолдош Абдуллаев, Максутова жана Гридиевалар) өткөн окуу жылы аякаган күндөн тартып эле мектептин ремонт ишине кызуу киришип, ремонтторун сапаттуу бүтүрүштү. Бирок, Кызыл-Абад жети жылдык мектеби Жаңы жол жана Сталин атындагы баштооч мектептер сапатсыз ремонт болунган. Ал эми азыркы кыш мезгилинде көп мектептерде отундар жагылбай класстар суук болуп окуучулардын сабакка катышууларына жана өздөштүрүүлөрүнө таасир келтирген. Мисалы, Үлгүлүү жети жылдык мектеби, Жаңы Турмуш жети жылдык мектеби жана Социализм, Жаңы жол баштооч мектептеринде от жагылбастан шарт начар түзүлгөн.*

*Партиянын XIX съезди «Бешинчи беш жылдыктын акырына дейре республикалардын борбор шаарларында жана башка областтык ири өнөр жай шаарларынын борборлорунда жети жылдык билим алуудан, жалпы орто билим*



*алууга өтүү иши аякталсын, калган шаарлар менен селолук жерлерде келерки беш жылдыкта жалпыга милдеттүү орто билим алууну толук иш жүзүнө ашыруу үчүн шарт даярдалсын"-деген милдетти койду. Бул милдетти турмушка ашыруу үчүн мугалимдер окуучуларды билимдин негиздерине ээ кылуулары зарыл.*

*Партиянын XIX съезди орто мектептерде политехникалык окууну турмушка ашырууга жана жалпыга милдеттүү политехникалык окууга өтүү үчүн зарыл чараларды жүргүзүү жөнүндө да чечим кабыл алды. Бул милдеттерди иш жүзүндө орундатуу үчүн бардык мугалимдер кайраткерлик менен иштөөлөрү тийиш.*

*Районубуздун көп мектептеринде окутуу-тарбиялоо иштери талапка ылайык жооп бербейт. Көп окуучулар орус тилин, математиканы, физиканы, химияны начар өздөштүрүшөт. Мына ошондуктан кыргыз балдарына орус тили сабагын үйрөтүү боюнча ар тараптан шарт түзүүлөрү керек.*

*Конференцияда жарыш сөзгө 34 адам чыгып сүйлөшүштү.*

*Конференцияда кеңири түрдө токтом кабыл алды.*

*Ош областтык мамлекеттик архиви, Ф. 26, Оп. 1, ед хран 1. "Сталин жолу" газетасы. Оргон Куршабского горкомо КП Киргизии и районного Совета депутатов трудящихся год 1953-1954-1955 с №17, по №85*

## Жибекчиликтен чоң киреше

*"Путь Ленина" айыл чарба артели быйылкы жылы биринчи жолку асыралган жибек куртунан мамлекетке тапшырылган пилласы үчүн 27 297 сом киреше алды. Колхоз мамлекетке пилла тапшыруу планын 128% аткарып, кошумча 9 000 сом сыйлык алды. Жибек куртун асыроочулардан жолдош Эрбалаев Абдилажан он грамм жибек куртун алып, андан 24 килограмм пилла ала турган болсо, анын ордуна 46 килограмм пилла тапшырды. Планды ашыгы менен аткаргандыгы үчүн 750 сом сыйлык берилди.*

*Ошондой эле Ленин атындагы айыл чарба артели да жибекчиликтен 89 278 сом киреше алды. Колхоздун алдыңкы жибекчилеринен: Молорова Апахан бир куту жибек куртунан 45 килограмм пилла тапшыруунун ордуна 72 килограмм тапшырып, 1000 сом, Сулайманова Тажи 42 килограмм пилла тапшыруунун ордуна 65 килограмм тапшырып 800 сом мамлекеттик сыйлыктарды алды[98].*

**М. Орозбаев**

Куршаб району көп тармактуу иш алып барганын дал ушундан байкоого болот. Жибекчилик да өз кезинде өтө баркталып, алдыңкы өндүрүштүк чарба катарында болгон. Буга далил катары жогорудагы газетанын кезектеги басмасынан орун алган маалыматнаамадан көрүүгө болот.

[98] Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Жибекчиликтен чоң киреше" №61 (885) дүйшөмбү, 2-август, 1954-жыл.



## Мамлекетке көп пахта беребиз

*КПСС БКнын сентябрь, февраль, март жана июнь Пленумдарынын перспективалуу чечимдерине шыктанышып, биздин Ленин атындагы колхоздун пахтакер-колхозчулары өндүрүштүк сырье болгон пахтаны мамлекетке көп берүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшашып жатышат.*

*Биздин колхозго 520 гектар жерге пахта эгүү планы берилген эле. Муну жай айында эң кыска мөөнөттө агротехниканын негизинде сапаттуу кылып эгүү менен колхозчуларыбыз жай айларында күжүрмөндүктө пахтанын аралыктарында иштешип, пахтанын мол түшүмүн камсыз кылышты. Өзгөчө №1- №2- №5- №7-бригадаларда пахтанын мол түшүмү болду. Өстүрүлгөн пахтанын түшүмү мол болду.*

*Өстүрүлгөн пахтанын түшүмүн коромжусуз өз убагында жыйнап алууга быйылкы жылы өткөн жылдарга караганда уюшкандык менен баштадык. Пахта терим баштоодон мурда колхоздун бригадалары боюнча 10 жерде чоң жана майда кырман, 9 жерде шыйпаңдарды ремонттоп жана жаңыдан салып даяр кылдык. Терилген пахтаны ташуу үчүн 7 араба жана 2 автомашинаны бөлүп койдук. Теримчилер үчүн 500 даана этек, пахтаны капташ үчүн 300 кап даярдадык жана азыр да андан тышкары керектүү санда этек кап менен камсыз кылып жатабыз. Пахта терүүдө жана аны мамлекетке тапшырууда №1- бригад (бригадири Асыранов Бөрүбай) бардык бригаддын алдына барууда. Бул бригадда 40 киши уюшкандыкта ишке толук эрте чыгышып, күндөлүк эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу менен ар бири нормаларын толук жана ашыгы менен аткарышат. Пахтаны мол түшүмүн камсыз кылгандыгы үчүн*

*бригадири жолдош Асыранов Москвага айыл чарба көргөзмөсүнө барып келди.*

*Ушундай эле №7-бригад (бригадири Тажибаев), №5-бригад (бригадири Калмуратов Щахид), пахта терүүдө, косек терүүдө жана мамлекетке тапшырууда жакшы көрсөткүчтөргө ээ болуп жатышат.*

*Пахта, косек терүүдө №1-бригаддан: Муратова Урулуу, №2-бригаддан Ахматова Маинсат, Мавлянова Сабат, №3-бригаддан:Жолдошова Батма, Айдаралиева Касыет, №7-бригаддан: Эрматова Моңус, №4-бригаддан: Мурзабдиллаева Шарапаттар эң жакшы иштешип, 130-150 килограммдан пахта теришет. Мындай алдыңкы теримчилердин саны барган сайын көбөйүп жатат.*

*Пахтаны, косектерди ташышып жана колхоздун ар түрдүү иштерин түндөсү жана күндүзү болсун аткарууда ак ниеттери менен автомашинаны рационалдуу пайдаланышып, колхоздун шоферлери: Кадырбаев Сатар жана Кадыров Момунжан эң жакшы иштешет жана эл арасында зор абийирге ээ. Эмгек тартиби жакшы уюштурулгандыктан жаш күндөлүк эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулаткандыктан майрамга чейин мамлекетке колхозубуз 39.84% пахта тапшырды. Бул көрсөткүч улуу майрамга белек менен тосуп алгандыгыбыз.*

*Пахтаны жаан-чачынга жана кардын алдында калтырбай жыйнап жана пахтаны мамлекетке көп берүү үчүн Ленин атындагы колхоздун колхозчулары ички бардык резервдерин толук жумшашат жана мамлекеттик пахтанын планын толук аткарууну өзүлөрүнүн кечирилгис эң ардактуу милдеттери кылып коюшат*[99].

***Ж.Сагынбаев,***
*колхоздун председатели*

[99] Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Мамлекетке көп пахта беребиз". №85 (909) 7-ноябрь 1954-ж.



Өзгөчө пахта теримде бригадалар, колхоздор жарыша мол түшүмдүү жана көрсөтүлгөн проценттен көбүрөөк тапшырууга жан далбас уруп аракеттенишкени айкын. Куршаб району да дал ушундай миссияда айтылган мөөнөтүндө ашыкча тапшырууга далалаттанган.

## 332 койдон 432 козу

*Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XIX съезди, малчылардын алдына зор милдеттерди койду. "Бул милдеттерди аткарууда биз колхоздук коомдук малдардын санын мындан ары көбөйтүп, алардын азык-түлүктүүлүгүн бир кыйла өстүрүү үчүн бардык күчүбүздү жумшоого милдеттүүбүз" - дейт, Калинин атындагы колхоздун чабаны жолдош Жусупов Назар.*

*Партиянын XIX съездинин директиваларын 1953-жылда ишке ашырууда, Калинин атындагы колхоздун мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунда талкуулашып, колхоздук чарбанын бардык түрүн өнүктүрүүдө өздөрүнө ачык милдеттемелерди алышкан эле. Чабан Жусупов Назар өзүнө алган милдеттенмесин ак ниети менен аткарууда, малдарды жакшы кыштатуу чечкиндүү мааниге ээ экендигин түшүндү. Ал өзүнүн алган милдеттенмесин аткарууда койлорду жакшы кыштатуудан баштады. Колхоз тарабынан берилген тоюттарды өз убагында берүү менен рационалдуу пайдаланды жана өзүнө байланыштуу бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп, өзүнө бекитилип берилген 350 койду чыгашасыз орто семиздүүлүктө кыштатуудан чыгарды.*

*Мал чарбасында жана анын санын көбөйтүүдө эң жооптуу мезгил мал төлдөтүү компаниясы болот. Төлдөө убагында чабан Жусупов Назар күнү-түнү менен койлордун жанынан кетпестен иштеди. Тууган койлорго жем берип,*

аларды козулары менен аба-ырайынын суук күндөрүндө жылуу короолордо карады.

Жусупов Назар 332 төлдөгөн койдон 432 баш козу алып отурат, анын ичинен бир кой үчтү, бир кой төрттү тууган. Бардыгын чыгашасыз өстүрүп жатат. Жолдош Жусупов Назар өткөн 1951-1952-жылдарда чабандык кылууда ак ниеттүүлүк менен жакшы иштегени үчүн колхоз тарабынан 36 баш кой-козуну кошумча эмгеги үчүн алган болуучу. Жусуповдун койлору толук тууп бүтө элек. Жусупов Назар 1-май майрамын өзүнүн чабандык милдетинде чоң жетишкендиктер менен тосуп олтурат[100].

## Куршаб районунун алдыңкыларына токтоло кетсек

### Алдыңкы саанчы

"Мен", - дейт №2-сүт-товар фермасынын саанчысы **Ызат Токтосунова,** "1957-жылы өзүмө бекитилип берилген 12 баш саан уйдун ар биринен 2200 литрден сүт саап алуу жөнүндөгү милдеттенмемди абийирдүүлүк менен аткардым. Үстүбүздөгү жылы Советтер Союзунун Коммунисттер партиясынын Борбордук Комитетинин 1958-жылдын Биринчи Майына карата жазган кужурмөн чакырыктарын зор шыктангандык менен тосуп алдым. Мен быйыл өзүмө бекитилип берилген 12 тубар уйдун ар биринен 2 500 литрден сүт саап алууга убада бердим. Убадамды орундатуу үчүн майрам алдындагы мелдешке кошулдум."

Жолдош Токтосунова уйлардын сүт продуктуулугун жогорулатуу боюнча жаш саанчылар менен аңгемелерди

[100] Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "332 койдон 432 кой" №37 (733) жума, 1-май, 1953-жыл.



өткөрүп турат. Мында бардык саан уйлар рацион боюнча тоюттандырылат. Тоюттар ар бир уйдун тирүүлөй салмагына, продуктулуулугуна, эттүүлүгүнө жана жашына жараша белгиленген өлчөмдө берилет. Малчылар саандардын абалына жараша рационду өзгөртүүгө өз сунуштарын кийирип турушат.

Ушул күндөрдө жолдош Токтосунова өзүнө бекитилип берилген уйлардын ар бирине орто эсеп менен суткасына 6 килограммдан шелуха, 5 килограммдан кыркылган беде, 20 килограммдан силос, 2 килограммдан күнжара жана сууга эритилген туз берип турат. Ар түрдүү оорулардан сактоо үчүн малдардын тазалыгына көңүл бурат. Ал ушул күнгө чейин өзүнө бекитилип берилген уйлардын ар биринен 680 литрден сүт саап алууга жетишти[101].

**И. Каримов**

### Алдыңкы комбайнер

Эрдик. Карл Маркс атындагы айыл чарба артелинин мүчөлөрү кылкандуу дан эгиндерин оруп-жыюу жумуштарын тез темп менен жүргүзүшүп жатышат. **Кожомбердиев** жана **Калдыбаев** жолдоштор жетекчилик кылган бригадаларда иш мыкты уюштурулган. Эгин оруп жыюуда иштеген колхозчулар жана механизаторлор үчүн турмуштук шарттар түзүлгөн. Мындагы ар бир колхозчу жана механизатор белгиленген норманы ашыра аткармайынча жумуштан кайтышпайт. Жолдош Карпов башкарган трактордук бригаданын комбайндык агрегатында иштегендер эгин бастыруунун күндөлүк жана беш күндүк графиктерин ашыра орундатышууда. Бригаданын өзү жүрүүчү "С-4"

[101] Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Алдыңкы саанчы" №64 (889) 1957-жыл.

*маркасындагы комбайнда иштөөчү механизатор жолдош Жусуп Турдубаев күнүнө 10-12 гектар аянттагы эгинди бастырып, ал гектар аянттан 8-10 центнерден эгин алышууда. Ал өз комбайнынан өндүрүмдүү пайдаланып, башкаларга караганда колхозчулар арасында кадыр-баркка ээ. Жолдош Турдубаев менен бирге иштеген штурвалчы комсомолец жолдош Эргеш Сатыбалдиев да комбайндын бош туруп калуусуна жол бербейт.*

*Комсомолдун 40 жылдык майрамын татыктуу тосуп алуу үчүн социалисттик жарышка чыккан бул эки жаш комбайнёрлор кыска убакыттын ичинде "Кара-Тарык", "Бозала" участкаларынан 300 гектардан ашык аянттагы эгинди оруп бастырышкан. Булар милдеттенмеден тышкары дагы 150 гектар аянттагы эгинди орууга сөз беришти[102].*

***К. Турдубаев***

## Алдыңкы трактордук бригада

*Куршап МТСинин жолдош Е. Карпов башкарган трактордук бригадасы Карл Маркс атындагы колхоздун жазгы кош айдоо компаниясын жогорку сапатта айдап бүтүрүүдө. Трактористтер **Ф. Буц, Кочкор Аджакунов** өздөрүнүн "ДТ-54" трактору менен күндөлүк нормаларын 140-150 проценттен аткарышып, кыска мөөнөттүн ичинде Карл Маркс атындагы колхоздун участкасынан 224 гектар жерди айдашып, кылкандуу дан эгиндерин сээп беришти. Ошондой эле ушул бригададагы **Мамыт Макамбаев, Анарбай Каримов** деген трактористтер Киров атындагы колхоздун участкасынан 387 гектар жерге дан эгиндерин сапаттуу түрдө сээп бүтүштү.*

[102] Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Алдыңкы комбайнер" №71 (1303) 6-сентябрь 1958-жыл.



*Трактордук бригаданын механизаторлору КПСС БКнын 1-майга карата чакырыктарына шыктанышып, кайраттуулукта иштешүүдө.*

***К. Турдубаев,***
*Карл Маркс атындагы колхоз*

Албетте, иш алдыга жылуу үчүн ынтымактуу жана өз ишинин мыктысы болгон адамдардан куралган командасынын болуусу шартталат. Дал ошол өңүттөн алганда жогорудагы мыкты бригадалардын көбөйүүсү жалпы райондун деңгээлинин көтөрүүлүсүнө түздөн-түз байланыштуу болгон.

*Ош облусттук мамлекеттик архиви. Ф. 26, Оп. 1, ех. хр. 1.*
*Эмгек Туусу газетасы. Куршаб райондук басмакасы*
*Орган Куршабского райкома КП Киргизии и районного Совета депутатов трудящихся 1957 г. с №7, по № 99*

## 2.3. Куршаб району Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында

Фашисттик Германия 1939-жылы дүйнөлүк экинчи согушту баштап, Европанын бир катар мамлекеттерин: Чехословакияны, Польшаны, Францияны, Бельгияны, Голландияны, Данияны, Норвегияны, Югославияны, Грецияны басып алган. Натыйжада Германиянын экономикалык абалы, согуштук күчү чыңдалган. Дүйнөлүк үстөмдүккө жетүүнү көздөгөн фашисттик Германия 1941-жылдын 22-июнда СССРге кол салган. Ал "Барбаросс" деп аталган планы боюнча Советтер Союзун бир нече жумада эле талкалап, 1941-жылдын кышына чейин СССРдин европалык бөлүгүн толук басып алмак. Адегенде эле фашисттик Германиянын 5,5 млн адамдан турган 190 дивизиясы Совет өлкөсүнө басып кирген. Германия менен СССРге каршы согушка Италия, Финляндия, Румыния, Венгрия, Испания катышкан[103].

1941-жылдын 30-июнунда СССР Жогорку Советинин Президиумунун ВКП (б) БКнын жана СССР Эл Комиссарлар Советинин чечими боюнча мамлекеттик коргоо комитети түзүлгөн. Бул комитеттин колуна өлкөнүн бардык согуштук, саясий жана чарбалык жетекчилиги өткөн. Мамлекеттик коргоо комитетинин курамына И.В. Сталин (төрага), Н.А. Булганин, Н.Л. Возденский, К.Е. Ворошилов, Л.М. Каганович, Г.М. Маленков, В.Н. Молотов кириштн[104]. СССРдеги жашаган бардык элдер гитлердик баскынчыларга каршы күрөшүүгө бир ой-пикирде аттанышты.

Бардык советтик республикалар боюнча Ата Мекендин көз каранды эместиги, эркиндиги жана ар намысы

[103] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. "Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар" ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2008. 121-б.

[104] Мырзубраимов Б., Нурумбетов б., Садабаев Ы., Райымбеков А., Адашов Ж. Көңүлүн тарткан өзгөнүн, көп жерден артык Өзгөнүм. Ош. 1998-ж. 54-55-бб.



үчүн көп эл катышкан чогулуштар өтүп, аларда жумушчулар, колхозчулар, интеллигенция өкүлдөрү Ата Мекенди коргоо үчүн күчтөрүн, эмгегин, керек болсо өмүрүн аябай тургандыгын билдиришкен.

Кыргызстандын эл чарбасынын бардык тармактары фашисттик Германиянын СССРге капысынан кол салышынан кийин тез эле согуштук абалга ыңгайлаштырылып, кайрадан түзүлгөн. "Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!" деген чакырык республиканын жумушчу, колхозчу жана интеллигенциясынын арасында кубаттуу патриоттук колдоого алынган.

Завод-фабрикаларда өндүрүлгөн сырьёлор сапат жагынан да, сан жагынан да алда канча тез темп менен өскөн. Бир нече жаңы ишканалар тездик менен курулган. Жеңил өнөр жай ишканалары Советтик Армиянын жоокерлерине кийим тигүүгө өткөн. Согуш жылдарында аскерге чакырылуу курагындагы эркектердин эмгекке жарактууларынын көпчүлүгү фронтко кеткендигине байланыштуу айыл чарбасы көп кыйынчылыкка учураган. Жергиликтүү улуттан 36 миңден ашуун колхозчу Урал, Кузбасс, Караганды, Куйбышевдин заводдорунда, шахталарында, рудниктеринде жана темир жолдорунда иштөө үчүн жиберилген. Эмгекке жарактуу бардык аялдар менен өспүрүмдөр айыл чарба жумушуна тартылган. МТС менен совхоздордо тракторист, механизаторлорду даярдоо үчүн курстар ачылып, 1941-жылдын ноябрына чейин бул курстарды 3 809 аял (3 193ү тракторист, 616сы комбайнёр) бүткөн[105]. Жан аябай эмгектенүүнүн натыйжасында кыштактагы эмгекчилер кыска мөөнөттө түшүм жыйноону аяктаган. Республиканын колхоз-совхоздору 1941-жылы согушка чейинки 1940-жылга салыштырганда данды, пахтаны, эт менен жүндү бир кыйла көп берген.

[105] Кыргыз ССР энциклопедиясы. Фрунзе. 1983-жыл. 153-бет

1941-1944-жылдары Куршаб районунун билим берүү борбору аталган К.Е. Ворошилов атындагы орто мектептин имаратында согуштук горнизон жайгаштырылган. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин кайрадан К.Е. Ворошилов атындагы орто мектеби болуп берүү ишмердүүлүгүн уланткан. Андан тышкары да жергиликтүү калк колдон келген жардамын фронт үчүн жумшап, мекенчилдик сезим менен иш алып барышкан. Кандуу майданга Куршаб аймагынан аттанган жоокерлер да Улуу Ата Мекендик согушта эрдик жана каармандыкты көрсөтүштү.

Кыргызстандык жоокерлер согуштун биринчи күнүнөн эле фашисттик баскынчылар менен баатырларча кармаша башташкан. Чек арадагы Брест чебин коргоо Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхындагы маанилүү барактардан болуп калган. Жоокерлер бир айдан ашык убакыт бою чепти душманга бербей кармап турушкан. Алардын арасында кыргызстандык В.И. Фурцев болгон. Ал эми Н.М. Дмитриев 1941-жылы 10-июлда Белоруссиянын Борисова шаарын коргоодо душмандын эки танкасын талкалаган. Согушта көрсөткөн эрдиги үчүн ал 1941-жылы 31-августта кыргызстандыктардан биринчи болуп Советтер Союзунун Баатыры деген ардактуу наамга татыктуу болгон.[106]

1943-жылы октябрда 309- дивизия Днепрдин оң жээгинде Балык жана Шучинка айылдарын ээледи. Взводдун командири жердешибиз **Иван Семенович Решетник** жеке өрнөгү менен жоокерлерди шыктандырып, дайыма уруштун эң кыйын жеринде болду. Пулемоттун расчету катардан чыккан кезде Решетник душмандарга карай өзү ок жаадырды. Ошол салгылашууда ал 30дан ашык гитлерчини жок кылды. Днепрди сүзүп өткөндүгү, андагы көрсөткөн эрдиги жана баатырдыгы, дарыянын оң жээгиндеги плацдармдагы салгылашуулар үчүн пулемот взводу бүт бойдон Мекендин сыйлыгына көрсөтүлүп, Иван Семенович Решетник Советтер Союзунун Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болду.[107]

[106] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. "Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар" ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2008. 121-122-бб.



Кыргызстандын аскер комиссары генерал-майор И.В.Панфилов командалык кылган 316-аткычтар дивизиясы өзгөчө сөз кыларлык эрдиктер менен белгилүү. Бул дивизия Казакстан менен Кыргызстандын өкмөттөрү тарабынан түзүлгөн. Дивизиянын курамы ушул эки республиканын дыйкандарынан, жумушчуларынан жана кызматкерлеринен турган. Анда казак, кыргыздардан тышкары орустар, украиндер ж.б. улуттардын өкүлдөрү болгон. 1941-жылы ноябрда болгон согушта бул дивизиянын жоокерлери өздөрүнөн төрт эсе күчтүүлүк кылган душман менен кармашкан. Бир ай бою өздөрүнүн чегин бекем кармоо менен дивизиянын бөлүктөрү душмандын 2-танкалык, 29-мотордоштурулган, 11-жана 110-жөө аскерлер дивизиясын талкалап, 9 миң немец солдаттары менен офицерлерин, 80 танканы жана башка куралдарды жок кылышкан. Командованиенин тапшырмасын үлгүлүү аткаргандыгы үчүн 316-аткычтар дивизиясы 8-гвардиялык деген наам алып, Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. Волоколамск районундагы Гуськова деген кыштактын жанында 1941-жылдын 18-ноябрда И.В. Панфилов курман болгон. Өлгөндөн кийин ага Советтер Союзунун

[107] Кыргызстан компартиясынын БКнын алдындагы партия таануу тарыхы институту – КПСС БКнын алдындагы Ленин ордендүү марксизм-ленинизим институтунун филиалы. Алардын эмгеги түбөлүккө жашайт. Фрунзе "Кыргызстан" 1986-жыл. 194-196-бб. (В. Крыгин)



*Генерал-майор И.В. Панфилов жана Кыргызстан КП БКнин секретары А.Рысмендеев (булгаары тужуркечен) Ош областтык согуш комиссариатындагы офицерлер менен аскерге чакырылуучулардын арасында. Асанакун Рысмендеев солдон төртүнчү, жана Иван Панфилов оңдон үчүнчү. Ош областынын Куршаб кыштагы. 1941-жылы июль.*

Баатыры деген наам берилип, ысымы өзүнүн дивизиясына ыйгарылган.[108]

3-Белорус фронтунда, Селец-Бобр районунда 1944-жылдын 24-июнунан 27-июнуна чейин жүргүзүлгөн согуштук аракеттерден учурда жердешибиз **Н.С. Калашников** командалык кылууда өзгөчө жөндөмдүүлүктү, муну менен бирге каармандыкты, эрдикти жана баатырлыкты көрсөттү. Анын батальону Селец – Смоляны – Толочин – Бобр багытында салгылаш менен алга жылып, душмандын көптөгөн аскер күчтөрүн, техникаларын жок кылды. Бул салгылаштарда батальон душмандын эки

[108] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. "Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар" ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2008. 121-122-бб.



миңге жакын солдатын жана офицерин, 190 автомашинасын, 500 жүктүү киресин, өзү жүрүүчү 5 замбиректи, 35 бронетранспротерду, танкка каршы 2 батерияны, ок-дары складын, 2 темир жол эшалонун колго түшүрдү жана жок кылды.[109] 1944-жылы июнда Белоруссияда көрсөткөн эрдиктери үчүн ефрейторлор **Осмон Жакыпов** менен Ж. Асаналиев, лейтенант Е. Курочкин, лейтенант **Лаврентий Царенко**, пулемётчик Р. Азимов, лейтенант С. Сухин катардагы жоокер А. Хименко ж.б. Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушуп, кыргызстандыктардын даңкын чыгарышкан.[110]

1944-жылдын 3-июнда Днепр дарыясынан сүзүп өтүүдө жана анын оң жээгиндеги плацдармды кармап туруудагы салгылашууларда каарман артиллеристтин көрсөткөн эрдиги жана баатырдыгы үчүн жердешибиз **Мамасалы Тешебаевге** Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген. Ал кийин Киев, Житомир, Гомель жана башка шаарларды бошотуу үчүн салгылашууларга да катышкан.[111]

[109] Кыргызстан компартиясынын БКнын алдындагы партия таануу тарыхы иститутy – КПСС БКнын алдындагы Ленин ордендүү марксизм-ленинизим институтунун филиалы.Алардын эмгеги түбөлүккө жашайт. Фрунзе "Кыргызстан" 1986-жыл. 103-105-бб. (А. Аляничков)

[110] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. "Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар" ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2008. 129-б

[111] Кыргызстан компартиясынын БКнын алдындагы партия таануу тарыхы иститутy – КПСС БКнын алдындагы Ленин ордендүү марксизм-ленинизим институтунун филиалы.Алардын эмгеги түбөлүккө жашайт. Фрунзе "Кыргызстан" 1986-жыл. 236-б.

Биз Улуу Ата Мекендик согушка ошол кездеги Куршап районунан канча жоокер аттанганын анализдеп көрсөк:

**Приложение к постановлению СНК Киргизской ССР №1701 от 7-XII-1938 г.**

**ПЕРЕЧЕНЬ**

Районов, городов, поселков и сельских советов, с указанием на каком языке будет проводиться Всесоюзная перепись населения 1939года Киргизский ССР.

| № П-п | Название районов | Название сельсоветов, в которых перепись населения будет проводиться на языке: | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Киргизском | Русском | Узбекском |
| 36. | Куршабский | Караульский<br>Джантуринский<br>Ердыкский<br>Ялпокташский<br>Карагузский<br>Кочкоратинский<br>Кызыл-Октябрьский<br>Куршабский<br>Каракиякский<br>Караташский<br>Кызыл-Суйский | Ленинский | |

*Ош облусттук мамлекеттик архиви. Ф. 1, Оп. 1, ех. хр. 401,188-б. Постановления Совета народных Комиссаров Кирг. ССР за 1938-1939гг.*

Жогорудагы маалымат 1939-жылы бүт СССР боюнча эл каттоо алдынан райондордун селсоветтеринде кайсы тилде эл каттоо болорун тактоо максатында такталган маалыматнаама. Андан Куршаб районуна караган 12 сельсоветти жана кайсы тилде процесстин жүрүшүнөн маалымат алууга болот. Андагы эл каттоо боюнча 29 656 киши каттал-



талган. Анын ичинде 80,0 % - кыргыздар, 6,3 % - өзбектер, 6,0 % - украиндер, 6,0 % - орустар.[112]

Демек, согуш алдынан Куршап районунун калкынын саны 29 656 адам болсо, анын тең жарымы аялдар (14 828) болсо, ал эми эркектердин 3/1 (4 942) бөлүгү жаш балдар жана кары-картаңдар болсо, ошол эле учурда ар кандай себептерден улам согуш талаасынан калган эркектерди да эске алуу менен бирге ишке жарамдуу эркек кишинин саны 7 000ге ( жети миң) чукул адам Куршаб районунан согуш талаасына аттанган десек болот. Ал эми Куршаб селсоветинен (айыл өкүмөтүнөн) 816 жоокер аттанып, алардын 260ы баатырларча курман болгон. 556 жердешибиз болсо өз айылдарына кайтып келишкен.[113]

Ошентип, Улуу Ата Мекендик согушта Совет эли эркиндик, көз каранды эместик үчүн жан аябай салгылашышкан. Совет элинин кайратман баатырдыгы, жоокерлерибиздин эрдиктеринин натыйжасында 1945-жылы 9-майда душман талкаланып, Берлинде фашисттердин уюгу жок кылынды. Согуштагы эрдиктери үчүн 150 миң кыргызстандык жоокерлер орден жана медалдар менен сыйланышкан. Алардын 73ү Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушкан. Алардын 5и Куршаб айыл өкмөтүнөн экендиги кубандырбай койбойт. 34 жоокер Даңк орденинин үч даражасын тең алышкан. Кыргызстандык жоокерлердин 160 миңи мекенин, өз элинин эркиндиги үчүн курман болушкан. Алардын 5 миңи дайынсыз жок болгон.[114] Алардын өлбөс-өчпөс эрдиктери жүрөгүбүздө сакталып, эч ким, эч качан унутулбайт!

[112] ЦГА Админстративно-территориальное деление Кыргызстана 1924-1945 том 1 Бишкек 2019

[113] Куршаб айыл өкмөтүнүн аскердик кызматка каттоо жана жөнгө салуу бөлүмүнөн алынды.

[114] Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) Бишкек. 2019-ж. 207-б

## 2.4. Куршаб районунан чыккан Советтер Союзунун Баатырлары



**Советтер Союзунун Баатыры ардактуу наамынын медалы**

**Советтер Союзунун Баатырлары** – мамлекет алдында эрдиги үчүн берилчү жогорку даражадагы ардактуу наам. СССР БАКтын 1934-жылдын 16-апрелдеги токтому менен бекитилген. Наам СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан ыйгарылган жана Советтер Союзунун Баатырларына Ленин ордени, Алтын жылдыз медалы жана СССР Жогорку Советинин Президиумунун грамотасы тапшырылган.



УАМ согушта Кыргызстандык жоокерлердин 73ү Советтер Союзунун Баатыры деген ардактуу наамга татыктуу болгон.[115] Алардын бешөөсү Куршаб аймагынан болгон. Алар:

- **Жакыпов Осмон**
- **Калашников Николай Семёнович**
- **Решетник Иван Семёнович**
- **Тешебаев Мамасалы**
- **Царенко Лаврентий Иванович**

Алдыда алардын ар бири боюнча кенен токтолуп өмүр таржымалдары жана көрсөткөн эрдиктери баяндалат.

### ЖАКЫПОВ ОСМОН



Осмон Жакыпов 1911-жылы Анжиян областынын Халдыванбек районундагы Найман кыштагында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1926-жылы үй-бүлөсү менен биргеликте Куршаб волостунун Тогуз-Булак кыштагына көчүп келишкен. Улуту кыргыз, Кызыл-Октябрь колхозун түзүүгө активдүү катышкан. Комсомолдун чакырыгы боюнча 1940-1941-жылдары Отуз-Адыр каналынын курулушунда иштеген. Советтик армиянын катарына 1941-жылы чакырылган. Гвардиянын ефрейтору. Аткыч-автоматчы. Өзүнүн күжүрмөн жолун Сталинграддын алдында

[115] Кыргыз Тарыхы. Энциклопедия. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек, 2003. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университети.

баштаган. Андан кийин көптөгөн фронттордо салгылашкан. Осмон Жакыповдун фашисттик баскынчылар менен болгон салгылашуусу жана анын кайталангыс эрдиктери 1-Прибалтика фронтунун 67-аткычтар дивизиясынын 201-гвардиялык полкунда башталган.

1-Прибалтика фронтунун 67-аткычтар дивизиясынын гвардиялык 201-полку жайдын күнү фашисттер тарабынан абдан бекем чыңдалган Витебск областынын Сиротино – Орша районунда салгылашуу менен чалгындоо жүргүзүп, мына ошондон кийин чабуулга өтүүгө кужурмөн тапшырма алган.

Белоруссияны фашисттик немецтерден арылтууга мүмкүнчүлүк берген "Багратион" операциясы башталган болчу. Мына ошентип, "Багратион" операциясынын алгачкы стадиясында негизги оорчулук артиллеристтердин, танкисттердин жана албетте эң биринчи кезекте "талаалардын падышасы" аталмыш – жөө аскердин мойнуна түштү. Албетте, катардагы жоокерлер баштаган эбегейсиз зор операциянын майда-барат, кылдат жактары менен кабардар болгон эмес. Кабарлоонун да каражаты жок болчу. Алар өзүлөрүнүн гвардиялык полку 67-аткычтар дивизиясынын курамында Сиротино – Оршанын районунда салгылашуу менен чалгын жүргүзүүгө тийиш экенин билишчү. Алар дагы аз гана күндөн кийин СССРдин Мамлекеттик чек арасына чыгарып билишкен жана ага ишенишкен. Ошондуктан гвардиялык 201-аткычтар полкунун курамынын көпчүлүгү бирден бир гана тапшырманы чакан белорус кыштагы Орехини душмандан бошотуп алууну, аны душмандардан тазалоону, а андан ары болсо жаңы буйрук болот, аны дагы азыркы кездеги машыгуунун болобу, өз өмүрүндүн баасы менен болобу мурдагыдай эле кынтыксыз аткаруу зарыл экендигин билишкен.



Полк буйрукту алары менен чабуулга умтулду. Ошондо ар бир жоокер болобу же офицер болобу бир гана нерсеге: тайманбастыкты жана эпчилдикти көрсөтүү менен баарынын алдында, биринчи болууга умтулушту. Ошондой болсо да баары бир гвардиянын ефрейтору Жакыпов Осмон өзүнүн өзгөчөлүгү менен ар дайым жолдошторун алга сүрөп жүргөн эң биринчилерден болуп чыкты.

Душмандын траншеясында бетме-бет кармашуу башталды. А мында болсо ким чапчаңыраак жана шамдагайыраак, ким сабырдуураак жана албетте, кимдин жеңүүгө каалоосу жана умтулуусу көбүрөөк болсо, ошол жеңери такай айкындалган жана айдан ачык. А советтик жоокерлерде болсо бул сапат албетте жетиштүү болгон. Осмон Жакыпов душмандын траншейине атылып түштү. А дегенде чеке маңдайынан, анан сол жакка, анан оң жакка автоматтан окту чуурутту. Эң башкысы жок дегенде жарым секундага, жок дегенде көз ирмемге сени мээлеп аткан душмандан озуу керек. Андан кийинки траншейге жетишти. Анын деле биринчисинен эч кандай айырмасы жок, эмнеси болсо да сени жок кылам деп мээлеген баягы душман. Ошондуктан кайрадан эле баягыдай тике маңдайга, сол жакка, оң жакка автоматтан октон чуурутмай. Андан кийин кундактын жексен кылуучу соккусу, анан кайрадан алга жана алга! Аңгыча капыстан эле таптакыр жакын жерден баарын тең мойсоп, шылыган эки пулеметтун октору чууруду. Дзот, октор ар бир тал-бадалды, чөптү шыпырып жаткандай сезилет. Ар кандай кыйынчылык болсо да баарын жеңип, душмандан бошотуп алуулары тийиш болгон, согуш тытмалап салган жан боорундай болгон Орехи кыштагы кол сунсаң жеткидей эле жерде турат. Бирок батальон баш көтөрө албай калды.

Долгов өзүнүн жоокерлеринин бирөөсүн карады эле, Осмон ал гранаттарды байлаштырып тез кармай салды.

өзүнүн командиринин оюндагысын айтпаса да түшүнүп, бул убакыттын ичинде автоматтын дискасын алмаштырып алды.

Жазгы ала-шалбырттын суулары жеп кеткен кичинекей аң-чөнөктөргө тоголонуп түшүп, кенедей борчуктарга, дөбөчөлөргө далдаланып сойлоп отуруп ага жеткиче ефрейтор Осмон Жакыпов ошол дзотко чейинки бир канча ондогон метр канчалык узак аралык болуп көрүнгөнүн эч ким билбейт. Өмүрдү өлүмдөн ушунчалык айкын ажыратып турган ошол аз гана аралыкты ал деле өлчөгөн эместир. Дагы бир канча метрди сойлоп өткөндөн кийин Осмон Жакыпов токтоп демин басып, өзүн-өзү тынчтандырууга мажбурлады. Ажал агыткан от бүркүп жаткан амбразура жапжакын эле жерде болчу, ошондуктан дзотту ушунчалык бат жок кылгысы келип кетти. Бирок, Осмон дзотту өзүнүн досторун көздөй бир да ок чыгаргыс кылып, биротоло тыйпыл кылууга милдеттүү экенин жана бул өзүнүн парзы экенин түшүнгөн. “Шашылба”,-деп ал ичинен взводдун командири Долговдун сөзүн кайталап, денесин таштай түйүлтө салып, аркасына ыктай түштү да кучагын кеңири шилтеп, байлаган гранаттарды от бүркүп аткан кара тешикке ыргытты. Кулак тундурган жарылуу жер силкинтти, кандайдыр бир убакыт айлананы жымжырт кылып, чубалжып чыккан түтүн душмандын дзотундагы пулеметтун тытырагын жутуп кеткендей болду. Бирок ошол эле замат анын жоокер-жолдошторунун жер-сууну жарган “Ура-а!” деген кыйкырыгы жарым контузия болгон Осмон Жакыповду жерден көтөрүп кетти, ал жолдоштору менен кошо чабуулду улантууга умтулуп, чабуул коюп келе жаткандарга карап бурулуп, куралын таштап, колун көтөрүүгө үлгүргөндөрдү гана аман калтырып, туш келди далбастан качкан гитлерчилерди кубалап бара жатты. Аңгыча эле капыстан катуу, ысык, көкүрөктү жарып жиберген катуу



бир нерсеге урунгандай боло түштү. Ал өз өмүрүндөгү эң акыркы чабуулуна жолдошторун ээрчитип, дагы бир нече кадам жасаганга үлгүрдү. Осмон Жакыповдун эр жүрөктүк менен көрсөткөн эрдиги бааланып, ага өлгөндөн кийин 1944-жылдын 22-июлунда Советтер Союзунун Баатыры наамы берилген.[116] Кийинчерээк жашаган айылындагы мектепке жана көчөгө аты ыйгарылган.

## КАЛАШНИКОВ НИКОЛАЙ СЕМЕНОВИЧ



К.Н. Семенович 1913-жылы Пишпек шаарында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту-орус. Фрунзедеги айыл-чарба техникумун бүтүргөндөн кийин республиканын түштүгүндө, Куршаб районунун Ленин айылында зоотехник болуп иштеген. 1935-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган жана Ташкенттеги В.И.Ленин атындагы жөө аскерлер окуу жайына жиберилген. Аны бүткөн соң ошол жерде кызмат өтөөгө калган. Улуу Ата Мекендик согуш башталганда улуу лейтенант Н.С.Калашников Фрунзе атындагы согуш академиясына жиберилип, анын тездетилген курсун окуп бүткөндөн кийин 1942-жылы фронтко жөнөтүлөт. Анын командачылыгы астында автоматчылардын моторлоштурулган батальону 1944-жылдын июнунун башында душмандын тылында эң сонун рейд өткөргөн кезде анын төшүндө Сталинградды коргогондугу

[116] Кыргызстан компартиясынын БКнын алдындагы партия таануу тарыхы институту – КПСС БКнын алдындагы Ленин ордендүү марксизм-ленинизим институтунун филалы. Алардын эмгеги түбөлүккө жашайт. Фрунзе “Кыргызстан” 1986-жыл. 283-286-бб. (А. Альянчиков)

үчүн медалы, Кызыл Жылдыз ордени жаркырып турган болчу. Эң башкысы ошол убакка чейин өзү да душманга каршы салгылашуу аракеттенүүнүн мыктысы болуп калган. 1944-жылдын 22-июнунда Белорусиянын бошотуу операциясына түздөн-түз катышкан. 3-Белорус фронтунун бөлүктөрүн чалгындоо салгылаштарын жүргүздү. Автоматчылардын моторлоштурулган батальонунун, гвардиянын майору Калашниковдун командачылыгы менен душмандын тылында жүргүзүлгөн легендарлуу рейди жөнүндө айтуудан мурда фронттордо түзүлүп турган ошондогу жагдайларга “Багратион” операциясын ишке ашырууда аскерлердин аракеттерин топтоштурган Г.К. Жуков тарабынан берилген бааны эскере кетели.

Г.К. Жуков: “Немец аскерлеринин “Борбор” армиялар тобунун коргонуу линиясынын алдыңкы чеги чабуулдун башталышына карата Полотицкийден Витепскийге, андан нары Орша-Жлобин-Капаткевичи-Житковичи жана Пряпять дарыясы аркылуу өткөн. Полоцк, Витбекс, Орша, Могилев шаарлары душмандын колунда болчу. Мына ушул чоң шаарлар, ага кошумча Днепр, Друть, Березина, Свислочь дарыялары, андан башка да көптөгөн өзөндөр менен суулар душмандын терең эшелондоштурулган коргонуусунун өзөгүн түзүп, батыштагы эң маанилүү Варшава-Берлин стратегиялык багытын тосуп турган”, -деп жазган. Көрүнүктүү аскер башчылары душмандын коргоону системасына мына ушундай мүнөздөмө беришкен. Эми гвардиянын майору Н.С.Калашников Советтер Союзунун Баатыры деген наамга көрсөтүлгөн сыйлоо баракчасын окуп көрөлү:

*“3-Белорус фронтунда, Селец-Бобр районунда 1944-жылдын 24-июнунан 27-июнуна чейин жүргүзүлгөн согуштук аракеттердин учурда жолдош Н.С. Калашников командалык кылууда өзгөчө жөндөмдүүлүктү муну менен бирге*



*каармандыкты, эрдикти жана баатырлыкты көрсөттү. Анын батальону Селец – Смоляны – Толочин – Бобр багытында салгылаш менен алга жылып, душмандын көптөгөн аскер күчтөрүнүн, техникаларын жок кылды. Бул салгылыштарда батальон душмандын эки миңге жакын солдатын жана офицеринин, 190 автомашинасын, 500 жүктүү кирени, өзү жүрүүчү 5 замбиректи, 35 бронетранспротерду, танкка каршы 2 батерияны, ок-дары складын, 2 темир жол эшалонун колго түшүрдү жана жок кылды. 1944-жылдын 25-июнунунда Озерца-Толочин районунда батальон танктар менен биргеликте аракеттенип, душмандын Орша – Минск шоссе жана темир жол боюнча чегинүүсүн тороп таштады, бул немец аскерлеринин алдын ала ойлонуштурулган чегинүүсүнө дүрбөлөң алып келди.”* Биздин жоокерлердин теңдешсиз эрдиги менен баатырлыгын, советтик командирлердин полководецтик таланттарын баалайбыз жана бул эрдиктер аркасынан келген тынчтык заман үчүн алардын эрдиги эч качан, эч жерде унутулбасын эске салып, кийинки муун ар дайым өрнөк алабыз.

1944-жылдын 26-июнунда Н.С. Калашниковдун моторлоштурулган батальону да ичинде болгон 19-танкалык бригада душмандын Орша группировкасынын тылына өтүп, аларды темир жол станциясын жана Толочин шаарын ээлөө жөнүндө командованиенин буйругун алган болчу. Буйрукту алгандан кийин гвардиянын майору Калашников өзүнүн командалык пунктуна командирлерди чакырып, аларга батальондун алдында турган милдетти кыскача баяндады, колоннанын кыймыл тартибин так белгиледи. Анан арадан бир саат өткөн соң автоматчылардын мотобатальону фронтту жарып өтүүгө жөнөп кетти. Бул батерияга эки түрдүү милдет: бир жагынан, гвардиячылардын жарып өтүүчү чабуулун камсыз кылуу, экинчи жагынан, душман кокусунан тылдан кол салып калса,

аларды тосуу милдеттери жүктөлгөн. Гитлерчилерге эсин жыюуга мүмкүнчүлүк бербей, гвардиянын майору Н.С. Калашниковдун батальону элдүү ири пункт Смолянынын ээлеп алды да, аны душмандардан тазалаган соң, Толочин шаарын көздөй чабуулун улантты. Батальон шаарга чабуулун түштүк-чыгыш жактан баштады, анын чет-жакасын ээлеп алган соң бугуп туруп калды. Бул Калашниковдун тактикалык айла-амалынын бири эле: батальондун токтоп калганын көрүшкөн гитлерчилер, советтик аскерлер алсыраган экен деп ойлошуп, өздөрү контратакага өтүштү. Калашниковдун күткөнү дал ушул эле. Душманды бекем чыңдалган коргонуу позициясынан чыгууга мажбурлаган соң, советтик солдаттар жаалданган катуу чабуулга өтүп, фашисттердин быт-чытын чыгарышты жана кечке жакын шаар баскынчылардан толук тазаланды.

Кан төгүлгөн айыгышкан салгылаштарды дээрлик күн-түн дебей жүргүзүп, душмандын чоң, кичине группировкаларын аёосуз кыйратып, 19-танкалык бригада 1944-жылдын 30-июнунда Борисов шаарынын түштүгүрөөк жагынан Березина дарыясына жетти. Ал немецтер көпүрөнү жарып, сол жээкти артиллерия жана минимёттун октору менен тынымсыз аткылап турушту. Бирок, ага карабастан Березинадан өтүүнү автоматчылар ротасынын коммунисттери менен комсомолецтери башташты. Кээ бирөө дөңгөч менен, кээ бирөө тактай менен, кээ бирөө болсо жөн эле толкун жирей сүзүп, душмандын мөндүрдөй жааган огу астында сууга жабылып кириштти. Мынакей, көп узабай үч автоматчы – Ходырев, Сулодин жана Шумских душман ээлеп турган оң жакки жээкке орношуп алып, таамай атылган октору менен жолдошторунун дарыядан өтүүлөрүнө жардам беришти. Көп узабай толуктоо келип жетти. Душмандын көптөгөн контратакасына карабай жоокерлер бекем орношуп алып, командирдин "Ура,



Ата Мекен үчүн! Алга!" деген кыйкырыгы менен атакага көтөрүлүшүп, душманды куушуп кирищти. Жаалдаган бул чабуул аз эле убакка созулду, гитлерчилер траншеяларын таштай качышты...

...Ушул салгылашуудагы эрдиги үчүн гвардиянын майору **Николай Семенович Калашников Советтер Союзунун Баатыры** наамына көрсөтүлгөн. Ал 1944-жылдын 14-августунда Каунастын түндүгүрөөк жагындагы салгылашууда баатырларча курман болду[117].

## РЕШЕТНИК ИВАН СЕМЕНОВИЧ



Иван Семенович Решетник 1924-жылы Түштүк-Казакстан областынын Пахта-Арал районундагы Ново-Троицкое айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту-украин. Кийинчерээк ата-энеси менен Ош областынын Куршаб аймагына көчүп келген. Ал жөнөкөй дыйкан үй-бүлөсүндө өскөн. Атасы Семен Михайлович граждандык согуштун катышуучусу, Орто Азияда басмачыларга каршы салгылашкан. Согуш бүткөндөн кийин Куршабда туруп калган. Советтик Армияга 1942-жылы чакырылган. Пулемёт взводунун командири.

Ош шаардык аскерлер комиссарианты аны жөө аскерлер окуу жайына жиберген. Курсанттардын бош убактысы деле болчу эмес. Марш-жүрүүлөр, гимнастика снарядда-

[117] Кыргызстан компартиясынын БКнын алдындагы партия таануу тарыхы иститутy – КПСС БКнын алдындагы Ленин ордендүү марксизм-ленинизим институтунун филалы.Алардын эмгеги түбөлүккө жашайт. Фрунзе "Кыргызстан" 1986-жыл. 103-105-бб. (А. Аляничков)

рында көнүгүүлөр, машыгуу полигонунда атуулар. Болочок командирлерди согуш талаасында тактикалык жактан маалыматтуу аракеттенүүгө, куралдын бардык түрүнөн таамай атууга, бетме-бет кармашуунун ыкмаларына ээ болууга үйрөтүшөт. Окуу тездетилген программа боюнча жүргүзүлүп, Иван Решетник төрт айдан кийин кенже лейтенант деген аскердик наам алып, фронтко жөнөтүлөт. Аскер кызматын ал 309-аткычтар дивизиясында баштады, Улуу Ата Мекендик согуштагы анын бүткүл жоокердик жолу да ушул дивизияга байланыштуу.

Пулемет взводунун жаңы командири менен ага ишенилип берилген жоокерлеринин мүнөздөрүн териштирип олтурууга эч убакыт жок болучу. Фашисттерди Сталинградда талкалап, советтик аскерлер чабуулду өрчүтүп бара жаткан кез эле. Решетник жоокердик кызмат өтөөсүн баштаган дивизия 20-армиянын составында Украинанын түндүк-чыгыш бөлүгүн бошотуу үчүн салгылашты. Пирятин шаарын алууда өзгөчө айыгышкан кармашуу болду. Фашисттер алдына: ушул ири темир жол түйүн бардык күч менен колдон чыгарбоо керек – деген милдетти койду. Бир нече күн удаа кан төгүлгөн кармашуулар жүрүп жатты. Решетниктин взводу эң кыйын жерлерде болуп, шаардын көчөлөрүнө биринчилерден болуп кирип жатты. Пирятин шаарын бошотууга катышкандыгы үчүн Иван Решетник өзүнүн биринчи аскердик сыйлыгын – Кызыл Жылдыз орденин алды. Ал эми 309- аткычтар дивизиясы "Пирятиндик" деп аталды.

Катуу салгылашууларда чабуулду улантып олтуруп, 309-дивизия Днепрге жакындады. Сентябрдын орто ченинде Решетник кызмат өтөгөн 3- аткычтар батольону Днепр дарыясына келип, анын сол жээгиндеги Андрюши айылын ээледи. 23-сентябрда дивизиянын бардык под-



разделениелери Дрепрдин боюндагы башталыш чекте турушту.

Решетниктин взводу биринчилерден болуп суудан өтө башташты. Түнкү асманда күйүүчү ракеталар атылып, пулемоттордун үнү басылбайт, миналардын жарылышы дүңгүрөйт. Решетниктин взводу түшүп келе жаткан кайыктардын бири минанын жарылышынан аңтарылып калды. Жоокерлер кайыкты сууга чөктүрбөй кармап, сүзүп кетип бара жатышты. Жээк жакындаган сайын, ок атуу ого бетер күчөдү. Ташкындаган дарыянын үстүндө суунун чачырандысынан чаң сыяктуу майда булуттар пайда болду. Жээкке такай келген кезде дагы бир кайык аңтарылды, бир нече киши жарадар болушту. Акыркы күчтү жумшап, бири-бирине жардамдашып, пулемотторду суу үстүнө кармап, калкыган жоокерлер жээкке жылып келе жатышты. Акыры алардын буту жерге тийди. Жээктен эки метр кууш тилкеден ары токой башталат. Суу артта калды. Решетниктин взводу тезинен токойго кирип барды. Жарадарларды эсептебегенде, суудан өтүүдө жоготуу болгон жок, взвод толук составында плацдармдан бекем орношту. Азыр негизги күч келгенге чейин бул плацдарм бекем кармап туруу керек.

Плацдарм үчүн катуу салгылашуу башталды. Караңгыда фашисттер токойду болжоп эле атып жатышты, бирок таң атаары менен взводдун позициясына ок жамгырдай жаады. Фашисттер биздин жыйырма жоокерибизге эки жөө аскер ротасын каршы коюшту. Решетник өзүнүн солдаттарынын билгичтик менен жайгаштырды, ошондуктан гитлерчилердин катары жакындап калган кезде пулеметтор жапатырмак ок атышты. Фашисттердин биринчи атакасына сокку урулду, андан кийин экинчи, үчүнчү атака болду. Ар бир жолу пулемоттун таамай атуулары душман

аскерин чегинүүгө аргасыз кылып жатты. Взвод туруктуу кармашты. Жарадарлар көбөйдү, бирок колуна курал кармай алгандын баары салгылашуудан тартынышкан жок. Плацдармды тартып алууга аракеттенген, күч жагынан алда канча басымдуу келген гитлерчилердин аракети куру убара болуп жатты. Ок атуу бир секунтка да токтободу. Өзүлөрүнүн эң аз жоготуусу менен Решетниктин взводу теңсиз кармашууда 100дон ашык фашисттик солдат менен офицерди жок кылды. Негизги күч келгенге чейин жоокерлер Днепрдин оң жээгиндеги плацдармды кармап, дээрлик бир сутка жан аябай бекем турушту.

Токтолбогон чабуул жасап отуруп, 309- дивизия Днепрдин оң жээгинде Балык жана Шучинка айылдарын ээледи. Взводдун командири жеке өрнөгү менен жоокерлерди шыктандырып, дайыма уруштун эң кыйын жеринде болду. Пулемоттун расчету катардан чыккан кезде Решетник душмандарга карай өзү ок жаадырды. Ошол салгылашууда ал 30дан ашык гитлерчини жок кылды. Днепрди сүзүп өткөндүгү, андагы көрсөткөн эрдиги жана баатырлыгы, дарыянын оң жээгиндеги плацдармдагы салгылашуулар үчүн пулемот взводу бүт бойдон Мекендин сыйлыгына көрсөтүлүп, ал эми **Иван Семенович Решетник Советтер Союзунун Баатыры** деген жогорку наамга татыктуу болду.

Салгылашуулардын биринде фашисттик снаряддын осколкасы Иван Решетникти оор жарадар кылды. Бир нече ай госпиталда болду, ден соолук абалы кайра фронтко барууга мүмкүндүк бербеди. Ошондой болсо да, Советтер Союзунун Баатыры Иван Семенович Решетник аскер кийимин граждандык кийимге алмаштырган жок. Куралдуу күчтөрдө узак мезгил кызмат өтөдү. Ден соолугунун кескин начарлашына байланыштуу "Майор" деген наамда



1966-жылы гана запаска чыкты. Эки жылдан кийин дүйнөдөн кайтты.[118]

Өзгөн районунун Куршаб айылынын жашоочулары даңктуу жердешибиз жөнүндө дайыма эскеришет.

## ТЕШЕБАЕВ МАМАСАЛЫ



Мамасалы Тешебаев 1923-жылы Кыргыз ССРинин Ош областына караштуу Куршаб волостунун Тогуз-Булак айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту-кыргыз. КПССтин мүчөсү болгон.

Ата-энесинен эрте айрылган Мамасалы окуучулук калем сабын кетменге алмаштырууга аргасыз болгон. Анан колхоздо тракторлор пайда болуп, аны механизатор болууга али жашы жете электигинен улам суу ташыгыч кылып коюшат. Белине чейин жылаңач денеси күндүн аптабына күйгөнү аз келгенсип, эми трактордун кайнап турган радиаторлорунун ысыгы да кошумча болду, бирок Мамасалы бул аптапка моюн бербей, сууга тойбогон машиналарга улам-улам муздак суудан куюп жүрчү. Советтик Армиянын катарына 1942-жылы аттанган.

Жаш жоокер тездетилген курсун бүтүрүп, Мамасалы замбиректин мээлегичи болду. Воронеж, 1-Украина жана Белорус фронторундагы салгылашууларга катышты. Тап-

[118] Кыргызстан компартиясынын БКнын алдындагы партия тааную тарыхы институту – КПСС БКнын алдындагы Ленин ордендүү марксизм-ленинизим институтунун филалы.Алардын эмгеги түбөлүккө жашайт. Фрунзе "Кыргызстан" 1986-жыл. 194-196-бб. (В. Крыгин)

шырмаларды ийгиликтүү аткаргандыгы үчүн III даражадагы Даңк ордени менен сыйланды.

1943-жылы 24-сентябрда Канев районунун Пекари кыштагына жакын жерде бүт баары башталды. Кылдат даярдануудан кийин алардын замбиреги чакан подразделениенин составында мөндүрдөй жааган октун алдында Днепрдин оң жээгине өткөрүлгөн жана коргонууну бузуучу батольонго кошуп берилген замбиректерден жалгыз аман калганы болду. Замбиректин ар бир атуусу батальондун окопто жаткан жоокерлери үчүн кандайдыр бир өзгөчө өчпөс үмүт болуп жатты. Душман жакындай албайт деген ойдо, өздөрүнө жардамга келет деген үмүттө болушту. Адамдарды тобокелге салып подполковник Андреев 26-сентябрь күнү дарыянын оң жээгине үч жолу снаряд жөнөттү, бирок бул снаряддардын бири да көздөгөн жерге жеткен жок. Күүгүмдө гана бул оңунан чыкты.

– Снаряддар ! Мамасалы, снаряддарды алып келишти,- деп траншеяда бири-бирине узата айтып жатышты.

– Алардын сазайын бер, мээлегич !

Душмандын каршы алты чабуулуна ийгиликтүү сокку уруп, ок-дары салынган машинаны талкалап жана көптөгөн фашисттерди жок кылып тирүү калышкан Мамасалы менен дүрмөттөөчүсү кийинки экинчи түнү да укташкан жок. Кайыкты суунун агымы каалаган жерден бир кыйла төмөн алып кетти, андыктан андагы жүктү жарык киргенче ок атуучу чекке таштап жеткирүү керек болду. Түнү бою иштеп, таңга жуук араң ташып бүтүштү да, таң атар замат эле чабуул коюп келе жаткандарга каршы шуулдатып ата баштады. Днепрдин бийик жээгинде биздин күчтөрүбүз улам көбөйө баштады. Замбирекке душмандардын солдаттарынын чоң тобу кайдан жана кантип келип калганын эч ким байкабай калды. Мамасалы бирөөнүн: «Фашисттер!» деп эскерте кыйкырганын гана укту. Алардын биринчи-



син Мамасалы көргөнүнөн сезгени бат болду. Атырылып барып, таамай сокту. Фашисттин денеси шалдайып барып кулады. Аны Мамасалы замбиреги менен сулаткан жок, мылтык менен аткан жок, найза менен сайып өлтүрдү. Экинчи фашистти мылтыктын кундагы менен уруп жыкты, окоптун кырына чыга калган үчүнчүсүн таамай атып сулатты. Мамасалы мындан мурда душманды мынчалык жек көрүүнү жана каардануунун башынан өткөргөн эмес. Айланадагы жарылууларды, автоматтардын тытырагаНЫН да укпай, үрөй учурган бетме-бет кармашууга делөөрүп, ал жаңы бутаны издеп калды, бирок айланада укмуштай жым жырттык орноду.

Днепрдеги ошол салгылашуунун акырында бүткүл расчеттон жалгыз гана кыргызстандык жигит Мамасалы Тешебаев тирүү калган. Ал акыркы күчүн жумшап, өзүнүн полкунун күчтүү чабуулун жеңилдетүү аракети менен фашисттерге карай дагы узак убакыт талкалоочу ок атып жатты...

Көп узабай полковник Скляренко 47-армиянын командачысы генерал-лейтенант Поленовдун макулдугу менен 372- жана 658-полкторду салгылашууга киргизди, белгиленген операция акыркы баскычына өттү. 667-аткычтар полкунун командири подполковник Андреев, 218-дивизиясынын командири полковник Скляренко 21-аткычтар корпусунун командири генерал-мойор Абрамов жана 47-армиянын командачысы генерал-лейтенант Поленовдор кол коюшкан сыйлоо барагынын саптары сараң жана жупуну. Анда эмоция, көркөм сүрөттөө да жок, ошондой эрдиктин өзүн толкундаган кумардануу менен баяндоо да жок. Бирок андан да чоң, эң кылдат адабий тил да жетпей турган нерсе бар. Ал кыргызстандык солдаттын эрдигин урматтоонун кандайдыр магнитче өзүнө тарткан таң ка-

ларлык чексиз күчү - Мекен ушунчалык жогору баалаган Баатырдын Алтын Жылдызы.

Куршабдык жигиттин кужурмөн жолу ушуну менен эле бүткөн жок. Мамасалы Тешебаев Киевди, Житомирди, Гомелди бошотууга катышты, Советтер Союзунун Баатырына татыктуу каармандык менен Сандомир плацдармында жан аябай салгылашты. Согуштан кийин аскердик-техникалык окуу жайын бүтүрүп, Львов аскер округунда зенит-тик-пулеметтук взводдун командири болуп бир аз кызмат өтөдү, бирок дыйкандын уулу бойдон калып, туулуп өскөн жерин, ушунчалык жүрөгүнө жакын түштүк тарбиясын сагынып жүрдү...

1947-жылы аскерден кайтып келип Мамасалы Тешебаев Кара-Суу районундагы Отуз-Адыр деген жаңы, дыңжер совхозун уюштурууга катышты, пахтачылык чарбанын директорунун орун басары, бөлүмдүн башкаруучусу болуп иштеди. Соконун тиши тийбеген жерди улам кайталап айдап, аны гүлдөтүп жатты. Согуштан жапа чеккен ден-соолугу начарлаганда кийин айылда жогорку билимдүү адистер жетиштүү болгон кезде ал баштапкы кесипмурапчылыкка кайтып келген.

Куршабтын үстүндөгү асман түссүз агыш тартып дээрлик жансыз аба аптаптан үп тартып, күн куйкалап жиберчүдөй чакчаят. Андыктан, турмушту улантуу үчүн жерге жаңы мураптар жана агрохимиктер, тракторист жана комбайнерлор керек. Бул жерге дыйкан уулу жана Ата Журттун Баатыры Мамасалы Тешебаев сыяктуу эмгектин эң асыл жана жан аябаган адамдары керек. Бул жердин, анын жеринин бирден-бир жана эч качан муктаж болбогону - бул солдаттын зарылчылыгынын кереги жоктугу. Деги мындай зарылчылык качандыр бир кезде жок болот. Сөзсүз жок болот. Анткени мына ушунун урматына адам-



дардын эркиндиги жана бакты-таалайы үчүн салгылашуу талааларында биздин аталарыбыз менен чоң аталарыбыз жан кыйышкан.[119]

Мамасалы Тешебаевдин эмгеги жана эрдиги ар дайым калың журттун жадында болот.

## ЦАРЕНКО ЛАВРЕНТИЙ ИВАНОВИЧ



Лаврентий Иванович Царенко 1914-жылы Куршаб волостунун Ленин айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту-украин. Октябрь революциясына чейин эле Иван Царенконун көп балалуу дыйкан үй-бүлөсү Россиядан Кыргызстанга көчүп келген.

Өзүнүн жаш Совет республикасын колуна курал алып коргоп, Кыргызстандын эмгекчи эли көп кан төгүп, көп азап менен зомбулукту башынан өткөрдү. Мына ошол өспүрүм кезинен тартып Лаврентий Царенконун жүрөгү туулуп-өскөн өз жерине болгон чексиз сүйүү жана анын душмандарын аябай жек көрүү сезимине толгон. Ал эми турмуш токтоосуз жана өкүм түрүндө алга карай бара берди. Аны менен бирге Кыргызстандагы миңдеген бүткүл Россиядагы миллиондогон жаштар сыяктуу эле куршабдык жигит Лаврентий Царенко да алга карай жүрүп олтурду. Мына ал өзү туулуп-өскөн айылда биринчи трактористтердин бири, андан кийин Оштогу айыл чарба техникумунун алдындагы МТСтин улуу механиктеринин мектебинин курсанты. Аны

[119] Кыргызстан компартиясынын БКнын алдындагы партия таануу тарыхы иституту – КПСС БКнын алдындагы Ленин ордендүү марксизм-ленинизим институтунун филиалы.Алардын эмгеги түбөлүккө жашайт. Фрунзе "Кыргызстан" 1986-жыл. 236-239-бб. (А. Сорокин)

бүтүргөндөн кийин Ленин айылындагы Куршаб МТСинде тракторчулар бригадасынын бригадири, андан кийин улуу механиги болуп иштейт.

Ал эми кийинчерээк жер жүзүндө тынчсыз, кооптуу абал пайда болду. Италиялык жана немецтик фашисттер баш көтөрүштү. Испания менен Абиссиниянын шаарлары, айылдары алоолоно баштады – бул фашизмдин элге каршы кара ниет күчтөрүнүн алгачкы сыноосу болду. Бирок агрессорлор бардык жерде соккуга учурап жатышты.

1937-жылы октябрда Лаврентий Царенко чыныгы аскердик кызматка чакырылып, Ташкентке жиберилет. 1937-1938-жылдары ал Орто Азия аскердик округунун 123-оор артиллердик полкунун полктук мектебинин курсанты. Анын солдаттык такшалуусу жана аскердик чеберчиликке жетүүсү мына ошондон башталган. Эң жакшы окуп, өрнөктүү кызмат өтөгөн. Согуш башталар алдында аскерден бошотулган. Үйүнө кайтып келип, туулуп-өскөн жеринде кайрадан Куршаб районундагы МТСтин автомеханиги, мастерскойдун башчысы, улуу механиги болуп иштей баштаган. Күтүлбөгөн жерден согуш чыкты. Лаврентий талаадан түз эле райондун аскер комиссариатына жөнөдү, өзүнүн ондогон айылдаштары сыяктуу эле фронтко жөнөтүүнү өтүндү.

1942-1943-жылдары ал Чирчик шаарындагы Харьковдук танкалык аскер окуу жайынын курсанты өзүнө таандык туруктуулук жана тырышчаактык менен аскердик чеберчиликти арттыра берди жана советтик жерде көрүп-билбеген зомбулукту жасап жаткан душманды жек көрүү күн сайын улам күчөй берди. «Качанга чейин чыдоого болот!?» - деген ой анын тынчын алды. Мына эми офицер-танкист Лаврентий Царенконун кызмат тизмеси башталды, учу-кыйры жок жалындаган фронттук жолдордун километрлери агыла берди. 1944-жылы кенже лейтенант запастагы танкалык 5-полкко жиберилет, андан ки-



йин механизациялаштырган 7-бригаданын гвардиялык танкалык 43-полкунда «Т-34» танкынын командири катары фронтко келет. 1943-жылы 17-августта 3-гвардиялык Сталинград механизациялаштырылган корпусунун душмандын Ахтырь группировкасынын сол чети менен тылы тарабын карай чабуулу башталды. Ушул салгылашууларга 3-гвардиялык 3-мехкорпустун катышуусу жөнүндө А.М.Самсоновдун 1973-жылы «Наука» басмасынан чыккан «Волгадан Балтикага чейин» деген китебинде эң жакшы айтылган.

1943-жылы 22-сентябрдын таңында гвардиялык механизацялаштырылган 3-корпустун үч бригадасы Золото-
ноша шаарынын кире бериш жерде салгылашууну башта-
дык. Шаар алынды, бирок гвардиячылардын көргөндөрүн
эч кандай сөз менен айтып берүүгө мүмкүн эмес, Золо-
тоноша карапайым калкына гитлерчилердин көрсөткөн
жыркычтыгы үрөйүңдү учурат. Адамдарды итке талатыш-
кан, аябай уруп-сабап, асып, атышкан. Шаардын бир нече
миң адамдары кырылган (Азыркы Черкассы областын-
дагы Золотоша шаарында фашисттик баскынчылардан
курман болушкандарга эстелик-облелиск орнотулган).
Көргөндөрү Лаврентий Ивановичтин жүрөгүн титиретти.
Ошондо ал: «Гитлерчилер өзүнүн жырткычтыгы жагынан
басмачылар менен ак гвардиячылардан ашып түшүшөт.
Бир сөз менен айтканда булар да, тигилер да – эң жек көрүмчү душмандар! Буларды эч качан аёого болбойт!» - деп ойлоду.

1944-жылы күзүндө лейтенант Лаврентий Царенко сокку уруучу топко жетекчилик кылды. Бул топко Литва ССРинин Шяуляй шаарына душмандын тылынан сокку уруу, андан ары Митава жана Тукумс шаарларын көздөй жылып, душмандын аскерлеринин Рига группировкасынын чегинүүчү жолун кесип таштоо милдети коюлган болучу. Бул тайманбас танкалык рейд ийгиликтүү аяктады.

Сокку уруучу топ душмандын бир нече айыгышкан каршы атакасынын мизин кайтарды, жүздөн ашык гитлерчилерди жок кылышты, бир генералды, бир нече офицерди жана көп солдатты туткунга алышты, көп олжону: 10 танк, 3 самалёот жана башка техниканы колго түшүрүшөт.

Рига булуңундагы салгылашуулардын биринде снаряддын сыныгы тийип Лаврентий Иванович башынан жарадар болду, бирок ал бөлүм согуштук тапшырманы аткармайын катарда кала берди. Госпиталда дарыланып бүткөндөн кийин Царенко танк ротасына командачылык кылып, Кенигсберг үчүн салгылашууга жана душмандын Прибалтика группировкасын талкалоого катышты. Мында ал каармандыкты жана баатырлыкты көрсөттү. Ага Советтер Союзунун Баатыры деген наамды берүү жөнүндөгү сыйлоо баракчасынан үзүндү мына мындай:

*«Витебскиден тартып Балтикага чейинки урушта тар мезгили ичинде тайманбай каармандык менен салгылашты! Жеке өзү танкка каршы 8 замбиректи жана өзү жүрүүчү замбиректи, 6 дзотту, 8 ок атуучу жайды, аскердик курал-жарак салынган 8 автомашинаны, 7 арабаны, ок-дары сакталган 2 складды, 65 ге жакын баскынчыны жок кылды».* Ал эми анын алгачкы аскердик сыйлыктары: Кызыл Жылдыз, II даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери. 1944-жылы жайында күжүрмөн достору Лаврентийди Коммунисттик партиянын катарына кабыл алышат. Гитлердик фашизм талкаланып, Улуу Жеңишке жетишилди. Бирок чыгышта согуштун очогу али да сакталып турду. Ошондуктан Лаврентий Иванович Царенко япондук милиттеристерге каршы салгылашууга кайрадан жөнөдү...

«Жеңилбес» Квантун армиясы талкаланды. Баатыр өзүнүн туулуп-өскөн жерине кайтып келди. Танкалык аскерлердин мойору Лаврентий Иванвич Царенконун кызмат тизмеси улантылып, күжүрмөн тажрыйбасынын жаш муундагы советтик солдаттарга берет. 1949-жылы Лаврентий Царенко Түркстан аскер округунун танк подразделениесинин командири болот. Андан кийин Вуадильский райондук аскер комиссариатында кызмат өтөйт. Ысык-Көл райондук аскер комиссары болгон.



Ошентип, акыры Лаврентий Иванович Сокулук районундагы Киров атындагы багбанчылык совхозунда бейкут эмгекте өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин берилип иштеди. Ал Ата Мекенге, элге акырына чейин арнаган эң сонун жана баатырдык өмүрүнүн алтымыш бешинчи жылында биздин арабыздан кетти.[120]

[120] Кыргызстан компартиясынын БКнын алдындагы партия таануу тарыхы иститиуту – КПСС БКнын алдындагы Ленин ордендүү марксизм-ленинизим институтунун филиалы.Алардын эмгеги түбөлүккө жашайт. Фрунзе "Кыргызстан" 1986-жыл. 265-267-бб. (А. Сальников)

## 2.5. Куршабдан чыккан Эмгектин баатырлары

*Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы жана наам жөнүндө Жобо СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1938-жылдын 27-декабрындагы "Эң жогорку айырмачылык даражасын - Социалисттик Эмгектин Баатырын белгилөө жөнүндө" жарлыгы менен бекитилген. Мурда Эмгек Баатыры деген наам бар болчу.*

*Жобонун текстинде мындай деп жазылган: "Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам экономикалык жана маданий өнүгүү тармагындагы эң жогорку айырмачылык даражасы болуп саналат жана өнөр жай, айыл чарба жаатында өзгөчө көрүнүктүү инновациялык иш-аракеттери менен, транспорт, соода, илимий ачылыштар жана техникалык ойлоп табуулар, мамлекетке өзгөчө кызматтарды көрсөтүп, эл чарбасынын, маданияттын, илимдин көтөрүлүшүнө, СССРдин кубатынын жана даңкынын өсүшүнө өбөлгө түзгөн». Регламентке ылайык, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Ленин ордени жана СССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланды.*





*Социалисттик Эмгектин Баатыры ардактуу наамынын медалы*

*Кийинчерээк СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1940-жылдын 22-майындагы «Социалисттик Эмгектин Баатырлары үчүн кошумча айырмачылык белгилери жөнүндө» жарлыгы менен атайын айырмалоочу белгилер Балка жана орок алтын медалдары орнотулган.*

*Куршаб аймагынан 3 Социалисттик Эмгектин Баатырлары чыккан. Алар :*

- **Бекмурзаев Кадыр**
- **Камчыбеков Айты**
- **Кайназаров Толубай**

## Бекмурзаев Кадыр



1913-жылы Куршаб волостунун Татты-Булак селосунда кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал турмуш жолун 1933-жылы баштаган. 1944-жылы Куршап районунун Маданият айыл чарба артелинин колхозчулары жолдош К.Бекмурзаевди колхоздун төрагалыгына шайлаган. Анын жетекчилиги менен колхоз бир кыйла чыңдалып, өндүрүштүк жакшы көрсөткүчтөр болгон. Колхоздо айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жана коомдук малдын продуктулуугу жогорулаган. 1947-жылы колхоз көп түшүм өстүрүп, башкача айтканда 40,5 гектар аянттагы буудайдын ар гектарынан 30,36 центнерден түшүм алган.

Дан өсүмдүктөрүнөн жогорку түшүм өстүргөндүгү үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму 1948-жылы 26-марттагы Указы менен Кадыр Бекмурзаевге Ленин ордени, "Орок жана Балка" алтын медалын тапшырып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берген.



## Камчыбеков Айты



1915-жылы Куршаб волостунун Татты-Булак селосунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1932-жылы колхозго мүчө болуп кирген. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Советтик Армиянын катарынан келгенден кийин 1943-жылдан тартып Куршап районундагы "Эркин" колхозунун талаачылык бригадасынын звеносуна башчылык кылат.

Өзүнүн ишинде Советтик илимдин жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаны колдонуу менен А.Камчыбеков башкарган звено өндүрүштүк мыкты ийгиликтерге жетишкен 1947-жылы анын звеносу 24 гектар аянттын ар гектарынан 31,6 центнерден буудай өндүргөн. Мындай жетишкендиктери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1948-жылы 26-марттагы Указы менен А.Камчыбековго Ленин орденин "Орок жана Балка" алтын медалы тапшырылып, Социалисттик Эмгектин Баатыры болгон.

## Кайназаров Толубай



1900-жылы Куршаб волостунун Татты-Булак селосунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1933-жылы Куршаб волосунун "Эркин" колхозуна мүчө болуп кирген. Катардагы колхозчу болуп иштеген. Андан кийин талаачылык бригадасынын звеносуна башчылык кылган. Бул кызматта өзүнүн уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн, буудай өстүрүүнүн агротехникалык жолун мыкты билгендигин көрсөткөн.

Өзүнүн ишинде советтик илимдин жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаны колдонуу менен өндүрүштүк жакшы көрсөткүчтөрдү камсыздаган. 1947-жылы 18 гектар аянттын ар гектарынан 31,72 центнерден буудай өстүрүп алган. Кужүрмөн эмгеги, буудайдын жогорку түшүм өстүрүп алгандыгы үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1948-жылы 26-марттагы Указы менен Толубай Кайназаровго Ленин ордени жана "Орок жана Балка" алтын медалы тапшырылып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наамга арзыган.



## 2.6. Тынчтык үчүн күрөшкөн Куршаб атуулдары

### Совет-Финляндия согушунун катышуучулары

Экинчи дүйнөлүк согуш шартында Совет өкмөтү Финляндия өкмөтүнө өз ара жардамдашуу пактысын түзүү жана Ленинграддын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн мамлекеттик чек араны Ленинграддан түндүккө карай жылдыруу, анын ордуна Түндүк Карелиянын бир бөлүгүн берери жөнүндө нечен ирет кайрылган. Финляндия бул тынчтык сунуштарды четке кагып, 1939-жылы ноябрда совет-финляндия чек арасында провикациялык согуш аракеттерин баштаган. Совет аскерлери 1939-жылдын 30-ноябрында чек арадан өтүп, Карел мойногунан сокку уруп, бир нече фин аралын ээлеген[121]. Аталган согушка совет аскерлердин катарын толуктап, **Шамши Эгемжаров** баш болгон куршаптык жоокерлер да аттанган[122]. Албетте киналардын каармандык менен салгылашып, кайрадан кин- дик кан тамган Мекенине кайтышы жалпы элге кубаныч тартуулаган. Кызыл армиянын Фин өлкөсүнө аттанган жоокерлери ушул ыр саптарды шашылыш жатташкан:

*"Мы приходим помочь вам расправиться,*
*Расплатиться с лихвой за позор.*
*Принимай нас, Суоми — красавица,*
*В ожерелье прозрачных озёр!*
*Шерменделиктен шарт куткарууга,*
*Биз көмөккө келебиз Сизге,*

[121] Тынчтыкбек Чоротегин "80 жыл мурда СССР эгемен фин өлкөсүнө кол салган" 17-декабрь, 2019-ж Азаттык үналгысы.

[122] Куршаб аскер комиссариятынын маалыматнаамасынан алынган.

*Тунук көлдөрдөн мончок тагынган,*
*Суоми сулуу, кабыл ал, бизди!"*
*(Мында "Суоми" – Suomi (Suomen Tasavalta) – финдердин эне тилиндеги Фин өлкөсүнүн аталышы).*



Эс алуудагы колбашчы, айтылуу фин саясатчысы жана саякатчысы Карл Густав Эмил Маннергейм бул согуш капысынан башталганда кайрадан Финляндиянын куралдуу күчтөрүн жетектеп калды. Орусия менен СССРдин куралдуу күчтөрү тууралуу андан мыкты билген колбашчы адис жок болчу.

Айтмакчы, Маннергейм өз өлкөсүнүн коммунисттик Советтер Биримдигинен коргонуусу үчүн К. Г. Маннергейм 1920-30-жылдары Карел мойногунун фин тарабында бир нече жыл бою курдурган бекем жайлардын тилкеси тарыхта "Маннергейм тилкеси" деген ат менен калды. Колбашчы Маннергейм "Кышкы согуш" маалындагы советтик жоокерлердин каармандыгына тан берген. Карды ач, кийими начар, ок-дарысы жетишсиз болсо да, советтик жоокерлер өздөрү билбеген климаттык жана географиялык шарттагы уруштарда өзгөчө каармандык көрсөтүшкөн. Кеңирсиген СССРден, анын ичинде Борбордук Азиядан да улам жаңы аскер күчтөрү күргүштөп совет-фин согуш тилкесине жөнөтүлүп жатты. Кыргыздардан да "фин согушуна катышканмын" деген согуш ардагерлери жок эмес. Киши саны менен артыкчылык кылган Кызыл армия акыры улам жаңы фин аймагын басып ала баштады.

1940-жылы 12-мартта СССР менен Финляндиянын ортосунда Москва тынчтык келишимине кол коюлуп, анын



негизинде Финляндиянын аймагынын 11 пайыздайы СССРге өткөн т.а. Рыбачий жана Кареллиянын бир бөлүгү, Выборг, Ладога көлүнүн түндүгү СССРге өтүп, Ханко 30 жылга арендага берилген. Ошентип, 1939-жылдын 30-ноябрда башталган согуш 1940-жылдын 13-мартына чейин созулган. Бирок, экинчи дүйнөлүк согуш учурунда Финляндия Германиянын союздашы катары катышып, СССРге тарттырып жиберген аймактарын алууга аракеттенген. Бул согушту финдер өз тарыхнаамасында мурдагы "Кышкы согуштун" улантылышы катары карашат. Демек, алардын эгемен жергеси үчүн Экинчи дүйнөлүк согуш 1939-жылдын 30-ноябрында эле башталган.

Улуу Ата Мекендик согушта Советтик Армиянын жеңишинин натыйжасында 1944-жылдын 19-сентябрында Москвада Финляндия менен СССРдин ортосунда жарашуу жөнүндөгү макулдашууга кол коюлган. 1947-жылы февралда СССРге Финляндия облустарынын бир бөлүгүн берүү жана 300млн доллар контрибуция төлөө жөнүндө келишим түзүлгөн. Согуштан кийин СССР менен Финляндиянын мамилеси жакшырган. 1956-жылы январда Урхо Калева Кекконендин президенттикке шайланышы менен өлкөнүн ички абалы турукташып, Скандинавия өлкөлөрү менен чыңдалган[123]. Финляндия азыркы учурда Европада стабилдүү өнүккөн демократиялуу өлкөлөрдүн бири.

## Венгриядагы козголоңун басууга катышкандар

1949-жылы Венгрия жаңы конституция кабыл алып, Венгр Эл республикасы деп аталган. 1955-жылы Венгрия Варшава келишиминин мүчөсү болуп кирген. Советтик үлгүдө социализмди куруу аракети өлкөдө М. Ракошинин

[123] Кыргыз совет энциклопедиясы. Фрунзе, 1987-ж. 337-ж.

керт башына сыйынуучулуктун калыптанышына, өлкөнүн саясатына каршы наразычылыктарга алып келген.

1956-жылы 23-октябрда өлкөдө экономикалык жана саясий реформаларды жүргүзүү талабын койгон массалык демонстрация менен Венгриядагы козголоң башталган. Демонстрацияга чыккандар Венгрия аймагынан советтик аскерлерди чыгарып кетүүнү жана өкмөт башчылыгына Имре Надь кайра коюуну талап кылышкан. Демонстрациянын жүрүшүндө эл менен аскерлердин ортосунда кагылышуу башталган. Кийинки күнү И. Надь өкмөт башчысы болуп дайындалган жана ал реформаларды жүргүзүүнү колдоп чыккан. И. Надь Венгриянын *Варшава келишими уюмунан* чыкканын жарыялаган.[124]

Ал ортодо, 23-октябрда Будапештте гана эмес, башка бир нече шаарларда да мамлекеттик мекемелерге кол салуу болду. Венгриянын борборунда 24-октябрга караган түнү курал-жаракты өзүн-өзү коргоо үчүн гана уруксат алган Мамлекеттик Коопсуздук Диррекциясынын 6000дей жоокери жана 1300 кызматкери болгон. Венгр Эл Республикасынын (Венгрия) Министрлер Советинин төрагасы Имре Надь согуш абалын жарыялады. Элге жасаган кайрылуусунда ал башаламандыкка катышуучуларга мунапыс гана бербестен, ошондой эле «өлкөнүн бардык чөйрөлөрүндө демократиялаштырылаарын» убада кылган.[125]

Ушундай шартта Я. Кадар баш болгон коммунисттер тобу эмгекчилерди баш коштуруу, элдик демократияны түзүлүштү чыңдоо демилгесин көтөрүп, 3-ноябрда революциячыл жумушчу-дыйкандар өкмөтүн түзгөн жана Венгрия социалисттик жумушчу партиясынын убак-

[124] Кыргызстан улуттук энциклопедиясы. 2-том. Башкы редактор Асанов Ү. А. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек-2007-ж.. 473-478-бб.

[125] Чередникова Анна Юрьевна. Старший лейтенант, кандидат исторических наук, доцент "Операция «Вихрь». Венгрия, 1956 год



тылуу жетекчилерин аныктаган. Жаңы өкмөт козголоңду басуу үчүн СССРден жардам сураган. Варшава келишими боюнча Венгрияда турган советтик аскерлер революциячыл күчтөрдүн бул козголоңду басуусуна (4-ноябрь) көмөктөшкөн.[126]

Албетте, советтик армиянын катарында болуп жаткан козголоңду токтотуу жана ошол өлкөнүн стабилдүү өнүгүүсүн көздөп биздин Куршаб жергесинен да **Кадырбаев Камиль** баш болгон бир нече аскерлер барышкан. Ошентип, 4-ноябрда Венгриянын аймагына советтик аскерлер киргизилип, Будапешт алынат.

Статистикага ылайык, эки тараптагы көтөрүлүш жана согуш аракеттерине байланыштуу 1956-жылдын 23-октябрынан 31-декабрына чейинки мезгилде Венгриянын 2652 жараны каза болуп, 19 226 адам жаракат алган.[127] Расмий маалыматтар боюнча Советтик Армиянын жоготуулары 669 адам каза болуп, 51 дайынсыз жоголгон, 1540 адам жаракат алган.[128]

Козголоңдун натыйжасында ошентип, бир нече миңдеген венгрлер курман болгон, 200 миңге жакыны эмиграцияга кеткен. И. Надь жана козголоңдун башка жетекчилери жашыруун түрдө камакка алынып, өлтүрүлгөн.[129]

Венгриядагы окуялар СССРдин ички турмушуна олуттуу таасирин тийгизди. Венгриядагы режимди либералдаштыруу анти-коммунисттик наразычылыктарды алып

[126] Кыргыз Совет Энциклопедиясы. Башкы редактор Б. О. Орузбаев. -Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1977. Том 2. В - Ири-дий. -672 б.

[127] Советский Союз и венгерский кризис 1956 года. Москва, РОССПЭН, 1998, ISBN, стр. 559

[128] Россия и СССР в войнах XX века: Статистическое исследование. — М.: Олма-Пресс, 2001. 532 с

[129] Кыргызстан улуттук энциклопедиясы. 2-том. Башкы редактор Асанов Ү. А. Бишкек-2007-ж. 478-б. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.

келди, демек, СССРдеги режимди либералдаштыруу ушундай кесепеттерге алып келиши мүмкүн деп партиянын жетекчилиги чочуркады. 1956-жылы 19-декабрда КПСС Борбордук Комитетинин Президиуму КПСС Борбордук Комитетинин "Партиялык уюмдардын массанын арасында саясий ишин күчөтүү жана антисоветтик, душмандык элементтердин түрлөрүн басуу жөнүндө" катынын текстин жактырды.[130] Дегинкиси, козголоңду басуу венгр элинин, социалдык системанын жана эл аралык коммунисттик кыймылдын олуттуу жеңиши болгон. Козголоң басылып, бийликке Я. Кадар баштаган жаңы өкмөт келет. Чыгыш Европадагы саясий өзгөрүүлөргө байланыштуу 1989-жылдын аягында коммунисттер бийликтен кетип, коомдо демократиялык процесстер башталган.

1989-жылы 23-октябрда Венгрия Республикасынын түзүлгөндүгүн жарыялаган. Көп партиялуу саясий система калыптанып, рыноктук жана демократиялуу реформалар жүргүзүлө баштаган. 1991-жыл өлкөдөн советтик аскерлер чыгарылган жана Венгриянын алгачкы президенти болуп Арпад Гёнц шайланган (1990-2000-жж. башкарган).[131]

## Афган согушунун ардагерлери

1970-жылдын аягында Афганстан ири державалар – СССР жана АКШнын, ошондой эле коңшу мамлекеттердин ортосундагы курч геосаясий атаандашуу чөйрөсүнө айланган. Советтик жетекчилик Афганстанда өз позициясын бекемдөөнү көздөгөн. Ошол эле учурда АКШ өкмөтү

[130] Рудольф Пихоя. Политические итоги 1956 года

[131] Кыргызстан улуттук энциклопедиясы. 2-том. Башкы редактор Асанов Ү. А. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек-2007-ж. 473-б.



СССРдин Азиядагы таасиринин күчөшүнө жол бербөөгө аракеттенген. 1965-жылы СССР Мамлекеттик коопсуздук комитетинин (МКК) жардамы менен Афганстан Элдик – Демократиялык партиясы уюшулуп (АЭДП), кийин ал экиге бөлүнгөн. "Хальк" тобун Н. М. Тараки, Х. Амин, ал эми "Парчам" тобун Б. Кармаль жетектеген. Мухаммед Дауддун өкмөтү АЭДПга кысым көрсөтүп, 1978-жылы 26-апрелде анын жетекчилерин камакка алган. Кийинки күнү Кабулдагы аскердик күчтөрдүн көтөрүлүшү башталып, Дауд үй-бүлөсү менен өлтүрүлгөн.

Ошентип, Афганстанда АДЭПнын бийлиги орногон. Жаңы өкмөт СССРдин көрсөтмөсү менен социалисттик өнүгүү жолуна түшкөн. Өлкөдө жүргүзүлө баштаган жер реформасы, динге каршы саясат жергиликтүү көчмөн уруулардын наразычылыгын пайда кылып, оппозициянын куралдуу каршылык көрсөтүүсү күч алган. Афган өкмөтү СССР менен "Достук, кызматташтык жана ынтымак" тууралуу келишимге кол коюп (1978), Москвага таянган. АЭДПнын жетекчилеринин ич ара келишпестиктери күчөп, Кармальдын тобу жеңилген, ал өзү Чехословакияга элчиликке жөнөтүлгөн. Кийинчерээк Тараки (1979, октябрь) өлтүрүп, бийлик Х. Аминге өткөн. Афганстандагы советтик атайын кызматтардын маалыматтары боюнча Аминдин өкмөтү башка өлкөлөр менен да жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Натыйжада советтик жетекчилик Аминдин өкмөтүнө ишеним көргөзбөй калган.

1979-жылы 12-декабрда Л. И. Брежнев жетектеген КПСС БКнын Саясий бюросунун атайын комиссиясы Афганстан Демократиялык Республикасына (АДР) аскерлерди киргизүү тууралуу чечим кабыл алган. 16-декабрда 40-армиянын талаа башкармалыгы уюшулуп, запастан 50

миң жоокер чакырылган (негизинен Орто Азиялык жергиликтүү улуттардын өкүлдөрүнөн) Советтик аскерлерди киргизүү 25-декабрда башталган. Кабулга түшүрүлгөн аба-десант дивизиясынын бөлүктөрү маанилүү административдик объектилерге көзөмөл орноткон. 27-декабрда СССР МККнын атайын бөлүктөрү Х. Амин отурган сарайга чабуул коюп, салгылашуу учурунда ал курман болгон. Анын ордуна Б. Карамаль бийликке келген.

1980-жылы январдын ортосунда 40-армия толугу менен Афганстанга киргизилген [аларга советтик аскерлердин Афганстандагы чектелген контингенти (САЧК) деген аталыш берилген]. Узакка созулган кармашууларга карабастан, оппозиция АЭДПнын режимин кулата алган эмес, ошол эле учурда АДР менен САЧКнын бириккен күчтөрү оппозицияны жок кыла алган жок. Афганстанда бийликке М. Наджибулланын келиши (1986, май) менен АЭДП жаңы “улуттук жарашуу” саясатын баштаган жана тез арада согуштук аракеттерди токтотуп, сүйлөшүүлөргө барууну билдирген. Бирок, можахеддердин лидерлери “толук жеңишке жеткенге чейин” согушту уланта берүүнү чечкен. 1986-жылы февралда М. С. Горбачев афган тарап менен бирдикте акырындык менен советтик аскерлерди чыгарып кетүү жөнүндө макулдашылгандыгын билдирген. 1986-жылы күзүндө Афганстандан САЧКнын 6 полку чыгарылган. 1988-жылы 14-апрелде Женавада АКШ, СССРдин катышуусу менен Афганстан жана Пакистандын ортосунда афган маселесин жөнгө салуу боюнча макулдашууга кол коюлган. Ага ылайык 1988-жылдын 15-майынан 1989-жылдын 15-февралына чейин советтик аскерлер Афганстан Республикасынан толук чыгарылган.

1992-жылдын 1-январынан СССР менен АКШ афган өкмөтүнө жана моджахеддерге согуштук жардам көрсөтүүнү



токтотушкан. СССРдин Афганстандагы жоготуулары 14,5 миң кишини түзгөн. Афганстандагы согуштук аракеттерге катышкан жана эрдик көрсөткөн 200 миңден ашык аскер кызматчылары орден, медалдар менен сыйланышкан; 66 аскер кызматкерине Советтер Союзунун Баатыры наамы ыйгарылган.

Кыргызстандан САЧКнын катарында 7330 жоокер кызмат өтөп, 259 киши курман болгон, төртөө дайынсыз жоголгон (Кудайбергенов Нурбек Шамшидинович, Харитонов Евгений Иванович, Зимонтовский Петр Алексеевич, Кочкоров Орозали Токтоназарович). Жалал-Абад облусунун тургуну Исламов Юрий Вериковичке өлгөндөн кийин Советтер Союзунун Баатыры наамы ыйгарылган. Афганстанда кызмат өтөгөн ардагерлер, майыптар, курман болгондордун үй-бүлөлөрүн бириктирип, алардын ар кыл маселелерин чечүүгө жардам берип келген “Афган согушунун ардагерлеринин республикалык кеңеши” коомдук уюму 1996-жылдан иш жүргүзүүдө. 1999-жылы өлкөбүзгө террорчулар кол салган учурда Афган согушунун ардагерлеринин кеңешинин демилгеси менен ардагер-афганчылардан ыктыярдуу “А” батальону уюшулуп, мекенибизге коркунуч туулуп турган кырдаалда өзүлөрүнүн чыныгы патриоттор экендигин көрсөтүштү. Бишкекте КМШ өлкөлөрүнүн ичинен алгачкылардан болуп афган согушунда курман болгон кыргызстандык жоокерлерге арналган эстелик тургузулган.

Албетте, аталган каргашалуу согушка көптөгөн совет аскерлеринин катарында биздин Куршаб аймагынан да аттанып, баатырларча кармашып эрдик көрсөткөндөр жок эмес.

Аларга токтоло кетсек:

| № | Аскердик чини | Аты-жөнү | Туулган жылы | №в\ч Кызмат мезгилин-де | Сыйлыктары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Рядовой | Абжапаров Таир-бек Сулайманович | 02.06.1963 | в\ч №25982 22.12.81-ж. Хумири ш. | Грамота президиума совета СССР, медаль 15 лет вывода советских войск из Афганстана, медаль воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа, медаль 20 лет, медаль "За отвагу и мужество" |
| 2 | Рядовой | Асиев Курстан Сабирович | 29.04.1964 | в\ч №19884 17.01.83-ж. Кабул ш. | Медаль 15 лет вывода советских войск из Афганстана, медаль 70 лет СССР, медаль воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа |
| 3 | Рядовой | Арапов Камалдин Абды-рахманович | 10.01.1967 | в\ч №81424 10.08.85-ж. Хумири ш. | Грамота президиума совета СССР, медаль 70 лет СССР, медаль 15 лет вывода советских войск из Афганстана, медаль воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа, медаль 20 лет, медаль "За отвагу и мужество", Медаь 10 лет 2010г., грамота 2011г., медаль "Учасник локальных конфликтов" |
| 4 | Рядовой | Ашимов Абди-мажит Айтбае-вич | 27.04.1964 | в\ч №61767 17.01.83-ж. Хумири ш. | Медаль 15 лет вывода советских войск из Афганстана, 70 лет вооруженных сил СССР, медаль воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа |
| 5 | Рядовой | Калмуратов Арапбай Кулбае-вич | 09.03.1968 | в\ч №54676 01.08.86-ж. Герад ш. | Медаль 20 лет, медаль 70 лет СССР, медаль военов-интернационалистов от благодарного Афганского народа, грамота воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа |



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Рядовой | Лапазов Абдижалал Касымбаевич | 15.11.1962 | в\ч №51883 26.01.81-ж. Шендант ш. | Грамота президиума совета СССР, медаль 70 лет СССР, медаль воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа, медаль 20 лет Совету ветеранов войны в Афганистане КР, медаль 20 лет вывода советских войск из Афганстана, медаль "За отвагу и мужество", медаль "За боевые заглуги", медаль "Учасник локальных конфликтов", медаль "За боевых действий" |
| 7 | Рядовой | Мамасадыков Чолпонбай Авит-бекович | 21.03.1965 | в\ч №51931 31.11.83-ж. Герад ш. | Грамота президиума совета СССР, медаль 70 лет СССР, медаль 15 лет вывода советских войск из Афганстана, медаль воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа, медаль 20 лет, медаль "За отвагу и мужество" |
| 8 | Рядовой | Молдоташев Абдисамат Абдимомунович | 11.10.1963 | в\ч №65528 10.10.81-ж. Кабул ш. | Медаль 15 лет вывода советских войск из Афганстана, медаль 20 лет Совету ветеранов войны в Афганистане КР |
| 9 | Рядовой | Маткурбанов Абдугапар Төлөшович | 26.03.1962 | в\ч №83572 15.05.81-ж. Баграм ш. | Медаль 15 лет вывода советских войск из Афганстана, медаль 70 лет СССР |
| 10 | Рядовой | Наримбетов Абдылда Кенжеевич | 25.05.1963 | в\ч №65528 15.05.81-ж. Кундуз ш. | Медаль 20 лет Совету ветеранов войны в Афганистане КР, медаль 70 лет СССР, медаль воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа, "Учасник локальных конфликтов", медаль "За боевых действий", Ветеран войны в Афганистане |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 11 | Капитан | Нурбаев Кенешаалы Авазбекович | 04.01.1963 | в\ч №51883 17.01.83-ж. Шандат ш. | Медаль 15 лет вывода советских войск из Афганстана, медаль 20 лет Совету ветеранов войны в Афганистане КР, медаль 70 лет СССР, медаль воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа, "Учасник локальных конфликтов", медаль "За боевых действий" "Учасник локальных конфликтов", медаль "За боевых действий", Ветеран войны в Афганистане, Грамота президиума совета СССР |
| 12 | Рядовой | Осоров Рахматилла Жакыпович | 15.10.1959 | в/ч №93684 18.12.1979 Кабул ш. | Медаль 20 лет Совету ветеранов войны в Афганистане, "Ардагер" медалы |
| 13 | Рядовой | Токторбаев Исмаил Сабырбекович | 04.12.1960 | в/ч №25982 15.08.81-ж. Хумири ш. | Медаль 20 лет Совету ветеранов войны в Афганистане, медаль 70 лет СССР, Медаль 15 лет вывода советских войск из Афганстана, медаль "Воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа" |
| 14 | Рядовой | Турдубаев Торобек Дадаевич | 22.03.1962 | в/ч №25982 15.08.1981-ж Хурими ш. | медаль 20 лет Совету ветеранов войны в Афганистане, медаль "Воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа", Грамота президиума совета СССР, медаль 70 лет СССР |
| 15 | Подполковник | Жоробеков Токтосун Сайзилдаевич | 12.07.1968 | в/ч № 51883 | Медаль 20 лет, медаль 70 лет СССР, медаль "Военов-интернационалистов от благодарного Афганского народа", Грамота воинов-интернационалистов от благодарного Афганского народа,[132] |

[132] Куршаб айыл өкмөтүнүн аскердик кызматка каттоо жана жөнгө салуу бөлүмүнөн алынды. (таблица)



## Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепеттерин жоюунун катышуучулары

1986-жылы 26-апрель күнү Украинадагы Припять шаарына жакын жайгашкан АЭСтин 4-энергия блогунда техникалык авария болгон. Масштабы боюнча ядролук энергетика жаатында эң ири авария болуп эсептелинет. Андан айлана-чөйрөгө радиоактивдүү заттар (уран, плутоний, йод-131, цезий-134, строиций-90, ж.б. изотоптор) тараган. Дал ушундай эбегейсиз зыяндуу заттардын таралуусун алдын алуу жана колдон келишинче токтотуу үчүн миңдеген миквидаторлордун (чернобылчылардын) эмгеги баа жеткис. Мына ушундай каргашалуу аварияга четтен карап турбастан, колдон келген жардамдарын аябастан, биздин жергебизден да көптөгөн эр азаматтар аттанган. Анын ичинде Куршаб аймагынан **Шарипов Рахматилла (эфрейтер), Жунусов Талантбек (рядовой), Азимбаев Жаныбек (сержант)** баш болгон топ да жалпы адамзаттын ааламда тынч жана саламат жашоосу үчүн аттанышкан.

Айлана-чөйрөнү негизинен радиоактивдүү таштандылар булгаган. Көптөгөн адамдар жабыр тартып, экономикалык жана экологиялык жактан орду толгус зыянга учураган. Бул аймактан 200 миң адам эвакуацияланган. Мындай кесепеттен кийин 1986-2002-жылдар аралыгында Түндүк Америка жана Батыш Европа өлкөлөрүндө бир да АЭС курулган эмес. Мамлекеттик мыйзамдарда да бир топ өзгөрүүлөр болгон. Авариянын натыйжасында 30 км аралыктагы аймак дээрлик жарактан чыккан. Булганууга дуушар болгон 200 миң км$^2$ дей аянт, анын ичинде бир нече калктуу пункттар ж.б. тармактар атайын техниканын

жардамы менен көмүлгөн. Радиоактивдүү заттар аэрозол ж.б. түрүндө, негизинен шамалдын багытына карай таралган. Айрыкча АЭСке жакын аймактар өтө катуу жабыркаган. Ага чектеш Украинанын Киев жана Житомир облусунун түндүк райондору, Белоруссиянын Гомель, Россиянын Брянск облусу да жабыркаган. Бул авариянын таасири Ленинград облусунда, Моровия жана Чувашияда (бул аймактарда радиоактивдүү жаан жааган) да байкалат.[133]

## Баткен чек ара жаңжалынын катышуучулары:

XX кылымдын аягы XXI кылымдын башында дүйнөлүк алкакта эл аралык терроризм күч алды. Аны менен тыгыз байланышкан экстримистик борборлор, Борбордук Азиянын, анын ичинде Кыргызстандын, ислам дининин таасири күчтүү чөлкөмдөрүн экспанциялап алуу аракетин жасашкан. Диний экстримисттердин тобу эл эң ыйык тутуп, аздектеген динге жамынышып, колдоруна курал кармашып, 1999-жылы август айынын башында Кыргыз Республикасынын түштүгүнө киришип, Баткен районунда өздөрүнүн лагерлерин курган жана аларды чыңдоого аракет кылышкан. Өздөрүнүн максатына жетүү үчүн алар Кыргызстандын милициясын, райондук администрациясынын кызматкерлерин, ал жакта иштеген япондук төрт геологду жана карапайым адамдарды барымтага алышкан. Бир катар кыштактарды басып алууга үргүрүшкөн.

Өздөрүн Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик бийлигинин оппозиясыбыз деп эсептеген бандиттик топтор Кыргызстандын аймагын өздөрүнүн базасына айландыруу, тажрыйбасы жок жаштардын баштарын айлантып

[133] Кыргызстан улуттук энциклопедиясы Бишкек. 2007-ж. 488-бет.



өздөрүнө тартуу, алардан келечектеги баскынчыларды даярдоо максатын көздөгөн. Алар Дара, Кыштут, Кан айылдарын ээлешет.[134] Динге жамынган террористердин бул аракети Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан эгемендүү мамлекетибиздин территориялык бүтүндүгүнө шек келтирүү катары бааланып, аларды талкалоо, республиканын чегинен сүрүп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Региондук деңгээлдеги терроризмге каршы күрөштө Кыргызстанга "Шанхай бешилтигинин" келишимдерине ылайык Өзбекстан, Россия, Армения жана Кахакстан аскердик техникалык жактан көмөк көрсөтүштү.[135]

Кыргызстандык жоокерлер, ыктыярдуу аскердик топтор бандиттердин бирикмелерин талкалоодо кужурмөндүктү көрсөтүштү. Кыргызстандын 55 офицерлери менен жоокерлери бул кармашта Ата Мекен үчүн курман болушту. Аталган куралдуу кагылышуулар Кыргызстандын жалпы элинин биримдигин, душманга каршы сокку уруу жөндөмдүүлүгүн сыноодон өткөрдү. Республиканын көптөгөн жаштары Кыргызстандын бүтүндүгүн коргоо, бандиттик топторду талкалоо үчүн өз ыктыяры менен аттанышкан.

Алардын ичинен Куршаб айыл өкмөтүнөн да бир нече ыктыярдуу аскердик топтор өлкөнүн бүтүндүгүн коргоо, бандиттик топторду талкалоо үчүн өз ыктыяры менен аттанышкан. Республиканын түштүгүндөгү уюшулган куралдуу топтордун мизин майтаруу үчүн 1999-жылдын август, октябрь айынан 2000-жылдын август, октябрь айлары аралыгында Куршаб айыл өкмөтүнөн катышкан калары аралыгында Куршаб айыл өкмөтүнөн катышкан катышуучулар тизмеси. 2018-жылга карата.

[134] Кыргызстан улуттук Энциклопедиясы. Бишкек-2007 116-177-беттер.

[135] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. "Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар" ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2008. 268-б.

| № | Аскердик чини | Аты-жөнү | Кызмат өтөгөн убагы (жыл, күн, ай) |
|---|---|---|---|
| 1 | Рядовой | Абдрахманов Исамидин Абдразакович | 20.10.1999 |
| 2 | Ст сержант | Абжапаров Асан | 28.08.1999 28.10.1999 |
| 3 | Рядовой | Ажибаев Муратбек Темирович | |
| 4 | Ст сержант | Алмаматов Нуртемир Исанович | 09.09.1999 23.10.1999 |
| 5 | Сержант | Бопоев Заирбек Абдыкааровия | |
| 6 | Рядовой | Бостонбаев Садык Апызович | 28.08.1999 |
| 7 | Рядовой | Ганиев Абдыкалык | 08.09.1999 23.10.1999 |
| 8 | Ст сержант | Жуманов Токтогул Жээнбаевич | 29.10.1999 09.09.2000 |
| 9 | Эфрейтор | Жунусов Маматали Мамсалиевич | 08.09.1999 23.10.1999 |
| 10 | Рядовой | Жолонов Жамшитбек Кочкорович | 12.09.1999 23.10.1999 |
| 11 | Эфрейтор | Жунунсов Кубатали Жанкалиев | 28.08.1999 23.10.1999 |
| 12 | рядовой | Исаков Абдаким Сайпидинов | 09.08.1999 23.10.1999 |
| 13 | Сержант | Имагаев Медербек Абдыкулович | 2000 |
| 14 | | Бердиев Амат Сулайманович | 1999-2000 |
| 15 | Ст сержант | Маматеминов Мурсали Абилазизов | 08.09.1999 23.10.1999 |



| | | | |
|---|---|---|---|
| 16 | Ст сержант | Молдалиев Жылдызбек Аттокурович | 10.08.2000 15.10.2000 |
| 17 | Старшина | Муратов Уларбек Суранович | 10.09.1999 20.10.1999 |
| 18 | Сержант | Мырзалиев Алтынбек Токтомаматович | 08.09.1999 23.10.1999 |
| 19 | Мл.летанант | Бекеев Нурланбек Камбарович | 10.08.2000 10.10.2000 |
| 20 | Мл.сержант | Раимкулов Нургазы Нуралиевич | 09.10.2000 |
| 21 | Рядовой | Тунуев Уланбек Эркинбаевич | 28.08.1999 22.10.1999 |
| 22 | Рядовой | Шарипов Акылбек Аманович | 08.09.1999 23.10.1999 |
| 23 | Сержант | Маткадыров Элдияр Абдыхалилович | 20.09.1999 20.10.1999 |
| 24 | Пед.к | Аматалиев Оморали Эргешович | 1999-2000 |
| 25 | Сержант | Тургунбаев Мусунбай Маматович | 11.08.2000 25.10.2000 |
| 26 | | Маматаев Данияр Токтосунович | 1999-2000 |
| 27 | рядовой | Пусуров Абдикар Акиевич | 28.08.1999 20.10.1999 |
| 28 | Мл сержант | Ниязов Махаматжунус Торокулович | 28.08.1999 28.10.1999 |
| 29 | сержант | Бирюлин Аanаталий Юревич | 08.1999 18.08.1999 |
| 30 | | Жумаев Кубанычбек Калилович | 22.08.1999 31.08.1999 |

Жогорудагы маалымат Куршаб айыл өкмөтүнүн аскердик кызматка каттоо жана жөнгө салуу бөлүмүнөн алынды. 2018-жылга карата тизмесинен. Республиканын түштүгүндөгү баскынчылардан жапа чеккендерге, аскерлерге жардам берүүгө Кыргызстандын бардык эли көтөрүлүп, колунан келген жардамдарын көрсөтүштү. Кыргызстандын түштүгүндөгү бул окуя эгемендүү республикабызды коргоо жөндөмдүүлүгүн арттыруу ишинде чоң сабак болду. Мында республиканын куралдуу күчтөрүндөгү кемчилдиктер, аскердик техникалардын, курал-жарактын жетишсиздиги ж.б.у.с. айкын көрүндү. Жеткиликтүү кам көрбөгөндүктүн натыйжасында Кыргызстандын чек аралары талапка ылайык кайтарылбай калгандыгы ачыкка чыкты. Эң эле өкүнүчтүүсү арадан жыйырма жылдан ашуун убакыт өтсө да куралдуу күчтөрүбүздө жетиштүү аскердик техникалардын жокко эселиги жанды кейитет.

Куралдуу кагылышуулар болгон чөлкөмдүн стратегиялык жана социалдык-экономикалык маанисин эске алып, КРнын Президенти 1999-жылдын 13-октябрь Баткен областын түзүү жөнүндөгү Мыйзамга кол койду. Бул облуска Ош областынын Баткен, Кадамжай, Лейлек райондору жана Кызыл-Кыя шаары киргизилип, жаңы областын борбору Баткен айылы болуп белгиленген.[136] Мындан тышкары республиканын түштүгүндөгү мамлекеттик чек араны коргоо үчүн аскердик заставалар негизделип, аларга чек арачы аскерлер коюлду. Ал эми бүгүнкү күндө кандай гана жаңжал чыгып жатканы жашыруун эмес, ошого байланыштуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын коргоо ишин жакшыртуу жана өзгөчө чек арадагы калктарга жакындан колдоо көргөзүү бүгүнкү күндө да өтө маанилүү иштерден болуп калууда .

[136] А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. "Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар" (XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2008. 269-б.



# III БАП. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРДАГЫ КУРШАБ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

## 3.1. Куршаб айыл өкмөтүнүн негизделиши

XIX кылымдын 90-жылдарынын башында Россиянын Европалык бөлүгүн каптаган түшүмсүздүккө жана ачарчылыкка байланыштуу, тарыхта болуп көрбөгөндөй ыктыярдуу дыйкандардын толкуну Түркстанга чуркап кирди, андан кийин Кыргызстандын түштүгүнө көчүрүү иши башталды. Орустар менен бир мезгилде украин дыйкандары аймакка көчүп келе баштакан. 1893-жылы башында 20 үй-бүлөдөн турган Покровское (азыркы Кызыл-Октябрь) айылы Ош округуна украиналык отурукташуучулар тарабынан түзүлгөн. Турак жайлардын сырткы көрүнүшү, ирреттүү имараттар, ошондой эле айыл чарба экономикасынын соода мүнөзү, айыл (же тагыраак айтканда ферма) жергиликтүү калк жашаган айылдардан кыйла айырмаланган. Украиналык этникалык чөйрөдө архитектуралык бойоо жана живопись кеңири жайылганы белгилүү. Бул техниканы Покровское кыштагынын тургундары да колдонушкан, алар дубалдын төмөнкү жарымын чек ара менен (штамптарды колдонуу менен) же боёлгон орнамент менен боёп, коздогон. Көп өтпөй айылда чиркөө тургузулган. XX кылымдын биринчи он жылдыктарында. Покровское буга чейин жемиш бактарынын жашыл жашоосуна көмүлгөн кыйла чоң айыл болчу.

Украиналык көчмөндөрдүн Куршаб өрөөнүнө келиши анын экономикалык турмушунда белгилүү өзгөрүүлөрдү алып келди. Бул жерде айыл чарба шаймандары да жакшыраак болуп өзгөрүп, чочко чарбасы пайда болуп, кыргыздар үчүн жаңы айыл чарба өсүмдүктөрү - күн карама,

жүгөрү, картошка, капуста, буурчак, помидор ж.б.у.с. киргизилген, украин ашканасынан, борщ, манты, ар кандай кыямдар кыргыздардын тамак-ашында пайда болгон. Совет мезгилиндеги айылдын өзү, республиканын башка конуштары сыяктуу эле, расмий аты Ленин болгон. Бирок, 1990-жылдардын башында, улуттук өзүн-өзү таанып-билүүнүн тез өсүшүнүн шартында, ал кайрадан өзүнүн баштапкы тарыхый аталышы - Куршабга кайтып келди. Бүгүнкү күндө Куршаб калкы аралаш айыл. Бул жерде 11 этникалык топтун өкүлдөрү жашашат: кыргыздар, өзбектер, орустар, казактар, татарлар, молдовандар, тажиктер, уйгурлар ж.б. Ошентип, 1999-жылдагы эл каттоонун маалыматы боюнча Куршабда жашаган 86 украиналыктын ичинен 41 адам украин тилин эне тили деп аташкан.[137] Бирок азыркы учурда дээрлик ассимиляцияланып кетишкен.

Ал эми совет доору орногон соң Куршаб волостугу уюшулуп 1926-жылкы эл каттоо боюнча калктын саны 22 464 болгону айкын.[138] Ал эми анын ичинде да майда колхоздор болуп чарбачылык иштери жүргүзүлгөн. 1935-жылы 8-февраль күнү Кыргыз Автономиялуу ССРнин №3 протоколунун негизинде Куршаб району түптөлгөн.[139] Куршаб району боюнча жогоруда өзүнчө бир бөлүмдө маалымат камтылды. 1959-жылы 27-ноябрь күнү Өзгөн районуна курамына биригүүсү чечилген.[140] 1960-жылы жыл башынан Куршаб совхозу түзүлгөн.[141] Ошол мезгилде республикадагы эң ири совхоз катары белгилүү болгон. Куршаб совхозунун директорлоруна токтоло кетсек:

[137] Гезит Эхо Оша. «На хуторе... близ Оша» Тимур АЮПОВ, тарых илимдеринин кандидаты. 2004.02.01. № 41

[138] Ош облустук мамлекеттик архиви Ф. 1, Оп. 1, дел. 48, 72-б

[139] КРнын Борбордук мамлекетик архиви Ф. 21, Оп 15, дел. 22, 42-44-бб.

[140] Ош облустук мамлекеттик архиви Ф. 47, Оп. 1, дел. 215, 14-б.

[141] Алиев А. Куршаб тарыхы –миң жыл Бишкек 2019-ж. 8-б.



1960-1963-жж. Пилипенко Михаил Захарович;

1963-1967-жж. Терещенко Стипан Сергеевич;

1967-1979-жж. Жоробаев Икрам Жумабаевич;

1979-1987-жж. Момунов Аман;

1987-1993-жж. Бектемиров Мамасалы;

1994-1996-жж. Токтобаев Абдулла[142], Алиев Абжамил ошол жылдары совхоз директору, жер комитетинин төрагасы кызматын да аркалап турган.[143]

Совет бийгили мезгилинде партиялык-командалык тоталитардык саясий режим гүлдөп, бардык мамлекеттик бийлик толугу менен борборлоштурулган. 1990-жылдары өлкөдө жүрүп жаткан кайра куруу жана айкындуулук саясатынын шарданы менен өкүлчүлүктүү бийликтин бүткүл тутумун түп тамырынан бери өзгөртүү зарылчылыгы бышып жетилген. Ушул эле жылдын мартында СССР эл депутаттарынын кезексиз съезди өтүп, анда өлкөнү жаңылоо процессинин башкы багыты болуп эл депутаттар советинин ролун жогорулатуу эсептелээри айтылган. Элдин тонин ролун жогорулатуу эсептелээри айтылган. Элдин толук бийлигин жана эгемендүү эркин ишке ашыруучу орган катары эл депутаттар советинин ролун жогорулатуу – өлкөнү жаңылоо процессинде башкы багыт болуп саналат деп белгиленген.

Ушул идеянын негизиде 1990-жылдын 9-апрелинде "СССРде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү чарба жүргүзүүнүн жалпы башталыштары жөнүндөгү" СССРдин мыйзамы кабыл алынып, ал кырдаалды өзгөртүүнүн эң башкы рычагы болуп калган. Мыйзам жергиликтүү маселелерди чечүүгө жергиликтүү кеңештерге толук укук берүү менен жергиликтүү башкарууну уюштурууда негизги эрежени белгилеген. Мыйзам муну менен

[142] Өзгөн райондук мамлекеттик архиви, Ф. 24, Оп. 2, ед. 1261, св. 122, 1-б.

[143] Алиев А. Куршаб тарыхы –миң жыл Бишкек 2019-ж. 9-б.

аларга зарыл укуктарды кошо берген. Советтик мезгилдеги мыйзам чыгармачылыгынын салтына ылайык, союздук нормалар автоматтуу түрдө республикалык мыйзамдарга көчүрүлүп келген.[144]

Өз кезегинде, "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун башчыларынын ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуу тууралуу" 1996-жылдын 20-мартында Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгынын негизинде жер-жерлерде колхоз-совхоздор жоюлуп, жаңы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлигинин институту катары – айыл өкмөттөр түзүлгөн. Алардын түзүлүшү тийиштүү аймактарда орун алган бийликтин жоопкерсиздик элементтерин жоюу үчүн турмуштук зарылчылык болгон. Мында айыл өкмөттөрүн түзүү аймактык-коомдук өз алдынча башкаруу органдары катары айылдык комитеттерди жоюунун базасында болуп өткөн.[145] Айыл өкмөттөрүнүн тарыхы мына ушул датадан башталат.

1996-жылы 15-майда Өзгөн районуна караштуу Куршаб айыл өкмөтү негизделген.[146] Айыл өкмөттүн тунгуч айылдык башчысы Амиракулов Орозали болгон. Бир эле учурда айылык кеңештин төрагасы кызматын да аркалап турган. Айыл өкмөт башчысы болуп иштеген мезгилинде айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүшү үчүн бир топ иштерди жасаганга жетише алды. Тагыраак айтканда, жылдан жылга жергиликтүү бюджеттин көлөмүн көбөйтүп, анын негизинде социалдык-инфраструкторалык маселелерди: жаңы көчөлөргө шагыл төшөө, айыл тургундарын туруктуу ичүүчү таза суу менен камсыздоо,

[144] Акунов А. Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2017) Бишкек 2017ж. 60-б.

[145] Акунов А. Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2017) Бишкек 2017ж. 63-б.

[146] Куршаб айыл өкмөтүнүн паспорту 2018-жылга карата 1-б.



сугат айыл чарба жерлерин сезон мезгилинде каналдар аркылуу сугат суу менен толук камсыздап туруу ж.б. иштердин убагында аткарылышын камсыздап турду.

Куршаб айыл өкмөтүндө 2006-2010-жж. аралыгында инвестиция тартуу жана жергиликтүү бюджеттин акча каражатын бөлүү менен 4 жыл ичинде төмөндөгү иштер аткарылды:

**1. Мусор полигонун уюштуруу.** Алгачкы жолу айыл өкмөтүндө атайын жер ажыратылып мусор төгүүчү полигон жасалды, иш жүргүзүү үчүн коммуналдык чарба уюштурулду, жыйынтыгында айылдардын көчөлөрүндөгү мусорлорду, айыл тургундарынын үйлөрүндөгү мусорлорду ташып чыгып мусор полигонуна төгүүгө шарт түзүлдү. (жумшалаган каражат 450 миң. сом)

**2. Айылдын борбордук стадионунун реконструкциялоо.** Ондогон жылдар бою иштебей турган Куршаб айылындагы борбордук стадион реконструкция болуп, көрүүчүлөр үчүн орундуктар, борбордук трибуна курулуп, талапка жооп берген футбол аянтчасы, волейбол аянтчасы, гимнастикалык көнүүгүлөрдү жасоо үчүн эмеректер курулуп, спротсмендер үчүн кийимдерин чечүүчү, оюндардан кийин жууну үчүн атайын имарат курулуп, стадиондун айланасы толугу менен тосулуп заманбап дарбаза коюлду, стадиондун айланасы жашылдандырылып көрктөндүрүлдү. Ошол жылдары айылдын футболдук "Алдиер" командасы жергиликтүү бюджеттин каржыланып, спортсмендерге шарт түзүлүп, натыйжада айылыбыздын футболдук командасы республиканын 1- лигасында ойноп жүрдү. (жумшалган каражат 2 млн. 200 миң. сом)

**3. Жаңы балдар бакчасы.** 1993-жылдардан бери иштебей калып, кароосуз калган Ленин көчөсүндөгү эски балдар бакчасынын имараты кайрадан толугу менен капиталдык ремонттон өткөрүлүп жаңыдан откана (котельная),

оюн аянтчалары курулуп жалпысынан 200 балага ылайык орун менен бала бакча ишке берилди. (жумшалган каражат 2 млн. 800 миң. сом)

**4. Жаңы автомобиль өтүүчү көпүрө.** 2007-жылы апрель айындагы селден улам Куршаб айылындагы 1-май көчөсүндөгү Шор-Суу каналы аркылуу автомобиль өтүүчү көпүрөсү жарактан чыккан, 2008-жылы жаңы көпүрө курулуп пайдаланууга берилди. (жумшалган каражат 8 млн. 200 миң. сом)

**5. Жаңы мектептин курулушу.** Кайнар айылындагы учурунда ашар ыкмасы менен курулган орто мектептин имараты эскилиги жетип пайдаланууга жараксыз абалга жетип калгандыктан 2008-жылы жаңы 160 орундуу спорт залы, мектеп курулуп пайдаланууга берилди. (жумшалган каражат 32 млн. сом)

**6. Мектептин спорт залын капиталдык ремонттон өткөрүү.** А.Тангатаров атындагы интернат-гимназиясынын спорт залы бузулуп, ондогон жылдардан бери иштебей тургандыктан 2009-жылы керектүү кааналары менен жаңыдан курулуп пайдаланууга берилди. (жумшалган каражат 1 млн. 400 миң. сом)

**7. Өрт өчүрүү кызматын уюштуруу.** Айыл тургундарынын, турак жайлардын коопсуздугун эске алуу менен Куршаб айыл өкмөтүндө алгачкы жолу туруктуу иштеген өрт өчүрүү кызматы уюштурулуп, аларга керектүү жер жана имарат ажыратылып берилди. Эки даана өрт өчүрүүчү атайын автомашина тиешелүү өрт өчүрүүчүлөр менен туруктуу күзөттө турушат.

**8. Каналдарды тазалоо.** 2007-2008-жылдары айыл өкмөтүнүн балансында турган 6 км. ички сугат каналдарын, 12 км. (КДС) жер астындагы сууларды тартуучу каналдарын тазалоо иштери жүргүзүлдү. (жумшалган каражат 9 млн. сом)



**9. Жеке менчик бала бакча уюштуруу.** Шагым айылында 40 орундуу жеке менчик бала бакча уюштурулуп иштей баштады.

**10. Турак жай куруу үчүн жер ажыратып берүү.** 2007-жылы болгон селден жабыр тарткан үй-бүлөлөрдү көчүрүүгө турак жайларды куруу үчүн 5 гектар жер ажыратылып берилди.

Жалпы 4 жыл ичинде айылдык бюджеттен сырткары сырттан инвестиция катары жана республикалык бюджеттен 55 млн. сомдон ашык каражат тартылып, айыл өкмөтүн өнүктүрүү үчүн жумшалды.

Ал эми Куршаб айыл өкмөтүнүн башчыларына токтолуп кетсек:

1996-2006-жж. Амиракулов Орозали;
2006-2010-жж. Мадымаров Бакыт;
2010-ж. янв-авг. Шерматов Курстан;
2010-ж авг.-2012-ж. Маматов Руслан;
2012-2013-жж. Абдраев Нургазы;
2013-2017-жж. Калбаев Жуманазар;
2017-2018-жж. Оморов Белек;
2018-2021-жж. Ташиев Алтынбек
2021-жылдан бери Келдибаев Сактан жетектеп келе жатат.

2016-жылы айыл аймакка 88 522 млн сом инвестиция келген. 2017-жылы Куршаб айыл өкмөтүндө сырттан келген инвестициялар төмөндөгү багыттарга жумшалып иштелген: Сауд Арабиянын “Абу-Салам” кайрымдуулук фонду – 1020.0 миң сомго айыл ичине суу чыгаруучу түтүктөр орнотууга; АРИС тарабынан Эрдик айылына мал сугаруу үчүн 540000 сом, ушул эле айылга ФАПтын пайдубалынын долбоорун жасоого 140 000 сом жана 106 миң сомдук мал доктурларга 3 мотоцикл, инвентарлар берилген; “Мерси-

ко" - 164.0 миң сомго мектептерге китеп стеллаждарын алынган; БУУ – Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы аркылуу "Жер көчкүнүн алдын алуу менен кыртышты сактап калуу, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү" долбоору менен 2, 53 млн. сом тартылган.[147]

Ал эми 2018-жылы Чытты жайлоосундагы көпүрөнү куруу 610.5 миң сом болсо, анын 399,5 миң сому АРИС тарабынан каржыланса, 190,0 миң сом жергиликтүү бюджеттен жана жайыт колдонуучулардан 20,6 миң жумшалган. Эрдик айылына булактан суу тартуу үчүн 472,5 миң сом жумшалса, анын 422,5 миң сому АРИСтен, 50,0 миң сому жарандардан каржыланган. Республикалык бюджеттен ички көчөлөрдү оңдоого 4700 миң сом жана Ы.Бектемиров атындагы орто мектептин капиталдык оңдоосуна 22 млн сом тартылган. Андан тышкары жеке ишкерлер Эрматов Жыргалбек тарабынан мрамор кафелин чыгарууга 12,7 млн сом жана Алымжан уулу Майсалбек тарабынан пенеблок станогу 23 млн сомго сатып алынган. Алдыдагы жылдарды Куршаб айыл өкмөтүнүн аймагына инвестиция тартуу боюнча үзгүлтүксүз иштерди жүргүзүү алдыңкы орунга коюлган жана ушул жаатта алгылыктуу иштер жүрүүдө.

## Айыл аймактын өнүктүрүүнүн келечеги

Куршаб айыл аймагында 2021-жылга карата айыл элинин коомчулугунун, ишкерлердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракеттеринин натыйжасында социалдык өнүгүү жагында жагымдуу шарттар түзүлмөкчү. Мында жоопкерчиликти жарандар, Куршаб айыл кеңеши жана айыл өкмөтү өздөрүнө алышат.

[147] Туура кадам Коомдук Бирикмеси. Куршаб айыл аймагынын 2019-2021-жылдарга стратегиялык өнүктүрүү программасы. 10-б.



## Айыл аймакты өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары

Куршаб айыл аймагында 2021-жылга карата өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй артыкчылыктуу багыттары аныкталган:

Айыл аймактын экономикасын өнүктүрүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана ишкерлердин туруктуу, жоопкерчиликтүү өнөктөштүгүн түзүү;

Айыл чарбасын өнүктүрүүдө орто мөөнөттүү артыкчылыктуу багыттарды аныктоо;

- Асыл тукум мал чарбасын өнүктүрүү;
- Дыйкан-фермерлерди сапаттуу, мол түшүм берүүчү үрөндөр менен камсыздоого жетишүү;
- Куршаб айыл аймагында айыл чарбасын өнүктүрүү максатында мамлекеттик жерлерди, жайыттарды жана айыл чарба жерлеринини мамлекеттик фондусунун жерлерин башкаруу боюнча жаңы саясат иштелип чыкмакчы. Куршаб айыл өкмөтүндө айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонддун (АЖМФ) жерлерин башкаруу боюнча келечек планын иштеп чыгып, анын негизинде жерлерди ижарага берүүдөгү аукцион жана конкурс аркылуу берүүчү жер аянттары такталып, мыйзамдын алкагында дыйкандардын укуктары коргоого алынмак. Андан тышкары асыл-тукум мал чарбаны жана үрөнчүлүк чарбаларын өнүктүрүү укугун конкурстук негизде алган дыйкан чарбаларга жеңилдетилген шарттары да аныкталмак. Аукцион, конкурс жана түз берүү жолу менен берилүүчү жер участкалары ачык-айкындык, тазалык принциби жана конкурстук комиссия тарабынан орнотулган критерийлерди сактоо менен өткөрүлөт.

• Үрөнчүлүк чарбаларды өнүктүрүү

Куршаб айыл өкмөттүн аймагында айыл чарбасынын үрөнчүлүк багытында иш алып барган үрөнчүлүк чарбалары бар, бул ири көлөмдөгү жер аянттарын иштеткен үрөнчүлүк чарбалардын ишмердүүлүгүндө биринчи кезекте сапаттуу мол түшүм бере турган үрөндөр менен аймактагы дыйкандарды камсыз кылуу үчүн иш-аракеттер жүргүзүлүшү керек. Аталган үрөнчүлүк чарбалар орто мөөнөттүү мезгилде өндүрүлгөн үрөндүн сапатын көзөмөлдөө боюнча заманбап лаборатория куруу үчүн инвестицияларды тартуу боюнча долбоорлорду ишке ашырууну болжолдоосу зарыл. Дыйкандарды сугат суу менен камсыздоо боюнча айыл аймактагы "Куршаб-Арзыбек" сууну пайдалануучулар ассоциациясы Өзгөн райондук суу чарбасы башкармалыгы менен биргеликте иш-чараларды иштеп чыкмакчы. Ирригациялык курулмаларды эксплуатациялоо жана кармап, күтүү маселелерин чечүү максатында "Дүйнөлүк Банк" тарабынан инвестициялык долбоорлор даярдалат. Бул багытта пайда болгон көйгөйлүү маселерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы райондук суу чарба башкармалыгы жана суу пайдалануучулар ассоциациясы менен биргеликте чечилмекчи.

## 2. Жайыттарды башкарууну жакшыртуу

Жайыттарды башкаруу жагындагы башкы милдеттер болуп мамлекеттик жайыттарды натыйжалуу башкаруу жана алардын бүтүндүгүн сактоо, ага болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жоопкерчилигин жогорлотуу эсептелет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айылдык жайыт комитети биргеликте жайыттын абалын баалоо, туура пайдалануу боюнча жайыт пайдалануучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүүсү керек.



Мал чарбачылыгы аймактагы жарандардын эң негизги киреше булактары болгондуктан, бул тармактын өнүгүшү дыйканчылыкты жана жайыттарды натыйжалуу пайдаланууга байланыштуу. Жайыттарды максаттуу пайдалануу багытында жайыт колдонуучулар менен кеңири иштерди алып баруу керек, жакынкы жылдарда жайытты пайдаланууну 5% жогорулатууга жетишүү зарыл. Бул иш-аракеттерди жүргүзүүдө жайыттарды пайдалануу боюнча жоопкерчиликтерди көтөрүү зарылдыктары да бар. Андан тышкары, жайытты башкарууну башка максаттарда да (бал челекчилик, туризм, дары каражаттарын топтоо) жакшыртуу иштери боюнча да иш-чараларды жүргүзүүнү кароо керек, анткени ал өз кезегинде ишкерчиликти өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөт.

## 3. Айыл аймактын инфратүзүмүн жакшыртууну өнүктүрүү

Куршаб айыл аймагындагы калктуу конуштардын инфраструктуралык түзүмдөрүн оңдоп-түзөө жана куруу иштери жасалат.

Калкты ичүүчү суу менен жабдуу багытында жакынкы аралыкта айыл калкынын 80% чейин таза суу менен камсыздалат. Бул максаттарды ишке ашырууга жергиликтүү жана республикалык бюджеттен каражаттар каралат, Шагым айылына Түштүк Кореянын КОІКА проекти менен суу камсыз болот. Куршаб айылына ЕБРР (Европа өнүктүрүү жана оңдоо банкы) эң негизгиси эл аралык уюмдардын колдоосу аркылуу инвестиция тартылат. Айыл ичиндеги эскилиги жеткен суу түтүктөрү жаңыртылып алмашылып, башкы суу жабдуучу курулуштар оңдолуп, санитардык тазалоочу аппараттар орнотулат. Айыл калкын таза суу менен тейлеген "Куршаб таза суу" ИСКАКБсы өзгөрүлүп, муниципалдык ишкана макамын алат. Куршаб айыл кеңеши

тарабынан ичүүчү сууну колдонуу жана пайдалануу тууралуу жобо иштелип чыгып бекитилет, ошондой эле тарифтик саясаты кайра каралып чыгат.

Муниципалдык менчиктеги 2,8 км А. Камчыбеков көчөсү жана ички жолдор жана тратуарлар оңдолуп, жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша асфальт жана шагыл төшөлөт, ички арыктар менен көпүрөлөр текшерилип, алардын ичинен авариялык абалда болгондору кайра жасалат.

Эл эс алчу "Чынар", "Ак-Кайың" парктары жана скверлер инвесторлор менен биргеликте жасалып пайдаланууга берилет. Жалпы пайдалануудагы жерлерге-көчөлөргө жарык берүү иштери улантылып, жалпысынан 100% көчөлөргө жарык берүүчү чырактар орнотулат. Өзгөн райондук архитектура башкармалыгы менен биргеликте айыл аймактын инфратүзүмдөрүндөгү көйгөй маселелерди системалык түрдө чечип туруу максатында айылдардын башкы планы кайра каралып оңдотулат. Муну менен катар Куршаб айылдык кеңеши тарабынан калктуу конуштарды жакшыртуунун жолдору жана эрежелери иштелип чыгып, ал боюнча коомдук угуулар уюштурулуп, андан кийин жобо аркылуу кабыл алынат. Бул жобо айыл аймагындагы тазалыкты сактоо, жерлерди максаттуу пайдалануу эрежелерин, ошондой эле айыл жарандарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин аныктап берет.

### 4. Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү

Жакынкы жылдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мектеп жана мектепке чейинки мекемелерге окуучулардын билим алуу шарттарын жакшыртууга жана санариптештирүүгө көңүл бурат. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен жана инвестиция тартуу менен объекттерди оңдоо, тийиштүү эмеректер заманбап жабдуулар



менен камсыздалат. Билим берүүнүн сапатын арттыруу максатында, ал тармакта эмгектенген мугалимдерди колдоого алуу үчүн райондук, областтык жана республикалык олимпиадада жеңишке жеткен окуучуларга, ЖРТ жогорку балл алган окуучуларды даярдагандыгына акчалай сыйлыктар каралат. Мектепке жана мектепке чейинки билим алууга, бала бакчаларга электрондук кезек, онлайн видео камераларды орнотуу, мектепке окуучулардын сабакка катышуусун санариптүү көзөмөлдөө (окуучу качан сабака келди, сабакта жетишүүсү кандай болуп жатат, канча баа алды жана сабактан канчада чыгып кетти бүт контролдоо болот). Мектеп окуучулары арасында сергек жашоону пропагандалоо максатында массалык спорттун түрлөрү жайылтылат.

### 5. Калкка социалдык жардам көрсөтүү

Куршаб айыл өкмөтү менен айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө даректүү социалдык жардам көрсөтүү өнүктүрүлөт. Айыл аймактагы жетим балдарды колдоо боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында фостердик үй-бүлөлөр институтун түзүү иштери жүргүзүлөт. Мында социалдык мыйзам боюнча бардык жаңы талаптар эске алынат. Айыл өкмөттүн деңгээлиндеги социалдык маселелерди кароо комиссиясы дайыма жакыр, аз камсыздалган, үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган жана мигранттардын балдары жашаган үй-бүлөлөрдү аныктап, алар боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзүп турат.

2019-2021-жылдары Куршаб айыл өкмөтү айыл ичиндеги жумушсуздарды убактылуу коомдук иштерге тартууну улантат, аларга акы төлөп берүү жергиликтүү бюджеттен камсыздалат, үйү жок турмуш шарты оор үй-бүлө-

лөргө донорлор тарабынан муниципалдык үйлөр салынып пайдаланууга берилет.

**6. Финансылык ресурстарды мобилизациялоо. Жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин өсүшүн камсыз кылуу**

Куршаб айыл өкмөтүнүн негизги милдети болуп жергиликтүү бюджетти түзүү, аткаруу маселеси эсептелет. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында айыл өкмөтү менен айылдык кеңеш өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын негизинде жергиликтүү салыктарды жана салык эмес төлөмдөрдү кайра карап чыгуу мүмкүнчүлүгүн колдонот, жер салыгынын базалык чендери кайра чыгат. Салыктык төлөмдөрдүн көлөмүн көтөрүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы салыктын түрлөрүн администрациялоо боюнча укуктарды жана милдеттерди мамлекеттик салык органынан өткөрүп алат, анын натыйжасында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 3-4% көтөрүлөт. Салык эмес төлөмдөрдүн көлөмү АЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн жана муниципалдык мүлктү туура колдонуунун эсебинен өсүүсү күтүлөт, 2020-жылы АЖМФнын жерлерин келечек планы иштелип чыгып, айылдык кеңеш тарабынан бекитилет, бул өз кезегинде ижара акынын туруктуу көбөйүүсүнө жана ошондой эле ачык-айкындыкка алып келет.[148] Муниципалдык менчиктеги мүлктөр жана жерлерди инвентаризациялоо жүргүзүлөт, ал мүлктү натыйжалуу пайдалануу жана колдонуу боюнча айылдык кеңеш тарабынан жобо иштелип чыгат, анын натыйжасында ижарага берүүдөн бюджетке киреше көбөйөт.

[148] Туура кадам Коомдук Бирикмеси. Куршаб айыл аймагынын 2019-2021-жылдарга стратегиялык өнүктүрүү программасы. 20-б.



**7. Жергиликтүү бийлик органдарынын иштеринин калк алдында ачык-айкындуулугун жана тазалыгын камсыздоо**

Куршаб айыл өкмөтү менен Куршаб айылдык кеңеши айылды өнүктүрүү программасы жана аны ишке ашыруудагы жыйынтыктар менен коомчулукту дайыма кабардар кылып турушат. Айылдык кеңеш программанын ишке ашыруу тууралуу бир жылда 2 жолудан кем эмес сессияларда карайт жана ал боюнча маалыматты айылдын сайты аркылуу маалымдап турат. Андан тышкары айыл кеңештин депутаттары шайлоочулар менен жолугуу учурунда, элге депутаттык отчетторун бергенде маалымат берише. Айыл өкмөт өз кезегинде айыл кеңешке жана коомчулукка үзгүлтүксүз маалымат берип турат. 2019-жылдан тартып айыл өкмөттүн имаратында калкты тейлөө жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу максатында "Бирдиктүү терезе" иштеп баштаган.[149] Куршаб айыл өкмөтү айылдык кеңеш менен бирдикте айылдын өнүктүрүү программасын турмушка ашыруу маселелери боюнча айылдын эли менен коомдук угууларды өткөрүп турат.

Жергиликтүү бийлик органдары тарабынан аткарылып жаткан жергиликтүү маанидеги маселелерди ачыкайкындыкка чыгаруу жана жергиликтүү жашоочуларга берүү, алуу жана алмашуу процессин жакшыртуу үчүн Куршаб айыл аймагынын интернет сайтын жана маалымат социалдык тармактагы баракчасын SMM активдүү форматка өткөрүп иштетүү. Бул процесс менен жергиликтүү кеңеш менен айыл өкмөттү он-лайн режиминде суроо-жооп форматын өнүктүрүүгө жеткизет, андан тышкары бул жергиликтүү коомчулук менен биргеликте жасалып жаткан иш чаралардын жүрүүсүнө жергиликтүү элдин байкоо жүргүзүүсүнө алып келет.

[149] Туура кадам Коомдук Бирикмеси. Куршаб айыл аймагынын 2019-2021-жылдарга стратегиялык өнүктүрүү программасы. 18-20-бб.

## 3.2. Куршаб айыл өкмөтүнүн паспорту

**Облус, район, айыл аймактын аталышы: Ош облусу, Өзгөн району, Куршаб айылы.**

**Географиялык жайгашкан жери: Түндүк чыгыш тарабынан Кароол айыл өкмөтү, түштүк чыгыштан Жалпак-Таш, Кара-Таш айыл өкмөттөрү, түштүк батыштан Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү менен чектешет. Климаты: нымдуу**

01.01.2019-ж. карата

| № | Көрсөткүчтөр | Баары |
|---|---|---|
| 1 | Почталык индекси | 723613 |
| 2 | Дареги | Өзгөн району Куршаб айылы |
| 3 | Байланыш телефону | 0773687800 |
| 4 | Факс | 03233 5–43-10 |
| 5 | Айылдык өкмөттөн төрөлгөн жылы | 1996-жыл, 15-май |
| 6 | Жалпы аянты | 26,8 км2 |
| 7 | Райондун борборунан алыстыгы | 12 км |
| 8 | Облустун борборунан алыстыгы | 38 км |
| 10 | Темир жол станциясынан алыстыгы | 30 км |
| 11 | Жакынкы аэропоттон алыстыгы | 40 км |
| 12 | Деңиз деңгээлинен бийиктиги | 900 м |
| 13 | Калктын саны | 22 990 |
| 14 | Кожолуктун саны | 3727 |



| | | |
|---|---|---|
| 15 | **Айыл өкмөтүнө караган айылдардын саны**<br>1. Куршаб<br>2. Шагым<br>3. Эрдик | **Айылдардын калкынын саны**<br>1. 19178<br>2. 2927<br>3. 885 |
| | Айылдардын айыл аймактын борборунан алыстыгы<br>1. Куршаб<br>2. Шагым<br>3. Эрдик | км:<br>1. 0 км<br>2. 7 км<br>3. 12 км |
| | Айылдардын райондун борборунан алыстыгы:<br>1. Куршаб<br>2. Шагым<br>3. Эрдик | км<br>1. 12 км<br>2. 19 км<br>3. 24 км |
| **16** | **Калктын улуттук курамы** | |
| | кыргыздар | 21711 |
| | орустар | 101 |
| | өзбектер | 1029 |
| | ж.б улуттар | 149 |
| 17 | Калктын социалдык курамы | |
| | эркектер | 11320 |
| | аялдар | 11670 |
| 18 | **Эмгекке жарамдуулар** | |
| | эркектер | 6810 |
| | аялдар | 6950 |
| | Улуу Ата Мекендик согуштун жана ага теңештирилген локалдык согуштардын катышуучулары | 0 |
| 19 | **Социалдык объектилер** | |
| | мектептер ( окуучулардын саны) | 4266 |

| | | |
|---|---|---|
| | орто билим берүү жана толук эмес орто билим берүүчү мектептер | 7 |
| | негизги билим берүү | |
| | мектепке чейинки билим берүү мекемелери | 5 |
| | Алардагы балдардын саны | 1070 |
| | -кесиптик лицейлер | - |
| | ЖОЖдордун филиалдары | - |
| | окуу курстары | - |
| | аймактык ооруканалар | 1 |
| | поликлиникалар | 1 |
| | ФАПтар | 2 |
| | Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу | 9 |
| | маданият үйү | 1 |
| | стадиондор | 1 |
| | спорт аянттары | 1 |
| | китепканалар | 2 |
| | мончолор | 120 |
| | чач тарачканалар | 14 |
| | дүкөндөр | 60 |
| | кафелер | 10 |
| | ашканалар | 21 |
| 20 | **Аймактык, коомдук өз алдынча башкаруу органдары (ТОС)** | - |
| 21 | Коомдук алдын алуу борборлору (ОПЦ) | 1 |
| 22 | **Ардагерлер кеңештери** | 1 |
| 23 | **Аялдар кеңештери** | 1 |
| 24 | **Жаштар кеңештери** | 1 |
| 25 | **Аксакалдар соттору** | 1 |



| | | |
|---|---|---|
| 26 | **Жалпы жер боюнча маалымат** | гектар |
| | жалпы жер аянты, анын ичинен | |
| | айыл чарба багытындагы жерлер, анын ичинен | 7544 га |
| | айдоо жер аянты, анын ичинен | |
| | суулуу айдоо | 1133 га |
| | кайрак | 2675 га |
| | жайыт | 2472 га |
| | көп жылдык өсүмдүк | 1115 га |
| | бак | 149 га |
| | кысыр аныз | - |
| | эшик алды | 597 га |
| | токой | - |
| | саз | - |
| | ар түрдүү жерлер | |
| 27 | **Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери га.** | 988 га |
| | анын ичинен: - суулуу | 270 га |
| | кайрак | 718 га |
| 28 | **Мал чарбасы (баш)** | даана |
| | ири мүйүздүү мал | 5150 |
| | анын ичинен уйлар | 2069 |
| | майда мал жандыктар | 16138 |
| 29 | **Чарба жазуучулар субъектилер** | |
| | фермердик чарбалар | 6 |
| | дыйкан чарбалар | 1 |
| | үрөн чарбалар | 2 |
| | техсервистер | - |
| | ветсервистер | 4 |

| | | |
|---|---|---|
| | тегирмендер | 1 |
| | зоводдор | - |
| | АЗС | 3 |
| | ААК, ЖАК, ЖЧК | - |
| | кичи базарлар | 1 |
| | жеке ишкерлер | 1017 |
| | өкмөттүк эмес уюмдар | - |
| 30 | **Байланыш** | |
| | райондун борбору менен | |
| | Телеберүү (мамлекеттик, жергиликтүү) | 5 |
| | Ички чарбачылык жолдор (км) | 69 |
| | Суу түтүктөр үйүнө (км) | 54 |
| 31 | **Кирешелердин аталышы (сом менен)** | |
| | Кирешенин жеке булактары | 19338,0 с. |
| | Республикалык бюджеттен каржыланышы | 6511,7 с. |
| | Кирешенин башка түрлөрү | - |
| | Инвестициянын көлөмү (сом менен) | |
| | Ата мекендик инвестициялар | 256289,0 с. |
| | Чек өлкөлүк инвестициялар | 25698,0 с. |
| 33 | **Электр энергия тармагы** | |
| | Дебитордук карыз (миң сом) | 69,0 с. |
| | Э/энергиясынын техникалык жоготуусу (мин к Вт/ч) | - |



| | | |
|---|---|---|
| | Э/энергиясынын коммерциялык жоготуусу (мин к Вт/ч) | - |
| 34 | **Өнөр жайдын дүң продукциясы, жалпысынан (миң сом) факт** | 125193,0 с. |
| | Физикалык көлөмдүн индекси (%) | 1274,0 с. |
| 35 | **Айыл чарбасы** | 41987,0 с. |
| | Физикалык көлөмдүн индекси (%) | 105,0 с. |
| 36 | **Капиталдык салым** | 82394,0 с. |
| | Өсүү темпи (%) | 168,7 с. |
| 37 | **Чекене товар жүгүртүү** | 190674,0 с. |
| | Өсүү темпи (%) | 133,0 с. |
| 38 | **Тышкы соода жүгүртүү** | - |
| | Өсүү темпи | - |
| | Анын ичинен - экспорт | - |
| | импорт | - |
| | соода балансынын сальдосу (миң сом) | - |
| 39 | **Транспорттун бардык түрлөрү менен жүк ташуу (миң тонна)** | - |
| | Өсүү темпи (%) | - |
| 40 | **Жүргүнчүлөрдү ташуу (миң адам)** | - |
| | Өсүү темпи (%) | - |
| 41 | **Салыктардын жана жыйымдардын жыйналышы (миң сом)** | 25691,0 с. |
| | Өсүү темпи (%) | 112,0 |

| | | |
|---|---|---|
| 42 | **Өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларынын түрлөрү (тонна)** | |
| | Дан бардыгы тазаланган түрдө | 7837 тн. |
| | а.и. буудай | 2795 тн. |
| | арпа | 1000 тн. |
| | сулуу | |
| | маш буурчак | |
| | пахта (зачеттук салмакта) | |
| | тамеки (зачеттук салмакта) | |
| | май өсүмдүгү | 465 тн. |
| | картошка | 590 |
| | жашылча | 299 тн. |
| | бакча өсүмдүгү | 410 тн. |
| | мөмө-жемиш | 396 тн. |
| | жүзүм | - |
| 43 | **Мал чарба продукцияларын өндүрүү (тонна)** | |
| | Эт (тирүүлөй салмакта) | 1005 тн. |
| | сүт | 5505 тн. |
| | жүн | 19,6 тн. |
| | Жумуртка, (миң даана) | 62000 тн. |
| 44 | **Миграциялык абал (адам)** | |
| | сырткы (кеткендер/келгендер) | 1200/155 адам |
| | ички (кеткендер/келгендер) | 596/125 |
| 45 | **Жаңыдан түзүлгөн жумуш орундарынын саны** | 55 |



| | | |
|---|---|---|
| 46 | **КБФ жерлеринен пайдалангандыгы үчүн ижара акы** | 786,0 |
| 47 | **Жайыт төлөмдөрүнүн топтолушу (миң сом) план/факт** | 376,0<br>242,0 - 65% |
| 48 | **Социалдык төлөмдөрдүн топтолушу: (миң сом) план/факт** | 2728,0/4419,0 |
| 49 | **Пайдаланылган сугат суу үчүн төлөмдөрдүн топтолушу; (миң сом) план/факт** | 216,5/216,7 – 102% |
| 50 | **Таза суу менен камсыз болуусунун абалы (адам%)** | 35% |
| 51 | **Пайдаланылбай калган жер аянттары: га (жалпы айдоо жерге карата%)** | - |
| 52 | **Катталган кылмыштын саны** | 48 |

## 3.3. Куршаб айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык жана маданий абалы

Жалпысынан учурда айыл өкмөттө 5 мектепке чейинки билим берүү мекемеси жана 7 мектеп иш алып барат. Мектепке чейинки билим берүү мекемелери:

1. “Алтын ачкыч”;
2. “Айгүл”;
3. “Ибадат апа”;
4. “Куршаб”;
5. “Наристе”.
6. Ал эми жалпы билим берүүчү мектептер төмөнкүлөр:
7. №14 А. Таңгатаров атындагы интернат-гимназиясы;
8. №5 В.И. Ленин атындагы орто мектеп;
9. Кайнар башталгыч мектеби;
10. №46 Касым Эрматов атындагы орто мектеп;
11. №49 Токтогул атындагы орто мектеп;
12. №46 Шамши Эгемжаров атындагы орто мектеп;
13. №2 Ысмаил Бектемиров атындагы орто мектеп.

Кыргыздар Россиянын курамына кирген соң билим берүү тармагында да бурулуш башталган. Кыргызстанда мектептер сан жагынан өсүп аларда билим берүүнүн сапаты акырындап жакшыра баштаган. Албетте, совет бийлиги орногонго чейинки аралыкта кыргыздар сабатсыз болгон деген көз караштар да болуп келет. Бирок, ал негизсиз экендигин акыркы учурларда көпчүлүгү аңдап бара жатат десек болчудай. Анткени, ал учурда кыргыздар балдарын башка мусулман диндеги элдер сыяктуу диний мектептерде, медреселерде окуткан. Ошону менен катар орус бийлиги 1886-жылдан баштап, “орус-жергиликтүү” мектептерин уюштура баштаган. Ал мектептерде диний билимден тышкары орус тили, орус адабияты жана маданияты үйрөтүлгөн. 1883-жылы Ош уездинде 41 мектеп болуп, анда 391 окуучу окуучу билим алса, 1914-жылы 229 мектеп иштеп, анда 3,2 миң окуучу билим алган. Мындан тышкары убакыттын өтүшү менен мектептерде эсеп, география, тарых, табият таануу ж.б.у.с. сабактарды окутуу күчөгөн.[150]



Куршаб волстуна караштуу Покровскийдеги приходдук училищесине **1895-жылы** Фергана областынын уезд башкармасы текшерүү жүргүзгөн. Ошону менен Оштогу шаардык оорукана, түрмө, орус-тузем мектеби, приходдук училище текшерилген. Ошондой эле 3-9-сентябрда Куршаб волосуна караштуу Куршаб дарыясынын боюндагы **1893**-жылы негизделген Покровский айылында болуп, 20 үй-бүлөдөн турган бул орус кыштагы[151] чиркөөгө, мектепке, медпунктка муктаж экендигин белгилеп кетишкен.

**1896**-жылы 9-октябрда Покровский айылында 24 окуучусу бар 1 класстуу төрт жылдык билим берүүчү приходдук училище сабакты баштаганы тууралуу училищенин жетекчиси **Н.Н. Никулин** Түркстан крайынын инспекторуна билдирүү жасаган. Анда мындай деп жазылган: *“Господину главному инспектору училищ Туркестанского края заведующий Покровским сельским приходским училищем от 9 октября сего года (мы) начали классные занятия при 24 учащихся, о чем имею честь донести Вашему Превосходительству”.* 1898-жылы 44 эркек бала, 8 кыз окууга келген. Белгилей кетчү нерсе, облуста орус-тузем мектептеринин ачылышы менен кээ бир приходдук училищелер жабылган. Мисалы, 1886-жылы Андижян, Чусть, Кокондогу 1 класстуу приходдук училищелер жабылган. Жабылган приходдук училищелердин китепканаларындагы китептер жаңыдан ачылып жаткан орус-тузем, приход-

150 А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. “Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар” ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2008. 62-б.

151 Кененсариев Ташманбет. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917) 278-бет.

дук училищелерине берилип турган. Мисалы, 1900-жылы 12-июнда Покровскийдеги 1-класстуу приходдук училищенин жетекчиси Түркстан крайынын башкы инспекторунан Кокон менен Чусть шаарларындагы жоюлган мектептерден китептеринен Покровскийдеги приходдук училищеге көрсөтүлгөн китептерди которууга уруксат сураган. Түркстан крайындагы элдик училищелердин инспектору Ф.Керенскийдин уруксаты менен 1898-жылы 22-июнда Чусттагы орус-тузем мектебинин башчысы С. Жумаков диний мазмундагы китептерди которгон. Жалпысынан анын суроосу боюнча 25 сом 75 тыйындык 35 даана 22 түрлүү китеп которулган. Ал эми Кокондон 9 сом 99 тыйындык 12 даана китеп которулган. Кылымдын аягында Покровскийдеги приходдук училищенин өзүнүн атайын имараты болуп, анда **678** томдон турган **475** түрлүү китеп, 174 окуу көргөзмө куралдары болуп, **71** бала окуган. Алардын 56сы эркек балдар, 15и кыздар болгон, 2 мугалим эмгектенген. Окуучулар негизинен отурукташкан орус улутунун балдарынан турган.[152]

Демек, Куршаб аймагындагы 1924-жылга чейин да приходдук училище курулуп, билим берүүчү мекеме катары кызмат кылган. Ал эми 1924-жылы ШКМ, 1934-жылы ачылган М.В. Ломоносов атындагы мектептер анын уландысы катары аймактагы сабатсыздыкты жоюу боюнча алгылыктуу иштерди жасаган. Ага Совет өкмөтүнүн бул багыттагы саясаты бир чети негиз болуп берген.

1917-жылы 9-ноябрда В.И. Ленин Эл агартуу боюнча мамлекеттик комиссияны түзүү жөнүндө декретке кол койгон. Түркстан республикасынын өкмөтү тарабынан 1918-жылы 14-майда "Советтердин крайлык 5-съездинин эркин аткаруу үчүн бирдиктүү жалпы элдик мектептерди

[152] Султанова М.Ш. XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандагы билим берүүнүн абалы. т.и.к. окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация. Ош 2007., 117-,118-бб.



токтоосуз уюштуруу иши башталган. Түркстан Совет Республикасынын мектептеринин кайсы гана классына болбосун кирүүнүн бирден бир шарты окуганды каалоо гана болуп саналат",- деп жарыялаган.[153] Падышачылыктын мезгилинде билим алуудан өксүгөн эл окууга демилгелүү киришкен. Бул жараяндын иш жүзүндө ашканын Куршабдагы (ШКМ) К.Е. Ворошилов (2017-жылдан тартып "Гузар" бала бакчасы ага чейин №19 Амирбек Төлөнов ат. мектеби) жана М.В.Ломоносов (2016-жылдан тарта "Алтын ачкыч" бала бакчасы ага чейин №77 Батыралы Усманов ат. мектеби болгон) атындагы мектептерде билим алууга кызыккан балдар жана улуу курактагы адамдардын баруусунан билсек болчудай. Анткени, жогорудагы аты аталган Куршабдагы мектептерде 1924-1934-окуу жылдарында 1-класска жашы 7-8 деги балдар жана кыздар гана эмес окууну, жазууну каалаган чоңдор да окушкан.

Совет бийлиги да мектептерди уюштуруу иштерин массалык түрдө жүргүзө баштаган. 1923-жылы Кыргызстандын билим берүү тармагы бир кыйла тездик менен өнүгө баштаган. 1929-30-окуу жылында республиканын шаарларында 77, айыл-кыштактарда 523 мектеп иштеген. Мектептер республиканын эң алыскы булуң-бурчтарында да уюшула баштаган. 1928-жылы Кыргызстанда мугалимдердин саны 1273 гө жетип, анын 553 кыргыз болгон.

1940-жылы Куршабдагы №62 айыл чарба өндүрүшүндөгү электр жабдуулары жана ремонттоо боюнча электр монтеру, кеңири профилдеги тракторчу, машина менен ж.б. кесиптеги кадрларды даярдоочу кесипттик техникалык окуу жайы ачылган.[154] Ошондон бери бул окуу жайды миңдеген бүтүрүүчүлөр аякташып, айылыбызга гана эмес,

[153] Кыргыз ССР энциклопедиясы. Фрунзе. 1983-жыл. 269-бет.

[154] Б.Мурзубраимов, Б. Нурунбетов, Ы. Садабаев, А. Раимов, Ж. Анашов: Көңүлүн тарткан өзгөнүн, көп жерден артык Өзгөнүм. Ош, 1998-жыл. 92-б.

анын чегинен тышкары эл чарба тармагында үзүрлүү эмгектенүүдө. Азыркы учурда аталган окуу жай №62 Кулназар Ташиев атындагы кесиптик-техникалык лицей катары Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө карап, азыр да жаш жана зарыл кадрларды чыгарып келүүдө.

## Мектептерде окуу-тарбия иштери жакшыртылсын

*КПССтин XX съездинин директивалары мындан ары окуу тарбия иштеринин деңгээлин көтөрүүдө эл агартуу кызматчыларынын алдына зор милдетти койду. Эл агартуу иштериндеги негизги участоктордун бири жалпыга милдеттүү окуу законун аткаруу болуп саналат.*

*Биздин райондо окуу-тарбия иштери баштагы жылдарга караганда бир кыйла жакшырды. Окуучулардын сабактан жетишүүсү жана катышуусу айрым мектептерде мыкты жолго коюлган. Ленин атындагы №5 мектепте (директору жолдош Копейкина) окуу-тарбия иштериинин жакшыртылышы үчүн ар түрдүү иштерди жүргүзүшөт. Кол эмгеги, политехникалык сабактарда окутуу жакшыртылган. 1957-1958-окуу жылында эл чарба планы боюнча биздин райондо **4770** окуу жашындагы балдар милдеттүү түрдө тартылуу керек болучу. Мындан 1-4-класстар боюнча **2717**, 5-7-класстар боюнча **1212**, 8-10-класстар боюнча **841** бала болуш керек.*

*Бирок, 1957-жылдын 1-сентябрына чейин 168 окуу жашындагы балдар мектепке тартылбай калды. Райондогу **39** мектептен жалпыга милдеттүү окуу законун араңдан зорго 24 гана мектеп аткарган. Калган 15 мектептердин директорлору жана селолук Советтердин председателдери бул саясий компаниядан четте калган.*



*Ош облустук мамлекеттик архиви. Ф. 26, Оп. 1, ех. хр. 2, "Эмгек Туусу" газетасы. Куршаб райондук басмакасы Орган Куршабского райкома КП Киргизии и районного Совета депутатов трудящихся 1958 г. с №1, по № 103.*

Жогорудагы маалыматтан кезинде район макамында болгон Куршаб районунда 1957-1958-окуу жылында 39 мектеп бар экендигин жана андагы мектеп окуучуларынын саны, окуу процессинен азын-оолак маалымат алууга болот. Канткен күндө да ошол учурдун кемчиликтери да, артыкчылыктары да болуп, советтик иделогиянын жолунда окуу иштери да өз нугунда орундалып турган.

Аталган жылдары райондогу жана айылдагы билим берүүчү мекемелер да алгылыктуу иштерди жасап ийгилик жаратып турушкан. Маселен, Ю.А.Гагарин атындагы мектеп-интернаты окуу-тарбия ишин эң мыкты уюштурулганы жогору бааланып, бул мектеп-интернатынын иш тажрыйбасы 17 чоң альбомго топтолуп, 1962-1963-жылы Москвадагы эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө (ВДНХ) коюлган. Бул мектептин көмөкчү чарбасында 15 уй, 110 кой, 5 жылкы, 10 гектар жер болгон. Жаңы доордун башталышы менен "ашар" ыкмасы менен бир канча маданий-социалдык объектилер бүткөрүлүп ишке берилди. Куршабдагы Кайнар айылында 4 класстык бөлмөсү бар мектеп ишке берилди. Ошондой эле 4 млн 525 миң сомдун ордуна 5 млн 458 миң сом капиталдык салым өздөштүрүлүп, бул каражаттын эсебинен 21,38 чарчы метр турак жай, 150 орундуу класстык бөлмө, Куршаб совхозунда 60 орундуу Токтогул атындагы орто мектепте кошумча куруluш пайдаланууга берилген.

Өзгөн районундагы ошондогу билим берүү тармагында дайыма иштеп турууучу мектепке чейинки билим берүүчү бала бакчадагы балдардын саны 5300, жалпы билим бе-

1942-жылы өз арызы менен Улуу Ата Мекендик согушка аттанган. Ал 299-аткычтар дивизиясында 1945-жылы Берлин салгылашуусуна чейин жетип, ошондогу көрсөткөн каармандыгы үчүн орденге татыктуу болгон. Кан кайнаган согушта Палтова, Минск, Польша, Румыния, Болгария, Венгрия ж.б. салгылашууларга катышып, каармандык менен күрөшкөн жана көрсөткөн эрдиктери үчүн орден, медалдар менен сыйланган. 1945-жылы согуштан кайткан соң, "Интернационал" колхозуна 1946-1952-жылдар аралыгында раис болуп эл-жер үчүн жан үрөп эмгектенет. 1966-жылы пенсияга чыгат. 1977-1983-жылдар аралыгында болсо Куршаб жами мечитинде иман орун басары болуп элди жакшылыкка чакырып өзүнүн аксакалдык милдетин аткарып, жакшы наасат-кептерин айтып, ардактуу айыл аксакалы болуп эл сыйына татып келген. 1985-жылы 79 жаш курагында каза болгон. 1993-жылы эл-журт үчүн кылган ак кызматы бааланып, М.В. Ломоносов атындагы өзбек мектебине Батыралы Усмановдун ысымы ыйгарылган.[159] Ал эми аталган мектептин тарыхына кайрылсак, төмөндөгү агай-эжейлер[160] жетектешкени белгилүү:

1. 1970-1975-жж. Рахимова Мамахан;
2. 1975-1980-жж. Калкназаров Сатыбалды;
3. 1980-1992-жж. Хайитов Мухтаржан;
4. 1992-1998-жж. Мадазимов Тургунбай;
5. 1998-2000-жж. Ашурова Айбакты;
6. 2000-2006-жж. Эргешбаев Токтосун;
7. 2006-2016-жж. Мадазимова Мунира.

[159] Инфарматор: Батыралы Усмановдун уулу Усманов Момун 61 жашта. (жеке ишкер). Өзгөн районунун Куршаб айылынын тургуну.

[160] Инфарматор: 2006-2016-жж. баштапкы №77 Б. Усманов ат. өзбек мектептин директору Мадазимова Минура. 50 жашта. Өзгөн районунун Куршаб айылынын тургуну.



Ал эми ар кандай себептер менен 2016-жылы окуучулардын саны кыскарганына байланыштуу мектеп толук бойдон бала бакчага өткөрүлүп, "Алтын ачкыч" мектепке чейинки билим берүү мекемеси өзүнүн ишин толук баштаган. Азыркы учурда 170 бала тарбияланып, аларга 30 кызматкер таалим-тарбия берүүдө. 2013-жылдан бери бул мекемени Замира Мамадалиева жетектеп келе жатат.

Ал 1957-жылы Алай районунун Гүлчө айылында туулган. 1974-жылы Ош шаарындагы Уркия Салиева атындагы мектеп-интарнатты аяктап, ошол эле жылы Ош педагогикалык институтунун физика-математика факультетинин математика адистигине тапшырган. 1978-жылы баштапкы Ворошилов атындагы (2017-жылга чейин №19 Амирбек Төлөнов ат. мектеп, азыркы учурда "Гузар" балдар бакчасы) мектепте 1994-жылга чейин, 1994-2013-жылдар аралыгында №14 А. Таңгатаров атындагы интернат-гимназияда математика мугалими болуп эмгектенген. 2013-жылдын 14-ноябрынан тартып "Алтын ачкыч" мектепке чейинки билим берүү мекемесин жетектеп келет. Ал бир нече жолу жергиликтүү жана райондук администрациянын Ардак грамоталары менен сыйланган.

## "Айгүл-Бак" атындагы мектепке чейинки билим берүү мекемеси

Куршаб айыл өкмөтүндөгү "Айгүл-Бак" мектепке чейинки билим берүү мекемеси алгач жеке менчик болуп 2008-жылы уюшулган. 2009-жылы аталган бала бакча мамлекеттештирилип өзүнүн ишин уланткан. Алгач 32 бала тарбияланса, ал эми 2015-жылы 90 бала бул бала бакчадан таалим-тарбия ала баштаган. 2008-жылдан тарта аталган мекемени Балкаева Идаят жетектеп келе жатат. Анда өмүр таржымалына көз чаптырсак.



*Балкаева Идеят*

Балкаева Идаят 1958-жылы Алай районунун Үч-Төбө айылында туулган. 1975-жылы Сопу-Коргон айылындагы Т.Сатылганов ат. мектебин аяктаган. 1975-1976-жылдары Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайында билим алган. 1990-жылы Куршабдагы Шагым айылынын Шагым орто мектебинде алгач эмгек сабагынан мугалим, кийинчерээк директордун орун басары болуп эмектенген. 2008-жылы элдин муктаждыгынан улам учур талабына ылайык “Айгүл-Бак” аттуу бала бакчаны негиздеп, ошол күндөн тарта ушул мекемени жетектеп келе жатат.

Азыркы учурда бала бакчада 87 бала тарбияланып, 18 кызматкер эмектенип келе жатат. Аталган бала бакча 2013-жылы “Билим башаты-бакчадан” деген темада Ош областтык семинар өткөргөн. 2015-жылы “Мыкты бала бакчалар Кыргызстандын балдары үчүн” деген темада республиалык семинар өткөрүлгөн. 2011-2012-2013-жылдары облустук жана республикалык мыкты бала бакча кароо-сынактарында бир нече жолу байгелүү орунга жана дипломго жетишкен.[161]

## “Ибадат апа” атындагы мектепке чейинки билим берүү мекемеси

Куршаб айыл өкмөтүндөгү “Ибадат апа” мектепке чейинки билим берүү мекемеси 2012-жылы жеке менчик үй мамлекеттештирилип ачылган. Алгач 17 кызматкерден турган топ 115 балага тарбия бере баштайт.

[161] Маалыматнама “Айгүл” бала бакчасынын өздүк маалыматынан алынды.



Азыркы учурда аталган бала бакчада 130 бала тарбияланууда. Ошол эле учурда 22 кесиптик топ биргеликте иш алып барууда. Мындан тышкары 2017-жылы бала бакчанын алдында уюшулган тигүү цехте айылдагы кыз-келиндер эмгектенишет. Аз да болсо айылдагы жумушсуздукту жоюу максатында уюшулган бул цехте 10 го чукул айыл тургундары эмектенүүдө. Ал эми бала бакчага ысымы ыйгарылган инсанга токтолсок.



*Кайназарова Ибадат*

Кайназарова Ибадат 1922-жылы Өзгөн районунун Эмгекчил айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1930-жылы башталгыч класс мектебине барып сабатсыздыгын жойгон. Колхоздоштуруу мезгилинде талаа жумуштары менен бирге билим да алган. Кийинчерээк Улуу Ата Мекендик согуш башталып тылда эмгектенет. Ошол эле учурда турмушту кошо алып кетип 3 уул, 3 кызга татыктуу тарбия берип өстүрөт. 1963-1980-жылдар аралыгында Куршаб совхозунда алдыңкы тамекичи болуп бир нече жолу мамлекеттик орден-медалдар менен сыйланган. Кийинчерээк ардактуу пенсияга чыгып, 2001-жылы көз жумган.[162]

Ал эми бул бала бакчаны 2012-жылдан 2013-жылга чейин Абдулазизова Орунбү жетектеген. 2013-жылдан тарта ушул күнгө чейин аталган мекемени Кайназарова Бурулкан жетектеп келе жатат.

Кайназарова Бурулкан 1958-жылы Өзгөн районунун Эмгекчил айылында туулган. 1975-жылы Куршаб орто мектебин (азыркы №2 Ы. Бектемиров ат. мектеби) аяктаган

162 Куршаб айыл өкмөтүндөгү жалпы билим берүүчү мекемелерден алынган маалыматнамадан



*Кайназарова Бурулкан*

соң Куршабдагы кол өнөрчүлүк цехте 1985-жылга чейин иштейт. Андан соң Ош АК “Дюбек” тамеки ишканасында весовщик болуп 1993-жылга чейин эмгектенет. Ошол жылы Куршабтагы №62 кесипчилик окуу жайынан “тамекичиликтин чебери” адистигинде тездетилген окууну ийгиликтүү аяктаган. 2018-жылы Ош шаарындагы ОГПИнин башталгыч класска билим берүү адистигин сырттан окуп бүтүргөн.

2012-жылы жеке менчик үйүн мамлекеттештирип, бала бакча ачууга берет. 2013-жылдан тарта бала бакчаны жетектеп келет. Жергиликтүү жана райондук администрациянын бир нече жолку Ардак грамоталары жана дипломдору менен сыйланган.

## “Куршаб” атындагы мектепке чейинки билим берүү мекемеси

Куршаб айыл өкмөтүндөгү “Куршаб” атындагы мектепке чейинки билим берүү мекемесинин курулуш иштери 1984-жылы башталып, 1986-жылы имарат толук бүткөрүлүп жумушка берилген. Бир канча убакыт совхоздо эмгектенген ата-энелердин балдарына таалим-тарбия берип иш жүргүзөт. Кээ бир себептерге байланыштуу 1992-жылдан 2008-жылга чейин аталган мекеме өз ишин токтотот. 2008-жылы Куршаб айыл өкмөтү ушул мекемени кайра ишке киргизүү үчүн алгылыктуу иш жасап, 1 млн сомго имараттын чатырын, 1,7 млн сомго жылытуу системасын ж.б.у.с. жактарын бүткөрүп, айтор толук ремонттон өткөрүп жаңы окуу жылында кайра ишке берилген. Азыр-



кы учурда бала бакчада 220 бала тарбияланат, ал эми алар менен 30 кызматкер иштешет, алардын 11 педагогикалык кызматкер жана 7 тайпа менен иш алып барат. 2010-жылдан 2012-жылга чейин аталган бала бакчаны Эшенкулова Анара жетектеген. Ал эми 2012-жылдан тартып азыркы күнгө чейин аталган мекемени Токторбаева Жыргал жетектеп келе жатат. Анда жетекчинин өмүр таржымалына көз чаптырсак.



*Токторова Жыргал*

Токторова Жыргал 1958-жылы Өзгөн районунун Куршаб айылында туулган. 1966-жылы айылдагы №5 В.И. Ленин атындагы мектепке кирип, 1974-жылы ийгиликтүү аяктаган. 1977-жылы Оштогу медициналык училищаны аяктаган. Алгач эмгек жолун Куршабдагы Ж. Токторбаев атындагы Куршаб жалпы дарыгерлер мекемесинен баштайт. 1980-жылы №5 Ленинский балдар бакчасында мед айым, 1990-2003-жылдары Куршабдагы “Наристе” балдар бакчасында тарбиячы, 2010-жылы “Куршаб” балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгектенет. Ал эми 2012-жылдан тарта аталган мекеменин жетекчи кызматын аркалап келе жатат. Жергиликтүү жана райондук администрациянын бир нече жолку Ардак грамоталары менен сыйланган.

## “Наристе” атындагы мектепке чейинки билим берүү мекемеси

Куршаб айыл өкмөтүндөгү “Наристе” атындагы мектепке чейинки билим берүү мекемеси 1962-жылы курулган, типтүү 90 балага эсептелген. Азыркы учурда 142 бала

5 тайпада тарбияланып окуп жатат. Тарбиячылар жана балдар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Ар бир тайпада жумшак инвентарлар ыңгайлаштырылган санитардык нормалар бар. Бул мекемеде 10 педагогикалык кызматкер жана 19 чарбалык жумушчу кызматкер эмгектенет. Окуу кабинеттери Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин программаларына ылайык жабдылган. Тайпалар техникалык окуу куралдар менен камсыз болгон. Аталган бала бакчада интернет туташтырылып, тарбиячылар сабактарда жана көрсөтмө куралдарды жасоодо эң сонун шарттар бар. Мекеменин жетишкендиктерине токтоло кетсек:

- 2011-жылы республикада жылдын мыкты бала бакчасы конкурсунда 2- орунду алган. Сыйлыгына бир компьютер принтери менен.
- 2013-жылы республикада жылдын мыкты бала бакчасы конкурсунда 1- орунду алган. Сыйлыгына 70000 сомдук музыкалык аппаратура сатып алышкан.
- 2015-жылы Ош облусунда мыкты инновациялык бала бакча конкурсунда 1- орунду алышкан. Сыйлыгына балдар иче турган сууну тазалоочу аппарат жана түстүү телевизор алышкан.
- 2014-2015-2016-окуу жылдары айыл өкмөттөн жана ата-энелердин демөөрчүлүгү менен мекеменин материалдык базасын чыңдоого чоң жардам беришкен. Бардыгы болуп 1 095 830 сом (бир миллион токсон беш миң сегиз жүз отуз сом) каражат жумшалган.
- Өзгөн райондук мектеп директорлоруна "Эне мектеби" программасы боюнча семинар-тренинг өткөрүп, программаны райондук мектептерге жана бала бакчаларга жайылтты.



- "Мерси-КО" эл аралык кайрымдуулук фонду жана Билим берүү министрлиги тарабынан уюштурулган "Балдарды туура тамактандыруу" боюнча областтык, республикалык кароо-сынактарда байгелүү орундарга жетишти.
- №5- "Наристе" билим берүү мекемесинин иш-тажрыйбасы Ош билим берүү жана Кыргыз билим берүү Академиясында жайылтылып, методикалык колдонмосу өзүнчө бир китеп болуп чыккан. Китеп Бишкек шаарынан 2017-жылы жарык көргөн.[163]



*Берикбаева Митабар*

Ал эми ушул бала бакчаны 1991-жылдан бери жетектеп келе жаткан Берикбаева Митабар Сатыбалдиевнанын өмүр таржымалына кайрылсак. Берикбаева Митабар 1948-жылы Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Катраң айылында металлургдун үй-бүлөсүндө туулган. Алгач эмгек жолун 1969-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых факультетинин бүтүргөндөн кийин Өзгөн районунун Куршаб айылындагы №3 кесипчилик техникалык окуу жайында тарбиячы жана коом таануу мугалими болуп баштайт. 1974-1981-жылдары Өзгөн райондук сырттан окуу орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1981-1984-жылдары Өзгөн районунун Кызыл-Октябрь мал чарба совхозунда балдар бакчасынын башчысы болуп эмгектенет. 1991-жылдын март айынан баштап Өзгөн районунун Куршаб айылындагы №5 "Наристе" мектепке чейинки билим берүү мекеменин директору болуп иштеп келе жатат. 1997-жылы КРнын Билим берүү

[163] Берикбаева М. С. "Наристе" №5 Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин иш-тажрыйбасынан Бишкек. 2017-жыл. 9-16-бб.

министринин буйругу менен "Элге билим берүүнүн мыктысы" төш белгисин алган. 2004-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам алган. 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак Грамотасы менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен 2012-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн өзгөчөлөнгөн персоналдык пенсияга дайындалган.[164] Ал "Наристе" №5 мектепке чейинки билим берүү мекемесинин иш тажрыйбасынан" аталышындагы китептин автору (2017-ж., Бишкек ш.) болуп саналат.

## №14 Абдулла Таңгатаров атындагы интернат-гимназиясы

Куршаб айыл өкмөтүндөгү аталган гимназия мурдагы Ленинская школа-интернатынын базасында 1994-жылы ачылган. Ал эми азыркы 3 кабаттуу окуу корпусу 1950-жылы курулган. Өз учурунда совхоз-колхоздо эмгектенген жумушчулардын балдары жатып билим алган интернат-гимназия болгон.

Окуу корпустары 2 имараттан турат. Экинчи корпусу бир этаждуу имарат. Жалпысынан 27 окуу каанасы бар. Негизинен окуучулар экинчи корпуста окушат. Ал эми 3 кабаттуу имарат жатакана да болуп эсептелет. Жатакана 60 орундуу. Бул жатаканада Сузак, Араван, Өзгөн, Кара-Суу, Кара-Кулжа, Ноокат ж.б.у.с. алыскы жана жакынкы райондон келген окуучулар жашап билим алууда. Аталган интернат-гимназия 1994-жылы Абдулла Таңгатаров ысымын алган. Төмөндө ысымы ыйгырылган инсан жөнүндө кыскача токтоло кетсек.

[164] Берикбаева М. С. "Наристе" №5 Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин иш-тажрыйбасынан Бишкек. 2017-жыл. 155-б.



Таңгатаров Абдулла 1920-жылы Жалал-Абад областында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Эмгек жолун Ош облсатынын Куршаб районундагы Кызыл-Октябрь колхозунан баштап, айылдык кеңешинин катчысы, 1937-жылдан баштап айылдык кеңештин төрагасы болуп эмгектенет. 1940-жылы Советтик Армиянын катарында кызмат өтөөгө чакырылат, бирок тагдыр буйругу менен согушка кабылат. Ал Белоруссиялык фронтто немецтик фашистерге каршы согушка катышкан. Одер дарыясынын боюндагы плацдармда Ата Мекенди коргоо согуштарынын такай катышуучусу болгон. Ошол эле дарыянын батыш жээгиндеги жана Берлиндин алдындагы согуштарда кужүрмөндүк менен кармашкан. Ал дайыма чалгындоо бөлүмүндө болуп "тилдерди" кармап келишкен жана согуштук атайын тапшырмаларды аткарышкан. Берлинди штурмалоо болгондо пулемётчулардын бир бөлүгү Таңгатаров Абулланын жетекчилигинде болгон жана алар Бранденбург провинциясын көздөй жылып Ланцбург, Мезерито, Швибус жана Цюллих шаарларын алышкан. Ал согуштук жолун 1945-жылы 9-майда өзүнүн бардык жолдоштору менен Берлинде аяктаган жана Рейхстаг дубалында өз жазууларын калтырган. Ал Кызыл Жылдыз, 1-2- даражадагы Даңк ордендери жана башка орден-медалдар менен сыйланган.

1946-жылдан баштап Куршаб районунун элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. 1952-жылы бир эле учурда Фергана педагогикалык институтунда окуп жана аны менен бирге даярдоо канторасынын директору болуп иштеген. 1957-жылы Куршаб районунун Кызыл-Октябрь колхозунда үй-бүлөсү менен көчүп келген жана 1959-жылы колхоздук совхоз болуп эмгектенет. Ушул жылдары партиянын тапшырмасы менен ал Өзгөн районунун "Заготживсырьесунун" кийин "Заготзернонун" канторасында эмгек жолун улайт. Кийинчерээк ден-соо-

лугуна байланыштуу Куршаб айылына кайтып келет жана өмүрүнүн аягына чейин совхоздук-партиялык уюмунда катчы болуп эмгектенген.

№14 Абдулла Таңгатаров атындагы интернет-гимназиясынын материалдык-техникалык базасын чыңдоодо "Мерси-КО" эл аралык кайрымдуулук фонду жана АКШнын "Тынчтык корпусу" фонду менен жүргүзүлгөн иштер көрүнүктүү орунду ээлейт. Маселен, 2010-жылы "Мерси-Ко" кайрымдуулук фонду мебель үчүн 2000 $, 2013-жылы 3500 $, 2013-жылы спорт зал үчүн жергиликтүү каражаттан 600 000 сом ж.б.у.с. инвестициялар тартылып, каражаттар бөлүнүп, мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо.[165] Ал эми аталган мектептин директорлоруна токтолуп кетсек.

- 1994-2005-жж. Эшматов Каныбек Эшматович;
- 2008-2009-жж. Пирматов Канатбек Алымканович;
- 2009-ж. тартып Каримова Айчүрөк Абдувалиевна интернат-гимназиянын директорлук кызматында жигердүү эмгектенүүдө.

Интернат-гимназияда билим сапаты жогору. Аны бир нече жолку райондук, облустук жана республикалык олимпиадалардын жыйынтыгынан да, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынан да байкаса болот. Мисалы, 2013-2016-жж. республикалык олимпиадага Жумабаев Ж., Искадеров Т., Акматалиева., Кыдыралиева А., Эрнис к Б. катышып алдыңкы орундарга ээ болгон. Ал эми 2020-2021-окуу жылында болсо аталган мектептин окуучусу Жолдошова Наргиза ЖРТдан 224 балл алып, КР боюнча топ 50гө кирип, Ош облусу боюнча экинин бири, Өзгөн району боюнча жалгыз Алтын сертификаттын ээси болду.

[165] Маалымат №14 А. Тангатаров ат. интернат-гимназиянын өздүк маалыматнамасынан алынды



Азыркы учурда мектепте жалпы 478 окуучу билим алып жатат. Аларга 43 мугалим билим берүүдө. Окуу процесси кабинеттик системада жүргүзүлөт.

Интернат-гимназиянын окучууларынын билим алуусун өркүндөтүүнүн үстүндө эмгектенип келе жаткан азыркы мектеп директорунун өмүр тажымалына кайрылсак.



*Каримова Айчүрөк*

Каримова Айчүрөк 1957-жылы Өзгөн районуна караштуу Куршаб айылында туулган. 1975-1981-жж. Кыргыз мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин англис тили адистигин ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун Ош шаарындагы №8 Уркия Салиева атындагы мектеп-лицейинде англис тили мугалими болуп баштаган. 1984-2003-жж. Куршаб айылындагы №14 Абдулла Таңгатаров атындагы интернат-гимназиясында англис тили мугалими, 2003-2009-жж. №46 Шагым орто мектебинде англис тили мугалими жана мектеп директору болуп иштеген. Ал эми 2009-жылдан тартып, аталган интернат-гимназиянын директору болуп эмгектенип жатат.

Ал бир нече жолку жергиликтүү, райондук, облустук администрациянын Ардак грамотасынын ээси жана эл аралык форумдардын катышуучусу (АКШ, Шотландия, Бишкек). 1998-жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисинин ээси, 2014-жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасынын ээси болгон.

Куршаб айылынын жергиликтүү кеңешинин 4 жолку чакырылышынын депутаты (2004-2008-жж., 2008-2012-

жж., 2012-2016-жж., 2021-жылдан тартып). Үй-бүлөлүү, 2 уул, 1 кыздын апасы, 7 неберенин энеси жана таэнеси.

## №5 Владимир Ильич Ленин атындагы орто мектеби

Куршаб айыл өкмөтүндөгү № 5 В.И. Ленин атындагы гимназия класстар менен орус тилдүү мектептин тарыхы 1934-жылдан башталат. Ошол учурдагы балдар окуган имарат азыркы “Алтын Ачкыч” балдар бакчасынын имараты. 2016-жылга чейин №77 Батыралы Усманов атындагы өзбек тилдүү мектеп болуп иштеген. 1934-жылы мектептин 1-классында жашы 7-8 деги балдар жана кыздар гана эмес, окууну, жазууну каалаган 10,12,15 тен да улуураак жаштагылар да кызыгуу менен окушуп, өз кат сабатсыздыгын жоюуну каалашкан. Анткени, ошол учурда бир гана Куршаб жергесинде эмес, бүтүндөй Кыргызстанда светтик билим берүү да кошулуп, орус-тузем мектептери ж.б. ачылып, шарттар түзүлүп жаткан болчу.

1940-жылы мектепке алгачкы орус окумуштуусу М.В. Ломоносовдун ысымы ыйгарылып, мектеп жети жылдык башталгыч класстар мектеби болуп өзгөргөн. Ошол жылдары мектепте 300 окуучу билим алышкан. 1950-жылы мектеп окуучулардын саны 450гө жеткен. Мектепте фронттон кайткан жаш мугалимдер: Волик И., Яковенко С.А., ошондой эле Каземирова А.Ф., Борисов Н.Г., Пономарёв П.Б., Сумцова Л.Д., Угнивенко Н.Е., Верещагина З.Г., Шафран З.Н., Барсукова М.Г., Подабаш Н.Е. эмгектенишкен.

1960-жылы 600 орундуу жаңы мектеп салынып, мектепке В.И. Лениндин ысымы ыйгарылган. Мектеп окуучуларынын саны 800гө жеткен. Ал эми мектеп директорлоруна токтоло турган болсок:



1941-1946-жж. Матыга Антонина Семеновна;
1946-1950-жж. Дорошенко Пётр Матвеевич;
1950-1960-жж. Копейкина Полина Ефимовна;
1960-1962-жж. Половец Пётр Матвеевич;
1962-1979-жж. Волик Илья Андреевич;
1979-1982-жж. Мулик В.И.;
1982-1993-жж. Телеуголиева Татьяна Владимировна;
1993-1995-жж. Маткадыров Керим;
1995-2000-жж. Аверьясова Нина Павловна;
2000-ж. тартып Юдина Валентина Андреевна жетектеп келе жатат. Ал эми азыркы мектеп директорунун өмүр таржымалына кайрылсак.


*Юдина Валентина*

Юдина Валентина Андреевна 1954-жылы Андижан шаарында туулган. 1961-жылы Куршаб айылындагы №5 В.И. Ленин атындагы мектепке кирип, 1971-жылы аны ийгиликтүү бүтүрөт. Ошол эле жылы Ош педагогикалык институтунун орус филологиясы факультетине тапшырып, 1975-жылы ийгиликтүү аяктаган. Алгачкы эмгек жолун Өзгөн районунун Куршаб айылындагы мектептерден баштайт. 1978-1988-жылдары орус тили мугалими болуп СПТУда эмгектенет. 1988-жылы Куршабдагы №5 В.И. Ленин атындыгы мектепте орус тили жана адабияты мугалими, 1989-жылы директордун окуу иштери боюнча орун басары, 1990-жылы директордун тарбия иштери боюнча орун басары, 2000-жылдан тартып аталган мектепте директор болуп иштеп келе жатат.

Ал 2003-жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен “Билим берүүнүн мыктысы”

төш белгисинин ээси. 2005-жылы "КРнын эмгек сиңирген мугалими" ардактуу наамдын ээси. Бир нече жолку райондук, облустук администрациясынын жана билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасынын ээси болгон.

2016-жылы мектепте 470 орундуу эки кабаттуу окуу имараты жана заманбап спорт зал бүткөрүлүп ишке берилген. Азыркы учурда мектепте 2169 окуучу билим алууда. Аларды 87 мугалим окутат. Алардын 81 жогорку билимдүү, 3 орто билимдүү, 3 бүтпөгөн жогорку, 1 КРнын эмгек сиңирген мугалими, 13 мугалим КРнын билим берүүнүн мыктысы наамынын ээлери. Мектепте жалпы 68 каана бар.[166] Окуу процесси кабинеттик системада жүргүзүлөт.

## «Кайнар» башталгыч мектеби

Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу Эрдик айылында жайгашкан «Кайнар» башталгыч мектеби алгач 1967-жылы И.В. Панфилов атындагы башталгыч мектеп болуп ачылган. Ошол жылдары бул мектептин окуучуларына билим жана тарбия берип, бир эле учурда математик да, тилчи да, мектеп директору болуп Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери Ормонов Абдылда эмгектенген. 1980-жылдары мектеп убактылуу жабылат. Кийинчерээк т.а. 1999-жылы жергиликтүү эл жаш муундун билим алуусу үчүн жакынкы мектептер алыс болгонуна байланыштуу баары биригип, айыл өкмөт да жакындан жардам кылып, ашар жолу менен 5 кааналуу башталгыч мектепти куруп бүткөрүшкөн. Аталган башталгыч мектепте 2001-2004-жылдары 30-31 окуучу окуп билим алышкан. Ал эми азыркы учурда ички жана тышкы миграциядан улам жана мектеп-

[166] Маалымат №5 В.И. Ленин ат. мектептин өздүк маалыматнамасынан алынды.

## ТАРЫХЫЙ КӨЗ ИРМЕМДЕР



Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы Турдакун Усубалиев (оңдон экинчи), алдыңкы жүгөрүчү Мамадалиев (оңдон биринчи), Кулматов Р.С. Ош обкомунун 1-катчысы (солдон үчүнчү), Талипов В. Өзгөн райкомунун 1-катчысы (солдон биринчи), Аман Момунов Куршаб совхозунун директору (солдон экичи). Куршаб совхозунун алдыңкы жүгөрүчүлөрү менен жолугушу учурунда. 1979-жыл.



Улуу Ата Мекендик согуштун 37 жылдыгын белгилөө аземи. Куршаб совхозунун ардагерлери 1982-жыл. 84 ардагер менен.




Куршаб совхозундагы МТС тердин (машино-тракторная станция) бириндe коллектив менен Куршаб созхозунун директору Бектемиров Мамасали. 1988-жыл.



Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы Абсамат Масалиев Куршаб совхозундагы тери иштетүүчү ишкана менен таанышууда. Куршаб совхозунун директору Бектемиров Мамасали (А.Масалиевдин жанында шляпачан), Өзгөн райкомунун 1-катчысы Асанов Жалал. Республикалык көргөзмө семинар. 1988-жыл.



Медеткан Шеримкулов , (оңдон биринчи), Батыралы Сыдыков Ош обкомунун 1-катысы, (оңдон экинчи), Аман Момунов баштапкы Куршаб совхозунун директору (микрофондо сөз сүйлөөдө) Ленин сельсоветинин депутаттары менен жолугуу учурунда



Жүгөрү өндүрүү боюнча райондук семинар. Өзгөн райкомунун 1-катчысы Талипов В., Куршаб совхозунун директору Аман Момунов жана башка совхоздун директорлору.
Куршаб совхозу. 1984-жыл.



Өзгөн райондук съезддик жыйынга барган делегаттар менен куршабдык делегаттар. 1975-жыл.



Куршаб районунун мектеп окуучулары пахта теримде. 1958-жыл.



Кыргыз ССРинин КП БКнын 1-катчысы Турдакун Усубалиев Куршаб совхозундагы иштер менен таанышууга келген кез. Куршаб совхозу, 1980-жылдары.



Кыргыз Республикасынын алгачкы Президенти Аскар Акаев Куршаб аймагына иш сапары менен келген учурда. 1990-жыл.



Куршаб совхозунун жылкы чарбасы.



Куршаб совхозунун кой чарбасы.



Эт багындагы индюктар. Куршаб совхозу.



Ош облусунун райкомдорунун 1-катчылары Куршабда семинарда.



Түшүмдүүлүктү арттыруу жана планды толтуруу боюнча жеринде чарбаларга маалымат берүү боюнча өткөрүлгөн чогулуштардын биринде. Сөз сүйлөп жаткан Куршаб совхозунун директору Мамасалы Бектемиров. 1988-жыл.



Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы Апсамат Масалиев, Куршаб совхозунун директору Бектемиров Мамасали, Ош обкомдун аткаруу комитетинин 1-катчысы Кулматов Ринат Сатарович Куршаб совхозундагы колбасный цехтин иши менен таанышууда. 1988-жыл.




Ош областтык эл депутаттарынын аткаруу комитетинде. Ош обкомдун администарциясы жана тиешелүү иш менен барган Куршаб совхозунун директору Икрамжан Жоробеков (оңдон төртүнчү) жана ал баштап барган коллектив. Ош шаары, 1978-жыл.



Эл өкүлдөрү Куршаб эли менен жолугушуу учурунда. Апсамат Масалиев, Адахан Мадумаров ж.б. Сөз сүйлөп жаткан Куршаб айыл өкмөтүнүн алгачкы айыл башчысы Амиракулов Орозали.



Куршаб айылындагы №49 Токтогул атындагы орто мектептин ачылуу аземинде КРнын туңгуч Президенти Аскар Акаевдин катышуусунда. Куршаб, 2003-жыл.



Алдыңкы саанчы, Кыргыз ССРинин бир нече жолку депутаты Багда Курбанова (оңдон төртүнчү) жана Куршаб совхозунун башка саанчылары менен.




Куршаб совхозундагы тери иштетүү цехтин коллективи менен совхоз директору Бектемиров Мамасалы (экинчи катарда, солдон үчүнчү). 1989-жыл.



Куршабда, СССР Баатыры Осмон Жакыповдун эстелигинин ачылуу аземинде.Ош шаарынын мэри Мелис Мырзакматов (солдон биринчи), Адахан Мадумаров, Ормонов Улугбек жана башка эл өкүлдөрү.



КРнын экс-президенти Сооронбай Жээнбеков Куршаб айыл өкмөтүндөгү №5 В.И. Ленин атындагы мектептин жаңы спорт залынын ачылуу аземинде.



Кыргыз Эл Баатыры, кыргызсандык учкуч Салижан Шарипов (оңдон экинчи) Куршабдын өкүлдөрү менен.



КРнын туңгуч Президенти А.Акаев Куршаб айыл өкмөтүндө.



Советтик жана кыргызстандык актёр, кинорежиссёр ошондой эле сценарист, СССР эл артисти Болот Шамшиев (ортодо сары кийимчен) кичи ата-журтунда атасын эскерүүгө келген кез. Атасы куршабдык Төлөн Шамшиев акын, УАМ согуштун ардагери жана мамлекеттик ишмер болгон.



Куршаб айыл өкмөтүндө Улуу Жеңиш майрамы белгиленүүдө. УАМ согуштун ардагерлери менен. 2000-жж.



Куршаб айылынын "Алдиер" футболдук командасы 2013-ж. Республиканын Жогорку лигасында абсалюттук чемпион болгон.




Куршаб айыл өкмөтүндөгү "Алдиер" футбол курама командасы 1996-ж. республиканын түштүк аймагы боюнча 1-лигасында чемпион болгон.



Куршаб айылынын биринчи айыл башчысы Амиракулов Орозали Даңк ордени менен сыйланган. Бишкек ш., 2002-жыл.

## ИЛЛЮСТРАЦИЯЛАР

Куршаб айыл өкмөтүнүн №46 Касым Эрматов атындагы орто мекбиндеги мурасканасынын экспонатттары



**1-сүрөт**
**Дан майдалоочу таш**
**б.з.ч. IV-I кк.**



**2-сүрөт**
**Карапа**
**б.з.ч. IV-I кк.**



**3-сүрөт**
**Кумура**
**X-XII кк.**



**4-сүрөт**
**Кумура**
**X-XII кк.**



5-сүрөт
Таш жаргылчак
XIX к. аягы



6-сүрөт
Жез кумган
XIX к. аягы



7-сүрөт
Теше жана устара
XIX к.



8-сүрөт
Фарфор табак
XX к. башы



9-сүрөт
Үтүк
XX к. баш чени



тин абалынын начардыгынан улам да окуучулардын саны кескин кыскарган.

Учурда мектеп директору Мансурова Абибахан, андан тышкары №70 Шамши Эгемжаров атындагы орто мектебинен бир англис тили жана орус тили мугалимдер келип өз сабактарын берип турушат. Ал эми калган бүт сабактарды Мансурова Абибахан өзү берет. Мектеп 2015-жылы болгон жер титирөөдөн улам жарака кеткен. А бирок авариалдык абалына карабай мектеп окуучулары мектепте окуп жатышат. Мектеп окуучуларына таалим-тарбия берип келе жаткан мектеп директорунун өмүр таржымалына токтоло кетсек.



*Мансурова Абибахан*

Мансурова Абибахан 1963-жылы Өзгөн районуна караштуу Кара-Сабак айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1970-1980-жылдары Алга орто мектебин аяктаган. 1983-1985-жылдары Ош педагогикалык институтунун педагогикалык билим берүү адистигинин башталгыч класстарды окутуу бөлүмүн аяктаган. 1989-жылы алгачкы эмгек жолун дал ушул “Кайнар” башталгыч мектебинде баштап, 2000-жылы мектеп директору болуп дайындалат. Бир нече жолку жергиликтүү жана райондук администрациянын Ардак грамотасынын ээси. Үй-бүлөлүү. 5 уулдун апасы, 8 неберенин энеси жана тайэнеси.

## №46 Касым Эрматов атындагы орто мектеби

Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу Шагым айылындагы №46 Касым Эрматов атындагы орто мектеби алгач 1955-жылы негизделип, сегиз жылдык мектеп, 1972-жылы болсо К.Е. Ворошилов атындагы мектептин базасында орто мектеп болуп түзүлгөн. 1986-жылы жаңы мектеп салынып "Социализм" орто мектеби болуп аталган. Бул мектеп 170 орунга ылайыкташкан. 1991-жылы 24-апрелде "Социализм" орто мектеби №46 Шагым орто мектеби болуп өзгөргөн. Ал эми 2008-жылы 3-мартта Шагым орто мектебине Касым Эрматовдун ысымы ыйгырылат.[167] Анда аты коюлган инсандын өмүр баянына токтоло кетсек.

Эрматов Касым 1914-жылы Куршаб волостунун Шагым айылында туулган. Бала чагы колхоздоштуруу мезгилинде жана басмачылык күч алып турган маалына туш келет. 1926-жылы Куршаб волостундагы ШКМ мектебинде окуйт. 1933-1934-жылдары Жалал-Абаддагы А.С. Пушкин атындагы окуу жайынын тездетилген курсун бүтүп, Шагым айылына мугалим болуп иштеп калат. 1935-жылы Жаңы-Турмуш мектебинде мугалим болот. Касым мугалимдик менен гана чектелбестен комсомолдук ячейкаларды уюштурган жана жетектеген.

1939-жылы күзүндө СССР менен Финляндиянын ортосундагы согушка аттанган. Андан кийин 1941-1945-жылдары Улуу Ата Мекендик согуш башталып, ал жерде ВКП(б) нын (кийинки КПСС) мүчөлүгүнө өтөт. Согуштун ардагери Султанов Мариптин айтуусуна караганда Касым Эрматов өзү кызмат өтөгөн полктун замполитругу болгон. Ал со-

[167] Маалымат №46 Касым Эрматов ат. мектептин өздүк маалыматнамасынан алынды



гуштан кайтпай калган. Эл-жер үчүн согуш талаасында баатырларча курман болгон.[168]

Аталган мектептин директорлор тарыхына кайрыла турган болсок:

1978-1993-жж.. Жакыпов Маматемин;
1993-1994-жж.. Насыров Акылбек;
1994-1995-жж.. Райымбердиев Адыгине;
1995-1997-жж.. Мадумаров Бакыт;
1997-2003-жж.. Бакиров Абдымиталип;
2003-2009-жж.. Каримова Айчүрөк;
2009-2013-жж.. Бекеев Сабыр;
2013-ж. тартып Муратова Занийпа иштеп келе жатат.[169] Анда азыркы кезде мектеп директору болуп жаткан жетекчинин өмүр баянына токтолсок.


*Муратова Занийпа*

Муратова Занийпа 1974-жылы Кара-Кулжа районунда туулган. 1996-жылы ОшМУнун филология факультетин аяктап, 1996-жылы алгачкы эмгек жолун Ош шаарындагы №19 Л.Н. Толстой мектебинен баштайт. 2008-жылы Шагым мектебинде иштей баштайт. 2009-жылы мектептин тарбия иштери боюнча директор орун басары, 2014-жылдан тартып аталган Касым Эрматов мектебинин директору болуп эмгектенип жатат. Бир нече жолку жергиликтүү жана райондук администрациянын Ардак грамотасынын ээси болгон.

[168] Рахматулла ажы Абдыраев. Ворошилов мектебинин алгачкы бүтүрүүчүлөрү жана классташтар. 2018-жыл. Ош шаары. 16-17-бб.

[169] Маалымат №46 Касым Эрматов ат. мектептин өздүк маалыматнамасынан алынды №1

Азыркы учурда мектепте 248 окуучу таалим-тарбия алып жатат. Андан тышкары 16 мугалим жана 11 тех кызматкер эмгектенүүдө. Аталган мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо "Мерси-КО" эл аралык кайрымдуулук фонду, АКШнын "Тынчтык корпусу" фонду жана АРИС ошондой эле жергиликтүү өкмөттөн алынган каражаттар натыйжасында жүргүзүлгөн иштер көрүнүктүү орунду ээлейт. Аларга токтоло кетсек:

- 2004-жылы Ремонт үчүн 10000 сом, "Мерси-КО";
- 2005-жылы Эмгек кааналарын оңдоо үчүн 3000$ АКШ, "Тынчтык корпусу";
- 2006-жылы Ашкана үчүн 3900$ АКШ, "Тынчтык корпусу";
- 2006-жылы Эски корпустун чатырын алмаштыруу үчүн 246000 сом АРИС;
- 2007-жылы Мектептин айланасын тосуу үчүн 165 000 сом АРИС;
- 2007-жылы Мектептин спорт аянтчасын кайра куруу жана оңдоо проектиси 5500$ АКШ, "Тынчтык корпусу"[170] ж.б.у.с. фонддор жана спонсорлор иштешип, мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо.

## №49 Токтогул атындагы орто мектеби

Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу №49 Токтогул атындагы орто мектеби 1978-1979-жж. алгач башталгыч мектеп болуп негизделген. Бирок алгач 1925-жылдары ликбез катары иштеген болсо, кийинчерээк башталгыч билим берүү мекемеси катары иштеп келген. Билим берүү министрлигинин токтому менен 1980-1981-жылы толук эмес орто

[170] Маалымат №46 Касым Эрматов ат. мектептин өздүк маалыматнамасынан алынды. №2



мектеп, 1982-жылдан тартып орто мектеп болуп белгиленген. 1995-жылы жаңы мектептин имараты курула башталган, бирок айрым себептерден улам курулуш иши токтоп, 2003-жылы 3 кабаттуу мектеп бүткөрүлгөн. Имарат 2003-2004-окуу жылында ишке киргизилген. 2005-2006-окуу жылында мектептин спорт залы мамлекет тарабынан каржыланып ошол эле жылы курулуш иши аяктап пайдаланууга берилген. Мектепти финансылоо республикалык бюджет аркылуу жүргүзүлөт. Аталган мектепте 603 окуучу билим алып, аларга 45 мугалим билим жана тарбия берип келүүдө. Анын ичинен алтоосу билим берүүнүн мыктысы.[171]

Токтогул мектебинин окуучуларынын билим сапаты жакшы деңгээлде экендигин бүтүрүүчү класстын окуучулары ЖРТдан жана жогорку класстын окуучулары предметтик олимпиададан бир нече жолу көрсөтө алышкан. Андан тышкары мектепте "Мурас" комузчулар тобу көп жылдан бери үзүрлүү эмгектенип, жаш муунга улуттук аспапта кол ойнотконду үйрөтүп келе жатат. Алар бир нече жолу райондук жана облустук кароо-сынактарга катышып байгелүү орундарды ээлеп келе жатат.

Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо "Мерси-КО" эл аралык кайрымдуулук фонду жана Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы (мектептердеги тамактандырууну оптималдаштыруу программасы) ж.б. уюмдар, фонддор, долбоорлор менен тыгыз иштешип мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо алгылыктуу иштер жасалган. Маселен, 2014-жылы "Мерси-КО" эл аралык кайрымдуулук фондунун көмөгү менен 1-4-класстын окуучулары үчүн тамактануучу стол, стулдар, мугалимдер үчүн стол, стулдар жана шкафтар алынган. Ал эми 2015-2016-жылы Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк

[171] Маалымат №49 Токтогул ат. мектептин өздүк маалыматнамасынан алынды

программасынын негизинде ашкана эмеректери алынып ишке берилген. 2017-жылы болсо интернет туташтырылган.

Мектептин директорлоруна токтоло кетсек:
1978-1980-жж. Кочкорбаев Махамадазим;
1980-1995-жж. Эшматов Каныбек;
1995-1997-жж. Базарбаев Жаныш;
1997-2002-жж. Абдуллаев Нурмамат;
2002-2012-жж. Жапарканова Урият;
2012-2013-жж. Мамакаев Кален;
2013-ж. тартып Чолпонкулова Жумагүл жетектеп келе жатат.



*Чолпонкулова Жумагүл*

Азыркы кезде мектепти жетектеп келе жаткан директордун өмүр таржымалына назар салсак. Чолпонкулова Жумагүл 1964-жылы Өзгөн районуна караштуу Кызыл-Дыйкан айылында туулган. 1980-жылы аталган айылдагы мектепти аяктаган. 1984-жылы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын артыкчылык диплому менен аяктаган. 1989-жылы Ош педагогикалык институтунун табият таануу жана география факультетинин биология жана химия адистигин да ийгиликтүү бүткөн. 1987-жылы эмгек жолун Куршаб аймагындагы №49 Токтогул атындагы орто мектепте биология жана химия мугалими болуп баштайт. 2000-2003-жылдары мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары, 2003-2013-жылдары мектептин окуу иштери боюнча директордун орун басары. 2013-жылдан тартып аталган мектептин директору болуп эмгектенүүдө.



Ал 2021-жылы Куршаб айылдык жергиликтүү кеңешинин депутаты болуп шайланган. Бир нече жолку райондук, облустук администрациясынын жана билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасынын ээси.

## №70 Шамши Эгемжаров атындагы орто мектеби

Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу Эрдик айылындагы
№70 Шамши Эгемжаров атындагы орто мектеби 1935-
жылы "Кайнар" башталгыч мектеби болуп түптөлгөн.
1940-жылы Кайнар 7 жылдык мектеп болуп өзгөргөн.
Ошол учурда Кремель, Кысык-Алма, Киров, Шагым айыл-
дарынан келип кетип окушкан. 1950-жылы кайрадан "Кай-
нар" башталгыч мектеби болуп өзгөргөн. 1985-жылы ар
кандай себептерден улам мектеп жараксыз абалга келет.
Жаңы мектеп Кайнар совхозу тарабынан түптөлөт. 1991-
жылы аталган мектепке Шамши Эгемжаровдун аты ыйга-
рылып толук эмес орто мектеп болуп өзгөргөн. 2007-жыл-
дын 26-декабрындагы жана 2008-жылдын 1-январындагы
жер титирөөнүн кесепетинен мектеп имаратынан жана
жер тилкесинен жарака кетип, мектепте окууга такыр жа-
раксыз деп табылган. 2008-жылы КРнын Өзгөчө кырдаал
минисрилиги тарабынан текшерилип, мектеп имараты
жабылган. 2008-жылдын февраль, март айларында айыл
тургуну Партаев Кармышактын үйүндө окуучулар билим
алууга туура келген. 2008-жылдын апрель, май айларында
КРнын Өзгөчө кырдаал министрилиги тарбынан берилген
үч чатырда билим алышкан. Ошол эле жылдын март айын-
да жаңы 100 орундуу мектептин пайдубалы башталып,
спорт залы менен талаптарга жооп берген мектеп ноябрь
айында бүткөрүлүп ишке берилген. Азыркы учурда окуу-
чулар ошол мектепте билим алып жатышат. Аталган мек-
тепте 101 окуучу билим алып, аларга 16 мугалим билим

менен тарбия берип келе жатат.[172] Аталган мектепке аты ыйгарылган инсанга токтоло кетсек:

Эгемжаров Шамши 1900-жылы Пакровка (азыркы Куршабдын аталышы) аймагына караштуу Эрдик кыштагында туулган. 1922-жылы Совет өкмөтүнүн саясатына активдүү катышып, эл арасында үгүт иштерин жүргүзүүгө катышуу менен жаңы коомго кошулат. 1931-жылы Куршаб волостунун керек-жарак коомунда, 1932-жылы Жаңылык колхозунда башкарма, кийин Жан-Шоро жана Кара-Таш сельсоветтеринин төрагалыгына шайланат. Ал Фрунзе шаарында партиялык окуу жайда билим алат. УАМ согушка 1943-жылы өз каалоосу менен жөнөп кетет.[173] Согуштагы эрдиктери, чарбадагы жана коомдук-саясий иш билгилиги аркылуу кадыр таап, эмгектери жогору бааланып, бир нече орден-медалдарга татыган.

Аталган мектептин директорлоруна токтоло турган болсок:

1935-1943-жж. Шамши Эгемжаров;
1943-1950-жж. Исраил Шамшиев;
1950-1991-жж. Искендер Шамшиев;
1991-1997-жж. Нуркамбар Шамшиев;
1997-2006-жж. Жоомарбек Шамшиев;
2006-ж. тартып Муратбек Шамшиев иштеп келе жатат.

Шамшиев Муратбек 1964-жылы Өзгөн районуна караштуу Ленинская (азыркы Куршаб) айылында туулган. 1971-1981-жж. Куршаб аймагындагы №5 В.И. Ленин орто мектебин аяктап, 1981-1982-жж. №3 СПТУ да айдоочулук-ка кесипке ээ болгон. 1983-1985-жж. Советтик Армияда кызмат өтөгөн. 1985-1988-жж. Ош курулуш техникумунун ПГС бөлүмүн ийгиликтүү аяктаган. 1988-жылы К.Е. Ворошилов орто мектебинде тех. жумушчу, 1989-жылы

[172] Маалымат №70 Шамши Эгемжаров ат. мектептин өздүк маалыматнамасынан алынды.

[173] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019. 120-б.




*Шамшиев Муратбек*

ушул эле мектепте зав мастерской жана эмгек мугалими, 1991-жылы В.И. Ленин атындагы жатак интернатында чарба иштери боюнча директордун орун басары, 1993-жылы Шамши Эгемжаров мектебинде эмгек мугалими, 1997-2002-жж. ОшМУнун ТТжГ факультетинин география адистигин сырттан аяктаган. 2006-жылы №70 Шамши Эгемжаров атындагы мектептин директору болуп дайындалган.

Бир нече жолку райондук, облустук администрациясынын жана билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасынын ээси. Үй-бүлөлүү. 4 уулдун, 1 кыздын атасы.

## №2 Ысмайыл Бектемиров атындагы орто мектеби

Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу №2 Ысмайыл Бектемиров атындагы орто мектеби 1973-жылы К.Е.Ворошилов атындагы мектептен бөлүнүп чыккан жана ошондон тартып аталган мектептин тарыхы башталат. Анда ошол Куршаб жергесиндеги алгачкы мектептердин бири болгон К.Е.Ворошилов атындагы мектепке же ШКМнын тарыхына бир аз токтоло кетсек. 1924-жылы Куршаб волостунда ШКМ деген аталышта мектеп түптөлгөн. 1927-жылы бул мектепке СССРдин маршалы Климент Ефремович Ворошиловдун аты ыйгарылган. Кийинчерээк Куршаб районунун билим берүү борбору болуп саналган. 1928-1940-жылдары бул мектепте аз камсыз болгон үй-бүлөдө жашаган балдарды окутууга шарты бар интернат болгон. 1941-1944-жылдары аталган мектептин имаратында согуштук горнизон жайгаштырылган. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин

кайрадан К.Е. Ворошилов атындагы орто мектеби болуп ишмердүүлүгүн уланткан. 1952-жылы мектепке М.В. Ломоносовдун аты берилет, бирок аз убакыттын ичинде кайрадан К.Е. Ворошиловдун ысымы ыйгарылып, өз ишмердүүлүгүн улантат. Мектепте алыстан келген балдар үчүн интернат ачылган. 1959-жылга чейин Куршаб районунун билим берүү борбору болуп келген.

Кийинчерээк Куршаб аймагында Ы. Бектемиров атындагы, Токтогул атындагы, М. Тешебаев атындагы, О.Максутов атындагы жана башка көптөгөн жаңы мектептер курулуп бөлүнүп чыгышкан. 1991-жылы мектепке согуштун ардагери Амирбек Төлөновдун аты ыйгарылган жана ушул аталышта азыркы учурда да жаңы салынган имаратта миңге чукул окуучуларага билим берип өз ишмердүүлүктөрүн жигердүү улантып келе жатышат.

Эске сала кетсек, ШКМ болуп түптөлгөн мектептин имараты бүгүнкү күнгө чейин кызмат кылып келе жатат. 2016-жылга чейин мектеп болуп 92 жыл кызмат кылган. Бүгүнкү күндө болсо Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө караштуу "Гузар" атындагы бала бакчанын имараты болуп иштеп жатат. 2017-жылы анын жанына жаңы типтүү эки кабаттуу мектеп курулуп, азыркы кезде Амирбек Төлөнов мектеби өз ишмердүүлүгүн улантып келе жатат. Мектептин тарыхында атактуу инсандар окуп чыккан жана көптөгөн ийгиликтерди багындырган. Мисалы, 8 алтын, 13 күмүш медалдары менен, 12 артыкчылык аттестаттар[174] жана көптөгөн артыкчылык күбөлүктүн ээлери окуп бүтүп, ийгиликтүү иштеп элге алгылыктуу кызмат кылып жатышат.

Ысмайыл Бектемиров атындагы орто мектебинде бүгүнкү күндө жалпысынан 946 окуучу окуйт жана 51 мугалим эмгектенип келе жатат. Алардын 17 эл агартуунун мыктысы, 1 эмгек сиңирген мугалим. Аталган мектепте

[174] Рахматулла ажы Абдыраев. Ворошилов мектебинин алгачкы бүтүрүүчүлөрү жана классташтар. 2018-жыл. Ош шаары. 3-4-бб.



28 окуу каанасы бар. 2019-жылы мектеп коопсуз мектептер программасына кирип, капиталдык ремонттон толук өткөн. Мектепке аты ыйгарылган инсандын өмүр жолуна бир насар сала кетсек.

Бектемиров Ысмайыл Куршаб волостунун Ташты-Булак айылында кедейдин үй-бүлөсүндө 1910-жылы туулган. Алгач Куршаб аймагындагы алгачкы мектептердин бири болгон ШКМда билим алган. 1931-1935-жылдары Жан-Шоро айылдык советинде катчы болуп иштей баштаган. 1935-1938-жылдар арасында Куршаб райондук Комсомол комитетинде секретарь, 1939-1942-жылдары Куршаб райондук ОККПнын бөлүм башчысы, 1943-1947-жылдары райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп эмгектенет. Ал эми 1947-1951-жылдары Жаңы Ноокат райондук коммунисттик партиясынын 1-катчысы, 1951-1953-жылдары жогорку партиялык мектептин студенти, 1956-1960-жылдары Үч-Коргон райондук компартиянын 1-катчысы болгон. 1959-жылы Фрунзе райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген. 1959-жылдын декабрынан тартып партиянын мүчөсү болгон. 1973-1977-жылдары Өзгөн райондук аткаруу коммитетинин төрагасы, 1977-1990-жылга чейин Өзгөн районуна караштуу мөмө-жемиш совхозунда директор болуп эмгектенген. 1990-жылы каза болгон.

Ысмайыл Бектемиров көптөгөн сыйлыктардын жана орден-медалдардын ээси. 1946-жылы Ардак белгиси, 1951-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени, 1957-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени, 1959-жылы Кызыл Жылдыз ордени жана В.И. Лениндин 100 жылдыгына арналган медалы ж.б.у.с. көптөгөн орден-медалдар менен сыйланган. Ал Кыргыз ССРнин Жогорку советинде депутат да болгон. Талыкпаган аракети менен көптөгөн жетишкендиктерге жетише алган инсан болгон.[175]

[175] Рахматулла ажы Абдыраев. Ворошилов мектебинин алгачкы бүтүрүүчүлөрү жана классташтар. 2018-жыл. Ош шаары. 20-21-бб.

Аталган мектепте Калилов М., Полотов А., Акматов А., Пайзылдаев М., Бакиров А., Камчиева С., Аттокуров Сайдилла директор болуп эмгектенишкен. Ал эми 2014-жылдан тарта Егемкулов Адылбек директор болуп иштеп жатат.[176] Анда мектептин азыркы кездеги жетекчисинин өмүр таржымалына учкай токтолсок.



*Егемкулов Адыл*

Егемкулов Адыл 1959-жылы Өзгөн районунун Жалпак-Таш совхозунда туулган. 1976-жылы айылдагы №13 "Коммунизм" мектебин аяктап, өндүрүштүк биригадада эмгектенет. 1977-1979-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөйт. 1979-1980-жылдары Жалпак-Таш созхозунда иштейт. 1980-жылы Фрунзедеги КГИФВга (азыркы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия академиясы) тапшырып, 1985-жылы ийгиликтүү аяктайт. 1985-жылы Куршаб мектебинде (азыркы №2 Ысмайыл Бектемиров ат. мектеп) дене тарбия мугалими, 1999-жылы тарбия иштери боюнча директор орун басары, 2000-2001-жылдары Өзгөн райондук балдарды, өспүрүмдөрдү дене тарбияга даярдоо клубунун директору болуп иштеген. 2011-2014-жылдары мектептин соц педагогу, 2014-жылдан тартып аталган мектептин директору милдетин аркалап келүүдө.

Бир нече жолку райондук, облустук администрациясынын жана билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасынын ээси.

[176] Маалымат №2 Ысмаыл Бектемиров ат. мектептин өздүк маалыматнамасынан алынды.



## Куршаб айылдык китепканасы

Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу Куршаб айылдык китепканасы. Аталган мекеме 1960-жылы түптөлгөн. Алгач ачылганда китепкана башчысы болуп Косянова Раиса Ивановна бир топ жылдар бою үзүрлүү эмгектенип, жалпы журтка пайдалуу жумуштары менен эсте калган. Бирок, Куршаб район болуп турган учурда (1935-1959-жж.) райондук китепкана, райондук балдар китепкансы да болуп, өз кезегинде алгылыктуу иштеп, калкка пайдалуу иштери жасаган. Ага далил катары айта кетсек:

## Көчмө китепкана

*Куршаб райондук маданият бөлүмү жайкы жайыттагы райондун малчыларын тейлөө үчүн көчмө китепкана жиберди. Китепканага Жалпак-Таш селолук Советиндеги жолдош Токтомуш Ажикеев башчылык кылат. Ал ушул "Ийри-Суу", "Султан-Супа", "Качура" жана "Дардаӊ-Көл" жайлоолорундагы малчыларды маданий жактан тейлеп жатат.*

*Библиотекада ар түрдүү көркөм адабий, саясий жана айыл чарбасы боюнча китептер бар. Китепкананын башчысы жолдош Ажикеев жаңы газета, журналдардан алдыңкы малчылардын тажрыйбаларын кеңири түшүндүрүп турат.*

*Китепкананын алдындагы бекитилген агитаторлор малчылар арасында КПССтин Борбордук комитетинин чечимдерин кызуу түшүндүрүп жатышат*[177].

**М. Айтбаев**

[177] Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Көчмө китепкана" №53, (1286) бейшемби, 6-сентябрь, 1958-жыл

Ал эми бул мекемеде китепкана башчысы болгон инсандарга токтолсок:

1. 1960-1970-жж. Косянова Раиса Ивановна;
2. 1970-1980-жж. Готвяиская Идия Петровна;
3. 1980-2003-жж. Абдыкасымова Роза;
4. 2003-2013-жж. Чыныбекова Максуда;
5. 2013-2018-жж. Султанова Зулфия;
6. 2018-жылдан тартып Сыдыкова Айгүл Куршаб айылдык китепканасын жетектеп келе жатат.[178]



Сыдыкова Айгүл Жалал-Абад облусунун Сузак районунун ынтымак айылында 1989-жылы туулган. 2005-жылы №96 достук (азыркы №96 Төрө Маматов ) атындагы мектебин аяктаган. 2008-жылы Жалал-Абаддагы №1 кесиптик лицейин артыкчылык диплому менен аяктаган. 2009-2011-жылдары Жалал-Абад областтык статистика башкармалыгында эмгектенген. 2015-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бухгалтердик адистиги боюнча сырттан окуп бүткөн. 2018-жылдан тартып Куршаб айылдык китепканасынын башчысы болуп эмектенүүдө. Айылдык китепканада жалпысынан 14065 китеп бар, 840 окурман катталган. Жалпысынан айылдагы 7 мектеп окуучулары, бүт айыл тургундарын тейлеп келе жатат.

178 Куршаб айылдык китепкананын өздүк маалыматнамасынан



## Балдар китепканасы

Балдар китепканасы - балдарга өз аң-сезимин рухий жактан байытууга, илим негиздерин терең өздөштүрүүгө, китеп окуу маданиятын үйрөнүүгө көмөк көрсөтүүчү өспүрүмдөр үчүн адистештирилген китептер топтомуна ээ мектептен тышкаркы мекеме. Балдар китепканасы Кыргызстанда 1930-жылдан уюштурула баштаган. 1934-жылы М.В. Фрунзе атындагы алгачкы борбордук балдар китепкансы ачылган. 1935-жылдан мектептерде, кийин массалык китепкана фондуларын түзүү кеңири кулач жайган. 1946-жылга чейин Кыргызстанда 5 гана балдар китепканасы болгон. Алардын үчөө Чүй (мурунку Фрунзе обл.), Ош, Ысык-Көл облустарында ачылган.

Андан кийинки жылдары балдарды атуулдукка, эмгекке жана чыгармачылык ой жүргүртүүгө тарбиялап өстүрүүдө китепкананын таасирдүүлүгү эске алынып, райондордо, шаарларда атайын балдар китепканасы уюштурулган. 1954-жылы Фрунзе шаарында Фрунзе облустук балдар китепканасы түзүлгөн. Ал 1958-жылы республикалык балдар китепканасына айланган. 1972-жылы балдар китепканлардын жалпы саны 67 болсо, андан кийинки он жылда 106га жеткен, а.и. 1967-жылы Ош облустук балдар китепканасы, 1972-жылы Нарын жана Пржевальск (азыркы Каракол) шаарында, кийин 1980-жылы Талас шаарында балдар китепканасы ачылып, методикалык иштердин сапатын жогорулаткан.[179] Балдар китепканасынын фонду окурмандардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша коомдук-саясий, илимий, көркөм, адабий, гезит-журналдар менен камсыздалып турат.

179 Кыргызстан улуттук энциклопедиясы. Бишкек 2002-жыл 245-б.

Куршаб айылдык балдар китепканасына токтоло кетсек, аталган мекеме 1980-жылы негизделген. Ачылгандан тартып Абылкасымова Роза үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Куршаб айылдык балдар китепканасы ачылгандан соң айыл тургундарына жакшы шарттар түзүлүп, айылдагы 5 бала бакчадагы балдарга деги эле жаш жеткинчектерге кызыктуу китептер көп келе баштаган. Бул китепканада 14 680 китеп бар, мындан сырткары жыл сайын айыл өкмөт тарабынан атайын жаңы китептер алынып турат. Азыркы учурда балдар китепканасында 748 окурман катталган.[180] Мындан тышкары ар жыл сайын жаш жеткинчектердин китепке болгон кызыгуусун арттыруу максатында ар кандай форматтагы маданий иш-чаралар болуп турат.



Ал эми Куршаб айылдык балдар китепканасынын башчысына токтолсок. Абдыкасымова Роза Өзгөн районунун Фрунзе айылында 1950-жылы туулган. 1965-1966-жылдары Оштогу В. Терешкова атындагы мектеп интернатын аяктаган. 1971-жылы Токмоктогу маданий агартуу окуу жайын ийгиликтүү аяктаган. Алгач эмгек жолун Өзгөн районунун китепканасынан баштап, 1975-жылы Кароол айылдык китепканасында, 1980-2003-жылга чейин Куршаб айылдык китепканасында, 1980-жылдан баштап балдар китепканасында эмгектенип келе жатат. Сиңирген эмгектери бааланып, бир нече жолку жергиликтүү, райондук жана областтык администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. 2000-жылы “Маданияттын мыкты кызматкери” төш белгиси менен сыйланган.

[180] Куршаб айыылдык балдар китепканасынын өздүк маалыматнамасы



Куршаб балдар китепканасынын тарыхы да Куршаб району мезгилинен башталат. Ага төмөндөгү маалымат далил:

**Балдар китепканасы**

*Районунубуздун борборундагы балдар китепканасынын иши кийинки мезгилдердин ичинде талаптагыдай бир кыйла жакшырды. Мурда жаш балдар окуучу адабий китептердин саны 2000 гана болсо, азыр 4325 ке жетти. Китеп окуучу пионерлердин саны да күндөн-күнгө көбөйүп жатат.*

*Китепканада Украина элинин Россияга кошулган күнүн 300 жылдыгына арналган фотогазета жана лекция даярдалган.*

*Китепканын башчысы жолдош Курушев ар дайым бош убактыларында пионерлерге түрдүү кызыктуу аңгемелерден жана жомоктордон окуп берип турат.*

***И. Токтосунов***

*Ош областтык мамлекеттик архиви. Ф. 26, Оп. 1, ех. хр. 1, Куршаб райондук “Сталин жолу” газетасы. “Балдар китепкансы” №4 (828) бейшемби, 14-январь 1954-жыл. Орган Куршабского райкома КП Киргизии и районного Совета депутатов трудящихся год 1953-1954-1955 с №17, по № 85.*

## “Куршаб-Береке” мечити

Ош облусунун Өзгөн районунун Куршаб айылынын мечитинин тарыхы И.В. Сталиндин мезгилинен тартып башталат же XX кылымдын 50-жылдарга чейин эле каттоодо болгондугу буга далил. Маалымат катары айтсак, азыркы учурда өлкө боюнча мечиттердин саны СССР мезгилдегиден 70 эсеге көбөйгөнү маалым. 1990-жылга карата Кыргызстан боюнча жалпы 39 гана мечит болуп өз ишмердүүлүгүн аткарып турган.[181] Алардын бири дал ушул Куршаб мечити болуп саналат. Мечитте 1950-жылдары эле жума намазы окулуп турганын 1996-жылы КРнын мамлекеттик дин иштери боюнча комиссиянын ошол кездеги төрагасы Эмилбек Каптагаевге “Куршаб” мечитинин жамаатынын атынан жолдогон арызынан көрүүгө болот.

Ал эми эскилиги жеткен мечитте намаз окууга кооптуу болуп калгандыктан, эки уйгур улутундагы жергиликтүү жарандар өз ыктыяры менен өз жерлерин мечит үчүн беришкен, натыйжада 1991-жылы ошол учурдагы Ленин (азыркы Куршаб) айылдык Кеңеши айылдын борбордук аянтынын түштүк тарабынан мечит куруу үчүн 20 сотых жерди мамлекеттештирип берген. Жаңы мечит 1992-жылдын октябрь айында толук бүткөрүлгөн. Мечиттин өзүндө эч кандай каражат болбогон жана 5 айыл өкмөтүнүн жалпы элинин жардамы менен ашар жолу аркылуу мечиттин бүткөнүн 1995-жылы май айында Ош областтык казыятына “Куршаб Береке” мечитинин жаңыдан курулганына жумшалган каражат жөнүндө имам катыб Мубарак Маразыковдун маалыматында берилет.[182]

[181] Д.и.н., научный сотрудник Александр Крылов “Религия в общесттвенно-политического жизни Кыргызстана” из журнала “Центральная Азия и Кавказ” №6(48) 2006.

[182] “Куршаб-Береке” мечитинин өздүк маалыматынан алынды.



2015-жылы Куршабдын так ортосунан жаңы мечит үчүн жер бөлүнгөн. Аталган жерди да жеке ишкер өз ыктыяры менен мечит үчүн берген жана мамлекеттештирилип айылдык кеңеш тарабынан берилген. Ар кандай себептерден улам кечеңдеп, бирок курулуш иштери 2020-жылы башталып, жалпы курулуш иштери кызуу жүрүп, жакынкы күндөрү мечит медресеси менен бүт шарттары менен бүткөрүлүп, жалпы калктын керектөөсүнө берилмей болуп турат.

Ал эми мечиттин имам катыбдарына токтоло турган болсок, 1962-жылдан 1980-жылга чейин мечитте молдо Мамадали ажы имам болгон. Андан соң 1990-жылга чейин Мусурманкул ажы, Жолборскан ажы, Султанхан ажы, Сыражидин ажы, Рустам ажы, Абдушүкүр ажы, Акбаралы ажы, Азамжан ажы айылдык мечиттин имамы болуп иштеген.

1990-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин “Куршаб Береке” мечитинин имам катыбы болуп Маразыков Мубарак ажы элге кызмат кылып келе жатат. Анда бүгүнкү имам катыбдын өмүр таржымалына учкай токтоло кетсек.



*Маразыков Мубарак*

Маразыков Мубарак 1958-жылы Куршаб районунун Жан-Шоро айылында туулган. 1972-1975-жж. ЮКОСС чарбасындагы №3 кесиптик-техникалык орто окуу жайында билим алган. 1978-1980-жж. Советтик Армиянын катарында кызмат кылып келгенден кийин, 1980-1985-жылдары диний билим алып, андан соң Уфа шаарынан билимин өркүндөтүп Куршаб айылын-

дагы жами мечитте имам катыб болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган.

1996-2004-жылдары Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгынын алдындагы аалымдар кеңишинин эки жолу мүчөлүккө шайланган. 1996-1999-жылдары Ош областынын казысынын орун басары, 2000-2002-жылдары Кыргызстан мусулмандарынын азирети муфтийинин Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча өкүлчүлүктүн орун басары, 2003-жылы Ош облусунун казысы болуп иштеген.[183] 2003-жылы кезиндеги КРнын азирети муфтийи Жумаев Мураталы ажы менен биргеликте АКШга иш сапары менен барып, ал жактагы динге болгон демократия менен таанышып, АКШнын президенти Ж.Буш менен жолугуп, ал жактагы мусулман жердештерибиздин абалынан кабар алып келген.

Ал азыркы учурда айылдык мечитте жигердүү эмгектенип, жалпы элге жакшы насаат кептерин айтып, жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарып, калк кадырлаган кадырман аксакал болуп келүүдө.

[183] Карабагыш уруусунун санжыра китеби. Ош шаары 2018-ж. 232-бет



## «Алдиер» футболдук курама командасы

Куршаб айыл өкмөтүндөгү "Алдиер" футболдук курама командасы 1994-жылы негизделген. Алгач айылдан чыккан орто жаштагы футбол сүйүүчүлөрү тарабынан айылдар аралык футбол турнирлерге катышып, бир нече жолку жеңишти камсыз кылган. Айылдан демөөрчү, машыктыруучулар чыгып мыкты команданы чыгарып, бир нече байгелүү орундарды көп жылдан бери камсыздап келет. Атай кетсек:

1995-ж. Өзгөн райондук турнирде "Алдиер" командасы чемпион;

1996-ж. Республиканын түштүк аймагы боюнча 1-Лигасында чемпион;

1997-ж. Республиканын түштүк аймагы боюнча 1-Лигасында 2-орун;

1998-ж. Кыргызстандын жогорку Лигасында 6-орун;

1999-ж. Республиканын түштүк аймагы боюнча 1-Лигасында 2-орун;

2000-жылы каржы маселесинен улам футболдук команда убактылуу ишмердүүлүгүн токтоткон. 2006-жылы кайра өз ишмердүүлүгүн баштаган. 2010, 2011, 2012, 2013-жылдары республиканын түштүк аймагы боюнча 1-Лигасында 1-орунду камсыз кылган.

2011-ж. "Дени сак улут - өнүгүп жаткан өлкө" аттуу республикалык футбол турниринде чемпион болгон.

2013-ж. Республиканын жогорку Лигасында **абсалюттук чемпион** болгон;

2014-ж. Республиканын жогорку Лигасында 5-орун;

2015-ж. Республиканын түштүк аймагы боюнча 1-Лигасында 2-орун;

2016-ж. Республиканын жогорку Лигасында 6-орун;

2017-ж. Республиканын жогорку Лигасында 2-орун;

2018-ж. "Дени сак улут - өнүгүп жаткан өлкө" аттуу республикалык өткөрүлгөн футбол турниринде 3-орунду жеңип алышкан.

Жогорудагы бир нече алгылыктуу жетишкендиктер албетте талыкпас эмгектин аркасында келгени талашсыз. Аталган футболдук команда негизделгенден тарта өзүнчө бир айылдык футбол мектеби түптөлгөн. Ага 1994-жылдан тартып Өмүрзаков Эрнист машыктыруучу, Абдылдаев Нурбек демөөрчү, 2006-жылдан тарта Сулайманов Айбек машыктыруучу ал эми Ташиев Алтынбек демөөрчү болуп, ар тараптан команданы колдоп, жаш футболчуларды тарбиялап келе жатат.

Азыркы күндө 200 ашуун жаш футболчуларыбыз республикада өткөрүлгөн футболдук турнирлерде байгелүү орундарды камсыздап жана тынымсыз машыгууларды кылып келе жатышат. Футбол мектептен чыккан мыкты футболчуларыбыз да арбын. Мисалы, Кыдыралиев Аброр, Мамасадыков Марат ж.б. республиканын курама командасында ойногон. Төрт жыл катары менен жогорку лигада ойноп келе жатышат.



## Куршаб өрт өчүрүү бөлүмү

Өзгөн районунун Куршаб айылындагы өрткө каршы куткаруу мекемеси көп жылдык тарыхты өз ичине камтыйт. Азыркы учурдагы мекеме 1910-жылы салынган. 2009-жылдын 19-октябрда Куршаб айылдык кеңешинин кезексиз IX отурумундагы токтомунда КРнын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин сунушу менен Куршаб айылында уюшулуп жаткан өрт өчүрүү бөлүмүнө жер ажыратып берүү жөнүндө токтом чыгарылган. Кийинчерээк республикалык жана Куршаб айылдык бюджеттен каражат бөлүнүп, керектүү материалдар алынып, элдин күчү менен, ашар жолу аркылуу 2010-жылы бүткөрүлүп, керектөөгө берилген. Аталган мекемеде жалпысынан 15 адам эмгектенет. Ал эми өрт өчүрүү кызматынын берген маалыматы боюнча

2014-жылы-45;

2015-жылы-48;

2016-жылы-45;

2017-жылы-38 өрт катталып, жалпысынан бардык өрттөрдү өчүрүшкөн. Бул мекемеде 2 өрт өчүрүүчү машина бар.

Аталган бөлүм түптөлгөндө т.а. 2009-жылдан 2012-жылга чейин Эргешов Муктар, 2012-жылдан тартып Ысмайлов Эркинбай жетектеп келе жатат.

Ысмайылов Эркинбай 1956-жылы Куршаб районунун Жалпак-Таш айылында туулган. 1963-жылы Ак-Терек баштооч мектебине барып, ал эми 1973-жылы №27 Үлгүлүү орто мектебин ийгиликтүү аяктайт. Ошол эле жылы Өзгөндөгү ДОССАФ окуу жайынан айдоочулук адистиги боюнча билим алып, 1974-жылы аяктаган. 1975-1977-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Ар-

миядан кайткан соң Жалпак-Таш совхозуна айдоочу болуп жумушка орношот. 1990-жылдан тартып №2915 авто колонода айдоочу болуп эмгектенет, 2005-жылдан баштап жеке ишкер, 2009-жылдан Куршаб айылындагы өрткө каршы куткаруу бөлүмүндө бригадир айдоочу, 2012-жылдан ушул күнгө чейин аталган бөлүмдүн башчысы болуп эмгектенип келе жатат.

Ал айылдык аксакалдар кеңешинин мүчөсү, КРнын Өзгөчө кырдаал министрлигинин 90 жылдык маарекелик медалынын ээси.



## Куршаб айылдык маданият үйү

Аталган мекеменин имараты 1956-жылы түптөлгөн. Алгач МТС болуп түзүлгөн. Андан соң Куршаб айылдык маданият үйү болуп түзүлгөн. Айылдык ар кандай маданий иш-чаралардын көбүнчөсү дал ушул маданият үйүндө болот. Бул башкармалыктын курамында атайын бий ийримдери уюшулган. Айылдын таланттуу апаларынан куралган “Шайыр апалар” тобу да жигердүү иш алып барышат. Ар кандай сынактарга катышып, алдыңкы орундарды ээлеп келе жатышат. Ал эми аталган бөлүмдүн жетекчилерине көз чаптырсак. Алгач эле Абдыразак, Жолдош, Абылов Абдыкар, Нышанов Абдыманап жана 2007-жылдан тартып Жээнбаев Рыспай жетектеп келе жатат.

Жээнбаев Рыспай 1967-жылы Куршаб совхозундагы Шагым айылында туулган. 1985-жылы Социализм орто мектебин аяктап, Советтик Армиянын катарында кызмат өтөйт. 1988-жылы Ош шаарындагы ОГПИнин музыкант адистигине тапшырып, аны 1991-жылы аяктайт. Алгачкы эмгек жолун Куршаб айылындагы №2 Ы. Бектемиров атындагы орто мектебинде музыка сабагынан мугалим, 1993-жылы №62 Кулназар Ташиев атындагы кесиптик лицейде көркөм жетекчи, 1998-жылы №14 А. Таңгатаров интернат-гимназиясында музыка мугалими, 2007-жылдан тартып Куршаб айылдык маданият үйүндө директор болуп эмгектенип жатат.

2009-жылы КРнын маданият, маалымат жана туризм министрлигинин “КРнын маданият мыктысы” төш белгисинин ээси. Жергиликтүү, райондук жана областтык администрациянын жана маданият башкармалыгынын Ардак грамоталарынын ээси болгон.

## 3.4. Куршаб айылынан чыккан көрүнүктүү инсандар

Аталган бөлүмдө Куршаб аймагынан чыккан бир канча көрүнүктүү инсандардын тарых-таржымалы баяндалат. Албетте, алар кезегинде өз миссиясын мыкты деңгээлде аркалаган. Бир гана аймактын гана эмес бүтүндөй республикага атагы чыккан, өз багытынын мыктысы болуп кийинки муунга өмүрү өрнөк болчу инсандар камтылды.

Биринчи бөлүмдө Куршаб район мезгилиндеги т.а. 1935-1960-жж. аралыгындагы ишмерлер, элге кызмат өтөгөн мекенчил инсандар, алдыңкы саанчысынан тартып райондун жетекчиси, Кыргыз Жогорку Советинин депутаты, Кыргыз ССРинин министрине чейинки кызматтарды аркалаган ишмерлердин өмүр баяндары баяндалат.

Ал эми экинчи бөлүмдө Куршаб совхоз болуп турган учурда т.а. 1960-1996-жж. ичиндеги совхоздун директорлору, алдыңкы кыркымчы, алдыңкы башкарма, эмгек сиңирген мугалим деги эле Куршаб совхоз кезиндеги эл үчүн эмгек сиңирген инсандар камтылды.

Албетте, бул бөлүмгө кирбей калган, бирок татыктуу инсандар да көп. Мисалы, Икрам Жоробаев Куршаб совхозунун директору болуп көп жыл үзүрлүү эмгектенип, калкка эмгеги сиңген инсан. Тилекке каршы туугандары көчүп кеткенине байланыштуу такталбай калды. Дагы ушул сыяктуу ишмерлерди тактоо жана жарыкка чыгаруу албетте кийинки басмада дагы толукталат деп ишенебиз.

Ал эми бул бөлүмгө чейин эле ушул бөлүмгө кирчү инсандардын өмүр баяны Куршаб билим берүү бөлүмүндөгү мектептердин тарыхынын ичинде камтылды. Анткени, аталган мектепке ошол инсандардын атынан ыйгарылган болчу. Жеринен түшүнүктүү болуусу үчүн ошондой формата берилди. Аларды атай кетсек: Абдулла Таңгатаров, Батырали Усманов, Касым Эрматов, Шамши Эгемжаров, Ысмаил Бектемиров.



Жалпысынан, аларды кызматына карап өйдө-төмөн коюп ажыратуу кыйын болгондуктан, алфавиттик тартипте жайгаштырдык.

## Куршаб район болуп турган учурдагы көрүнүктүү инсандар

### Амирбек Төлөнов

1920-жылы Куршаб волостунун Гузар айылында туулган. 1931-жылы ШКМнын 1-классына кирип толук курсун бүтүргөн. Эмгек жолун Молотов атындагы мектепте мугалим болуп иштөөдөн баштайт.

1941-жылы март айында Советтик Армиянын катарына чакырылган. Ошол жылы согуш башталып, жарадар болуп кайтып келгенден кийин Куршаб районунда саясий бөлүмдүн башчысы болуп иштеген. 1942-жылы кайтадан согуш майданына чакырылып, Сталинград салгылашуусуна катышкан. Москванын алдындагы салгылашууда оор жарадар болуп, 1943-жылы согуштан кайткан. Ата-Мекендик согуштагы каармандыгы үчүн Кызыл Жылдыз, Даңк, согуштун I, II даражадагы ордендери жана Улуу Ата Мекендик согуштун, Жеңиштин 20 жылдык, 30 жылдык, 40 жылдык юбилейлик медалдары, СССРдин куралдуу күчтөрүнүн түзүлгөнүнө 50 жылдык, 60 жылдык юбилейлик медалдар менен сыйланган.

Согуштан келгенден кийин К.Е. Ворошилов атындагы мектепте 1945-1947-жылдары директор болуп иштеген.

1947-жылы Куршаб райкомунун секретары, 1949-жылы Куршаб райондук агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1950-жылы Ош областтык көчүрмөсүнүн башчысы, 1958-жылдан баштап айыл чарбасында партиялык уюмдун катчысы, түрдүү тармактарда бригадир болуп иштеген. Өмүрүнүн акырына чейин "Кайнар" совхозунда бригадир болуп иштеп турган. 1981-1989-жылдары К.Е. Ворошилов атындагы орто мектептин ата-энелер комитетин башкарган.

Иштеген жылдар ичинде Эмгек Кызыл Туу, Эмгек ветераны, Ардак белгиси ордендери жана эмгектеги жетишкендиги үчүн Ударник XI питилетки, СССРдин айыл чарбасындагы жетишкендиктери үчүн, В.И. Лениндин туулгандыгынын 100 жылдыгына карата медалдар менен сыйланган.

## Амиракулов Мурзапаяз

1922-жылы Куршаб волостуна караштуу Жан-Шоро кыштагында туулган. "Маданият" колхозунда табелчи, бригадир болуп иштеген. 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, аткычтар полкунда кызмат кылат. Смоленск, Воронеж, Ижевск шаарларын бошотуудагы эрдиги үчүн биринчи даражадагы УАМ согуштун ордени менен сыйланган. Согуштан жарадар болуп кайтып келип, "Маданият" колхозунда бригадир болуп болуп эмгектенет. Каатчылык мезгилинде кайраакы буудайдан 38-40 центнерден жогорку түшүм алгандыгы үчүн 1947-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. 1948-1953-жж. Маданият колхозунда башкарма, 1956-1959-жж. Ирилештирилген Жданов колхозунда бригадир болуп иштеген. Учурунда чарбаларда жетекчилик кылып, 1960-жылы Куршаб совхозу уюшулгандан кийин бөлүм башчы болуп иштеген.



Партиянын Ош областтык комитетинин конференциясында обкомдун мүчөлүгүнө, райондук жана айылдык кеңештерге бир нече ирет депутаттыкка шайланган. 1990-жылы каза болгон.[184]

## Багда Курбанова

1951-жылы Куршаб районундагы Ворошилов колхозуна келип, саанчылык кесип менен эмгек жолун баштап, бул кесипте өмүр бою эмгектенет. Кийин майда чарбалар ирилешип, бир канча колхоздор Куршаб совхозу болуп уюшулгандан кийин да ушу чарбада иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыгат. 1963-1967-жж. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 7-чакырылышынын депутаты. 1967-1971-жж. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 8-чакырылышынын депутаты. 1971-1975-жж. үчүнчү жолу Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланат. Багда Курбанова бир нече мамлекеттик жогорку сыйлыктар менен сыйланат. Эки жолу Ленин ордени, Ардак белгиси, Октябрь революциясынын маарекалик медалы жана башка орден медалдар менен сыйланган.[185] Азыр Куршаб айылынын бир жагы Багда Курбанова атындагы кичи айыл деп аталат

## Бөрүбай Асранкулов

1912-жылы Куршаб волостунун Кароол кыштагында туулган. Куршаб волостундагы ШКМ мектеп-интернатында 7 жылдык билим алган. Эмгек жолун 1931-жылы Куршаб волостунун Кароол селсоветинин "Политотдел" колхозунда колхоз башкармасынын секретары болуп иштөө-

[184] С. Абдыракманов Карабагыштар. (санжыра китеби) Бишкек 2018-ж. 227-б.

[185] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж. 128-б

дөн баштайт. 1934-1935-жылдары рабочий комсомол уюмунун Өзгөн районунда инструктор болуп иштейт. 1935-1937-жж. Фрунзе шаарындагы коммунисттик айыл чарба мектебинде билим алат. 1938-жылы Свердлов атындагы билим өркүндөтүү мугалимдер жана жетекчи кызматкерлер комвузунун угуучусу. Кийинчерээк М. Киров атындагы коммунисттик айыл чарба мектебинде мугалим болуп иштейт.

1939-1941-жж. Фрунзе колхоздук айыл чарба техникумунда мугалим, 1941-1942-жж. партияга Фрунзе шаарынын Свердлов райком партиясынан кабыл алынып, Кыргыз ССРинин КП БКда лектор болуп иштейт. 1942-1943-жж. Ташкент шаарында Кызыл Армиянын военно-педогогический иинститутунда билим алып, 1943-жылы 28 Харковь дивизиясында армиялык инструктор болот. Согуш учурунда жарадар болуп 1944-жылы Тамбов шаарында госпиталда дарыланат.

1944-жылы согуштан келип, Жалал-Абад обком партиясында пропаганда боюнча секретарь болот. 1944-жылдан 1950-жылга чейин Баткен райком партиясынын 2-секретары, 1950-1952-жж. Баткен райкомунун 1-секретары, 1952-1953-жж. Лейлек райком партиясынын биринчи секретары, 1953-1955-жж. Ноокат райком партиясынын биринчи секретары болуп эмгектенет. Ал эми 1955-жылы Ош областтык партия комитетинде административдик жана соода уюмдары боюнча обкомдун бөлүм башчысы болуп бир канча жыл үзүрлүү эмгектенген.[186]

[186] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж. 121-122-бб.



## Жээнчороев Сапарбай



1916-жылы Куршаб волостунун Жан-Шоро айылында туулган. Кесиби боюнча мугалим. 1938-жылы Советтик Армиянын катарында чакырылган. Аскерден келгенден үч айдан кийин Улуу Ата Мекендик согуш башталып, Мекенди коргоо үчүн кайра аттанып, кан күйгөн апаатта эрдиктерди көргөзүү менен жетекчиликтин ишенимине татып, капитан чинин алып, ротанын жетекчиси болуп дайындалган.

1946-жылы согуштан кайтып келген. Көрсөткөн эрдиктери үчүн Кызыл Жылдыз, Улуу Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы ордендери жана башка бир канча медалдар менен сыйланган. 1947-жылы Алматы шаарындагы эки жылдык партиялык окуу жайын бүткөн жана партиялык жетекчиликтин Куршаб району боюнча өкүлү, кийинчерээк Куршаб райондук аскер комиссариатынын жетекчиси болуп иштеген. Москва шаарындагы жогорку партиялык мектепти бүтүргөн. Араван, Алай райондук партиялык комитеттеринин биринчи катчысы, Куршаб райондук аткаруу комитетинин төрагасы (аким) болгон.

"Алга", Куршаб совхоздорунун партиялык жана профсоюздук комитеттерин башкарып турган. Төөчүдө буудайдан (каайракы жерден) 36-38 центнерден жогорку түшүмүн алуу менен СССРдин жогорку сыйлыктарын алууга татыктуу болгон. 1996-жылы каза болгон.[187]

[187] С. Абдыракманов Карабагыштар. (санжыра китеби) Бишкек 2018-ж. 226-227-бб.

## Жолон Көчөбаев



1898-жылы Покровскийде (азыркы Куршаб) туулган. Жаштайынан жетим калып, турмуштун ысык-суугун эрте тартат. Араб тилинде бир класс билим алган. 1912-жылы Куршабка келген келгин орус улутундагы бай көпөстөргө кызматкер болуп жумушка кирет. Орус тилин оозеки түрүндө жакшы билген. Бир канча кызматтарда жүрүп, турмуштук мол тажрыйбага ээ болот. 1938-жылы Куршаб районунун Кочкар-Ата селолук советинин председатели болуп дайындалат жана көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенет. Кийинчерээк, Кызыл-Октябрь селолук советинин председатели болуп иштейт жана 1958-жылы пенсияга чыгат. 1950-жж. Куршаб районунун Кочкар-Ата селолук советинин депутаты, 1957-жылы Куршаб районунун депутаты жана пленумунун мүчөсү, бир канча конференцияларга райондун, селолук советтин атынан делегат болгон. 1963-1965-жылдары Куршаб районунун Ленин селолук советинин эмгекчил депутаты болуп бир канча алгылыктуу иштерди бүткөргөн.

Көчөбаев Жолон 1946-жылы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн медалы, 1970-жылы В.И. Лениндин туулган күнүнө 100 жылдыгынын медалы, 1974-жылы Кыргыз ССРинин Ардак грамотасы, 1979-жылы Эмгек ардагери жана башка орден-медалдар менен сыйланган. Эл үчүн жасаган эмгеги бааланып, өзү жашаган көчөгө аты коюлган. 1984-жылы дүйнө салган.



## Кулназар Ташиев

*(1919-2000)*



1919-ж. Куршаб волостуна караштуу Алга кыштагында туулган. Атасы Таши Кулназар 3 жашка толгондо кайтыш болгон. 1928-жылы Куршаб волостунун борборунда ачылган ШКМ (школа коммунистической молодежи) деп аталган бул интернатка кабыл алынып, аны 1936-жылы бүтүп, эмгек жолун Куршаб райондук комсомол комитетинде отдел башчы болуп иштөө менен баштайт. Андан кийин 1937-1939-жж. Фрунзе шаарындагы С.М. Киров атындагы айыл чарба мектебинде окуйт.

1939-1941-жж. Советтик армиянын катарында солдат, курсант, офицер андан соң Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу жана миномёт взводунун командири. Ал Берлинге жеткен жана ал жерден алар Маньчжурияга которулган, ал жерде Япониянын Квантун армиясына каршы аскердик операцияларды жүргүзгөн. Ал согушту майор аскердик наамы менен 1946-жылы августта аяктаган.

Согуштан келип Куршаб райком партиянын 2-секретары, райисполкомдун председатели болуп иштейт. Өз ишин так билген кадр катары Өзгөн районунун эки жолу райондун биринчи секретары, Ош райкомунун биринчи секретары, Ленин районунда партиянын биринчи секретары болуп иштейт. Ал иштеген Ленин району республикада пахта планын биринчи болуп толтуруп, район республикада атак-даңка ээ болот. Райондо көптөгөн адамдар мамлекеттик сыйлыктарга, алдыңкысы Социалисттик Эмгектин

Баатыры болгонго жетишет. 1969-1976-жылдары Кыргыз ССРинин соода министри, 1976-1980-жж. Кыргыз ССРинин Министрлер Кеңешинин башкы жооптуу кызматкери, 1980-жылы Союздук маанидеги персоналдык пенсионер, 1991-2000-жж. Бишкек шаардык согуш ардагерлеринин кеңешинин төрагасы болгон.

Кулназар Ташиев Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин беш жолку депутаты, Кыргыз КП БКнын пленум тогуз жолку мүчөсү болгон. Ленин ордени, Кызыл Жылдыз ордени, Германияны жеңгендиги үчүн, Японияны жеңгендиги үчүн, Даңк жана башка бир нече орден-медалдар менен сыйланган.

Азыркы кезде Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө караштуу №62 кесиптик лицейге жана Бишкек шаарындагы бир көчөгө аты ыйгарылган.

## Молдоматов Асан

*(1940-2001)*



1940-жылы Ош областынын Куршаб районуна караштуу Кызыл-Суу айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 7-класска чейин Кызыл-Суу айылындагы Жан-Кайрат орто мектебинде окуйт. Кийинчерээк райондун борборундагы К.Е. Ворошилов атындагы интернат-мектепте кыска мөөнөтүү окуп, орто билим жөнүндөгү аттестатты Кара-Кулжа районундагы Карл Маркс атындагы мектептен алат. 1960-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун география факультетине тапшырып, 1965-жылы бүтүп, Куршабдагы



К.Е. Ворошилов мектепке келип иштеп, 1966-жылы Өзгөн райондук райком партиясынын инструктору болуп которулат. 1970-жылдан тартып түштүк Кыргызстан тажрыйба станциясында партия комитетинин секретары болуп иштеп, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланат.

Молдоматов Асан билим берүүнүн мыктысы, советтик партиялык кызмат менен бирге мектеп жетекчиси, райондук билим берүүнүн инспектору кызматтарында көп жыл үзүрлүү эмгектенген. Анын көрсөткөн эмгектери бааланып, 1981-жылы Ош областтык профсоюз комитетинин Ардак грамотасы менен, 1984-1989-жж. райондук "Октябрь туусу" газетасынын Ардак грамоталары менен, 1997-жылы Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен жана башка сыйлыктар менен сыйланган.

## Нооманжан Гафуржанов

1924-жылы Куршаб волостунун Гузар кыштагында туулган. Нооманжан Гафуржанов 1930-жж. аягында компартиянын катарына кошулат. Ал Куршабда дыйканчылык менен жан баккан Гафуржандын жалгыз уулу болгон. Нооманжан мыкты таалим-тарбия алып өсөт. 1935-1936-жж. айыл чарба артелине катышып, Ленин комсомолунун катарына өтөт. Ошондон баштап компартиянын кызмат жолуна түшөт. 1957-ж. Фрунзедеги пединститутту аяктап, кийин 1970-ж. Ташкенттеги айыл-чарба институтун бүткөн. Эмгек жолун "Кызыл-Байрак" колхозунда башкарма болуп иштөөдөн баштайт.

1964-ж. Алга совхозунун директору болуп шайланат. Аталган совхозго бир канча колхоздор кирген чоң созхоз болгон. Ошол учурда созхоздо 7400 баш кой, 1989 кара

мал, 4224 саан уй болгон. Нооманжан Гафуржанов Алга совхозунда иштеп турган учурда мамлекетке мал чарба продукциясын өндүрүү боюнча эң алдыңкы чарба болгон. Ошонун негизинде Санжаров Шарап алдыңкы чабан катары Социалисттик Эмгектин Баатыры наамын алган. Дагы көбү мамлекеттик сыйлыктардын ээси болгон. 1967-жылы Нооманжан Гофуржанов Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланат. Совхоз 1967-жылы 3500 тубар койдун ар жүзүнөн 115 тен козу алып республикада эң алдыңкы кой чарба совхозу болуп аталган.[188]

Нооманжан Гафуржанов 1969-жылы компартиянын раисполкомдун председатели кызматын аркалайт. Анын жолу мамлекеттик жана коммунисттик партиянын ишине арналган. Ал бир канча орден-медалдардын, Ардак грамоталардын ээси болгон.

## Полот Жолдошов

*(1895-1976)*

1895-ж. Куршаб волостунун Кызыл-Сеңир айылында туулган. 1931-жылы КПССтин мүчөлүгүнө өтүп, коммунисттик партиянын ишенимдүү отрядында болот. 1934-1938-жылы Кочкар-Ата сельсоветинде караштуу ирилешкен Кызыл-Сеңир колхозунда председатель болуп шайланат. 1938-1940-жж. Куршаб райисполкомунда жооптуу кызматтарда иштеген. Жолдошов 1940-1950-жж. Куршаб районундагы Кызыл-Сеңир колхозунда төрага болуп иштеген. 1950-1954-жылы Куршаб районунун Ворошилов атындагы колхозго төрага болуп шайланат. 1954-1956-ж. Жылкы ферма башчысы.

Полот Жолдошов жетекчи болуп иштеген чарбаларды алдыңкы катарга чыгаруу менен, "чарбасы бай" деген атакка жеткизе иштеп, райондо. Областта жана республикада аты белгилүү болгон инсан-жетекчи катары эл оозуна алынат.

[188] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж. 123-124-бб.



1947-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 2-чакырылышынын, 1951-жылы 3-чакырылышынын депутаты болуп шайланган. Кыргызстан коммунисттик партиясынын У-У1-УП- съезддеринин делегаты болгон. 1962-ж. ардактуу эс алууга чыккан.

Аткарган кызматтары өз кезегинде бааланып, Кыргыз ССРинин Ардак грамотасы, Кызыл Жылдыз, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белги жана башка орден-медалдар менен сыйланган.

Полот Жолдошовдун ысымы азыркы кезде Кызыл-Сеңир айылындагы мектепке ыйгарылган.

## Сулайманкул Бердиев

1925-жылы Элчибек кыштагында туулган. Эмгек жолун 1935-жылы Куршаб районунун "Сталин" атындагы колхоздо эсепчи болуп баштайт.

Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, ал жакта эр жүрөктүүлүктү көрсөтүп, 1943-жылы фронтто КПССтин катарына алынат. Аны ошол эле жылы Ташкент шаарындагы кадрлардын танкалык офицерлерди даярдоочу бир жылдык окуу жайына жөнөтүлөт. Аталган окуу жайды ийгиликтүү аяктап, өзүнүн 62-армиясынын 48-бригадасына аткычтар батальонуна келип саясий бөлүмдүн начальнигинин орун басары болуп калат. Ошентип 1945-жылдан 1949-жылга чейин армиялык батальондун командири болуп кызмат кылат. Ал Сталинград, Воронеж, Курск, 3-Украина, Белорусия фронтторунда немецтик баскынчылар менен болгон согуштарда баатырларча салгылашып, Берлинге чейин жеткен. Майданда төрт жолу жарадар болуп кайра фронтко кирет.

Согуштан келген соң 1949-жылы Куршаб райкомунда айыл чарба бөлүмүнүн инструктору, 1951-жылы бөлүм башчысы, 1952-1953-жылы Куршаб районундагы Киров атындагы колхоздун башкармасы, 1953-1955-жылдары Куршаб районундагы Жуканов атындагы колхоздун башкармасы, 1955-1958-жж. Куршаб районундагы Социализм колхозунун башкармасы болгон. Колхоздор жоюлуп, совхоздор уюшулганда Юное чарбасында бөлүм башчы, Кызыл-Октябрь сельсоветинде төрага, 1961-1963-жж. Алга совхозунда бөлүм башчысы, 1964-1974-жж. Куршаб совхозунда бөлүм башчы, 1970-1974-жж. Ленин поселколук советинин төрагасы болуп эл-жер үчүн советтик партиялык, коомдук кызматтарда үзүрлүү, таза, күжүрмөн эмгектенген.

Аткарган эмгектери бааланып, Ата Мекендик согуштун I, II, III даражадагы Кызыл Жылдыз ордени, Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы, Жуков медалы, Жеңиштин 50 жылдык[189] жана башка орден-медалдар менен сыйланган.

## Токторбай Орозалиев

1912-жылы Куршаб волостунун Кароол кыштагында туулган. Жергиликтүү мектептен билим алып, колхоз жумуштарына активдүү катышат. 1931-жылы Өзгөн районуна караштуу Кароол башталгыч мектебинде иштейт. Ал эми 1935-ж. тартып Куршаб районундагы мектептерде иштеген. 1937-1938-жж. Куршаб районунда райисполкомдун жооптуу катчысы болгон. Кийинчерээк Куршаб районунун билим берүү бөлүмүнүн башчысы, жооптуу кызматкер болуп эмгектенген.

1941-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылат. 1943-жылга чейин 310-кавелердик полктун саясий жетек-

[189] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж. 81-б.



чисинин орун басары болот. 1945-жылы оор жаракат алып Киевде госпиталда дарыланат. Согуштан кайтып келип Куршабта Ленин башталгыч мектебинде директор болуп иштейт.

1946-жылы Фрунзедеги эки жылдык партиялык окуу жайына кирип, аны 1948-жылы бүтүп, коммунисттик партиянын катардагы кызматында иштей баштаган. 1948-1950-жж. Гүлчө районунда (азыркы Алай) аткаруу комитетинин председатели, 1950-1952-жж. Кызыл-Кыя шардык аткаруу комитетинин председатели, 1952-1954-жж. Баткен районунда аткаруу комитетинин председатели, 1954-1957-жж. Куршаб районунда аткаруу комитетинин председатели, 1957-1958-жж. Куршаб райондук партиялык комитетинин секретары, кийинчерээк "Жданов" атындагы колхоздун башкармасы,[190] Куршаб совхозунун парткомунун секретары болуп үзрлүү эмгектенген.

Аткарган иштери бааланып, бир нече Ардак грамота жана орден-медалдар менен сыйланган.

## Токторбаев Жалил

1923-жылы Куршаб волостунун Кызыл-Сеңир айылында туулган. Аталган айылда мектепти бүтүрүп, 1949-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтуна тапшырып, 1955-жылы ийгиликтүү аяктайт. Эмгек жолун Алай районуна караштуу Гүлчө ооруканасында иштөө менен баштайт.

Токторбаев Жалил 1962-жылы өзү туулган Куршаб жергесине келип, бүт өмүрүн Куршаб аймактык ооруканасында врач болуп үзүрлүү эмгектенет.

Ал "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы" наамынын ээси[191].

[190] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж. 83-б.

[191] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж. 165-б.

Азыркы кезде Куршаб аймактык ооруканасы эмгек сиңирген врач Токторбаев Жалил ысымын алып жүрөт.

## Төлөн Шамшиев

*(1913-2001)*

1913-жылы Куршаб волостунда туулган. 1927-жылга чейин Өзгөндөгү интернатта тарбияланган. 1928-жылы Куршаб волостундагы мектепте окуйт. 1932-жылы Жалал-Абаддагы педучилищаны бүтөт. 1932-жылы "Ленинчил жаш" гезитинде редактор болгон. 1934-жылы "Отуз-Адыр" аттуу биринчи поэмасын жарыкка чыгарат. Т. Шамшиевдин чыгармачыл иши 1930-жылдан башталып, "Кызыл пахтачы", "Кызыл Кыргызстан", "Ленинчил жаш" гезиттерине жарыяланып турган. "Отуз-Адыр" аттуу поэмасы орус, украин, латвия, армян, япон тилдерине которулган. Акын катары бир нече ыр жыйнактары жарык көргөн. М: "Жаңы заман жаштары", "Жеткинчектерге", "Көз жаштары", "Толкундар арасында" , "Жеңиш ыры", "Баатыр жөнүндө ыр", "Балдар үчүн", "Ак булуттар", "Ырдасам", "Үч дөбө" ж.б. көптөгөн китептери жарык көргөн.

1938-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутаты болуп шайланган. Ал эми УАМ согушта И.В. Панфиловтун 8-гвардиясында согушка катышат. Көрсөткөн эрдиктери үчүн Берлинди алгандыгы үчүн, Ата Мекендин улуу согушту жеңиши үчүн ж.б.у.с. көптөгөн медаль, орден жана Ардак грамоталар менен сыйланган.

1946-1949-жылга чейин Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы радиокомитетинин председателинин орун басары, "Кызыл Кыргызстан" гезитинин бөлүм башчысы, Жазуучулар союзунун консультанты, Кыргызстан мамлекеттик басмасында, Кыргызстан мамлекеттик окуу педагогика басмасында редактор болуп кызмат аткарган.



Т. Шамшиев 1936-жылдан СССР Жазуучулар союзуна мүчө болгон. 1938-1948-жж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышынын депутаты болуп шайланган. Адабият майданында көптөгөн чыгармаларды жазган. Өз жерин, өз элин сүйгөн жүрөгүнөн ыр сабында мынтип айтылат:

Куршабдан кур кол кайтканым жок,
Куршабдан бир жаман сөз укканым жок,
Кай жерде, кайсы айылда болсом дагы,
Куршабым Москвага турат окшоп.

Төлөн Шамшиевдин баласы - кыргызга таанымал СССРдин эмгек сиңирген артисти, Кыргыз ССРинин ЖК-нын депутаты, кинорежиссёр, сценарист Болот Шамшиев.

## Шеров Аттокур

Куршаб волостундагы Кызыл-Сеңир айылында туулган. Жаштайынан жетим калып, турмуштун оорчулугун эрте тарткан Аттокур Ташкенттеги балдар үйүндө тарбияланат. 1931-1936-жж. Ташкенттеги В. М. Молотов атындагы медициналык институтун ийгиликтүү аяктайт. Аттокур Шеров 30-жж. т.а. студенттик практикаларында Өзгөн райондук оорканасына келип, аймактагы алгачкы дарыгерлер: М. Голубаева, З. Эгембердиева, Н. Назаренколор менен биргеликте медицинадагы жолун баштаган. 1936-1939-жж. Кыргыз ССРинин Саламаттыкты сактоо эл комиссариаты С. К. Лобынцевдин жолдомосу менен Жумгал, Кемин райондорундагы аймактык ооруканаларынада башкы врач болуп эмгектенет.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда кан майданга аттанып, 1946-жылга чейин медициналык кызматтын гвардия майорунун наамы менен гвардиялык аба-десант дивизиясынын медициналык-санитардык батальонунун коман-

дири болгон. Согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн жогорку башкы командачыдан бир нече жолу алкыш, Кызыл Жылдыз ордени, Күжүрмөндүүлүгү үчүн, Праганы бошоткону үчүн, Германияны жеңгендиги үчүн ж.б. орден-медалдардын ээси болгон. Согуштан кийин КМИИнин кординалдык анатомия кафедрасында кафедра башчы, доцент, декан, институттун окумуштуулар кеңешинин төрагасы болуп иштейт. Москва шаарындагы медицина кызматкерлеринин Союзунун борбордук комитетинин жана пленумунун мүчөсү болгон.

А. Шеров улуттук медицина илиминде анатомияны өнүктүрүүгө, медициналык терминдерди кыргыз тилине которууга аябагандай зор салым кошкон. Жергиликтүү кыргыз врачтардын ичинен алгачкылардан болуп, "Моюн артериясы" аттуу темада медицина илими боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Ал көптөгөн илимий эмгектердин автору, илимий эмгектеринин бардыгы адамдын артериалдык системаларын үйрөнүүгө, анын ичинде улгайган кишилердин мээсиндеги кан айлануунун өзгөчөлүгүнө арналган.

Кыргызстанда медициналык кадрларды даярдоодо жана медицина илимин өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун, СССР саламаттыкты сактоо министрлигинин, Кыргызстан ЛКСМ БКнын Ардак грамоталары менен жана "Саламаттыкты сактоонун мыктысы" төш белгиси менен сыйланган.

1972-жылы Кызыл-Сеңирде каза болгон. Туулган айылынын бир көчөсүнө Шеров Аттокурдун ысымы ыйгарылган[192].

[192] Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж. 195-196-бб.



## Куршаб совхоз учурундагы алдыңкы ишмерлер

### Алиев Абжалил



1935-жылы Куршаб районунун Эрдик сельсоветине караштуу Чынар-Булак айылында туулган. 1956-жылы орто мектепти бүтүрүп, "Карл Маркс" колхозунда эмгек жолун баштаган.

1958-59-жылдары Фрунзедеги Соода окуу жайын окуп бүтүп, Куршаб рапкопто андан кийин Ош мамлекеттик соода уюмунда иштеген. 1960-62-жылдары комсомолдун Ош райондук комитетинин инструктору, 1962-жылы Кыргыз ССРинин Радиокомитетинин кабарчысы, 1962-1964-жылдары комсомолдун Кара-Суу райондук комитетинин биринчи секретары кызматында иштеген. 1964-1971-жылдары Кара-Суу районунун Отуз-Адыр совхозунда бөлүм башчы болуп иштеген. 1971-жылы Кыргызстан КП Өзгөн райкомунун инструктору, 1972-жылы Куршаб совхозунун бөлүм башчысы, 1972-жылдан 1976-жылга чейин Өзгөн районунун элдик контроль комитетинин жетекчиси жана партиянын райондук комитетинин бюро мүчөсү болуп турган. 1977-1978-жылдары Жалпак-Таш совхозунун партиялык комитетинин секретары, 1978-1979-жылдары Өзгөн районундагы Жыланды совхозунун директору кызматын аткарган. 1980-жылы Ош областтык айыл-чарба башкармалыгынын кызматкери, 1980-1992-жылдары Өзгөн райондук Агро-өнөр жай бирикмесинин башкы агроному, райондук айыл бирикменин директорунун орун басары, райондук айыл

чарба химизациялоо ишканасынын директору кызматында иштеген.

1994-жж. Куршаб совхозунун директору, андан кийин 1996-жылга чейин Агрардык реформа комитетинин Куршаб жана Кайнар совхоздорунун бириктирилген комитетинин төрагасы болуп туруп пенсияга чыккан. Жогорку билимдүү агроном. Кара-Суу жана Өзгөн райондорунун жергиликтүү кеңештеринин бир канча жолку депутаты болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер.

"Соолукбектин урпактары Өзгөндө" жана "Куршаб тарыхы миң жыл" аттуу китептердин автору. 2020-жылы каза болгон. Ысымы өз көчөсүнө ыйгарылган.

## Аман Момунов



1942-жылы Куршаб районуна караштуу Кароол айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1949-1956-жылдары Политотдел жети жылдык мектебинде билим алат. 1959-жылы Кароол айылындагы №14 В.И.Ленин атындагы орто мектебин аяктаган соң, Өзгөндөгү ДОСАФында шоферлор курсун бүтүрүп, 1960-жылы уюшулган Куршаб совхозунда 1963-жылга чейин шофер болуп иштейт. 1967-жылы Фрунзедеги Айыл-чарба институтунда агрономия адистигин аяктап, Куршаб совхозунда агроном болуп эмгектенет.

Андан соң 1968-жылы Өзгөн айыл-чарба башкармалыгында агроном, 1969-жылы Совет районунун айыл-чарба башкармалыгында агроном, 1972-жылы Совет "МЧС"да



агроном, 1973-жылы Куршаб совхозунда башкы агроном, 1978-1988-жылдары Куршаб совхозунун директору,1991-жылы Кароол селсоветинде төрага, 1992-жылы Кайнар совхозунда директор, 1993-жылдан 1997-жылга чейин "Манас" кооперативинде төрага болуп эмгектенген. Ош областтык компартиясынын пленумуна мүчө болгон, Кыргызстандын XVIII-XIX съездинде делегат болуп катышкан. 2004-2007-жылдары коомдук башкарууда Өзгөн райондук кеңешинин төрагасы болуп иштеген. Совхоздун айыл-чарба жүгүн мойнуна көтөрүү менен мал чарбасынан, талаачылыктан алынуучу азыктардын жыйымын жогорулатууга, чарбанын экономикасын көтөрүп, андагы элдин социалдык маселелерин өз аруу менен чечүүгө бараандуу салымын кошкон.

Момунов Аман аткарган эмгектери, жетишкен ийгиликтери өз учурунда татыктуу баасын алып келген. Ал райондук, облустук, республикалык деңгээлдеги бир нече Ардак грамоталар жана орден, медалдар менен сыйланган. Өтөгөн эмгек жолунда жетишкен ийгиликтери үчүн Кыргыз Республикасынын Ардактуу аксакалы төш белгиси жана КРдин ЖКнын төрагасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Мындан тышкары Куршаб айыл өкмөтүндө ардагерлер кеңешинин жана байкоочу кеңешинин төрагасы болуп эмгектенген.

## Амракулов Сапарбай

1958-жылы Куршаб районуна караштуу Шагым айылында туулган. Аталган айылдагы мектепти бүткөн соң, Кыргыз Айыл-чарба институтуна тапшырып, 1982-жылы ийгиликтүү аяктайт. Эмгек жолун Өзгөн районунун суу-чарба ишканасында иштөө менен баштайт.

1984-1994-жж. Кызыл-Октябрь чарбасында башкы гидротехник, андан кийин ошол чарбанын парткомунун секратары, Өзгөн суу-чарба курулуш ишканасында директор болуп иштейт.

2003-жылы "Кыргыз Респбликасынын эмгек сиңирген куручусу" ардактуу наамы менен сыйланат.

Куршаб айыл өкмөтүнүн жанындагы эс алуу паркына эмгек сиңирген куручунун ысымы ыйгарылган.

## Бакиров Абдимиталип



1943-жылы Куршаб районуна караштуу Маданият айылында туулган. 1963-жылы К.Е.Ворошилов атындагы мектепти алтын медаль менен бүтүргөн. Ошол эле жылы ОГПИнин физика-математика факультетинин физика бөлүмүнө тапшырып, аны 1968-жылы ийгиликтүү аяктаган. Окуу жайды аяктагандан кийин Ош областтык билим берүү бөлүмүнүн жолдомосу менен Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнө жөнөтүлөт. Мектептерде 6 жыл окуу бөлүм башчысы, 4 мектепте 31 жыл директор, калган жылдары физика мугалими болуп эмгектенип келе жатат. Ал агартуу маңдайында чыныгы педагог экенин көрсөтө алды. Окуучуларды окутуп тарбиялоодо ак дилден иштегендиги бааланып, төмөнкү мамлекеттик сыйлыктарга ээ болгон:

1978-жылы Кыргыз ССРинин Агартуу министрлигинин "Элге билим берүүнүн отличниги" төш белгиси менен, 1985-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы, 1986- жылы Кыргыз ССРинин Эмгек Даңк китебине киргизилген, 1986-жылы Методист мугалим наамы менен, 1989-жылы Эмгек ардагери медалы менен сыйланган. 1974-94-жылдары жергиликтүү кеңештин 4 жолку эл депутаты болуп шайланган. 2008-жылы "КРдин эмгек сиңирген мугалими" ардактуу наам берилген.



## Бектемиров Мамасалы



Бектемиров Мамасалы 1947-жылы Ош облусунун Куршаб районундагы Ак-Терек айылында колхозчунун үйүндө туулган. 1954-жылы айылдагы орто мектепке кирип орто мектепти 1964-жылы аяктаган. Ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы Скрябин атындагы айыл чарба институтун агрономия факультетине тапшырып өтөт. Аталган окуу жайды 1969-жылы ийгиликтүү аяктайт. Өзүнүн алгачкы эмгек жолун райондогу Куршаб совхозунда агроном болуп иштөө менен баштаган.

1971-1973-жылдары Кыргызстан Лениндик комсомол жаштар союзунун Өзгөн райондук комитетинин биринчи катчысы болуп эмгектенген. 1974-жылдан тарта Жалпак-Таш совхозда башкы агроном, андан кийин партиялык комитеттин катчылык кызматтарын аткарат. Ал эми 1985-жылдан Кыргызстан коммунисттик партиясынын Өзгөн райондук комитетинин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы кызматына которулат. Андан соң 1988-жылы Куршаб савхозуна директор болуп дайындалат. 1994-жылдан 2002-жылга чейин райондогу дыйкан чарбанын төрагасы болуп иштеп туруп, "Алтын дан" үрөнчүлүк чарбасынын директорлук кызматына которулган.

Ал эми 2003-жылдан бери Өзгөн, Кара-Кулжа райондор аралык мамлекеттик үрөнчүлүк инспекциясынын начальниги кызматын аткарып келген. Райондун айыл чарбасынын өнүгүшүнө омоктуу салымын кошту жана бүгүнкү күнгө чейин райондун элин, жалпы эле дыйкандарын сапаттуу үрөн менен камсыз кылууда бир топ айтууга арзырлык эмгек ийгиликтерди жаратты. 1994-жылдан 1999-жылга чейин Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын коллегия мүчөсү жана бир канча чакырылыштагы райондук кеңештин депутаты болгон жана Кыргызстан коммунисттик партиясынын Өзгөн райондук комитетинин мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Аткарган эмгектери жогору бааланып, 1972-жылы Кыргыз ССР инин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 2005-жылы болсо Кыргыз республикасынын айыл чарбасынын отличниги төш белгисине ээ болгон. 2015-жылы Ардактуу аксакал медалынын ээси болгон. Бир нече жолку райондук, жергиликтүү кеңештин депутаты жана областтык, райондук Ардак грамоталардын ээси.

## Жапаров Мамат



1941-жылы Куршаб районунун Жан-Шоро кыштагында туулган. Сабатсыздыгын өз айылдык мектептен жоёт. Жаштайынан ата-энесине жардамдашып, совхоздо катардагы чабан андан соң башкы чабан болуп иштеген. Ал иштеген совхоздо жүз тубар койдон 90-100 козудан алып, өз милдетин так жана жоопкерчиликтүү өтөгөн. Ошол эле учурда мамлекетке жүн тапшырууда да алдыңкы орундарга чыккан.



Жапаров Мамат кой кыркым боюнча атагы чыккан кыркымчы. Ал күнүнө 80-90 дон кой кыркып алдыңкы орундарды ээлеп турган. Райондук, областтык кой кыркым учурунда 1-орунга чыккан. 1974-жылы Казак ССРиндеги Алматы шаарында өткөн конкурста 2 минутта 1 койду кыркып 1-орунду ээлеген. СССРдин айыл чарба министри тарабынан жогору бааланып, бир жаңы жугили автомашинасы сыйлык катары тапшырылат.

Андан соң ар кандай коомдук иштерге активдүү катышып жигердүү эмгектенген. Эмгеги бааланып, совхоздун, райондун, облустун, республиканын Ардак грамоталары жана орден-медалдары менен сыйланган.

## Казакбаев Манияз



1937-жылы Куршаб районуна караштуу Гузар селхозунда дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1954-жылы Кызыл-Абад айылында 7 жылдык орто мектепти бүтүргөн. 1955-жылы Куршаб районундагы "Путь Ленин" колхозуна жумушчу болуп кирген. 1958-жылы Калинский айыл чарба мектебине кирип 1959-жылы техник кой чарбасы деген адистикке ээ болот. 1960-жылдан Куршаб совхозунун I бөлүмүнүн башкы чабаны болуп ишке кирген. 1964-жылы Ноябрь айында осемнатор болуп которулган. 1972-жылы Ошсаан уйларга бригадир болуп которулган. 1972-жылы Ош тогу айыл чарба техникумуна сырттан окууга кирип, 1975-жылы бүтүрүп агроном кесибине ээ болгон. 1973-жылдан баштап 1998-жылга чейин башкарма болуп иштеген.

Көп жылдык үзүрлүү эмгектери бааланып, бир канча Ардак грамотолардын жана орден-медалдардын ээси болгон. Ардактуу аксакал медалынын ээси жана аксакалдар кеңешинин мүчөсү болгон. Бир канча жолку жергиликтүү кеңештин депутаты да болгон.

## Мурзапаязов Анарбек

1952-жылы Куршаб районундагы Маданият айылында туулган. 1968-жылы орто мектепти аяктап, Куршаб совхозуна жумушка кирет. 1971-1973-жж. Советтик армияда кызмат өтөйт. 1973-1975-жж. Оштогу Айыл-чарба техникумун артыкчылык диплом менен аяктайт. 1975-жылы эмгек жолун Куршаб совхозунда агроном болуп баштайт. 1982-жылы Фрунзедеги К.И. Скрябин атындагы айыл-чарба институтун бүтүрөт. 1976-1982-жж. Куршаб совхозунун тамекичилик боюнча башкы агроном болгон. 1980-1985-жж. Ийри-Суу, Кызыл-Октябрь совхоздорунда башкы агроном, 1985-1990-жж. Алга совхозунун директору, Куршаб айылдык кеңешинин төрагасы, Кароол айылдык кеңешинин төрагасы, 1997-1999-жж. Кароол айыл өкмөт башчысы болуп эмгектенет. 2007-2009-жж. Өзгөн райондук мамлекеттик админисрциясында агрардык токой чарбасын өнүктүрүү жана жаратылышты коргоо боюнча башкы адис болуп иштеген.

Элге көрсөткөн кызматы үчүн Кароол айылдык кеңешине 90 жыл юбилейлик медалы менен жана республикалык, областтык, райондук Ардак грамоталар менен сыйланган. Бир канча жолу райондук жана жергиликтүү кеңештерге депутат болуп шайланган. Кароол айылдык кеңешинин ардактуу атуулу наамынын ээси.



## Мадымаров Мамат

1936-жылы Куршаб районунун Кызыл-Сеңир айылында туулган. 1943-1953-жж. Куршаб районунун Ворошилов К. Е. атындагы мектеп-интернатта билим алган. 1954-1958-жж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика факультетин аяктап, жогорку билимдүү болот.

Эмгек жолун Куршаб районуна караштуу Кароол колхозунун №14 В.И. Ленин атындагы мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1963-1967-жж. аталган мектептин окуу бөлүм башчысы, кийин директор болуп эмгектенет. 1967-жылы Өзгөн шаарындагы балдар мектеп-интернатында директор болуп 1973-жылга чейин иштейт. 1973-жылы Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнүн кызматкерлеринин профсоюздар уюмунун төрагасы болуп шайланган. Ал эми 1983-1986-жылдары Өзгөн районуна караштуу Куршаб совхозунун эмгек депутаттарынын кеңешинин төрагасы, 1986-1996-жж. Өзгөн районунун Кайнар совхозунун профсоюздар уюмунун төрагасы. 1998-жылы пенсияга чыккан.

Бир нече жолку Куршаб айылдык кеңешинин депутаты болуп шайланган. "КРнын Билим берүүсүнүн отличниги" төш белгиси менен сыйланган. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги эске алынып, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин, КРнын профсоюз уюмунун, Ош областтык, Өзгөн райондук, жергиликтүү кеңештердин бир канча жолку Ардак грамоталары менен сыйланган.

## Мамыт Орозбаев

1929-жылы Куршаб волостунун Кызыл-Октябрь селолук советинде туулган. 1950-жылы Куршаб районунун Ворошилов К. Е. атындагы мектепти бүтүп, Полиотдел толук эмес орто мектепте мугалим болуу менен эмгек жолун баштайт. Андан кийин Алга мектебинде 1951-1952-жж. директордун орун басары, мугалим болуп агартуучулук тармагында жигердүү эмгектенет. 1954-жылы Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасына жооптуу катчылык кызматка келет.

М. Орозбаев 1954-1958-жж. Куршаб райондук комитет комсомолунун экинчи кийинчерээк биринчи секретары болуп эмгектенет. 1958-жылы партия аны Ташкенттеги партиялык мектепке окууга жөнөтөт. 1962-жылы келип, Өзгөн райондук "Эмгек Туусу" гезитинде жооптуу катчы, газетанын редактору болуп иштейт. Орозбаев Мамыт Өзгөн райкомпартиянын идеология бөлүмүнүн башчысы, 1964-жылы Куршаб совхозунда жумушчулардын профсоюзунун председатели болуп шайланат. Ошол эле жылы Орозбаев Мамыт Куршаб совхозунун партиялык уюмуна секретарь болуп шайланат, бул жерде партиялык уюмду узак мезгил үзүрлүү жетектейт.

Ал Өзгөн райондук партия комитетинде уюштуруу бөлүмүнүндө башчы, райондун бюро мүчөсү болуп жигердүү иштеген. Ал өмүрүнүн дээрлик көп жылдарын коммунисттик партиянын ишине арнаган. Орозбаев Мамыт өмүрүнүн аягында Куршаб айылында селолук советтин төрагасы кызматында иштеп жүрүп дүйнө салган.



# 3.5. Куршаб аймагынан чыккан КРнын ЖКнын депуттары

## Кадыралиев Санжарбек



Кадыралиев Санжарбек Кармышакович 1977-жылы Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Куршаб айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1984-1994-жылдары Куршабдагы №2 Ы. Бектемиров атындагы орто мектепти окуп бүтүргөн. 2000-жылы Кыргыз-Өзбек университетинин экономика факультетин аяктап, 2003-жылы Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетин бүтүргөн.

Алгачкы эмгек жолун 1998-жылы "Панкратион" федерациясында үйрөтүүчү болуп иштеп баштаган. Кийинчерээк аталган федерациясынын вице-президенттигине шайланган. Панкратион боюнча биринчи Азия чемпионатынын катышуучусу жана жеңүүчүсү болгон. Кыргыз Республикасынын панкратиону боюнча "Карышкыр" ардак наамынын ээси. 1998-жылдан тарта панкратион боюнча Кыргызстанда алгачкы үйрөтүүчүлөрдөн болуп иштөө менен Бишкек жана Ош шаарларында өткөрүлгөн Казакстан, Россия жана Украинанын өкүлдөрүнүн катышуусундагы Азия жана Евроазия чемпионатынын уюштурулушуна жана өткөрүлүшүнө катышкан. Евроазия жана Азия чемпионатынын профессионалдык панкратион бир нече жеңүүчү-катышуучуларын даярдап чыгарган. Ошондой эле бир нече жолку республикалык жана азиялык дзюдо боюнча оюндарынын жеңүүчүсү болгон.

2006-жылы ноябрда үчүнчү чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 39-Куршаб шайлоо округунан депутат болуп шайланган. Ал эми 2007-жылдын 16- декабрындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын партиялык негизде мөөнөтүнөн мурда шайлоодо депутаттыкка талапкерлиги коюлуп, депутат болуп шайланган.

## Кадыралиева Ыргал



Кадыралиева Ыргал 1981-жылы Ош областынын Өзгөн районуна караштуу Куршаб айылында туулган. Орто билимди Куршаб айыл өкмөтүндөгү А. Таңгатаров атындагы интернат-гимназиядан алган. Ош мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн.

1998-2003-жылдары Ош областтык элге билим берүү башкармалыгында эмгектенген. Билимин жогорулатып, 2003-2006-жылдары аспирантурада окуйт. 2009-2010-жылдары "Биз биргебиз" коомдук бирикмесинде жетекчи болгон.

2010-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган. 2012-жылга чейин КРнын Жогорку Кеңешинин жаштар саясаты, спорт жана физкультураны өнүктүрүү комитетинин орун басары болгон. 2012-жылдан депутаттык мандаты бүткөнгө чейинки аралыкта Жогорку Кеңештин социалдык саясат комитетинде мүчө болуп, элге алгылыктуу бир канча жумуштарды жасаган.



## Келдибаев Сагындык



Келдибаев Сагындык Аширалиевич кыргыз айыл чарба институтунун ветеринардык факультетин аяктаган. Эмгек жолун Өзгөн районунун "Ничкесай" колхозунун башкы зоотехтик-ветеринар врачы болуп баштаган. Андан соң "Баштык" дыйкан чарбасында башкы бухгалтер, "Керектөөчүлөрдүн укук коргоо" уюмунун директору, "МЕДЕКС" ЖКЧ нын коммерциялык директору, "АСАГА+" ЖЧКнын аткаруучу директору, "Сиблес Ази" ЖКЧнын директору.

2018-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. Коомдук ишмердүүлүгү: "Достук" коомдук уюмунун башкармалыгынын мүчөсү (2001-2004), Красноярск шаарындагы "Кыргыз улуттук маданий автономия" жергиликтүү уюмунун ардак төрагасы (2010).

## Мадумаров Адахан



Мадумаров Адахан Кимсанбаевич Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Куршаб айылында 1965-жылы туулган. 1972-1982-жылдары орто мектепти бүтүргөн. Тверь (Орусия) мамлекеттик университетин жана Кыргыз мамлекеттик улуттук университетин аяктап, юрист жана тарых адистиктери боюнча жогорку билимге ээ болуп чыккан.

Орто мектепти аяктагандан кийин Өзгөн районундагы "Кайнар" совхозунда алгачкы эмгек жолун баштаган. Андан кийин Советтик Армиянын катарына чакырылып, аскер кызматын өтөп келип, кайра эле ошол совхоздо эмгек жолун уланткан.

1992-жылы Кыргыз Республикасынын басма сөз жана маалымат министрлигинде референт, андан кийин "Түрк ааламы" гезитинин башкы редактору болуп иштеген. Ушул эле жылы мамлекеттик телерадио компаниясынын (КТР-де) балдар жана жаштар телепрограммалары боюнча редакциясына редактор болуп которулган. 1994-1995-жылдары мамлекеттик улуттук телеканалда саясий баяндамачы болуп эмгектенген.

Биринчи жолу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Өзгөн шайлоо округунан депутаттыкка шайланып, үч чакырылыштан (1995, 2000, 2005-жж.) бери эл ишенимине ээ болгон. Жогорку Кеңеште 10 жыл бою социалдык саясат боюнча комитетти башкарып келген. 2006-жылы Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри, андан кийин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы болуп иштеген. Жаңы шайланган парламенттин биринчи отурумунда көпчүлүк добуш менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагалыгына шайланган. 2008-2009-жж. КРнын Коопсуздук кеңешинин төрагасы. 2013-2015-жж. Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңешинин башкы катчысынын орун басары.

КРнын Президенттигине 3 жолку талапкер, 2011-ж., 2017-ж., 2021-ж. "Бүтүн Кыргызстан" саясий партиясынын лидери.

Кыргыз телерадиосунун өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн "КТРдин отличниги" төш белгиси, мыйзам чыгаруу ишине кошкон салымы үчүн көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги (КМШ) уюмунун Алтын барак жана КМШ



өлкөлөрүнүн Афганчылар коомунун Кызматы үчүн, Россия Федерациясынын коомдук 1-даражадагы Тынчтык ордендери жана башка медалдар менен сыйланган.

## Орозбаев Мамат



Орозбаев Мамат 1946-жылы Ош облусунун Куршаб районуна караштуу Жалпак-Таш селсеветинин Түз-Бел айылында жөнөкөй үй-бүлөдө туулган. 1966-жылы Куршабдагы Ломоносов атындагы орто мектепти бүтүрүп чыгат. Кийинки жылы Самарканд шаарындагы Куйбышев атындагы кооператив институтуна тапшырат. Аталган институтту 1971-жылы ийгиликтүү аяктайт.

Институтту бүтүргөндөн кийин Жалал-Абат шаарындагы Кыргыз керек-жарак коомдор башкармалыгына караштуу кооператив техникумуна ишке орношот. Техникумда 1974-жылга чейин иштеп, кийин Жалал-Абад дүң соода базасында соода бөлүмүнүн башчысы болуп иштей баштайт. Кийинчерээк ошол эле соода базасында директордун орун басары болуп эмгектенет. 1975-жылдан Ош облустук керек-жарак башкармалыгынын Кара-Суудагы дүң соода базасына директор болуп дайындалып келет. Бул кызматта 1979-жылга чейин иштейт. 1979-жылдан кийин кайрадан Жалал-Абад шаарындагы Ош облустук керек-жарак башкармалыгынын дүң соода базасына директор болуп дайындалат. Мында 1984-жылга чейин иштеп, кийин Ош облустук керек-жарак башкармалыгынын төрөгасынын биринчи орун басары болуп которулат. 1987-жылдан тарта Ош облустук соода башкармалыгынын начальниги

болуп дайындалган. Аталган кызматта 1991-жылга чейин жоопкерчилик менен үзүрлүү эмгектенип, 1991-жылдын май айынан тарта Ош облустук керек-жарак башкармалыгынын төрөгалыгына шайланат. 1992-жылдын февраль айынан Кыргыз керек-жарак башкармалыгынын төрагасы кызматына дайындалат. 1994-жылы кайрадан Ош облустук керек-жарак башкармалыгынын төрагасы кызматына келет. 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланганына байланыштуу кызматынан бошойт.

Орозбаев Мамат Кыргызстандын керек-жарак соода тармагынын абалын өзү иштеп турган жылдар аралыгында оңдой алган. Ал өзүнүн турмуштук практикасында көргөн эл турмушуна кедерги көрүнүштөрдү жоюу максатында 1990-1995, 1995-2000-жылдардагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланып, эң көйгөйлүү маселелердин үстүндө мыйзамдарды кабыл алдырууга жетишкен. Айыл эли менен тыгыз мамиледе болуп көптөгөн иштерди жасап, калк кадырына ээ болгон.



## 3.6. Куршаб айылындагы тарыхый эстеликтер

Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу аймактарда азыркы убакытка чейин бир катар тарыхый эстеликтер сакталып турат. Ю. А. Заднепровскийдин 30-жж. эске алган дөбөлөрдөн сырткары биз тарабынан төмөнкү эстеликтер аныкталды.

1. Куршаб айылындагы Токтогул Сатылганов жана Эрмеков көчөсүнүн кесилишинде диаметри 60м., бийиктиги 10 м. келген дөбө орун алган. Ал жердеги материалдык калдыктарды кароонун натыйжасында ондон ашык керамикалык идиштин сыныктары (негизинен колдо жасалган) чогултулду. Бир даана кызыл ангоб жабылган сапал идиштин сыныгы аныкталды. Ошондой эле 2 даана дан майдалоочу таш (зернотерка) жолуктурдук. Ю. А. Заднепровскийдин классификациясына ылайык, айрыкча, кызыл ангобдолгон керамикага караганда, бул турак жай калдыгы Шоро – башат мезгилине (б.з.ч IV-I кк.) туура келет. Кейиштүү жагы, табылган эстелик жок болуп кетүү коркунучу алдында турат. Анткени дөбө аянты үй куруу үчүн берилген жер чегинин ичине кирген жана анын ээси дөбөдөн үй куруу үчүн анын түндүк – чыгыш бөлүгүн уратып, кыш куюуда. Тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан чара көрүлбөсө бул эстеликтерден айрылып калабыз.

2. Куршаб айылынын Н. Гафуржанов көчөсүндө Адырашман дөбө мазары жайгашкан. Ал дөбө чыгыштан – батышка карай созулуп жатат. Диаметри 300 метрден ашуун, бийиктиги 30-35 метр. Түндүк жагында курулуштун орду байкалат. Жалпы аянты 3 га ашат. Дөбөнүн тегерегинен жана үстүнөн бир жашыл түстөгү глазурдалган керамика сыныгы, узундугу 30 см, туурасы 20 см, калыңдыгы 5-6

болуп дайындалган. Аталган кызматта 1991-жылга чейин жоопкерчилик менен үзүрлүү эмгектенип, 1991-жылдын май айынан тарта Ош облустук керек-жарак башкармалыгынын төрөгалыгына шайланат. 1992-жылдын февраль айынан Кыргыз керек-жарак башкармалыгынын төрагасы кызматына дайындалат. 1994-жылы кайрадан Ош облустук керек-жарак башкармалыгынын төрагасы кызматына келет. 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланганына байланыштуу кызматынан бошойт.

Орозбаев Мамат Кыргызстандын керек-жарак соода тармагынын абалын өзү иштеп турган жылдар аралыгында оңдой алган. Ал өзүнүн турмуштук практикасында көргөн эл турмушуна кедерги көрүнүштөрдү жоюу максатында 1990-1995, 1995-2000-жылдардагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланып, эң көйгөйлүү маселелердин үстүндө мыйзамдарды кабыл алдырууга жетишкен. Айыл эли менен тыгыз мамиледе болуп көптөгөн иштерди жасап, калк кадырына ээ болгон.



## 3.6. Куршаб айылындагы тарыхый эстеликтер

Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу аймактарда азыркы убакытка чейин бир катар тарыхый эстеликтер сакталып турат. Ю. А. Заднепровскийдин 30-жж. эске алган дөбөлөрдөн сырткары биз тарабынан төмөнкү эстеликтер аныкталды.

1. Куршаб айылындагы Токтогул Сатылганов жана Эрмеков көчөсүнүн кесилишинде диаметри 60м., бийиктиги 10 м. келген дөбө орун алган. Ал жердеги материалдык калдыктарды кароонун натыйжасында ондон ашык керамикалык идиштин сыныктары (негизинен колдо жасалган) чогултулду. Бир даана кызыл ангоб жабылган сапал идиштин сыныгы аныкталды. Ошондой эле 2 даана дан майдалоочу таш (зернотерка) жолуктурдук. Ю. А. Заднепровскийдин классификациясына ылайык, айрыкча, кызыл ангобдолгон керамикага караганда, бул турак жай калдыгы Шоро – башат мезгилине (б.з.ч IV-I кк.) туура келет. Кейиштүү жагы, табылган эстелик жок болуп кетүү коркунучу алдында турат. Анткени дөбө аянты үй куруу үчүн берилген жер чегинин ичине кирген жана анын ээси дөбөдөн үй куруу үчүн анын түндүк – чыгыш бөлүгүн уратып, кыш куюуда. Тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан чара көрүлбөсө бул эстеликтерден айрылып калабыз.

2. Куршаб айылынын Н. Гафуржанов көчөсүндө Адырашман дөбө мазары жайгашкан. Ал дөбө чыгыштан – батышка карай созулуп жатат. Диаметри 300 метрден ашуун, бийиктиги 30-35 метр. Түндүк жагында курулуштун орду байкалат. Жалпы аянты 3 га ашат. Дөбөнүн тегерегинен жана үстүнөн бир жашыл түстөгү глазурдалган керамика сыныгы, узундугу 30 см, туурасы 20 см, калыңдыгы 5-6

см келген бышырылган кыш жана дан майдалоочу элипис формасындагы сай таш кезикти. Биздин пикирибизче, аталган дөбө шаар чалдыбар калдыгы болуп эсептелет. Ага орто кылымдык керамикага мүнөздүү сырдалган керамика сыныгы жана бышырылган кыш далил боло алат.

Балким, Адырашман дөбө мазары эки маданий катмарды камтыган десек болот. Ал Шоро- башат маданияты тушунда жаралып, кийинчерээк, орто кылымда шаар тибине өсүп жетилүүсү мүмкүн.

Биздин оюбузча Адырашман дөбө мазары орто кылымдык араб жана перс жазма булактарында эскертилген "Хуршаб" шаары менен байланыштырууга мүмкүн. Анткени, ушуга чейинки Өзгөн оазисинде археологдор, А.Н.Бернштам, Ю.А. Заднепровский, Д.Ф. Винник ж.б. тарабынан Куршаб өрөөнүнөн орто кылымга таандык шаар чалдыбарлары жөнүндө маалыматты жолуктурбадык. Албетте, бул пикир азырынча жоромол катары жашаарына шек жок. Келечектеги археологиялык иликтөөлөр бул суроого чекит коёт деп ишенебиз. Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу Шагым айылында 2005-жылдын июнь жана июль айында жаңы уникалдуу эстелик кокусунан табылды. Эстелик Шагым айылына табылып, ал айыл өкмөтүнүн борбору Куршаб айылынан 6км түштүк – чыгышта жайгашкан. Бул жердеги адырлуу жылганын түндүк этегинен жергиликтүү калк, үй курулуштары үчүн жылганын батыш жан чыгыш тарабынан ак топурак алышат. Ушул жылы жылганын батыш тарабындагы бооруна топурак казып алуу учурунда эки мүрзө табылат.

Мүрзө жер бетинен 3-3,5м тереңдикте жайгашкан. Жергиликтүү эл маани бербестиктен улам мүрзөнүн бирөөсүн толугу менен жок кылышкан. Экинчи мүрзөнүн ичинде адам коюлган жайдын чыгыш дубалы жок кылынып, батыш тарабы сакталып турат. Жергиликтүү калктын айтуусуна караганда мүрзөлөрдөн колодон, чоподон жасалган буюмдар чыккан жана аларды бөлүп алышкан. Биздин табылган буюмдарды берүү өтүнүчүбүзгө Аданов Эркин, Жумабаев Эргеш, Таалай уулу Урматтар сатабыз деп жооп беришкен. Аттиң, кендирди кескен жакырчылык жана маданияттагы түркөйлүгү болбосо эстелик толук изилденмек. Эми болсо бул мүмкүнчүлүктөн ажырап отурабыз. Дагы бир уникалдуу археологиялык эстеликтер мүрзөнүн сакталган бөлүгүнө караганда, адам сөөгү башы түштүк тарапка багытталып көмүлгөн, аны менен кошо мүрзөнүн чыгыш жагына буюмдар коюлган. Айтууга караганда биринчи мүрзөдөн базальт тоо тегин оюп чегип жасалган кумура идиш, колодон жасалган канжар, бири чоң жана кичирээк эки коло күзгү, мык сымал түрүндөгү бир коло буюм, чоподон жасалган карапа идиштин сыныктары, 3 бүлөө таш табылган. Экинчи мүрзөдөн: эки коло күзгү, таштан жасалган ортосу оюлган кичинекей таш табылган. Жалпысы 14 буюм табылган.



Табылган археологиялык буюмдар кыргыз тарыхы үчүн маанилүү болгондуктан аны толук сүрөттөөнү туура көрдүк.

1. Өзөк (стержень) коло, бир бөлүгү бөрк сыяктуу болуп, экинчи учу чуштугуй. Өлчөмү, узундугу 25 см.

2. Өзөк (стержень) коло бир учу жалпайтылып калак сымал аткарылган, экинчи жагы төрт кырдуу, чуштугуй, узундугу 21 см.

3. Өзөк (стержень) коло бир учу жалпайтылып анын жазы бөлүгүнүн кырлары эки жерден кесилген. Экинчи учтуу бөлүгү тумтук түрүндө аткарылган,узундугу 23,7 см.

4. Күрөкчө (кельт лопатка) коло узундугу 14,5 см, тууrасы жумушчу бөлүгүндө 10 см, калыңдыгы туткан жагында 5 см, башка бөлүгүндө тегерек формадагы көңдөйү бар 3 см, калыңдыгы 3мм.

5. Коло күзгү диаметри 9 см, жылма, калыңдыгы 1 мм.
6. Коло күзгү диаметри 7,5 см, жылма, калыңдыгы 1 мм.

7. Канжардын же найзанын жумушчу бөлүгү. Бир коло узундугу 9,5 см, туурасы 5 см, эң жазы бөлүгүндө, 2,8 см, уч жагында. Колодон жасалган бул буюм канжар сымал болуп, анын кош миздүү жагы сакталган. Туткан жагын көрбөгөндүктөн анын кандай кызмат аткарганын айтуу кыйын.

8. Базальт ташынан оюп-чегип жасалган кара түстөгү калпак түптүү карапа, бийиктиги 7,5 см, көөдөнү 27 см.

9. Бийиктиги 3 см келген, ортосу көңдөйлөштүрүлгөн таш. 10. Колдо жасалган чопо идишинин сыныгы.

Жогорудагы табылгандардын арасынан күрөкчө (кельт лопатка) негизи далилдөөчү буюм катары таанылат. Анын аналогиялары Чыгыш Казакстан, Семиречье жана Тувадан табылган. Археологдор кельт лопатканы күрөкчө деп аташып, алар коло кылымынын аяк ченинде туура келет дешет. Аталган табылганын баалуулугу өтө жогору. Анткени, Куршаб өрөөнүндө коло доорундагы эки : байыркы дыйканчылык маданиятындагы – чуст жана жарым көчмөн тарыхый маданиятындагы – андрон маданияты уруулар коңшулаш жашагандыгын далилдөөгө болот.

Шагым эстелиги кечки коло кылымындагы андрон маданиятындагы уруулардын бараандуу эстелиги болуп саналат. Буга чейинки коло доорундагы талаа урууларынын маданиятынын эстеликтер Кетмен-Төбө, Ош, Чүй, Талас, Ысык-Көлдөн аныкталган. Турак-жай, мүрзөлөр жана кенчтер аркылуу белгилүү болгон.

Мындан сырткары, Куршаб өрөөнүндөгү мектеп музейлеринде кокусунан табылган археологиялык буюмдар экспонат катары сакталып келүүдө. Алардын ичинен бир нечесине токтолуп өтөлү. Мектеп музейканаларындагы экспонаттар ушул чөлкөмдөгү маданияттын өнүгүүсүн



чагылдырат десек жаңылбайбыз. Биздин көңүлдү номер №46 Касым Эрматов орто мектебинин мурасканасындагы экспонаттар бурду.

1. Карапа, чопо, колдо жасалган жалпак түптүү, шар сыяктуу көөдөнүнүн моюн бөлүгү анча бөлүнбөгөн. Көөдөндүн жогорку бөлүгүнүн эки тарабында бийиктиги 2-3см келген конус сымал дүмүрчө (выступ) орнотулган. Бийиктиги 22 см, моюнчанын диаметри 14 см. Мындан карапа идиштер Шоро-Башат маданиятына мүнөздүү болуп саналат.

2. Кумура, чопо, станокто жасалган бийиктиги 30см, жалпак түптүү, көөдөндүн орто ченинен моюнчага жабыштырылган вертикалдуу эки туткасы бар. X-XII кылымдарга таандык.

3. Кумура, чопо жасалган сырткы жашыл глазурдалган, вертикалдуу эки туткасы бар. Станокто жасалган бийиктиги 29 см., моюнчанын диаметри 13 см.

Андан тышкары орус колонизатору Куршаб өрөөнүндөгү калктардын материалдык маданиятына бараандуу эстеликтерди калтырышты. Алардын бири XX кылымдын 1-жарымына таандыкталган чиркөө болуп саналат. Азыркы Куршаб ооруканасынын хирургиялык бөлүмү жайгашкан имарат жана мектеп имараты архитектуралык эстеликтерге кирет.

Жогорку маалыматтар Куршаб өрөөнү байыркы мезгилде азыркы күнгө чейин материалдык маданият калдыктары сакталган жай экендигин айкындайт. Тактап айтканда жогорку палеолит доорунан XX кылымга чейинки эстеликтер орун алган.

## Сөз аягы

Изилдөөдө камтылган археологиялык-этнографиялык жана байыркы, орто кылым, жаңы доор мезгилине таандык грек, перс, кытай, араб, перс, орхон жазуулар жана орус жазма булактары Куршаб өрөөнү ортоңку таш доорунун аягынан баштап адамзат жашаган аймак болуп келгендигин далилдейт. Байыркы Куршабдын материалдык-маданияттык башаты коло кылымында жаралат.

Дыйканчылык шаар маданияты өнүккөн давандыктар менен биргеликте куршабдыктар б.з.ч II кылымда кытайлыктардын кол салуусуна дуушар болушту. Бул жерде ошондогу куршабдыктардын аз да болсо салымы болгондугун айтууга болот. Аталган эмгекте байыркы куршабдыктардын дагы салымы бар экенин сыймыктануу менен белгилеп кетүүбүз зарыл. Байыркы давандыктардын үлгүсүн XVIII кылымда кыргыз уруулары кайталашты. Түштүк кыргыздары жана адигине уруулары жана башкалар Цин империясынын батышка карай жортуулун токтотушту.

Орто кылымда Куршабда чыккан "Хуршаб" шаары тургузулган. VIII кылымдан баштап бул өрөөнгө түрк уруулары келип, анын туруктуу жашоочусуна айланышат. XII-XIV кылымдарда тунгус-манчжур тилинде сүйлөгөн кидан, монгол баскынчыларынын кол салуусуна дуушар болушту. IX кылымдан баштап кыргыз уруулары Куршаб өрөөнүндө жашай баштаган деген божомолду айтууга болот. Кыргыз уруулары XV кылымдан тартып Фергана өрөөнүндө Тянь-Шань жана Алай тоолорунда саясий үстөмдүгүн орнотушуп, өз алдынчалыгын 1876-жылга чейин сактап келгендигин тарыхый маалыматтар далилдейт.

Байыркы энесайлык кыргыз урууларынын негизинде азыркы кыргыз урууларынын түзүлгөндүгү жана анын



курамында байыркы иран, түрк, тунгус-манчжур жана монгол этникалык компоненттердин бар экендигин Куршаб өрөөнүндөгү уруулардын мисалында аныктоого болот. Мисалы, Адигине уруусун түштүк Сибирь жана Алтай өрөөнүнөн келгендигин айтууга болот. Адигине этнониминин чечмелениши: "Адык" деген Алтай тилинен которгондо аюу деген маанини түшүндүрөт. Алтай элдери аюуну тотемдик жаныбар катары кабыл алышкан. Аюуну алар каймана түрдө "адык" деп аташат. Демек, "Адигине – аюуну тотем туткан уруулар", - деген түшүнүктү билдирет.

Тарыхый салыштырмалуу усулуна таянуу менен Куршаб топонимин байыркы согл жана янгоб тилинин негизинде чечмелөөгө аракеттендик. Куршаб үч компоненттен : «Кур-ш-п» туруп котормосу «Тоо суусу аккан дарыя» деген түшүнүктү берет.

Ал эми китептин экинчи бабында берилген Куршаб аймагында Совет бийлигинин орношу, коллективдештирүү мезгили, Куршаб район болуп турган учурдагы көрсөткүчтөр, Улуу Ата Мекендик согуш учурунда биздин Алтын жылдыздуулар, Эмгектин Баатырлары, аалам тынчтыгы үчүн күрөшкөн куршабдык атуулдар катышкан согуштар жана кагылышуулар өзгөчө сөз кылууга татыйт жана совет бийлиги учурундагы абалдан учкай болсо да кабар бере алат.

1996-жылы түптөлгөн Куршаб айыл өкмөтүнүн тарых-таржымалын да сөз кылууга арзыйт. Албетте, анын социалдык-экономикалык абалын, Куршаб аймагынан чыккан көрүнүктүү инсандар, айылдагы тарыхый эстеликтер, тарыхый көз ирмемдер, иллюстрациялар аймактын тарыхынын терендигинен жана элдин түпкүлүктүү экендигинен кабар берет.

Куршаб өрөөнүнүн тарыхы Борбордук Азиядагы антропогенез, энтогенез процесстери менен тыгыз өнүгүп

келди. Байыркы орто кылымдагы Куршаб маданияты дүйнөлүк цивилизациянын бир бөлүгү катары кала берет. Куршабдыктар миңдеген жылдар бою күрөшүп, эркиндикке жетишкен кыргыз элинин бир тутуму болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, Куршаб бери эле келгенде жазма булактарда X кылымда эскерилген шаар, андан бери да нечендеген тарыхый окуялардын күбөсү, ал эми 1893-жылы болсо Кыргызстандын түштүгү боюнча эң алгачкы орус кыштагы болгон жана ошондогу орус чиркөөсү, бир кылымдан ашкан бирок пайдаланууда жүргөн имараттар анын далили. 1935-жылы Куршаб район болуп түптөлдү. Ал эми Улуу Ата Мекендик согушта Кыргызстан боюнча Советтер Союзунун Баатыры 73 болсо анын 5 сү куршабдык экендиги да өзүнчө бир сыймык. Андан тышкары Социалисттик Эмгектин Баатыры наамын Куршаб аймагынан үчөөсү алганды элдин эмгекчил жана мекенчил экендигинин далалаты десек болчудай. Демек, ар бирибиз сыймыктуу жана даңктуу тарыхыбызды ар дайым билип жана кийинки муунга татыктуу өткөрүү милдетибиз экендигин эстен чыгарбасак.



## Колдонулган адабияттар


1. А.А. Ахметов, Н.П. Филипович: Алар Панфиловчулар. Ф., 1971-ж.
2. А. Акунов Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2017) Бишкек-2017.
3. Абрамзон С.Н. Киргизы и их этногенетические и их историко-культурные связи. Фрунзе: Кыргызстан, 1990
4. Аристов Н.Я. Опят выяснения этнического состава киргиз – казахов большой орды и кара киргизов на основании родословных сказаний и сведение о существующих родовых делениях и родовых тангах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследований. Живая старина. Вып. 3.4. 1894. Вып.
5. Алиев А. Куршаб тарыхы- миң жыл. Бишкек 2019-ж
6. Академик В.В. Бартольд, сочинение том. 1. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Москва.1963
7. А. Мырзакматова, Ө. Осмонов. "Кыргызстан тарыхы: урунттуу учурлар" ( XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин) Бишкек – 2008.
8. Бабурнаме. (на узбекском языке) Ташкент, 1989.
9. Баруздин Ю.Д. Карабулакский могильник. – Изв. АН. Кырг. ССР. Сер. общ. наук. 1964 т.3, вып.3 (история)
10. Бернштам А.Н. Историко археологические очерки Централного Тянь-Шаня и Памиро-Алая. ИА №26 М-Л. 1952 г.
11. Бернштам А.Н. Историко-культурное прошлое. Северной Киргизии по материалам Большого Чуйского канала. Фрунзе, 1943(№1,2,62,84,85). Заднепровский Ю.А. Археологические памятники Южных регионах Ошской области. Фрунзе 1960.

12. Бичурин Н.Я. (Иакинф) Собрание сведений о народах обитавших в Средней Азии в древние времена. Том. 2. М., -л. 1950.
13. Б.Мурзубраимов, Б. Нурунбетов, Ы. Садабаев, А. Раимов, Ж. Анашов: Көңүлүн тарткан өзгөнүн, көп жерден артык Өзгөнүм. Ош 1998-жыл.
14. Берикбаева М. С. "Наристе" №5 Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин иш-тажрыйбасынан Бишкек. 2017-жыл
15. Винник Д.Ф. работы в Узгенском оазисе. АО. 1969 М. 1970.
16. Заднепровский Ю.А., Ранов В.А. Новые находки каменного века в Южной Киргизии. Бюлл. Комиссии по изучению четвертичного периода. №32. 1966 г.
17. Заднепровский Ю.А. Археологическин работы в Южной Киргизии. КСИЭ вып. XXVI. 1964.
18. Заднепровский Ю.А Дальверзинское селище КСИИМК, вып. 69, 1957. История Узбекской ССР. 2-е издание. Т.1. 1955.
19. Заднепровский Ю.А. Древнеземледельческая культура Ферганы. М-Л. 1962. (МИА №118)
20. Заднепровский Ю.А. основные этапы древней истории г. Оша и Ошского оазиса //Ош-3000. Юбилей века: документы, выступления. Бишкек: 1997.
21. Заднепровский Ю.А. Погребальные памятники эйлатанской культуры Ферганы. //КСИА. Вып.199. м. 1990.
22. Заднепровский Ю.А. Тюркские памятники в Фергане. // СА. 1964 №1.
23. Заднепровский Ю.А., Ранов В.А. Новые находки каменного века в Южной Киргизии. Бюллетень комиссии по изучению четвертичного периода. №32. 1966 с.125-128; материальная культура Таджикистана вып. 1. Душанбе, 1968.



24. Зуев Ю.А. "Тамги лошадей из васалных княжества. В кн. Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана". Труды и институты археологии и этнографии. Ан. Каз. ССР, том. 8. Алма-Ата 1960.
25. Известия Средазкомстариса 1926; Денке Б.П. Искусство Средней Азии. М. 1927.
26. Извлечение из "Алхан-ат-такасим фи марифат алакалим" Мукадаси. Рукописные фонды отдел общ. наук. Ан. Кирг. ССР. Инв. №1820.
27. Ильясов С.И. Земельные отношение в Киргизии в конце XIX – в начале XX вв. Фрунзе.1963.
28. Исламов У.И. Первые инжиепалеолитическая пещерная стоянка ферганской долины //Общественные науки в Узбекистане. Ташкент, 1984.
29. История Киргизской ССР. Том. I. Фрунзе, Кыргызстан, 1984. История Кыргызов и Кыргызстана. Учебник для ВУЗов. Б.:Илим, 2000.
30. Кыргызстан улуттук энциклопедиясы. 2-том. Башкы редактор Асанов Ү. А. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек-2007-ж.
31. Кыргыз Совет Энциклопедиясы. Башкы редактор Б. О. Орузбаев. -Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1977. Том 2.
32. Кыргыз ССР энциклопедиясы. Фрунзе 1983-ж.
33. Кыргыз Тарыхы. Энциклопедия. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек, 2003. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университети.
34. Кыргызстан улуттук энциклопедиясы Бишкек 2012-ж.
35. Кыргызстан компартиясынын БКнын алдындагы партия таануу тарыхы институту – КПСС БКнын алдындагы Ленин ордендүү марксизм-ленинизим

институтунун филалы. Алардын эмгеги түбөлүккө жашайт. Фрунзе "Кыргызстан" 1986-жыл.
36. История таджикского народа. Том. I. Душанбе, 1998.
37. Караев О. Чагатайский улус. Государсто Хайду, Могулистан. Б.:Кыргызстан. 1995.
38. Карабагыш уруусунун санжыра китеби. Ош шаары 2018-ж
39. Кененсариев Ташманбет / Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917) Бишкек-2019. 760 б.
40. Коробкова Г.Ф. Мезолит Средней Азии и Казахстана // Мезолит СССР. Археология СССР. – М.:Наука,1989.
41. Латынин Б.А. Некоторые итоги Ферганской экспедиции 1934 года, // АСГЭ вып.3. 1935
42. Малов С.Э. Памятники древнетюркской письменности монголии и киргизии. М-Л.,1959
43. Мадалиев Н. История древности Ошского региона. Санкт-Петербург. 2003
44. Массов М.Е., Горячева В.Д. Бурана: История изучения городища и его архитектурных памятников – Фрунзе: Илим. 1985
45. Материалы по истории туркмен и туркмении. Т. I М-Л. 1939. с. 178
46. Набиев Р. Из истории Кокандского ханство. Ташкент. 1973
47. Народы Средней Азии Казахстана. Том. I М. 1962
48. Насиров Т., Малтаев К. Новые памятники искусство Суук-Добо, Самарканд 2003 г. История Кирг.ССР. Том. I
49. Кадырбаев М.К. Могильник Сангуыр II. Новые материалы по прхеологиии этнографии Казахстана. ТИИАЭАН Казахской ССР. Т.12. Алма-Ата, 1961 с. 48-61. Таблица 2. Рис.1



50. Насиров Т.А., Сулайманов Э.Ж. Сулайман-Тоосундагы жаңы ачылган сүрөттөр //Экономика жана гуманитардык илимдер боюнча жаш окуучтуулардын эмгеги. Ош-1996.
51. Насиров Т.А., Эшбаева У.Ж., Эсенбаева Б. Колесницы урочища Таштуу // Труды молодых ученых в области экономики и гуманитарных наук. Ош-1996
52. Окладников А.П. Следы древней культуры в пещерах Тянь-Шаня. (находки в пещере Ак-Чункур) ИВГО. Т. 86. ВЫП. 5. 1954.
53. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) Бишкек. 2019-ж.
54. Павлов П. Г. Новые находки каменного века в Южной Киргизии. // СА. №2 1983. с. 213-216:История Кирг ССР. Том. 1 Фрунзе: Кыргызстан 1984.
55. Радлов В.В. Сибирден. 1862ж. Саякаттын күндөлүгүнөн. Кыргыздар... Б. 1991
56. Ранов В.А. Находки каменного века в Алайской долине. – Труды института истории Академии наук Киргизской ССР. Вып. 4. 1958. с. 104 - 110.; История Кирг. ССР том I....
57. Ранов В.А. Изучения каменного века Средней Азии за 20 лет. (1945-1965). Материальная культура Таджикистана Душанбе, 1968. Вып.1.
58. Рахматулла ажы Абдыраев. Ворошилов мектебинин алгачкы бүтүрүүчүлөрү жана класcташтар. 2018-жыл. Ош шаары.
59. Россия и СССР в войнах XX века: Статистическое исследование. — М.: Олма-Пресс, 2001
60. Сапаралиев Д. Этнополитическая история Оша и его окресностей с XVIII до середины XIX вв. Б.: Илим 1999

61. Султанова М.Ш. XIX кылымдын II жарымы XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандагы билим берүүнүн абалы. т.и.к. окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация. Ош 2007.
62. Северцев Н.А. Путешествия по Туркестанскому краю. М. 1947.
63. Сибирский торгово-промышленный ежегодник. 1914-1915 гг. отд. III. Описание губернии и областей сибири, степного края и русского Туркестана. Томск. 1916.
64. Советский Союз и венгерский кризис 1956 года. Москва 1998 г.
65. Тоголок Молдо Тарых, түпкү аталат. Кыргыздар: Санжыра, Тарых, Мурас, Салт. // Түзгөн К. Жусупов. – Б.: Кыргызстан. М, 1991.
66. Туура кадам Коомдук Бирикмеси. Куршаб айыл аймагынын 2019-2021-жылдарга стратегиялык өнүктүрүү программасы.
67. Федченко А.П. Путешествие в Туркестан. М, 1950.
68. ЦГА. Административно-территориальное деление Кыргызстана 1924-1945 том I. Бишкек 2019
69. Чжан Ли, Чжоу Шишой. О глиняных фигурках всадников и воинов из ханской могилы в Яньцзявань – ВУ. 1977. №10. с.23 (на китайском языке). Цитаты и статьи Кожанов С.Т. Снаряжение и одежда воинов эпохи Хань (по материалам глиняных скульптур Янцзявань). История и культура Востока и Азии, Новосибирск, "наука" 1985
70. Энциклопедия Ошской области. Бишкек, 1989 г.
71. Юдин В.П. О родоплеменном составе могулов могулистана и могули и их этических связах с казахами и другими народами. Изв. Ан. каз. ССР. Серия общ. наук. Вып.3 Алма-Ата. 1965.



**Архивдик материалдар:**

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик борбордук архиви:**

ЦГА КР Ф. 21, Оп 15, дел. 22, 42-44-бб.

**Ош областтык мамлекеттик архиви (мындан ары Ош ОМА) :**

Ош ОМА Ф. 1, Оп. 1, ед. хр. 48, 73-бет.
Ош ОМА Ф. 1, Оп. 1, ед. хр. 404, 159-161-бб.
Ош ОМА Ф. 1, Оп. 1, дел. 401, 192-бет.
Ош ОМА Ф. 47, Оп. 1, дел. 215, 14-б.

**Өзгөн райондук мамлекеттик архиви:**

Өзгөн рай мам ар. Ф. 24, Оп. 2, ед. 1261, св. 122, 1-б.

**Мезгилдүү басылмалар:**

1. Гезит "Эхо Оша" . "На хуторе... близ Оша" Тимур Аюпов, тарых илимдеринин кандидаты. 2004.02.01. № 41
2. Д.и.н., научный сотрудник Александр Крылов "Религия в обществвенно-политического жизни Кыргызстана" из журнала "Центральная Азия и Кавказ" №6(48) 2006.
3. Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Балдар китепканасы" №4 (828) бейшемби, 14-январь, 1954-жыл.
4. Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Жибекчиликтен чоң киреше" №61 (885) дүйшөмбү, 2-август, 1954-жыл.
5. Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Окуучулардын белеги" №85 (909) 7-ноябрь, 1954-жыл.
6. Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Сүт саап алуу боюнча көрсөткүчтөр" № 18 (1144) бейшемби, 7-март, 1957-жыл.
7. Куршаб райондук "Эмгек туусу" газетасы. "Кыргызстан КП Куршаб райондук комитетинин биринчи пленуму" № 1 (1234) шершемби, 1-январь, 1958-жыл.

8. Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "332 койдон 432 кой" №37 (733) жума, 1-май, 1953-жыл.

9. Куршаб райондук "Сталин жолу" газетасы. "Мамлекетке көп пахта беребиз" . №85 (909) 7-ноябрь 1954 г.

10. Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Ардак такта" №63 (1296) 10-август, 1958-жыл.

11. Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Ардак такта" №88, (1320) дүйшөмбү, 3-ноябрь, 1958-жыл.

12. Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Көчмө китепкана" №53, (1286) бейшемби, 6-сентябрь, 1958-жыл.

13. Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Алдыңкы саанчы" №64 (889) 1957-жыл.

14. Куршаб райондук "Эмгек Туусу" газетасы. "Куршап районунун айыл чарба кызматкерлеринин 1958-жылга кабыл алган социалиттик милдеттенмеси" №11 (1244), дүйшөмбү. 10-февраль, 1958-жыл.

Урматтуу окурман! Кээ бир көз жаздымда калып кеткен жагдайлар же кемчиликтер да болуусу толук мүмкүн. Ошондой жагдайлар боюнча өзүңүздүн сын-пикирди же билген жаңы маалыматтар боюнча байланышсаңыздар болот.



**Эскертме үчүн**

***Биз буйруса дагы да толуктап, бышыктап кийинки басмаларда толугураак жана тагыраак берүүгө аракет кылабыз.***

Байланыш үчүн:
**0704-957-555**

**0772682791**

**aziret_zaidov**

**Aziret Zaidov**

# Авторлор

## Амиракулов Орозали Мамаевич



1952-жылы Ош облусунун Куршаб районундагы Маданият айылында туулган. 1970-жылы В.И. Ленин атындагы орто мектепти аяктап, Куршаб совхозуна жумушка кирет. 1971-1973-жж. Советтик армиянын катарында кызмат өтөйт. 1975-жылы Ош шаарындагы Айыл-чарба техникумун ийгиликтүү аяктайт. Ошол эле жылы Куршаб үрөнчүлүк чарбасына агроном болуп ишке кирет. 1982-жылы К.И. Скрябин атындагы айыл-чарба институтун бүтүрөт. 1984-жылга чейин “Кыргызстандын 50 жылдык” совхозунда башкы агроном, 1984-1988-жж. Зергер совхозунда директор, 1992-1994-жж. сатуу жана сапат боюнча мамлекеттик инспектор, 1994-1996-жж. Кароол айылдык кеңештин төрагасы, 1996-2006-жж. Куршаб айыл өкмөтүнүн башчысы, 2006-2015-жж. КРнын өкмөтүнө караштуу экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясында Ош областы боюнча башкы инспектор болуп иштеп, ардактуу эс алууга чыккан.

Эмгеги жогору бааланып, 2000-жылы Ош-3000, 2001-жылы КРнын 10 жылдыгынын маарекелик медалы, 2002-жылы Даңк медалы, 2015-ж. Ардак белги медалы жана бир нече Ардак грамоталардын ээси.



## Заидов Азирет Манасович



1999-жылы Ош облусунун Өзгөн районунун Куршаб айылында туулган. 2006-2017-жж. №19 А.Төлөнов атындагы орто мектебин ийгиликтүү аяктаган. Учурда ОшМУнун чыгыш таануу жана тарых факультетинин социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин 4-курсунун студенти. Учурда окууну ийгиликтүү аяктоодо. 2019-жылы ОшМУнун “Окумуштуулар Кеңешинин стипендиясынын” ээси, 2020-жылы ОшМУнун “Атуулдук стипендиясынын” ээси, 2021-жылы КМШ өлкөлөрүнүн мыкты студенти наамынын ээси. (“Лучший студент СНГ-2021” г. Нур-Султан, Казакстан)

Бир нече жолку факультеттик, университеттик, шаардык, республикалык жана эл аралык масштабдагы илимий конференциялардын катышуучусу жана жеңүүчүсү. КМШ мамлекеттеринин мыкты студентти төш белгисинин ээси. Ар түрдүү коомдук фонддордо, коомдук бирикмелерде жана проекттердин мүчөсү жана төрагасы болуп коомдук иштердин активдүү катышуучусу. Илимий макаласы жана публицистикалык ой толгоолору илимий журналдардан жана газеталардан жарык көргөн.

*Түзүүчүлөр:*
*Амиракулов О.М., Заидов А.М.*

**КУРШАБ АЙМАГЫНЫН ТАРЫХЫ**

Редактору *С. А. Арстанов*
Корректорлору *Мамтали кызы Бүкалча, Муратов Аязбек*
Сүрөтчүсү *Айтиев Марсел*
Калыпка салган *Мырзабек Кадыров*

Форматы 60x84 1/16. Офсеттик басуу. Офсеттик кагаз.
Көлөмү 17 б.т. Тираж 200 даана. Заказ № 125

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, Ж. Абдрахманов көчөсү, 170 А,
Тел.: 62-02-13

